Мухамедалы ЭШНАЗАРОВ

# Чаткалдын чыгаан инсандары

# I

**Мухамедалы Эшназаров**

# Чаткалдын чыгаан инсандары

# 1

Бишкек - 2020

ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА

УДК _____
ББК ___ Ки ___
Э

Э Эшназаров Мухамедалы:
Чаткалдын чыгаан инсандары: *Даректүү баяндар жыйнагы*

Б. ЧАТКАЛ ЭМ БАСМА 2020. 240 б.

ISBN 978-9967-9120-5-2

Жазуучу, акын жана журналист Мухамедалы Эшназаровдун бул жыйнагына Чаткал районунун түптөлүшүнө ар кайсы мезгилдерде көрүнүктүү салым кошкон белгилүү инсандардын тарыхый эмгек жолдору топтоштурулду.

С 4702300200-18

УДК ______
ББК ___ Ки ____

ISBN 978-9967-9120-5-2

© Эшназаров Мухамедалы. 2020

# Баш сөз

Буга чейин Чаткал районунун тарыхына байланыштуу "Чаткал районунун тарыхы", "Чаткал районунун энциклопедиясы" аттуу расмий китептер басмадан чыгарылып, коомчулукка сунушталган. Албетте, жүздөгөн жылдар бою эчендеген тарыхый окуялардын күбөсү болгон, койну толо карт тарых, чалкыган Чаткал жергесинин баалуулугун келечек муундарга жеткирүүгө бул иштер өтө аз деп эсептейм. Жакынкы жылдарда райондук, облустук жана республикалык тийиштүү жактар тарабынан Чаткал районунун тарыхын расмий түрдө камтыган тарыхый жана маданий чыгармачылык изилдөөлөр улантылат. Негизи, тарыхты изилдөө, анын актай жерлерин толтуруу жана келечек муундарга сунуштоо бир гана окумуштуу, же тарыхчынын гана иши эмес, ар бир мекенчил атуулдун парзы болууга тийиш деп ойлойм. Ушундай изги ойдун жетегинде чаткалдык чыгармачыл инсан, КР. Журналисттер Кошуунунун мүчөсү Мухамедалы Эшназаров өзүнүн жекече аракети менен чыгармачыл дараметин колдонуп Чаткал районунун өнүгүшүнө көрүнүктүү салым кошкон инсандардын басып өткөн бараандуу эмгек жолдорун топтоштуруп "Чаткалдын чыгаан инсандары" китебин басмадан чыгарып, окурман

журтуна сунуштап жактандыгы бизди кубандырат. Бул инсан буга чейин да чаткалдык чыгармачыл инсандардын “Чаткал таланттары-1”, “Чаткал таланттары-2”, “Кеч келген эргүү”, “Үзүлбөгөн үмүттөр...”, “Ырларым мага кош канат”, “Түбү-өлүк... Турмуш... Жаш-оо” аттуу чыгармалар жыйнактарын басмадан чыгарып, окурман журтуна сунуштады.

Чындыгында, Чаткал районунун республиканын булуң-бурчуна таанылышына журналист катары Мухамедалы Эшназаровдун эмгеги зор деп ишеничтүү айта алам.

Бул жыйнакта жазылган белгилүү инсандардын жасап кеткен эмгектери жана алардын башынан өткөн көптөгөн окуялар Чаткал районунун тарыхына кандайдыр бир толуктоо киргизе алат деген ишеничтемин.

Ал эми, жыйнактын түзүүчүсү, КР. Журналисттер Кошуунунун мүчөсү Мухамедалы Эшназаровго мындан ары да бийик чыгармачылык эргүү каалап, келечекте кыргыз адабиятынын чыгаан өкүлдөрүнөн болушуна тилектешмин.

***Канжарбек Эшалиев,***

*Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы - акими.*

# Абдыкеримов Ашыркул сыяктуу инсандар көп болсун



Мугалим ар бир адамдын мугалими – демекчи, ар бирибизге алгачкы билим ачкычын берген албетте, булмугалимдер. Нечендеген улуу инсандар мугалимдин берген таасиринен, берген билиминен улам дүйнөнү таанып билип, ал тургай кол жеткис өлкөлөргө барууга жол ачылып, ааламды кыдырууда. Албетте, мугалимдин көрөгөчтүгү, талыкпаган кызматы күнү - түнү изденип, тапкан билим ачкычы өмүр бою баарыбызга чоң көпүрө болуп берет. Алар жумушта да жумуштан кийин да мугалим. Айтайын дегеним, мугалимдер өмүр бою билим кенин казуунун үстүндө изденип келишет. Бул дүйнөдөн өтсө да, алардын алардын алтын ысымдары кагаз бетинде кылымдарга өчпөс болуп сакталып калат. Анткени бул кесиптин ээлери дайыма эл оозунда, эл жүрөгүндө, эл кызматында. Мына ушундай мугалимдик кесипти аркалап, миңдеген балдарга билим ачкычын карматкан мугалимдердин бири - Ашыркул Абдыкеримов.

Көзү тирүү кезде дасыккан билимин окуучуларга үйрөтүп, ондогон окуучуларды билим уясынан учуруп, аларды түз багыт жолуна сала алды. Агайдын өткөн эмгек жолуна кылчайсак, ал 1946-жылы 12- апрелде Коргон-Сай айылында жумушчунун үй бүлөсүндө туулган. 1963-1965 – жылдары Шакафтар мектеп интернатында 10-классты

ийгиликтүү аяктап, 1966-жылы Ош педагогикалык институтуна кирип, 1967-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылган. 1969-жылы аскердик милдетин аяктаган соң, 1969-жылдан тартып кайрадан окуусун улантып, 1971жылдан 1973-жылга чейин Куйбышев орто мектебинде иштеп, 1973-жылы азыркы Башкы-Терек айылындагы мектепте алгачкы башталгыч классын ачып, окуу бөлүм башчысы болуп эмгектенген. 1975-жылы Коргон – Сай айылындагы мектепке которулуп башталгыч класстар мугалими болуп, 1987-жылы окуу бөлүм башчысы катары 1991жылга чейин кызмат өтөп, 1995-жылдан аталган айылдын тургундарынын колдоосу, ишеними менен аксакалдар соту болуп 2004-жылга чейин эл кызматында болгон. Агайдын эмгектери бааланып, 1997-жылы Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын буйругу менен алкыш жарыяланып, 2003-жылы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси ыйгарылган.

Ашыркул Абдыкеримов 2007-жылы күтүүсүздөн бул жарык дүйнө менен кош айтышып коштошту. Агайдын көзү тирүү болгондо мындан да көп ийгиликтерди жаратып, алкыштарга жетишмек. Анткени, агайдын билими эмгектери чоң тоодой эле. Уядан учурган окуучулары бүгүнкү күндө республиканын ар кайсы аймактарында жогорку кызматтарда иштеп, агайдай дасыккан окутуучулар болуп иштешүүдө. Көзү өтсө да, артында окуучулары шакирттери жана замандаш кесиптештери ал тууралуу эскерип келишет. Мына ушундай улуу инсандын эмгектери колдоого алынып, 2013-жылы К.Акназаров орто

мектебинин бир канасына агайдын ысымы коюлуп, ал жерге анын эмгек жолундагы сүрөттөрү коюлган. Ал бөлмө агайдын элесин элге көрсөтүп турмакчы. Тактап айтканда, агайды КоргонСай айылынын биринчи мугалими “Дүйшөн агайы” десек да болчудай. Өчпөс болуп артында изи калган инсандын үч кыз, беш уулу эр жетишип, ар кайсы тармакта эмгектенишүүдө. Уул-кыздарына татыктуу тарбия берүү менен аларды жогорку окуу жайларга окутуп эки кызын тең өз кесибине багыт алдырып, учурда кыздары мугалимдик кесипти аркалашып келишет. Быйыл агайдын көзү тирүү болгондо 73 жашка чыкмак. Үй бүлөсү, өмүрлүк жубайы Ажар апа жана чоң атасын, таятасын күн сайын эстеген неберелери агайдай улуу инсандардан болушуп, калк ичинде бар болушсун.

## “Эмгек даңкы” орденинин ээси белгилүү механизатор



Биздин кезектеги каарман Чаткалдан чыккан, жаш кезинде ак эмгеги менен республикага таанымал болгон саналуу механизаторлордун бири болгон.

Каарманыбыз Арзымат Ажибеков 1950-жылы 10-мартта Ак-Таш айылында төрөлгөн.

Ал 1970-жылы 20 жашында Каныш-Кыя айылындагы райондук ке-
сиптик техникалык орто окуу жайын ийгиликтүү аяктап, алгач эмгек жолун Ак-Таш совхозунда механизатор болуу

менен баштаган. Өз ишине кызыккан жаш механизатор өз карамагына берилген тракторду ар дайым оң абалда башкарып, совхоз жетекчилигинин берген тапшырмаларын ар дайым ашыгы менен аткарууга ашыгат. Ал кезде Чаткал өрөөнүнүн эгин талаалары эчен кылымдап соко тийбей, эгинди сагынып жаткан эле. Арзымат Ажибеков атайы тапшырма менен өзү теңдүү механизаторлордун катарында ай талаада күн-түн дебей тракторун тытыратып айдап кыртыш жыртып, кабагым-кашым дебей, талыкпастан эмгектенип, Чаткалдын айыл чарбасынын өнүгүшүнө жаштык демин арнаган. Анын мындай мээнеткечтиги мамлекеттик жетекчиликтин көз жаздымында калбаган. Анын ар бир ийгилиги мамлекет тарабынан өз учурунда жогору бааланып, жогорку даражалуу сыйлыктар берилип турган. Тактап айтканда, 1977-жылы декабрь айында Компартиянын Ош обкомунун “Ардак Грамотасы” менен сыйланган. 1981-жылы 21-ноябрда “Ударник десятой пятилетки” төш белгиси тапшырылган. Ал эми, ошол эле жылы 16-мартта “Эмгек даңкы” төш белгиси менен, 1988-жылы 10-майда алдыңкы комбайнчы катары “Эмгек Кызыл Туу” төш белгиси менен сыйланып, Чаткал районунун айыл чарбасына сиңирген эмгеги жогору бааланган. Ал мындан сырткары, 1986-жылы Ош обкомунун саясий бюросуна мүчө болгон.

Ал жылдарда Чаткал өрөөнүндө дың жерлерди өздөштүрүү жумушу кызуу жүрүп, “Чакырат жашты Чаткалым” сыяктуу атуулдук бийик духтагы ураандар чакырылып, Чаткал районунун дың жерлерин өздөштүрүп, айыл чарбасын көтөрүү ошол учурда бүтүндөй республиканын алдыңкы саясатынын бир багыты болуп

тургандыгы маалым. Биздин каармандын жалындуу жаштык жылдары ошол мезгилге туш келип, Арзымат Ажибеков коом чакырыгынан четте калбай, Чаткалдын өнүгүүсүнө карапайым механизатор катары опол тоодой эмгек сиңирген. Жогоруда белгилеп өткөндөй, эмгек баатырынын ак мээнети жерде калбай, бир топ жогору сыйлыктардын ээси болуугa жетишкен.

Андан бери көп жылдар өтүп, Арзымат Ажибеков азыркы кезде ардактуу эс алууга чыгып, учурда өзү туулуп өскөн Ак-Таш айылында турмуш кечирүүдө.

Өмүрлүк жары Күмүшай Ажибекова экөөсү 3 уул, 3 кыздуу болушту. Уул - кыздарын ак эмгек менен өстүрүшүп, татыктуу тарбия беришип, баарын үй-жайлуу кылышты. Азыркы кезде 7
небере көрүшүп, алардын бактысына бөлөнүп турган чактары.

# Чаткал элинин сыймыгы болгон Ташбай Айдаров



Чаткал районунан айыл чарба тармагында нечен бир атактуу кесипкөй инсандар чыгып, алардын айрымдары райондун гана эмес, облустун, кала берсе республиканын жүзү болууга жетишкендиги баарыбызды сыймыктандырат. Булардын сап башында албетте, Социалисттик эмгектин баатыры, коомдук ишмер Ташбай Айдаров тураары талашсыз.

Ташбай Айдаров 1919-жылы Чаткал районунун КанышКыя айылында дыйкандын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1932-жылы 15 жашында “Победа” колхозуна чабан болуп жумушка кирген.

1958-жылы “Чаткал ” совхозуна чабан болуп кирип, чабандар бригадасына башчы болуп дайындалган.

1970-жылы Ташбай Айдаров жетектеген чабандар бригадасы 100 баш койдон 140 тан төл алууга жетишкен. Ал эми, ар бир койдон орточо 4 кило 200 граммдан жүн алып берген.

Ал Чаткал тоо кыркаларында кой багып, чейрек кылымдан ашуун эмгек кылган. Ташбай Айдаровдун эмгектеги жогорку жетишкендиги көз жаздымда калбай, 1971-жылдын 8апрелинде СССР Жогорку Совети тарабынан “Социалисттик эмгектин баатыры” жогорку наамы берилип, Ленин ордени жана “Орок жана Балка” медалы менен сыйланган.

Ал эми, 1975-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланып, 1980-жылга чейин эмгектенген.

Баатыр чабан бул жылдар аралыгында эки жолу Ленин орденине татыган.

Ошол кездеги Чаткал районунун экономисттеринин эсептөөсүндө баатыр чабан Ташбай Айдаровдун чабандык кылган он жыл аралыгында анын кол алдында жалпы 5267 баш тубар кой багылган. Алардын ар биринен жалпысынан алганда 139 баштан төл алынган. Буга кошо эле, жалпы 250 центнер жүн алынган. Ал өз чарбасы менен эле мамлекетке совхоздун 22 жумушчусу берчү пайданы бере алган.

Ал кезде чарбанын койлору жайкысын Чаткалда жайлап, кышкысын Ала-Бука тарапка кыштачу. Бул ыкма койдун аман асыралуусуна жакшы болгону менен, ал жактагы кышкы жайыттардагы тикенектүү бадалдар койлордун жүнүн сыйрып кармап калып, жүн пландын толбой калышына алып келчү. Ушул сыяктуу маселелердин алдын алуу максатында Ташбай Айдаров Чаткал өрөөнүнө мал сарай курдуруп, тоют топтотуп, мал кыштатса болоорун тийиштүү жактарга жеткирип, алгач ирет бир короо кой менен Чаткалга өзү кыштап чыккан. Чаткалдын оор кышынан аман-эсен кыштап чыккан малды көргөн мамлекеттик жетекчилик Чаткал өрөөнүнө мал кыштатуу үчүн керектүү шарттарды түзүп баштаган.

Ушундай жетишкендиктеринен улам, мамлекет тарабынан “Кыргыз ССРинин мал чарбасынын эмгек сиңирген устаты” деген жогорку наамды алган. Ошол кезде Ош облусунда “Ташбай Айдаров атындагы сыйлык” уюштурулуп, Ош облустук аткаруу комитети тарабынан облус чабандары арасында аталган сыйлыкты алууга мелдеш өткөрүлүп турган.

Баатыр чабан Ташбай Айдаров бир гана мал чарбасында ишмердүүлүк жүргүзүп чектелген эмес. Ал атайы жогорку билими болбосо да, көптөгөн башка тармактардын ишине көзү жеткен инсан болгон. Мисалы; ошол кезде ар кандай себептерден улам, район борбору Каныш-Кыя айылындагы учурдагы Сатыбалды Байдөөлөтов орто мектебинин эки кабат имаратынын курулушу биринчи кабатка келгенде токтоп калуу маселеси курчуп баштайт. Эгерде аталган мектептин имараты бир кабаттан гана болуп калса Чаткал району үчүн чоң утулуш болмок. Муну өз учурунда туура

түшүнгөн Ташбай Айдаров республикадагы тиешелүү жактарга жекече кайрылып, мектеп имаратынын эки кабатынын тең бүткөрүлүшүнө жетишкен.

Ташбай Айдаровдун Чаткал районунун район катары сакталып калышына кошкон дагы бир чоң салымдарынын бири1970-жылдардын башында Өзбекстан Чаткал өрөөнүн суу сактагыч катары пайдалануу ниетинде аракет кылып калганда, Чаткал өрөөнүнүн келечегин көрө билген адам катары тиешелүү жогорку жактарга жеке өзү барып жолугуп, аларга Чаткал районунун мамлекет үчүн пайдасын айтып жеткирип, Чаткал өрөөнүнүн суу сактагыч катары пайдаланылбай, сакталып калышына чоң салым кошо алган.

Кыскасын айтканда, Чаткал өрөөнүнүн сакталып калышына зор аракет көргөн коомдук ишмер Турдакун Усубалиевдин эмгеги менен бирге эле, Ташбай Айдаровдун да эмгегин айта жүрүүгө тийишпиз.

Баатыр чабан Ташбай Айдаровдун мамлекетке жана коомго сиңирген зор эмгеги Чаткал району тарабынан да жогору бааланып, 2009-жылы баатыр чабандын 90 жылдык маарекеси жогорку деңгээлде белгиленип, райондук жетекчилик тарабынан Ташбай Айдаровго жасалгалуу ат мингизилип, район борборундагы эс алуу паркына орнотулган эстелик бюстунун ачылыш аземи болгон.

Ал эми, 2019-жылдын 10-сентябрында Каныш-Кыя айылдык кеңешинин чечими менен район борборунун чоң көчөлөрүнүн бирине Социалисттик эмгектин баатыры, Чаткал районунун ардактуу атуулу Ташбай Айдаровдун ысымы салтанаттуу түрдө ыйгарылды.

Социалисттик эмгектин баатыры, Чаткал элинин сыймыгы Ташбай Айдаров 2009-жылы 90 жашында дүйнөдөн кайткан.

## Чаткалдан кадыр - барк тапкан Чүйдүн кызы



Бул инсан тууралуу чаткалдык улуу муундагылар жакшы билишет. Ал кезде, тактап айтканда өткөн кылымдын 70-80-жылдары элет жеринде тажрыйбалуу саламаттыкты сактоо кызматкерлери таңкыс болгондуктан, өз ишин мыкты билген бул инсан карапайым калктын саламаттыгын сактоодо өз учурунда албан эмгек сиңирип, калың калктын ка-
дырлоосуна ээ болгон. Бул инсан-Айнаш Акматова.

Айнаш Акматова 1936-жылы Чүй районуна (азыркы Аламедин району) караштуу Берлик айылында төрөлгөн.

1958-жылы Фрунзедеги медициналык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, фельдшер адистигине ээ болот.

Ал жылдарда Чаткалда көптөгөн тармактарда адистер жетишсиз болуп, керектүү адистер башка жактардан атайы көрсөтмө менен келишип, иштеше турган. Айнаш Акматовага да ушундай тагдыр насип эткен. Тактап айтканда, ал окууну аяктаары менен Кыргыз ССРинин Саламаттыкты сактоо министрлигинин №13-буйругу менен Чаткалга жиберилген. Ошентип, жыйырмадан эми гана ашкан, медициналык окуу жайын аяктаганы менен али

адистиги боюнча тажрыйба ала элек жаш кыз Чаткал районуна келип иштеп калган. Ал Чаткалга келээри менен Айгыр-Жал айылдык медпунктунун башчысы жана акушерка кызматына дайындалган.

Чынында, ал кезде Айнаш Акматова окуп жүргөн кезинде анча-мынча практикалык иштерге чыгып, окуу менен практиканы жетишээрлик айкалыштыра элек болсо, Чаткалга келген соң, жаш фельдшер чыныгы жумуштун жана турмуштун сыноосуна кабылды.

Мында, калктын географиялык жайгашуусу шаар жериндегидей эмес, бири дыйкан болуп ойдо жашаса, бири малчы болуп тоодо жашап, кимиси ооруса да ат менен, ат жок болсо жөө басып өз убагында жетип баруу керек эле. Жогоруда айткандай, Айнаш Акматова үчүн бул чыныгы сыноо болду.

Ошентсе да, биздин каарман кабагым-кашым дебей, күн-түнгө карабай чуркап иштеп, ооруган адамдарга өз убагында жетип барып, аларга так диагноз коюп, дарылап, жылуу сөзү жана ийги түсү менен баарына жагып, тез эле эл ишенимине ээ болуп чыга келген.

Ал эми, эл ичинде “Көздүү мончок жерде калбайт” деп айтылгандай, 1959-жылы тагдыр насип кылып Кулмурзаев Үсөн аттуу жигитке баш кошкон.

Айнаш Акматованын иш билгилиги карапайым чаткалдыктардын гана эмес, мамлекеттик тийиштүү органдардын колдоосуна ээ боло баштаган. 1965-жылы Айнаш Акматова Ала-Бука райондук коммунисттик партиялык комитети тарабынан Коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө салтанаттуу түрдө кабыл алынды. Буга кошо

эле, айылдык жана райондук советтерге бир нече ирет депутат болуп шайланган.

Ал эми, 1969-жылы 16-сентябрда Курулуш айылдык ФАПына фельдшер жана акушердик кызматына дайындалган.

Айнаш Акматова Курулуш айылдык ФАПында 20 жылга чукул эмгектенган.

Бул жылдарда Айнаш Акматова айыл калкына жан дили менен кызмат кылып, фельдшерлик кызматы жана адамгерчилик мүнөзү менен калк арасында урмат сыйга ээ болуп, элдин сүймөнчүгүнө айланган. Анын медицина жаатындагы жетишээрлик билими жана көп жылдык иш тажрыйбасы айыл калкынын саламаттыгын сактоодо зор өбөлгө болуп, ондогон бейтаптар анын колунан шыпаа табышып, караламан калк ак баталарын беришкен. Элдин ак батасы жана тагдырдын туз насиби менен Чаткалдан өмүрлүк түгөйүн таап, уул-кыздуу болуп, очор-бачар үй бүлө күттү.

1977-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун чечими менен Айнаш Акматовага “Эне даңкы” төш белгиси менен ардактуу наамы ыйгарылды.

Курулуш айылдык ФАПында иштеп жүрүп 1987-жылы ардактуу эс алууга чыкты. Ошол эле жылы саламаттыкты сактоо тармагындагы 35 жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин Эл депутаттарынын Ош облустук советинин аткаруу комитетинин чечими менен “Эмгектин ветераны” төш белгиси менен сыйланган.

Ардактуу эс алууга чыкса да кадрдын жетишсиздигинен улам, ошол кездеги райондук жетекчиликтин суроо-талабы менен өз жумушун улантып, 1993-жылга чейин иштеген.

Айнаш Акматованын биринчи күйөөсү тагдырдын жазмышы менен кайтыш болуп калып, кийинчерээк Сарымсаков Атир аттуу адамга турмушка чыккан.

Эки турмушунан 4 уул, 3 кыздуу болуп, уулкыздарынын баарын татыктуу тарбиялап өстүргөн.

Айнаш Акматова 2007-жылы 28-ноябрда 71 жаш курагында жарык дүйнөдөн өткөн.

2018-жылы Чаткал айылдык кеңешинин чечими менен Курулуш айылындагы жаңыдан курулган ФАПка Айнаш Акматованын ысмы салтанаттуу түрдө ыйгарылып, анын ысмы түбөлүккө калтырылган.

Өз кезинде чаткалдык белгилүү акын Абдырайым Мамадалиев Айнаш Акматова тууралуу ыр жазып, "Ырларым калды ордума" аттуу китебине киргизген. Ал ыр төмөнкүдөй:

Биздин айылга чыккан эле турмушка, Эне
болду 4 уул менен 3 кызга.
Урмат менен эмгегинен баар тапкан,
Ушундайлар көп болсун дейм кыргызда.

Бир айылда төрт жүз түтүн эл барбыз,
Аралары алыс-алыс чакырым. Ден
соолугун сурап бардык айылдын, Ар
бир үйгө кирип чыгат акырын.

Бүт айылды сасык тумоо каптаса, Дары
берсе бир да адам жөтөлбөйт. Мейли

күндүз, мейли түндө жүрсө да, Ит да
таанып, ага башын көтөрбөйт.

Жакшы көрөт Айнаш дешип баарысы,
Кемпир-чалы, жашы менен карысы. Кайда
болсо көтөргөнү көтөргөн, Сумкасында
толо жүрөт дарысы.

# Өз мезгилинин билимдүү инсаны



Кээ бир инсандар эл жана мамлекет алдында жасаган бараандуу эмгеги үчүн тирүү кезинде эле өз баасын алып, урмат-сыйга ээ болушса, айрымдар көзү өткөн соң гана бааланып калат тура.... Мындай калпыстыкты пендечилик - деп, өз катабызды моюнга алымыш болгонубуз менен, баары бир маркумдардын эл үчүн жасап кеткен албан эмгектерин кеч болсо да баалоого тийиш экендигибизди ичтен сезип тураарыбыз да жашыруун эмес, албетте. Мен да журналист катары, ушундай изги ойдун жетегинде Чаткалдын көзү өтүп кеткен айрым мыкты уул-кыздарынын эмгектери тууралуу жазууну эп көрдүм. Менин алгачкы каарманым, Чаткал районунда өз кезегинде жооптуу кызматтарды аркалап, мамлекетке бир топ эмгеги сиңген, көзү өтүп кеткенине бир топ мезгил болсо да, эл арасында мыкты сапаттары менен айтылып келаткан Анарбек Акмолдоев болмокчу.

Анарбек Акмолдоев 1957-жылы 1-январда ошол кездеги Ала-Бука районуна караштуу Коргон-Төбө айылында жумушчунун үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. 1974жылы Чаткал орто мектебин аяктап, алгач эмгек жолун ошол эле жылы Чаткал орто мектебинде пионерлерди жетектөөчү (пионер вожатый) болуп иштөө менен баштаган. Андан соң, 1978-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун орус тили жана адабияты факультетине тапшырып, 1983-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктайт. Жогорку окуу жайын аяктап келген соң, дароо эле Ак-Таш айылындагы “Жаш-Тилек” орто мектебине орус тили жана адабияты мугалими жумушуна орношот. Анда Анарбек Акмолдоевге мектеп директорунун класстан тышкаркы иштер боюнча орун басары кызматын да кошо аткарат. 1985-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн мектептер боюнча инспектору кызматына дайындалат. Анарбек Акмолдоевдин өз ишине жоопкерчилиги, тактыгы, бюрократиялык, трайбалисттик жаман адаттардан тазалыгы жана жогорку билимдүүлүгү райондун ошол кездеги жетекчилигинин назарына илинип, жooптуу кызматтар тапшырыла баштайт. Тактап айтканда, 1985-1993-жылдар аралыгында Чаткал райкомунун идеологиялык бөлүмүнүн инструктору, Чаткал райкомунун сектор башчысы, Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн усулдук кабинетинин башчысы жооптуу кызматтарын аркалайт. Ал эми, 1993-1997-жылдар аралыгында Чаткал орто мектебинде директор, 1997-1999-жылдарда “Жаш Тилек” орто мектебинде директор болуп иштейт. 1999-2010жылдар аралыгында Чаткал райондук мамлекеттик

администрациясында аппарат жетекчиси, райондук мамлекеттик администрация башчысынын орун басары, сектор башчысы, Чаткал райондук кеңешинин башкы адиси, жооптуу катчысы жогорку кызматтарында эмгектенет.

Анарбек Акмолдоев өзүнүн кызматтык жолунда өз ишине тактыгы жана ак ниеттүүлүгү менен жогору бааланып, "Эл агартуунун отличниги" жана "Проф-союз уюмдарынын отличниги" төш белгилери жана көптөгөн райондук, облустук жана республикалык "Ардак Грамоталарга" жана баалуу сыйлыктарга ээ болгон. 2002-жылы республика боюнча "Эң мыкты мамлекеттик кызматкер" деп табылышы анын мамлекеттик кызматкер катары эң жогорку баага татыгандыгын айгинелеп турат. Ал буга кошо эле, 2009-жылы райондук кеңешке депутат болуп шайланып, райондун коомдук жана саясий ишине активдүү аралашып, өз учурунда өзүнүн туура сөзүн, адилеттүү сунуш, демилгелерин кошо алган.

Анарбек Акмолдоев 2013-жылдын 8-мартында узак оорудан улам жарык дүйнө менен кош айтышкан. Анын кызматтагы мыкты сапаттары жана жөнөкөй инсан катары жакшы жүрүм-туруму эл арасында дале айтылып келет. "Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" - деп улуу кыргыз акыны Аалы Токомбаев айткандай, өз кезегинде элге эмгеги сиңген инсандарды мезгили менен эскерип жүрүү тирүүлөрдүн парзы эмеспи.

# Ак эмгектен бакыт тапкандар



Чаткал районуна белгилүү мугалимдердин бири, Алимбеков Атантай Мусабекович район калкынын арасында терең билимдүү, дүйнө таанымы кең, ар тараптуу инсан катары таанымал эле.

Ал 1954-жылы 29-июнда Жалал-Абад облусунун Чаткал районунун Чандалаш айылында жарык дүйнөгө келген.

1970-жылы Шакафтар айылындагы В. И. Ленин атындагы мектеп-интернатын аяктаган. 1972-1974-жылдары аскердик милдетин өтөөгө чакырылып, Мекен алдындагы жоокердик ыйык милдетин абийирдүүлүк менен өтөп келген. Андан соң мурдагы Фрунзе шаарындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин тарых факультетине тапшырып, тарых мугалими адистигине ээ болгон.

Мугалим катары алгач эмгек жолун 1974-жылы Шакафтардагы өзү билим алган В. И. Ленин атындагы мектепинтернатында тарых жана орус тили сабактарынан мугалим болуу менен баштап, анда 1977-жылга чейин иштеген. 1977жылы өз эрки менен мугалимдик кесиптен убактылуу алыстап, 1987-жылга чейин “Чаткал” совхозунда бригадирлик кызматты аркалаган. Он жылдай айыл чарба

жумуштарында эмгектенип, 1987-жылы кайрадан билим берүү тармагына кайткан. Тактап айтканда, “Чаткал” совхозунун Коргон-Төбө кыштагындагы башталгыч мектепке орус тили сабагы боюнча мугалим болуп орношкон. Чаткалдыктар Коргон-Төбө чөлкөмүнүн катаал жаратылыш шартын жакшы билишет. Ал учурда ал жакка жайкысын гана автомашина каттап, эгин эгилип, төрт түлүк малга тоют даярдалып, малчылар жайлоолоп көчүп барып, киши аягы үзүлбөгөн. Ал эми, кышкысын кардын калыңдыгынан улам киши каттоосу үзүлүп, ноябрь айынан март айына чейин дээрлик беш ай бою Коргон-Төбө кыштагында жашаган жергиликтүү 6-7 үй бүлө чоң айылдардан бөлүнүп калышчу. Каарманыбыз Атантай Алимбеков Коргон-Төбө кыштагынын ошондой катаал шартында өмүрлүк жубайы, англис тили мугалими Гүлбара Бексариева экөөсү үй бүлөсү менен 1994-жылга чейин, башкача айтканда, сегиз жыл кабагым-кашым дебей эмгектенишкен.

Союз таркаган соң, калктын жашоо шарты өзгөрүп, Атантай Алимбеков 1994-жылы Айгыр-Жал айылына көчүп келип, Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебинде орус тили мугалим болуп ишке орношкон. 2009-жылы райБББнын сунушу менен кадр таңкыстыгына байланыштуу Чакмак-Суу толук эмес мектебине которулуп, анда жети жыл эмгектенип, орус тилинен сабак берген. 2016-жылы ден соолугуна байланыштуу кайрадан Айгыр-Жал айылындагы Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебине кирип, кесибин уланткан.

Атантай Алимбеков өзүнүн кесиптик кызматын жигердүү аркалоо менен бирге эле, коомдук иштерге да

активдүү катышкан. Ал айрыкча райондук, облустук жана республикалык шайлоо өнөктүктөрүнө жигердүү катышып, кагаз иштерине так, сабаттуу жаза билген, мыйзамдар менен иш алып бара алган кызматкер катары барктуу болгон. Ошондуктан, шайлоо өнөктүктөрүндө айылдык шайлоо комиссиясын көп жыл жетектеген. Анын Кыргыз Республикасынын шайлоо системасына көп жылдык сиңирген эмгеги эске алынып, 2009-жылы "Кыргыз Республикасынын Президентин шайлоону уюштурууда жана өткөрүүдө профессионалдык зор салымы үчүн" Ардак Грамотасы менен сыйланган. Мындан сырткары, билим берүү тармагына сиңирген эмгеги эске алынып, райондук, облустук жана республикалык сыйлыктардын ээси болууга жетишкен.

Атантай Алимбеков 2018-жылы 16-декабрда узакка созулган оорудан улам дүйнөдөн кайткан.

Атантай Алимбековдун өмүрлүк жубайы, англис тили мугалими Бексариева Гүлбара Бейшеновна тууралуу да өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

Гүлбара Бексариева 1956-жылы 10-декабрда Жалал-Абад облусунун Чаткал районунун Айгыр-Жал айылында төрөлгөн.

1974-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна тапшырып, 1980-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап, англис жана немис тили мугалими кесибине ээ болгон. Алгач мугалимдик эмгек жолун Айгыр-Жал айылындагы Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебинде баштаган. Ал жерде эки жыл иштеген соң, 1982-жылы Атантай Алимбеков менен баш кошуп, турмуш шартына байланыштуу Жаңы-Базар айылындагы Чаткал

орто мектебине которулган. Гүлбара Бексариева аталган мектепте төрт жылдай эмгектенип, 1985-жылы райБББнын буйругу менен Коргон-Төбө айылынын башталгыч мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп баштаган. Биздин каарман бул ишке өз каалоосу менен барган. Коргон-Төбө башталгыч мектебинде иштеп жүрүп, күйөөсү Атантай Алимбеков экөөсү чиедей жаш балдары менен жаратылышы катаал кыштактын шартына көнүп, 1994-жылга чейин эмгектенишкен.

-Бир ирет кышында Жаңы-Базардан Коргон-Төбөгө бир уулумду атка учкаштырып жөнөдүм. Жарым жолго барганда караңгы кирип кетип, анысы аз келгенсип кардуу бороон башталып, бороонго кайыгып, жолдон адашып кете жаздадык. Мен эстүүлүк кылып атты өз эркине кое берген экенмин, ат жаныбар кар бурганактаган бороондо жолду таап, үйгө алып келип калды.

Андан мурдараак, кышында күйөөм Атантай жана балдарым менен бирге Чандалаштын капчыгайында келе жатсак, арт жагыбыздан эбегейсиз чоң кар көчкү жүрүп кетсе болобу! Кар көчкү бактыга жараша бизди жандап өтүп, чоң көк атыбызды жетелеп келаткан элек, ошону кошо алып кетти. – Аа, эми бүттү, атыбыз жок эми...-деп кейий баштасак, көк атыбыз тээ сайдан кишенеп, чыңырып өйдө чыгып келатпайбы, жаныбар.-дейт башынан өткөн кыйынчылык күндөрүн эскерген Гүлбара Бексариева.

Коргон-Төбөдө сегиз жыл эмгектенип, 1994-жылы үй бүлөсү менен Айгыр-Жал айылына көчүп келишип, Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебине иштеп калган. Ал жерде иштеп жүрүп райондун билим берүү тармагына кошкон зор салымы эске алынып, райондук,


облустук жана республикалык бир нече баалуу сыйлыктарга ээ болуп, 1998жылы “Эл агартуунун отличниги” жогорку наамы менен сыйланган.

Мугалим жубайлар 3 уул, 1 кызды татыктуу тарбиялап өстүрүшүп, жогорку билимге ээ кылышты. Учурда 7 небереси бар.

Гүлбара Бексариева өзү окуткан окуучуларына калыс, акыйкатчыл мугалим катары кадыр-барктуу. Анын окуткан окуучуларынын көпчүлүгү мамлекеттик ар кандай сынактарда байгелүү орундарды алышып, мугалимин кубандырып келишет.

Бексариева Гүлбара Бейшеновна 2004-жылдан бери ардактуу эс алууда.

## Чаткал районунун айыл чарбасына эмгек сиңирген



Жалындуу жаштык кезин, билимин жана күч-кайратын, Чаткал районунун өнүгүшүнө арнап, райондун айыл чарбасына зор эмгек сиңирген инсандардын катарында маркум Жайлообай Алмановду кошууга тийишпиз. Бул инсан айыл чарба жумуштарында жооптуу кызматтарда иштеп, өз мезгилинин көрүнүктүү уюштуруучулардан болгон. Бул тууралуу замандашта-
ры айтып келишет.

Жайлообай Алманов тууралуу кеп кылчу болсок, ал 1952жылы 27-сентябрда Чаткал селсоветинин Коргон-Төбө

кыштагында карапайым жумушчунун үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

Алгач мектеп босогосун Айгыр-Жал айылынын М. Горький атындагы сегиз жылдык мектебинде аттап, анда 8классты аяктаган. Андан соң, окуусун Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебинен улантып, аны 1969-жылы ийгиликтүү аяктап, орто билимге ээ болгон. Жайлообай Алманов үй бүлөдө 2 кыз жана 2 уул, төрт бир тууганды эң кенжеси болгондуктан, үй тирилигине каралашып, өз убагында жогорку билим алууга жетишкен эмес. Ошентсе да, коомго активдүү аралашкан чаткалдык алгачкы комсомолдордон болгон.

Ал орто мектепти аяктаган соң, Каныш-Кыя айылындагы кесиптик техникалык окуу жайына тапшырып, анда окуп жаткан учурда Советтик Армиянын катарына чакырылган. Ошентип, 1971-жылы 23-ноябрда аскердик ыйык милдетти өтөөгө жөнөп кеткен.

Жайлообай Алманов аскерде жүргөндө өзүн аскердик тартипти бекем сактаган, тартиптүү жана чынчыл жоокер катары көрсөтүп, аскердик жетекчиликтин мактоосуна арзып, “Ардак Грамоталарга” ээ болуп, сержант чинин алууга жетишкен.

1973-жылы аскерден келген соң, Чаткал совхозунун 2бөлүмүнө тракторчу жумушуна орношуп, иштеп баштаган. Ошол жылдарда Чаткал өрөөнүнүн айрым айылдарына дизелдин күчү менен электр тогу берилип жаткан мезгил болгон. Айгыр-Жал айылында Жээнгазы аттуу адам дизель иштетчү. Жайлообай Алманов ага шерик болуп, тээ түнкү саат он экиге дейре дизелди жүргүзүшүп, элди жарык менен камсыздашчу.

1976-жылы Чаткал совхозунун 2-бөлүмүнүн талаа бригадасынын бригадири болуп иштеген. Ал жумушта беш жыл иштеп, 1981-жылы Каныш-Кыя совхозунун 2-бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалган. Ал кызматта бир жыл иштеп, бир жылдан соң ошол эле бөлүмгө кой ферма башчысы кызматына которулган. Ал аталган жооптуу кызматта 1987жылга чейин эмгектенген. Ошол мезгилде Компартиянын мүчөлүгүнө өткөн.

Ошол мезгилде айыл чарбасы багытында атайын билимдин зарылдыгына көзү жетип, тийиштүү билим алууну максат кылат. Ошентип, Оштогу айыл чарба техникумунун аргономия факультетине тапшырып, аны ийгиликтүү аяктап, агроном кесибине ээ болгон.

1987-жылы Каныш-Кыя совхозунун 2-бөлүмүнүн башчылыгына бекитилген. Аталган бөлүмдү 1990-жылдын март айына чейин чейин башкарган. Андан соң, бир жыл КанышКыя совхозунун мал чарбачылык цехинде башчы болуп иштеп туруп, жыл соңунда Каныш-Кыя совхозунун партиялык комитетинин катчысы жооптуу кызматына чакырылган. Аталган жооптуу кызматта 1991-жылдын сентябрь айына чейин иштеп, Каныш-Кыя совхозунун башкы агрономдук кызматына которулган. Аталган кызматта 3 жыл эмгектенген. 1994-жылы 1-майда Каныш-Кыя совхозунун башкы агрономдугун тапшырып, Айгыр-Жал айылдык советинин төрагалыгына шайланган. Анда 1996-жылга чейин эмгектенип, 1996-жылы райземуправление мекемесинин башчысы болуп дайындалган. Аталган мекемени 2 жыл башкарып, 1998жылы Чаткал райондук жерге жайгаштыруу жана

кыймылсыз мүлктөрдү каттоо башкармалыгынын башчысы кызматына бекитилген.

Жайлообай Алманов аталган жооптуу кызматта беш жыл эмгектенип, 2003-жылга чейин районго ак кызмат көрсөткөн. Андан соң, бир нече жыл Айгыр-Жал айылдык аксакалдар сотунун мүчөсү болуп, калкка калыстык менен кызмат кылган.

Жайлообай Алманов жаш кезинен мыкты уюштуруучу, алдына туура максат кое билген, токтоо, калыс сөздүү, улуукичүүгө бирдей сылык мамиле кылган инсан болгон. Ошондуктан, коомчулук менен ар дайым жакшы иштешип, башкара билген. Ал кызмат учурунда бир жерде олтурбай, дайыма тиешелүү адамдар менен талаа-түздө, жумуш башында болуп, жумушчулар менен тең жарыша кызмат кылганды жакшы көргөн. Жумушчуларга сырттан, же үстүртөн буйрукчул мамиле кылбастан, алар менен аралашып жүрүп, кем-карчын камсыздап, уюштуруучулук менен иштеген. Анын мындай мамилеси элге жагып, калк арасынан кадыр-барк табуусуна өбөлгө түзгөн.

Өмүрлүк жубайы Замира менен 1974-жылы баш кошушкан. Жубайлар отуз жылдан ашуун бирге түтүн булатышып, төгөрөгү төп ынтымактуу үй бүлө кура алышты. Бул жылдарда Максатбек, Максымбек, Майрамбек, Мамытбек, Нурила, Гүлзат, Гүлсара аттуу 4 уул жана 3 кыздуу болушуп, аларга татыктуу тарбия беришип, эрезеге жеткиришти. Уулкыздарынын жогорку окуу жайларынан билим алышты. Уулкыздарынан жыйырмадан ашуун неберелүү болушту.

Жубайы Замира үй тирилигине тың кожойке болуп, күйөөсү Жайлообай кайсы жерде иштесе ошол жерде андан

кем калышпай элге кызмат кылды. Ал кезде жайкысын тоют даярдоо иштери кызуу жүргөндүктөн, Замира эне күйөөсү жетектеген бригадага көпчүлүк учурда ашпоз болуп тамакашын даярдоо милдетин аткарган. Анын колунан далай жумушчулар, малчылар жана тоют даярдоого келген студенттер даам сызышты.

Жайлообай Алманов 2006-жылы мезгилсиз дүйнөдөн кайткан.

## Өз мезгилинин демилгечил инсаны



Бул каарманыбыз эч бир атайы жогорку билим албаса да, турмуштун суроо-талабын өз убагында туура түшүнүп, ар дайым калктын жашоо-турмушунун оңолушуна жан үрөп, өзүнүн жөндөмдүүлүгү аркылуу калкка кызмат кылып келген инсан болгон.

Каарманыбыз Рай Алибеков 1937-жылы Чаткал районунун Ка-ныш-Кыя айылында төрөлгөн. Үй бүлөсүндө 3 уул, бир кыз, төрт бир тууган болуп, Рай уулдардан ортончусу болгон. Идиректүү болгондуктан, он жашынан эле колхоздун жумуштарында иштеп баштаган. 1954-жылы он жети жашка чыккан кезде атасы Алибек каза болуп, бир туугандар жетим калышкан.

Каарманыбыз негизи, темир устачылык өнөрдү кесип кылып, өмүр бою ошол кесипти аркалап өттү.

4-класстык гана билими бар Рай Алибеков он жети жашынан баштап колхозго темир уста болуп иштеп баштаган.

1965-1970-жылдарда колхоздун уй фермасы тарабынан өндүрүлгөн майды Багыш айылынан Жаңы-Базар айылындагы май кабыл алуучу пунктка ат араба менен, кышкысын болсо атка чегилген чана менен ташып, иштейт.

1970-1976-жылдарда Каныш-Кыя жана мурдагы Карл Маркс, азыркы Коргон-Сай айылдарында темир уста болуп иштейт. Ал учурда биздин каарман совхоздун бардык керектелчү темир тетиктерин оңдоп-түзөп, колдон келгенин жасап, совхоздун аттарын мык жана така менен камсыздап турат.

1976-жылы жумушун алмаштырып, Каныш-Кыя айылында почточу болуп төрт жыл иштейт.

1980-жылы кайрадан өз кесибине өтүп, "Чаткал райондук айыл чарба техникасы" ишканасына темир уста болуп жумушка кирет.

Ал жерде иштеп жүргөн мезгилде эрте жаздан кеч күзго чейин тракторлорго чөп ташыганга чийине жасап, тракторлордун чөп чапкычтарынын тиштерин оңдоп, курчутуп, айтор, темир устага тиешелүү бардык жумуштарды чеберчилик менен аткарып, алкоого арзыйт.

Аталган жумушта Союз бузулган мезгилге чейин иштеп, 1991-жылдан соң, өз алдынча устачылык кылып, темирден жана жыгачтан турмуш-тиричиликке керектүү буюмдарды жасайт. Анда темирден ооз комуз, така, чөмүч, кашык, табак ж.б. ал эми жыгачтан ээр чаап, боз үйдүн бардык жыгач бөлүктөрүн жасап жүрөт.

Рай Алибеков жогорудагыдай ишмрдүүлүгүнөн сырткары, уюштуруучу жана демилгечил инсан болуп, Каныш-Кыя айылынын Багыш участкасына мектеп ачуу ишине жан үрөп аракет кылган. Айылдагы негизги мектеп болгон Каныш-Кыя орто мектеби Багыш участкасынан беш чакырымдай алыс болгондуктан, окуучулардын каттап окуусу абдан кыйын эле.

Ойлогон оюн ишке ашыруу үчүн 4-класс билими гана болсо да, атайы кат даярдап, райондук билим берүү бөлүмүнүн ошол кездеги башчысы Сатимбай Рысбеков менен тең жарыша чуркап облуска чейин кайрылып, Багыш участкасына 3-класска чейинки мектеп ачтырууга жетишкен. Ал тургай, Аксыдан Ашыралы аттуу мугалимди өзү сүйлөшүп алып келип, абасынын үйүнө жашатып, иштеткен.

Кийинчерээк Рай Алибеков айылдагы элди уюштуруп, ашар жолу менен мектептин курулушунун башында болуп, ал жерге 8-класска чейинки мектеп ачылган. Мектеп Кайың-Суу орто мектеби болуп аталып, кийинчерээк 11класска чейин кошулуп, азыр да балдар окушууда.

Ардактуу эс алууга чейин өзү ошол мектепте күзөтчү болуп иштеп, мектептин айланасына бак-дарак тигип, көп жыл көрктөндүрүүнүн аракетин көргөн.

Рай Алибеков 1997-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Өмүрлүк жубайы Каипова Гулипа менен өмүр бою ынтымакта жашап, беш уул жана эки кыздуу болушкан. Уул-кыздарынын баарын жогорку окуу жайларына окуткан. Рай Алибеков 2008-жылы 81 жаш курагында ааламдан өткөн.

# Билим берүү тармагынын көрүнүктүү өкүлү Алиев Жамгырчы



Улуу Ата Мекендик согуш жылдарынан кийин чаткалдык жаштар жапырт билим алууга умтулушуп, жогорку окуу жайларынан билим алышып, райондун ар кайсы тармактарында эмгектенип баштакан. Алардын арасында билим берүү тармагында да билимдүү, чыгаан жаштар аз эмес болгон. Ошондой билимдүү жаштардын катарында Жамгырчы Алиев да бар эле.

Жамгырчы Алиев 1951-жылы Чаткал районунун КоргонСай айылында жарык дүйнөгө келген.

Ал алгач эмгек жолун 1968-жылы Чаткал совхозунда катардагы жумушчу болуу менен баштаган.

Аз убакыт өтпөй, Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна тапшырып, 1973-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап, математика сабагынын мугалими кесибине ээ болгон.

Эңсеген кесибине ээ болгон каарманыбыз жогорку окуу жайын аяктаган жылы Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы орто мектебине мугалим болуп кирген.

Аталган мектепте үч жылдай иштеп туруп, 1975-жылы Каныш-Кыя орто мектебине которулган. Анда үч жыл эмгектенген соң, 1977-жылы аталган мектеп директорунун

окуу-тарбия иштери боюнча орун басарлыгына дайындалган.

Ал эми, 1978-жылы Каныш-Кыя орто мектебинин директору болуп бекитилген.

Жамгырчы Алиевдин уюштуруучулугу, демилгечилдиги жана алга умтулуусу райондук жетекчилик тарабынан өз учурунда туура бааланып, 1980-жылы райондун билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына бекитилген.

Аталган жоптуу кызматты эки жылдай аркалап, 1981жылы райондун кечки жана сырттан окуу мектебинин директорлугуна дайындалган. Каарманыбыз аталган мектепти беш жылдай жетектеген.

Ал жылдарда, тактап айтканда 1980-1983-жылдарда райондук советке депутат болуп шайланган.

1985-жылы Башкы-Терек орто мектебинин окуу-тарбия иштерин уюштуруу боюнча директордун орун басары кызматына которулган.

Жамгырчы Алиев аталган кызматта беш жылдай эмгектенип, 1990-жылы Башкы-Терек орто мектебинин директору болуп бекитилген.

Ал өзү жетектеген мектептин ишин алдыга жылдырууда жан үрөп эмгектенип, бир топ ийгиликтерди жаратууга жетише алган. Алсак, 1993-1994-окуу жылында Башкы-Терек орто мектеби бардык көрсөткүчтөр боюнча алдыга озуп, райондогу мектептер арасында 1-орунду жеңип алган. Ал эми, 1998-жылы Жамгырчы Алиев райондогу мектеп директорлорунун арасында өткөрүлгөн сынакта 2-орунду ээлеген.

Каарманыбыз аталган мектептин директору болуп он эки жылдан ашуун эмгектенген. 2002-жылы мектеп

директорлугун тапшырып, катардагы мугалим болуп ишин уланткан. Мектеп директору болуп иштеп жүргөн жылдарда эл ишенимине ээ болуп, айылдык кеңешке үч жолу депутат болуп шайланган.

2005-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Ардактуу эс алууга чыкканына карабастан, бүгүнкү күнгө чейин аталган мектепте математика сабагынан окутууда.

Жамгырчы Алиев иштеп жүргөн мезгилинде облустук жана республикалык билим берүү чөйрөсүнө Чаткал районунан чыккан алдыңкы усулчу мугалим катары таанылган. Ошол кезде мугалимдер үчүн облустук деңгээлдеги тажрыйба алмашуу семинарлары өткөрүлүп турган. Аталган семинарларда Жамгырчы Алиевдин билим берүүдөгү жаңычыл усулдары башка мугалимдерге үлгү катары окутулган. Жамгырчы Алиев өзү да райондогу мугалимдер үчүн тажрыйба алмашуу семинарларын өткөргөн учурлары болгон. Ал мындай аракети менен Чаткал районунун билим берүү тармагынын алга жылуусуна көрүнүктүү салым кошуу менен бирге, чаткалдык мугалимдердин тажрыйбасынын артуусуна өбөлгө түзгөн.

Каарманыбыз мунун менен бирге эле, мугалимдердин кагаз иштеринин так, туура жазылып, толтурулуусуна чоң көңүл бөлүп, талап кое билген.

Жамгырчы Алиевдин билим берүү тармагындагы жетишкендиктери өз учурунда жогору бааланып 1984-жылы Кыргыз ССРинин билим берүү министрлиги тарабынан “Мугалим усулчу” жогорку наамы ыйгарылган. Эмгек жолунда ондон ашуун алдыңкы математик мугалимдерди тарбиялап чыгарган.

1993-жылы “Эл агартуунун отличниги” ардактуу наамынын ээси болгон.

Мындан сырткары, райондук, облустук жана республикалык деңгээлдеги ондогон “Ардак Грамоталарга” жана баалуу сыйлыктарга ээ болгон.

Каарманыбыз өмүрлүк жубайы Алматова Гүлайым экөөсү сегиз уул, бир кыздуу болушкан. Уул-кыздары жогорку билимдүү болушуп, өздөрү сүйгөн кесиптеринин ээлеринен болушкан.

Каарманыбыз учурда Башкы-Терек айылындагы Сатылган Дозонов атындагы орто мектебинде эмгектенүү менен бирге эле жаш мугалимдерге насаатчы болуп, жаш муундарга талыкпай билим-тарбия берип келүүдө.

## Белгилүү айыл чарба ишмери Алыбаев Бузурманкул



Бузурманкул Алыбаев өз мезгилинде Чаткал районунда белгилүү айыл чарба ишмери болгон. Ал райондун айыл чарбасынын кайсы жагында иштебесин, ар дайым иштин көзүн билип, уюштуруучу жана демилгечил кадр катары таанылган.

Алыбаев Бузурманкул Алыбаевич 1932-жылы 5-майда Коргон–Төбө айылында жарык дүйнөгө келген. 1940-жылы Коргон–Төбө башталгыч мектебинин босогосун аттап, кийин 1952-жылы Талас облусунун Ленинполь районундагы «Чалдовар» орто мектебинде окуусун аяктаган. Балалык кези каардуу Улуу Ата Мекендик согуш жылдарына туш келгендиктен, айылда калган кары–картаң, кыз-келиндер менен ооруктa иштеген. Ошентип,

бели ката элек кезде ишке аралашып, турмуштун оор түйшүгү жаш кезинен башына түшкөн.

Согуш аяктагандан кийин, зиректигинен улам колхоздун кампасында эсепчи, андан соң, айылдык кеңештин секретары болуп эмгектенген.

1959-жылы өмүрлүк жубайы Алыбаева Алмаш Рамановна менен баш кошкон.

Ишиндеги жигердүүлүгү жана үлгүлүү жүрүм-туруму үчүн 1960-жылдын 1-июлунда Советтер Союзунун Коммунисттик Партиясынын мүчөлүгүнө кабыл алынып, ардактуу эс алууга чыкканга чейин аталган партияга жан-дили менен кызмат кылып, өмүрүнүн аягына чейин аталган партиянын катарында болуп, анын идеяларын туу туткан.

1960-жылдан тартып ардактуу эс алууга чыкканга чейин, уйкой фермаларында ферма башчысы, «Чаткал» совхозунда бригадир жана иш башкаруучу кызматтарын аркалап, үзүрлүү эмгектенген.

Чаткал өрөөнүндө эң көп кар жааган 1969-жылы (ошол жылы жааган кардын калыңдыгы 3 метрге чейин жеткен) өз өмүрүн тобокелге салып, Рабат-Сай кыштоосундагы малчы Темиров Курмандын үй-бүлөсүн бир короо кою менен кар көчкүдөн аман сактап калып, сырттан байланыш жок 3 күн жол жүрүп Курулуш айылына жеткирген.

Жогорудагы эмгеги эске алынып, ошол жылы Ош облустук партиялык комитеттин "Ардак Грамотасы" менен сыйланып, элдин алкоосуна татыган.

Ал эми, 1970-жылы В.И.Ленининдин 100 жылдыгы медалы менен сыйланган.

Мал төлдөтүү, жазгы талаачылык иштери, кой кыркымы, малга тоют даярдоо, куут жана айыл чарба техникаларын

жазгы талаачылык иштерине даярдоо сыяктуу айыл чарбасынын түмөн түйшүктүү иштеринде Бузурманкул Алыбаев өзүнүн уюштуруучулук жөндөмүн көрсөтүп, кичи пейил мүнөзү аркылуу эл менен тил табышып иштегендигинен улам, көптөгөн ийгиликтерди жарата алган.

1960-1991-жылдар аралыгында Кыргыз ССРинин Коммунисттик Партиясынын, Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин "Ардак Грамоталары" жана башка мамлекеттик сыйлыктар менен бирге эле, бир нече баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

Эл чарбасындагы көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн 1990жылы ага СССРдин «Эмгек ардагери» медалы тапшырылган. Улуу муундагы адамдар Б.Алыбаевдин (Бузу аке деп сыйлашчу), кошоматчылык менен эки жүздүүлүктү жек көргөн чыныгы коммунист болгондугун баса белгилеп, жардамга муктаж адамдарга колдон келген жардамын аябаган, баштаган ишин аягына чейин чыгарууга болгон күч-аракетин жумшаган жана иштин көзүн көрө билген уюштуруучулук сапаттарын айтып жүрүшөт.

Аял жакшы – эр жакшы дегендей, Б.Алыбаевдин ийгиликтеринин сап башында өмүрлүк жубайы – Алыбаева Алмаш (айылдагылар Алмаш апа дешчү), тургандыгы айтпаса да түшүнүктүү. Алмаш апанын адамдын көңүлүн калтырбаган, үй-тиричилигиндеги кем-карчылыкты сездирбеген, турмуштун оош-кыйышына кабагым-кашым дебеген асыл сапаттарын айыл ичиндегилер аңыз кылып айтып жүрүшөт. Билим алуу, тынымсыз изденүү жана ишине чын дилден берилип иштеген адам гана эл арасында кадыр-баркка жете тургандыгы тууралуу атасынын айткан

насаатын, бүгүнкү күндө, уул-кыздары туу тутуп, элге ак кызматын өтөп келе жатышат.

Адамды баалагың келсе, анын элге сиңирген эмгегинен жана өстүрүп тарбиялаган уул-кыздарынан баала-демекчи, Алыбаев Бузурманкул жана жубайы – Алыбаева Алмаш экөө 9 баланы тарбиялап, эрезеге жеткирген.

Бүгүнкү күндө, уул-кыздары ата-энесинин өрнөктүү өмүр жолун улап келе жатышат. Токтоло кетсек, улуу кызы Алыбаева Айсалкын Кыргыз Республикасынын "Эмгек сиңирген мугалими» наамына татып, С. Байдөөлөтов атындагы орто мектебинин англис тили мугалими болуп эмгектенип келүүдө.

Ал эми, уулу Алыбаев Жапар экономика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз улуттук университетинин экономика кафедрасынын башчысы болуп эмгектенүүдө.

Дагы бир уулу Алыбаев Керимбек Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Агенттикте бөлүм башчы болуп иштеп келатат.

Калган уул-кыздары да жогорку билимдүү болушуп, сүйгөн кесиптерине ээ болушуп, ар кайсы тармактарда эмгектенип келишүүдө.

Ата-энесинин эл алдында аткарылбай калган ой-мүдөөлөрүн, бүгүнкү күндө, уул-кыздары жана урпактары иш жүзүнө ашыруунун үстүндө.

Ошентип, Бузурманкул Алыбаевич Алыбаев эмгекчил, боорукер, чынчыл, ар дайым элдин жана мамлекеттин кызыкчылыгын жогору коюп, элдин таламын талашкан, көйгөйлүү маселелерди чече билген Коммунисттик партиянын татыктуу мүчөсү катары элдин эсинде калды.

# Ички иштер кызматынын чыгааны



Жер соорусу Чаткалдан кезегинде билимдүү жаштар чыгып, республиканын ар кыл тармактарында эмгектенишип, Чаткал районунун атагын алыска чыгарышкан. Алар өздөрүнүн терең билими жана күжүрмөн эмгекчилдиги менен республикалык коомчулукка таанылышып, чаткалдык жаштардын кийинки муундарынын илим-билимге умтулуусуна жол
ачышкан десек туура болот.

Алардын бири - ички иштер кызматынын чыгаан кызматкери Абылкасым Алымкулов.

Абылкасым Алымкулов 1940-жылы 26-ноябрда Чаткал районунун Чандалаш селсоветинин Коргон-Төбө кыштагында төрөлгөн.

Каарманыбыз көп балалуу үй бүлөдө төрөлүп, он баланын кенжеси болгон.

Ал алгач Коргон-Төбөдөгү башталгыч мектептин босогосун аттаган. Ал жерден 4-классты аяктаган жылы атасы Алымкул колхоздун уйларын тапшырып, Чандалаш айылына көчүп келишкен.

Каарманыбыз ошол кездеги район борбору Жаңы-Базар айылындагы жети жылдык мектептен окуусун уланткан.

1957-жылы Советтик Армиянын катарына чакыртылып, теңтуштары менен биргеликте жоокердик милдетти өтөөгө аттанган. Жоокердик кызматта үч жыл болуп, 1962-жылы мекенге кайткан.

Армиядан келген соң, жумуш табуу максатында ЖаңыБазардагы гаражга барып, Иван Горелкин аттуу орус улутундагы башкы инженерге кайрылат. Ал Абылкасым Алымкуловду ээрчитип Чаткал совхозунун ошол кездеги директору Абдрай Садиевге кирип-Ушул кезге чейин бир да солдат мага жумуш бер деп келген эмес. Ушул жигит мага жумуш бериңиз - деп келди. Сиздин макулдугуңуз менен бул баланы слесарь кылып алайын-деп суранат. Директор макул болот. Ошентип, Чаткал совхозунун мехгаражында слесарь болуп алгач эмгек жолун баштаган.

Каармanyбыз слесарлык жумушун абдан ынтызаарлык менен аткарып, башкы иженерге жагып, ишенимине ээ болгон. Иван Горелкин ага жаңы тетиктерден трактор жыйноо ишин тапшырат. Ал кезде тракторлордун тетиктерин сактаган кампанын башчысы Эргешбай аттуу адам экен. Абылкасым Алымкулов шериги Мирзалим Кочкорбаев менен биргеликте рамадан баштап жаңы трактор жыйнап башташат. Жаңы тракторду бир нече күндөп жыйнап бүтүшкөн соң, аны башкы инженер Иван Горелкин баш болуп от алдырып жүргүзүп көрүшөт. Трактор ойдогудай от алып, сыноо иретинде үч сутка жүрүп турат. Башкы инженер Иван Горелкин тракторду жакшы жыйнагандыгы үчүн буларды мактап, кезектеги тракторду жыйноону тапшырат. Ийгиликке шыктанган эки жигит аны да жыйырма күндүн ичинде жыйнап бүтүп, тапшырышат. Иван Горелкин кийинки тракторду от алдырат да, жанына Абылкасым Алымкуловду отургузуп, башкарууну үйрөтүп, мындан ары мунун сен айдайсың-деп ага тапшырат.

Ошентип, каармanyбыздын кубанычы койнуна батпай, өзүнчө тракторго ээ болгонуна сүйүнөт.

Жаз келгенде жаңыдан жыйналган жети трактор кош айдоого чыгат. Алардын катарында биздин каармандын трактору да бар эле. Тракторлордун көпчүлүгү жайдын жарымына жетпей бузулат. Ал эми, Абылкасым Алымкуловдун трактору кош айдоону аяктап, талаадан чөп ташыганда да эч бир бузулбай, күзүндө аман-эсен гаражга келип кирет. Башкы инженер Иван Горелкин буга жетине албай кубанып, каарманыбызды ар бир жыйында мисал кылып, эл алдында мактайт.

Ошентип, каарманыбыз совхоздун жетекчилигинин ишенимине ээ болгон. Күзгү жыйынтык мезгилинде башкарма Кубатбек Усупбековдун сунушу менен Жаңы-Кыштак жана Тастопиян кыштактарынын бригадири болуп шайланган. Андан кийинчерээк, алдыңкы эмгекчил жумушчу катары өзүн көрсөтүп, Чаткал селолук советине адис кызматына дайындалган.

Ал ортодо жогорку билимге ээ болуу максатында Ош шаарындагы педагогикалык жогорку окуу жайына тапшырып, мугалимдик кесипке ээ болуп, 1970-жылы Чаткал орто мектебине мугалим болуп орношкон.

Анда эки жылдан ашуун иштеп, 1972-жылы Ак-Таш айылындагы Жаш-Тилек орто мектебине которулган. Кийинчерээк борбор калаадагы СССРдин 50 жылдыгы атындагы университеттин юридикалык факультетине тапшырган. Студент болгон соң, үй бүлөсү менен Фрунзеге көчүп барып, анда жашаган. Турмуш шарттан улам окуусун сырттан улантып, ички иштер тармагына кызматка өткөн. Тактап айтканда, СССР Мамлекеттик коопсуздук кызматына жумушка кирген.

Аталган жоопту кызматта төрт жылдай иштеп, 1978жылы Фрунзе шаарынын 1-Май РИИБинде взводдун

командири, тергөөчү кызматтарына дайындалып, анда сегиз жылдай эмгектенген.

Андан соң, 1986-жылы Ош облусунун Совет РИИБине которулуп, 1989-жылга чейин эмгектенген.

Ал эми, 1989-жылы Ала-Бука РИИБине которулуп, төрт жылдай эмгектенип, 1992-жылы Чаткал РИИБинин күзөт бөлүмүнүн башчысы кызматына бекитилген. Аталган кызматта эки жылдан ашуун эмгектенип, 1994-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Кийинчерээк, Чандалаш айылындагы башталгыч мектебинин директору болуп эки жылдай иштеген.

Ички иштер кызматында эмгектенип жүргөн мезгилинде кыргыздын белгилүү акын-жазуучулары Чыңгыз Айтматов, Түгөлбай Сыдыкбеков, Темиркул Уметалиев, Төлөгөн Касымбеков, ошол кездеги республикалык жетекчилер жана белгилүү коомдук ишмерлер-Төрөбай Кулатов, Султан Ибраимов, Ахматбек Сүйүнбаев, Абсамат Масалиев, Дайыр Асанов, Калыйнур Үсөнбеков, Сагын Наматбаев, Зулумбек Жамашевдер менен кызматтык жана адамгерчилик жактан жакын тааныш болуп, айрымдары менен жакын санаалаштардан болууга жетишкен.

Каарманыбыз кандай тармакта, кайсы иште иштесе да, ар дайым тактыкты, жоопкерчиликти жана демилгечилдикти туу тутуп, өзүн алдыңкы кызматкер жана өз кесибин сүйгөн инсан катары көрсөткөн. Ага жараша мамлекет тарабынан ондогон жогорку даражалуу сыйлыктардын ээси болгон.

Эл ишенимине ээ болуп, айылдык жана райондук кеңештерге бир нече ирет депутат болуп шайланган.

Өмүрлүк жубайы Айымбү экөөсү турмуштун ар кандай кырдаалын бирге көрүшүп, ысык-суугун жана

ачуутаттуусун бирге татышып, 2 кыз жана 3 уулдуу болушту. Тагдырдын жазмышы экен, жубайы Айымбү эрте кайтыш болуп кетти.

Уул-кыздарынын баары жогорку билим алышып, турмуштан өз орундарын табышкан. Улуу уулу Айбек актерлук кесипти тандады. Ортончу уулу Алтынбек ата жолун жолдоп ички иштер тармагында эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. Ал эми, кичүү уулу Алмаз ЖАГУда кафедра башчысы болуп эмгектенип келүүдө.

Абылкасым Алымкулов учурда Ала-Бука айылында жашап, ардактуу эс алууда жүргөн кези.

## Оңой эмес кесиптин ээлери болгон жубайлар





Кыргызстанда гляциолог кесибинин ээлери аз санда болгондуктан, мурдатан эле жогору бааланып келген.

Гляциологдор негизинен, мөңгүлөрдүн жана кар көчкүлөрүнүн табигый процессин изилдешет.

Чаткалдык Ойгонбай Андашев акыркы мезгилде республикада сейректешип бараткан жогоруда биз айткан кесиптин ээлеринин бири.

Ойгонбай Андашев 1974-жылы Шакафтардагы мектеп-интернатты аяктаган соң, Орусиянын Ленинград шаарына жакын жайгашкан Стрельны шаарчасындагы Арктикалык

жогорку окуу жайынын гляциология бөлүмүнө тапшырган. Окуу жайын ийгиликтүү аяктап, гляциолог кесибине ээ болуп, алдына-Орусияга кайра барып иштейм-деген зор максат коюп, туулган жерине кайткан. Келген соң, атасы Акмат күнүмдүк тириликти шылтоо кылып, уулун алыс жерге кайра жибергиси келбей туруп алат. Айла жок, биздин каарман туулган жерге кызмат кылганы кала берет. Антсе да, билимди көксөгөн жаш жигит жөн калбай, Фрунзе шаарына кайра барып окуп, кошумча радист-геолог кесибин ээ болуп, Чаткал метеостанциясына иштеп калат. Ошентип, тагдырдын буйругу менен эки кесипти бирдей аркалап, алар аркылуу эл-жерге жана мамлекетке жарым кылымга жакын мезгилден бери ак кызмат өтөп, ардактуу эс алууда болсо да, жаштардан кем калышпай эмгектенип келүүдө. Тактап айтканда, Ойгонбай Андашев бул тармакта отуз сегиз жылдан бери талыкпай эмгектенип, республиканын гляциология жана метеорология тармагына зор эмгек сиңирди. Ал өзүнүн көп жылдык тажрыйбасынын аркасында кар көчкүлөрүн зор чеберчилик жана коопсуздукту сактоо менен аткылап, тушүрүү ыкмасын ойлоп таап, “заградительный обстрел” деген жаңы терминди киргизгенин айта кетүү ашыкча болбос. Бүгүнкү күндө бул ыкма КР. ӨКМ тарабынан кеңири пайдаланылып келатат.

Бүгүнкү күндө КР. ӨКМнин Чаткал району боюнча гляциолог адиси жана буга кошо эле, №719713 Чаткал метеостанциясынын башчысы болуп иштейт. Өзүнүн күнүмдүк ишинде Чаткал өрөөнүндөгү кар көчкүлөрдүн жашоо процессин изилдеп, алардын мезгилдик өзгөрүшүн картага түшүрүп, КР. ӨКМнин тийиштүү бөлүмүнө

билдирип турат. Анын такталган маалыматына ылайык, кар көчкүлөрү тууралуу маалымдамалар иштелип чыгып, алардын өрөөндүн жашоо-шартына карата таасирин аныктоого кеңири пайдаланылат. Чаткал өрөөнүн кесип өткөн Ала-Бука-Чаткал-Кировка унаа жолунда кар көчкү түшүү коркунучу бар аймактар көп болгондуктан, кышкысын ал аймактардагы кар көчкүлөрүн аткылап, түшүрүү иштери Ойгонбай Андашевсиз ишке ашпайт. Тактап айтканда, биздин каарман кар көчкүнү качан жана кайсы убакта аткылаганда адамга жана техникага коркуныч келтирбей турган жерге түшүрөөрүн аныктаган соң гана КР. ӨКМ кызматкерлери өз жумушун башташат. Ансыз жумуш болбойт.

Ойгонбай Андашев Чаткалдын башындагы БашкыТерек айылында жашап, иштеп, пайгамбар жашынан эбак ашып, каадалуу карылык доорун сүрөөр мезгили келип калса да да, бир гана Чаткал эмес, республиканын дээрлик бардык кар көчкү коркунучу бар аймактарына КР. ӨКМнин атайын чакыруусу менен барып, башка кесиптештери менен биргеликте кар көчкү коркунучунун алдын алууга салымын кошуп келүүдө. Айта кетсек, республиканын ар кайсы тарабындагы кесиптештери менен биргеликте Балыкчы-Казарман-Жалал-Абад альтернативдүү унаа жолунун жана Датка-Кемин электр линиясынын курулушунун долбоорлоо иштерине катышып, аталган жумуштардын кар көчкү жүрбөгөн аймактар менен өтүүсүн камсыздоого салым кошкон. Мындан сырткары, коңшулаш Өзбекстанда гляциологдор жок болгондугуна байланыштуу 2009-жылы Кыргызстандан беш гляциолог адис менен барышып, андагы жалпы наркы 2 млрд. долларга жакын Ангрен темир

жолун куруу ишин долбоорлоо ишине катышты. Кыргызстандык гляциологдордун тобунун көрсөтмөсү менен аталган темир жолдун кар көчкү коркунучу бар аймагынан узундугу он тогуз чакырымдан ашуун жерден тоону тешип, тоннель курулуп, аталган темир жол ишке берилди.

Бүгүнкү күндө, Чаткалда жер алдындагы кендерди өндүрүү менен алектенген компаниялар да Ойгонбай Андашевге кайрылышып, жаңыдан курулуп жаткан унаа жолдорунун кар көчкү коркунучу жок аймактар менен өткөрүү маселеси боюнча кызматташып келет.

Бүгүнкү күндө республикада саналуу гана гляциолог адистер калганына кейиген биздин каарман чаткалдык эки улан Орусиядан аталган кесипке окуп жаткандыгын айтып, Башкы-Терек айылына жаңыдан курулуп жаткан 4-муундагы заманбап метеостанцияга кадр даярдалып жаткандыгына бир чети кубанып калат.

Ойгонбай Андашев КР. ӨКМнин жана Кыргыз гидрометеорология кызматынын бир нече “Ардак Грамоталарына” татыктуу болгон жана “Гидрометеорологиянын мыктысы” төш белгисинин ээси. Ал мындан сырткары, 2009-жылы Чаткал өрөөнүнөн жоголгон жыйырма сегиз баш жылкыны уурдаган куралдуу кылмышкерлерди колго түшүрүүдө райондук ички иштер кызматкерлерине жакындан жардам көрсөткөндүгү үчүн Чаткал РИИБ тарабынан беш миң сом акчалай сыйлык жана ыраазылыкка ээ болгон. Анын мындан сырткары, мындан эки жыл мурда Башкы-Теректеги Күлбөс-Хандын ордосу деп аталган тарыхый аймакты мыйзамсыз казып, эски баалуу буюмдарды чогултуп жүргөн эки адамды кармап,

алар тууралуу РИИБге кабар берип, тарыхый жайдын сакталуусуна салым кошкондугун айта кетсек ашыкча болбос.

2017-жылы КР. “Ардак Грамотасы” менен сыйланып, аталган жогорку сыйлыкты ошол кездеги КР. Президенти А. Атамбаев өз колу менен тапшырган.

Каарманыбыздын өмүрлүк жубайы тууралуу да кеп удулу келгенде айта кетүүбүз керек.

Жубайы Матисаева Орозгүл Бурхановна 1960-жылы 15-сентябрда Кадамжай районунда төрөлгөн.

1977-1979-жылдарда Фрунзедеги техникалык окуу жайын аяктаган.

1980-жылы Чаткал метеорологиялык станциясына радист жана техник метеоролог болуп жумушка кирген. Бүгүнкү күнгө чейин аталган жооптуу кызматты аркалап, талыкпай эмгектенип келүүдө. Бул жылдар аралыгында Чаткал өрөөнүнүн катаал жаратылыш шартына байланыштуу нечен ирет оор кырдаалдар өттү. Ошондой учурларда да кабагым-кашым дебей өз милдетин так аткарып, мамлекетке да, элге да зор эмгек сиңирип келди.

Кыргыз Республикасынын метеорологиялык кызматына сиңирген көп жылдык эмгеги эске алынып, 2016жылы “Кыргыз Гидрометтин 80 жылдыгы” маарекелик төш белгиси менен сыйланган.

Эмгекчил жубайлар кырк жылдай биргелешкен ынтымактуу өмүрүндө 4 уул жана бир кыздуу болушту. Уул-кызыңа жогорку билим бер, келечек жолун өздөрү тандап алышат-деген принципти карманган Ойгонбай Андашев Фрунзеде окуп жүрүп таанышкан Баткендин кызы, өмүрлүк жубайы Орозгүл экөөсү төрт уул, бир кызын

жогорку билимдүү кылды. Үч уулу ата жолун жолдоп, өзгөчө кырдаалдар жаатында жогорку билим алышып, элге кызмат кылышууда. Тактап айтканда, улуу уулу Алмазбек Андашев Кыргыз-Славян университетинен өзгөчө кырдаалдар боюнча адистикке ээ болуп, он беш жылдан бери Ош-Бишкек унаа жолунун Чычкан кар көчкү станциясынын башчысы, кийинкиси-Асылбек ички иштер тармагында, үчүнчүсү Аман “Кичи Чаарат” фирмасында өзгөчө кырдаалдар боюнча адис ал эми, кичүү уулу Тилек Бишкек шаарынан Политехникалык институтунан өзгөчө кырдаалдар боюнча адистикке ээ болду. Эң кенжеси, кызы Зейнеп Ош шаарындагы У. Салиева атындагы таланттуу балдар лицейинде билим алууда.

Кеп соңунда, Ойгонбай Андашевдей өз кесибин сүйгөн, атуулдук жана жарандык бийик сезимге ээ инсандар калк арасында көп болушуна тилектештигибизди билдиребиз.

## Аракетчил агартуучу Арыкбаев Жаналы



Азыр ардактуу эс алууда болсо да, жаш кезинде иш тажрыйбасынын кенендиги, жаны тынбаган аракетчилдиги жана мыкты уюштуруучулук жөндөмү менен таанымал болгон Жаналы Арыкбаев азыр да коомдук иштерден четте эмес.

Бул инсандын басып өткөн өмүр жолуна токтоло кетсек, 1949-жылы 4-мартта Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген.

1965-жылы М. Горький атындагы сегиз жылдык мектебин аяктап, Жалал-Абад шаарындагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырган. Ошол кезде аталган окуу жайы мектеп кадрларын мыкты даярдаган окуу жай катары таанымал болгон. Жаналы Арыкбаев ал окуу жайда окуп жүрүп, андагы маданий-массалык иш чараларга тынбай катышып, активдүү студенттердин бири болот. Окуу жайдагы өзү окуган тайпанын профсоюз уюмун жетектейт.

Жаналы Арыкбаев аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктаган соң, ошол кездеги Жаңы-Жол районундагы КызылТуу орто мектебине башталгыч класстарынын мугалими болуп жөнөтүлүп, алгачкы эмгек жолу ошол жерден түптөлгөн. Биздин каарман ал кезде жыйырма гана жашта болгон.

Аталган мектептин эмгек жааматы жаш мугалимди жылуу кабыл алып, андагы тажрыйбалуу мугалимдер Жаналы Арыкбаев менен иш тажрыйбасын бөлүшүп, тажрыйбалуу мугалим катары калыптануусуна чоң өбөлгө түзүшкөн.

Ал жерде бир жыл иштеген соң, 1970-жылы Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмү тарабынан Каныш-Кыя айылдык толук эмес мектебине которулган. Ал мектепте ошол жылдын ноябрь айына чейин иштеп туруп, 10ноябрда аскердик кызмат өтөөгө чакырык алган. Ошентип, жаш мугалим аскердик ыйык милдетти өтөөгө жөнөп кеткен.

Жаналы Арыкбаевге аскердик ыйык милдетти өтөө насиби алгач Орусиянын Чита шаарына туш келген. Ал шаарда алты ай сержанттык курста окуп, 1971-жылдын май айында СССР Куралдуу күчтөрүнүн Забайкалье аскердик

округу Монгол Эл Республикасынын Сай-Шанд шаарында жайгашкан мотоаткычтар полкунун 2-батальонунун 5-ротасында кызматын уланткан. Анда өзү кызмат кылган аскердик ротанын 1-взводунун командиринин орунбасары болуп кызмат кылган.

Жаналы Арыкбаев өзүнө аскердик турмуштан да бир топ сабак алууга жетишип, тактыкты, тазалыкты жана өзүнө жана өзгөгө адилет жана калыс талап кое билүүнү үйрөнүп, аскердик жетекчиликтин алкышына ээ болгон. 1972-жылы эң чоң согуштук кампаниялардын бирине, СССР Куралдуу күчтөрү менен Монгол Эл Республикасынын куралдуу күчтөрү менен биргеликте өткөрүлгөн чоң масштабдагы “Восток” аскердик машыгуусуна катышкан. Ошол жылдын ноябрь айында аскердик мөөнөтү соңуна чыгып, Чаткалга кайтып келген.

Аскерден келгенден соң, 1973-жылдын августунан баштап, Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы орто мектебине башталгыч класстары боюнча мугалим болуп ишке орношуп, ал мектепте 12 жыл иштеген. Ал жылдарда Чаткалдан чыккан тажрыйбалуу мугалимдер-Исмаилов Матиш, Бейшенбаев Жунусбек, Нышанов Жапарбек, Кайназаров Орозалы, Чоюнов Макен, Ашырбеков Иманбек, Жоробеков Алимбек, Орозов Кошбай, Дөлөкеев Таир, Чоробаев Тургунбай сыяктуу белгилүү инсандар менен бирге иштешип, алардын акылнасааттарын, турмуштук, агартуучулук жана усулдук тажрыйбаларын жакындан үйрөнгөн. Ал мындан сырткары, ошол кездеги Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнөн Чаткалдагы мектептерди текшерүүгө келген инспекторлорго кошулуп жүрүп, билим берүү жаатында

бир топ тажрыйба топтогон. 1974-жылы билим берүү тармагындагы активдүү иш тажрыйбасы жогору бааланып, Ош облустук билим берүү башкармалыгы тарабынан кол саат менен, 1978-жылы “Ардак Грамотасы”, ал эми 1982-жылы Кыргыз ССРинин Элге билим берүү министрлигинин “Ардак Грамотасы” менен сыйланган. Ошол эле жылы билим берүү жаатында жогорку билимге ээ болуу максатында Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин тарых-юридикалык факультетине тапшырып, 1988жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган.

1987-жылы Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчылыгына бекитилген. Ал эми, 1989-жылы ошол эле мектептин директорлугуна дайындалган.

Жаналы Арыкбаевдин аталган мектепке директор болуп иштөө мезгили Союз урап бараткан кыйынчылык мезгилге туш келген. Бул учурда анын жетекчилик деңгээли, уюштуруучулук сапаты жана жетекчи катары алысты көрө билүүсү замандын сынына коюлуп, биздин каарман андан татыктуу өтө алган. Тактап айтканда, мектептин билим берүү базасын жана ички мүмкүнчүлүктөрүн өз деңгээлинде кармап калууга зор аракеттер көрүлүп, ишке ашырылган. Ошол кездеги мектеп директору катары Ал кездеги ВЛКСМдын 50 жылдыгы, азыркы Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебинин жаңы имаратынын курулушун аягына чыгаруу маселеси Жаналы Арыкбаевдин үлүшүнө да тийип, бул маселеде да бир топ алгылыктуу жумуштарды өз деңгээлинде бүткөрүүнүн үстүндө күн-түн дебей аракеттенип, соңунда мектеп имараты аягына чыккан.

1991-жылы жаңыдан аяктап, пайдаланууга берилген мектепке Чаткалдан чыккан белгилүү агартуучу Исмаил Матиш уулунун ысымы ыйгарылган.

Жаналы Арыкбаев аталган мектепти 1994-жылга чейин жетектеп, ал мезгилде мектептин эмгек жааматын ынтымагы артып, билим берүү жаатында көптөгөн ийгиликтер жаралган.

1994-жылдын май айында совхоздор жоюлуп, 28 фермердик чарбаны камтыган Айгыр-Жал айылдык комитети түзүлгөн. Жергиликтүү калктын ишеними жана сунушу менен аталган комитетке Жаналы Арыкбаев төрагалыкка бекитилген.

Жаналы Арыкбаев комитеттин төрагалыгын жигердүүлүк менен өтөп, ал кезде каржалып турган элге пайдалуу бир топ иштерди жүзөгө ашыра алган. Атап айтканда, облус борборунан буудай үрөнүн алдырып, жергиликтүү калктын буудай эгип, комитет мүчөлөрү жана бир топ жооптуу адамдар менен биргеликте оор абалдан чыгуусуна керектүү шарт түзүп бере алган.

1996-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө жооптуу кызматка чакыртылып, райондук билим берүү бөлүмүнүн инспектору кызматын аркалап баштаган. Ал жерде чыгармачылык менен иш алып барып, билим берүү кызматкерлеринин райондук профсоюз уюмунун облустук профсоюз уюмунан өз алдынча бөлүнүп чыгуусуна жекече салымын кошкон.

2005-жылы Айгыр-Жал айылындагы Алике Айымбетов толук эмес мектебине директорлукка бекитилген.

Ал мектепти жетектеп туруп, мектеп жааматына жана мектеп окуучуларына заманбап шарт түзүүнүн үстүндө

тынымсыз аракеттенип, мектепке эки комплект компьютер алынып келинип, 1-4-класстарга ысык тамак берүүчү буфет уюштурулган.

Жаналы Арыкбаев жалындуу жаштык кезин Чаткал районунун билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө арнап, 2009-жылы мектеп жетекчилигин татыктуу кадрга тапшырып, өзү ардактуу эс алууга чыккан.

2005-жылы "Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги" ардактуу наамын алып, 2007-жылы "КР. Билим берүүсүнүн кесиптик кошуундарынын отличниги" менен сыйланган.

Үй бүлөсү тууралуу айта кетсек, Жаналы Арыкбаев өмүрлүк жубайы Марипа экөөсү 4 уул, 2 кызды татыктуу тарбиялап, өстүрүштү. 18 неберенин чоң ата, чоң энеси жана таята, таенеси болушту. Уулу Муктарбек менен кызы Гүлнура ата жолун жолдоп мугалимдик кесипти тандашкан.

Жаналы Арыкбаев учурда Айгыр-Жал айылдык аксакалдар сотунун төрагасы болуп, жаштарга насаат айтып, коомдук иштерге активдүү катышып келет.

## Баатыр малчы тууралуу омоктуу кеп



Чаткал жери мал киндиктүү болгондуктан, мында төрт түлүк малдын көбү багылып, ага жараша республикага таанымал баатыр малчылар да чыккандыгы жалпыга маалым. Баатыр малчы аталарыбыздын жана энелерибиздин өрнөктүү эмгектери

ар дайым келечек муундарга үлгү катары кала берет. Ушундай баатыр малчы
аталарыбыздын бири, Ак-Таш айылынын тургуну Турсумат Ашырбаев болуп эсептелет.

Турсумат Ашырбаев 1938-жылы Ак-Таш айылында жарык дүйнөгө келген. Ата-энесинен эрте ажырап, жетим болуп чоңойгон. 9 жашында мектеп босогосун аттап, 10классты 1954-жылы Айгыр-Жал айылдык мектебинен аяктаган. Мектепте тырышчаактык менен окуп, алдыңкы окуучулардын бири болгон.

1959-жылы аскердик кызмат өтөөгө чакырылган. Ал учурда аскердик кызмат өтөө мөөнөтү үч жыл болгон. Турсумат Ашырбаев Советтик Армиянын ички аскерлер бөлүгүнө туш келип, жалпы үч жарым жыл кызмат кылган. Күжүрмөн аскердик кызматы Орусиянын Пермь облусунун Соликамск шаарында өткөн. Ал кол жазмасы жакшы болгондуктан, аскерге баргандан бир айдан кийин өзү кызмат кылган бөлүккө иш кагаздарын жазгыч (писарь) болуп жумушка бекитилген да, кызматтын аягына чейин иш кагаздарын жазгыч ишти аткарган. Аскердик кызмат мөөнөтү 1962-жылы аяктап, 8-августта аскердик кызматтан бошотулуп, Чаткалга кайтып келген. Ошентип, алгач эмгек жолу 1965-жылы башталып, Чаткал совхозуна малчы болуп кирет. Андан ары Турсумат Ашырбековдун бараандуу эмгек жолу башталып, татаалдыгынан улам бардык эле адамдар жөндөй бербеген малчылык кесипти мыкты өздөштүрүп, ак эмгегинин үзүрүн көрүп баштаган. Токтоло кетсек, ак койдон төл алууда жогорку көрсөткүчкө ээ болуп, жүз тубар койдон жүз кыркка чейин төл алууга жетишкен.

-Мен айрымдарга окшоп жүз тубар койдон жүз сексен, жүз токсондон козу алып берген жокмун. Андай көрсөткүчкө ээ болгондор бар болсо да, мен анчалык жогорку көрсөткүчкө чындап жетише бергендерине күмөнүм бар. Мен алымча-кошумчасыз, чыныгы көрсөткүч катары жүз тубар койдон жүз кыркка чейин козу алып бердим. Өкмөт да чыныгы иштегендерди билет, менин эмгегимди учурунда баалап, урмат-сый көрсөттү-дейт Турсумат аба өткөн күндөрүнө учкай токтолуп.

Чындыгында, Турсумат Ашырбаевдин алдыңкы малчы катары жогорку көрсөткүчтөрү мамлекет тарабынан жогору бааланып, эки ирет "Эмгек Кызыл Туусу" ордени берилген. Буга кошо эле "Эмгек даңкы" медалына татыган. Чаткалда эң алгачкы болуп сыйлыкка "Москвич-412" жеңил автоунаасын алган. Мындай жогорку даражалуу сыйлыктар ал учурда чыныгы эмгек алдыңкыларына гана берилип, алар республикада гана эмес, бүткүл Советтер Союзунда чоң абройго ээ болушкан.

Турсумат Ашырбаев чыныгы эмгекчилдиги, талыкпаган аракети менен "Баатыр малчы" атагына ээ болуп, мунун менен катар Ош облустук комитетинин саясий бюросуна беш жыл мүчө болгон. Кыргызстан Коммунисттик Партиясынын XVI съездине делегат болуп барган. Ошол учурда Темиркул Кошбаев Токтогул районунун Үч-Терек совхозунун директору болуп иштеп турган экен. Ал киши да съездге өзү башкарган совхоздон делегат болуп барган экен.

Турсумат Ашырбаев бул тууралуу эскерип-Бир жерде эс алып олтурсам жакын эле жерден Темиркул Кошбаев өтүп баратыптыр. Ал мени таанybaйт, албетте. Мен аны дароо

тааныдым да, -Ассалом алейкум-деп, барып алдынан чыгып учураштым. Ал чоочугандай-Ой, сен чаткалдыксыңбы?-деди. Мен-Ооба, чаткалдан делегат болуп келдим.десем ал киши жарыктык кадимкидей барбалаңдап кубанып -Ушунча мезгилден бери Чаткалдан эч делегат келбеген эле, кантип келип калдың?-деп сурады. Анан, мен ага малчы катары жетишкендиктеримди учкай айтып, ошондон улам делегат шайланып келип калганымды түшүндүрдүм. Ал мага карап-Оку, билим ал-деп, билим алуунун зарылдыгын мага бир рече кайталап айтты.-дейт.

Баатыр малчы ал жылдарда мурдагы белгилүү жетекчилер-Ала-Бука райкомунун 1-секретары Абдубаит Тажибаев, Ош обкомунун 1-секретары Султан Ибраимов, Кыргыз ССРинин президиумунун председатели Төрөбай Кулатовдор менен иштешип, жыйындарда бирге олтуруп, алардын колунан баалуу сыйлыктарды алган.

Ошентип баатыр малчы Союз таркаганча кой багып, Союз таркаган соң, “Кызыл Алма” дыйкан чарбасын уюштуруп, 2002-жылга чейин аталган дыйкан чарбаны иштеткен.

Өмүрлүк жары Бүажар эне экөөсү ар дайым ынтымакта жашашып, биргелешкен өмүр жолунда 8 уул, 2 кыздуу болушуп, аларды татыктуу тарбиялап өстүрүшкөн. Уулкыздардан 30 неберелүү болушкан.

Бүгүнкү күндө “Чаткал районунун ардактуу атуулу” наамынын ээси Турсумат Ашырбаев 82 жашка чыгып, калктын урмат-сыйына татып, өмүрлүк жубайы Бүажар экөөсү бактылуу карылыктын доорун сүрүшүүдө.

# Калк кадырлаган окутуучу



Турмушта кай бир адамдар өз кесибинин мыктысы болсо да, турмуштун башка кырдаалдарында өз мыктылыгын көрсөтө албай, карапайым калктын катмарынан өзгөчөлөнүп чыга албайт эмеспи. Чаткал районунан сырткары да белгилүү инсан Иманбек Ашырбеков бул жаатта өзгөчөлөнүп, мыкты окутуучу гана эмес, өзүнүн калыс сөзү жана нарктуу жүрүм-туруму менен калк арасынан кадыр-барк тапкан инсан болгон. Анын калыс сөздүүлүгү али күнгө чейин эл ичинде мисал катары айтылып келет.

Иманбек Ашырбеков 1935-жылы 15-майда Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген.

1953-жылы Айгыр-Жал орто мектебин аяктаган. Ошол жылы Айгыр-Жал орто мектебин алгачкы бүтүрүүчүлөр аякташкан. Иманбек Ашырбеков ошол алгачкы бүтүрүүчүлөрдүн катарында болгон. Орто мектепти аяктаган соң, мектепти жакшы окуп аяктаган дилгир улан дароо эле райондук прокуратурага катчы кызматына дайындалган. Ошентип, Иманбек Ашырбековдун бараандуу эмгек жолу ошол мекемеден башталат. Ал анда бир жыл иштеп, 1954жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайына окууга тапшырган. Аталган окуу жайын 1956-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. Андан соң, жаңыдан ээ болгон кесиби менен эмгек

жолун улантып, жогорку окуу жайын аяктаган жылы Айгыр-Жал орто мектебине мугалим болуп орношкон. Иманбек Ашырбеков аталган мектепте 1966-жылга чейин, тагыраагы он жыл иштеген. Ал ортодо, тактап айтканда 1959-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун тарых факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, 1964-жылы ийгиликтүү аяктап, тарых сабагынын мугалими кесибине ээ болгон. Андан соң, 1966-жылы М. Горький атындагы орто мектепке директор болуп дайындалган. Ал мектепти 2 жыл жетектеген соң, 1968-жылы Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 60 жылдыгы атындагы орто мектебине окуу бөлүмүнүн башчысы болуп которулган. Ал эми, 1971жылы Каныш-Кыя орто мектебинин директорлугуна бекитилген. 1973-жылдан 1977-жылга чейин директор жана окуу бөлүмүнүн башчысы, 1977-1980-жылдары АйгырЖал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектепте директор болуп эмгектенген. 1980-жылы ошол кездеги район жетекчилиги тарабынан чарбалык жетекчилик кызматка тартылып, бир жыл Каныш-Кыя совхозунун жумушчулар комитетинин председатели болуп иштеген. Андан соң, кайрадан билим берүү тармагына келип, 1981жылы Чаткал орто мектебине директор кызматына бекитилген. Иманбек Ашырбеков ал мектепти он жыл иштеп, а дегенде директор, андан соң окуу бөлүмүнүн башчысы катары 1991-жылга чейин жетектеген. 1991-жылы АйгырЖал айылындагы Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип жүрүп, 1993-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Бирок, ардактуу эс алууда экендигине карабай, аталган

мектепте 1998-жылга чейин тарых сабагынан окутуп, эмгектенген.

Иманбек Ашырбеков сөз башында айткандай, калыс сөздүүлүгү, нарктуулугу жана принципиалдуулугу менен таанымал инсан болгон. Анын мындай сейрек асыл сапаттары ага калк арасында чоң аброй алып келип, кары дебей, жаш дебей тегиз сыйлап турган. Буга мисал катары 1999жылдан 2008-жылга чейин дээрлик он жыл бою АйгырЖал айылдык аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеп тургандыгын айтса болот. Чындыгында, ошол жылдарда Иманбек Ашырбеков аксакалдар сотунун төрагасы катары калкка көп пайдасы тийген. Ал жылдарда калктын турмушу оорлоп, ага жараша эл арасында майда, чоң кылмыштар жүз берип, коомдук тартипти оң жолго салууда райондун күч түзүмдөрүнө жергиликтүү калк тарабынан колдоо, таяныч зарыл болгон. Дал ошол кыйчалыш мезгилде Иманбек Ашырбеков Айгыр-Жал айылдык аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеп туруп, коомдук тарипти жолго салууда зор эмгек сиңиргендигин айыл калкы жакшы билет. Анын калыс сөздүүлүгү, принципиалдуулугу, мыйзамга жана элдик каада-салтка негизделген адилет чечим кабыл ала билүүсү аркылуу райондун ошол кездеги күч түзүмдөрү менен тыгыз кызматташа билүүсүнүн аркасында калк арасындагы ар кандай кылмыш иштерине калыс баа берилип, адилет чечимдер чыгарылып, коомдук тартиптин чыңалуусунун алдын алуусунда зор роль ойногон. Мен бул тууралуу маркум Иманбек Ашырбековдун өз оозунан уккандыгымды айта кетүүм керек. Иманбек Ашырбеков Айгыр-Жал айылдык аксакалдар сотунун төрагасы болуп иштеп жүргөн

жылдары мен райондук “Чаткал оттору” гезитинде кабарчы болуп иштечүмүн. Анын жогорудагыдай мыкты ишмердүүлүгүн эл арасында угуп жүрүп, андан атайы барып, гезитке маек алгам. Маек арасында Иманбек Ашырбеков мага карап- ээ балам, эң бир оор ич ара чатакташууну да элдик мыйзамдарга таянып, араздашкан тараптарды элдештирүү менен чечип койгон учурлар болгон. Адам ачууга алдырганда нелер болбойт, бул тууралуу райондук ички иштер органдары да билет, негизи, элдик жана мамлекеттик мыйзамдардан чыкпасак гана болду-деп күлүп койгон эле.

Иманбек Ашырбеков өмүрлүк жары Жыпар эне менен биргеликте үч уул, бир кызды тарбиялап өстүрүшүп, баарын жогорку окуу жайларына окутушуп, жогорку билим беришкен. Уул-кыздарынын ичинен бир уулу Кылычбек ата жолун жолдоп, мугалимдик кесипти тандаган.

Ал билим берүү тармагына сиңирген зор эмгеги үчүн райондук, облустук жана республикалык бир нече баалуу сыйлыктарга ээ болуп, “Эл агартуунун отличниги” наамын алып, эмгектин ардагери болгон.

Иманбек Ашырбеков 2011-жылы 31-декабрда 76 жаш курагында узакка созулган оорудан улам дүйнөдөн кайткан.

# Эл сыйлаган белгилүү педагог



Чаткал районуна белгилүү инсандардын бири, таанымал педагог Рысбек Ашырбеков райондун агартуу тармагына көп жыл эмгек сиңирген инсан болгон. Ал 1939-жылы Жалал-Абад облусуна караштуу Чаткал районунун Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген. Алгач мектеп босогосун Айгыр-Жал орто мектебинде аттап, 1957-жылы атал-
ган орто мектепти ийгиликтүү аяктап, орто билимге ээ болгон. Белгилүү педагогдун алгач эмгек жолу Ворошилов колхозунда катардагы колхозчу болуу менен башталган. Анда үч жыл иштеп, 1960-жылы Чаткал токой чарбасына күзөтчү (егерь) болуп жумушка орношкон. Ошол эле жылы декабрь айында Советтик Армиянын катарына жоокердик милдетин өтөөгө чакырылган. 1963-жылы аскердик кызматын абийирдүүлүк менен өтөп, мекенине кайтып келген. Аскерден келген соң, Чаткал токой чарбасында күзөтчүлүк кызматын улантказн.

1965-жылы жогорку билим алууну көздөгөн элеттик жаш жигит шаарга аттанган. Рысбек Ашырбеков ЖалалАбад шаарындагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырган. Билим алууну чын дилден максат кылган элеттик жигит күүлдөгөн шаар турмушун жана эстен кеткис студенттик жашоону баштан кечирип, 1967жылы окууну ийгиликтүү аяктап, ошол кездеги чаткалдык жаштардын аз сандагы жогорку билимдүүлөрүнүн катарын толуктап, Чаткалга келген.

1967-жылы Рысбек Ашырбековдун алгачкы педагогдук эмгек чыйыры башталып, Каныш-Кыя сегиз жылдык мектебине башталгыч класстар мугалими болуп орношкон. Ал жерде бир жыл иштеп, 1969-жылы Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектебине которулган. Рысбек Ашырбеков аталган мектепте 1975-жылга чейин башталгыч класстар мугалими болуп эмгектенген.

Ал эми, 1976-жылы өз эрки менен мугалимдик жумуштан бошоп, эки жыл, тактап айтканда 1978-жылга чейин Чаткал коммуналдык токой чарбасында кампа башчысы кызматын аткарган.

1978-жылы кайрадан өз кесиби боюнча жумушун улантууну чечип, Айгыр-Жал айылынын ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектебине башталгыч класстар мугалими болуп орношкон. Аталган мектепте 2000-жылга чейин эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. Андан соң, ардактуу эс алууда экендигине карабай, мектепте тажрыйбалуу кадрлардын таңкыстыгынан улам мектеп жетекчилигинин макулдугу менен 2003-жылга чейин башталгыч класстарга орус тили сабагын окуткан.

Рысбек Ашырбеков эмгектенип жүргөн мезгилинде өз билимин өркүндөтүү боюнча тынымсыз изденип, бул жаатта облуста өткөн атайы курстарга бир нече ирет барып катышып, билим жана тажрыйба топтой алган. Буга кошо эле, жаш кесиптештери менен өз билимин жана тажрыйбасын бөлүшүп, аларга насаатчы катары эмгек жааматынын жана ошондой эле, калк арасында кадыр-барк таба алган.

Мектептин коомдук маданий турмушуна да активдүү аралашып, көптөгөн иш чаралардын көч башында болгон. Анын райондун билим берүү тармагына сиңирген эмгеги өз кезинде жогору бааланып, жогорку даражалуу бир нече сыйлыктардын ээси болгон. Атап айтсак, 1995-жылы Жалал-Абад облустук элге билим берүү башкармалыгы тарабынан билим берүү тармагындагы үзүрлүү эмгеги жана жаш муундарга билим-тарбия берүүдөгү ийгиликтери үчүн атайы Диплом менен сыйланган. Мындан сырткары райондук жана облустук бир нече “Ардак Грамоталардын” жана баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

Рысбек Ашырбеков үй бүлөгө камкор ата болгон. Ал 1969-жылы Ашырбекова Нарбүбү менен баш кошуп, 6 уул, эки кыз, жалпы сегиз баланын ата-энеси болушкан. Бул дүйнөдөн көзү өткөнгө чейин балдарына татыктуу билим, тарбия берип, уулдарын үйлөндүрүп, кыздарын турмушка узатып, аталык милдетин татыктуу аткарган.

2012-жылы жарык дүйнөдөн өткөн.

Белгилүү педагог Рысбек Ашырбековдун мугалимдик терең билими, тажрыйбасы жана адамгерчилик бийик сапаттары тууралуу кесиптештеринин жана замандаштарынын арасында жакшы эскерүүлөр айтылып келет.

# Чаткалдык алгачкы активист аялдардын бири



Улуу Ата Мекендик согуш жылдарынан кийин бардык кыргыз жаштары сыяктуу эле, чаткалдык жаш улан-кыздар да билим алууга умтулуп, көптөрү ар кандай жогорку жана орто окуу жайларынан билим алышкан. Алар кийинчерээк сырттан келген кадрлардын ордун алмаштырып, жергиликтүү кадр катары райондун ар кайсы тармактарында эмгектенип келишкен. Ал учурда эр жигиттерден гана эмес, кыздардан да билим алууга умтулгандардын саны көбөйүп, мындай кыздар өз мезгилинде элеттик кыргыз аялдарына турмушка болгон алдыңкы көз караштары менен үлгү боло алган. Мындай алдыңкы көз караштагы чаткалдык активист кыздардын бири Бузия Ашыркулова эле.

Бузия Ашыркулова 1940-жылы 12-февралда Чаткал өрөөнүнүн Коргон-Төбө кыштагында жарык дүйнөгө келген.

Жаш кезинен билим алууга дилгир болуп, орто мектепти аяктаган соң, Жалал-Абад шаарындагы медициналык орто окуу жайына тапшырат.

1963-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Чаткалга фельдшер кесибине ээ болуп келет. Чаткалда ошол кезде саламаттыкты сактоо жаатында кадрлар абдан таңкыс болуп, мындай кадрлар элеттиктерге аба менен суудай керек эле.

Каарманыбыз алгач окууну аяктап келгенде Чаткал участкалык ооруканасына медайым жумушуна кабыл алынган.

Аталган мекемеде алты жылдай иштеген. Анда иштеп жүрүп, Бузия Ашыркулова башкалардан өзүнүн уюштуруучулугу, өз ишине тактыгы, жопкерчилиги жана башкаларга туура талап кое билгендиги менен айырмаланган. Мындай жөндөмдүүлүгү ошол кездеги райондук жетекчиликтин көз жаздымында калбай, 1969-жылы Чаткал айылдык советинин катчылыгына дайындалган.

Аталган жооптуук кызматта эки жылдай иштеп туруп, 1970-жылы Ала-Бука айылдык советинин төрагасынын орунбасарлыгына которулган.

Ал жерде да эки жылдай иштеген соң, кызмат жагынан жогорулоо болуп, 1972-жылы Ош облустук аткаруу комитетинин уюштуруу бөлүмүнүн инспектору жооптуу кызматына бекитилген.

Ал эми, 1974-жылы Чаткал совхозунун жумушчулар комитетинин төрайымы жооптуу кызматына бекитилген.

1975-жылы башка жумушка өтүп, Чаткал айылдык советинин төрайымы болуп дайындалган. Бул жооптуу кызматта беш жылдай эмгектенген.

Каарманыбыз улам жооптуу кызматтарда иштеп жүрүп, тийиштүү жогорку билим зарылдыгын сезген. Ошондон улам, Ош мамлекеттик педагогика институтуна тапшырып, аталган жогорку окуу жайын 1977-жылы ийгиликтүү аяктап, орус тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болгон.

1980-жылы жетекчилик кызматын тапшырып, Курулуш айылындагы Н. Крупская сегиз жылдык мектебине орус тили жана адабияты мугалими болуп жумушка орношкон.

Аталган мектепте иштеп жүрүп, 1995-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Каарманыбыз отуз жылдай жетекчилик кызматтарда иштеген. Ал ошол кездеги республикага белгилүү инсандар-Рысбек Айдаралиев, Саматкул Максымбековдор менен үзөңгүлөш иштешкен.

Бузия Ашыркулова адам катары абдан адамгерчиликтүү, эч кимге кара санабаган, чындыкты бетке айткан, бардык адамдар менен тегиз, түз мамиле кылган, күйүмдүү жана камкор адам болгон. Ал эми, жетекчи катары бардык адамдарга адилеттүү талап кое билген, баамчыл, аракетчил жана чечкиндүү сапаттарга ээ болгон.

Замандаштарынын айтымында, кандай кырдаал болбосун, тез эле жолун таба билип, чечкиндүүлүк менен аракеттенип, уюштуруучулук жана демилгечилдик менен ишти алып бара билген адам болгон.

Бузия Ашыркулова иштеп жүргөн мезгилинде жана андан кийинки мезгилдерде райондук, облустук жана республикалык ондогон “Ардак Грамоталардын” жана баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

Чаткал районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон бараандуу салымы үчүн 2007-жылы райондук жетекчилик тарабынан “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамы менен сыйланган.

Кызы Асель эне жолун жолдоп медициналык окуу жайын аяктап, фельдшер кесибине ээ болгон. Учурда Москва шаарында эмгектенип жүрөт.

Бузия Ашыркулова 2016-жылы 76 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

## Калк кадырлоосуна ээ болгон Акан агай



"Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин" деп улуу акын Аалы Токомбаев айткандай, чыныгы эмгекчил инсандарын көзү өтүп кетсе да, адамдар аны тирүү кезиндегидей сыйлап, урматтап, эл үчүн жасап кеткен опол тоодой эмгегин унутушпайт. Мындай урматтоого биздин каарман, маркум Жунусбек Бейшенбаев да татыктуу болуп келет.

Эл арасында "Акан агай" деген каймана ат менен таанымал болгон Жунусбек Бейшенбаев 1925-жылы 1сентябрда Чаткал өрөөнүндөгү Чапаев колхозунда төрөлгөн.

Орто мектепти аяктаган соң, 1942-1943-жылдар аралыгында Каганович айылындагы башталгыч мектепте мугалим болуп иштеген.

1943-жылы Каныш-Кыя орто мектебинде мугалим, кийинчерээк окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Андан кийин Жалал-Абад педагогикалык техникумуна тапшырып, аны 1944-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Ал эми, 1945-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн инспектору жооптуу кызматына дайындалган.

Жунусбек Бейшенбаев бул кызматта он жылдай эмгектенген.

1953-жылы Жаңы-Базар айылындагы Буденый атындагы жети жылдык мектебине мугалим болуп орношуп, бир жылдан соң, аталган мектептин директорлугуна дайындалган.

Аталган мектепти беш жылдай жетектеп, 1957-жылы мектеп директорлугун тапшырган.

1960-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайын аяктаган.

Андан соң, райондогу бир катар мектептерде катардагы мугалим болуп он жылга жакын иштеп, 1966-жылы Каныш-Кыя орто мектебинин директору болуп бекитилген.

Аталган мектепти беш жылдай жетектеп туруп, 1971жылы Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы кызматына которулган.

Жунусбек Бейшенбаев анда окуу бөлүмүнүн башчысы болуп жыйырма жылга жакын эмгектенип, 1988-жылы аталган кызматты тапшырып, катардагы мугалим болуп жумушун улантып, көзү өткөнгө чейин катардагы мугалим болуп иштеген.

Ошону менен бирге эле, 1990-жылы Айгыр-Жал айылынын аксакалдар сотунун төрагасы болуп шайланып, өмүрүнүн акырына дейре айылдын коомдук тартибинин сакталуусуна өз салымын кошкон.

1996-жылы 71 жашында дүйнөдөн кайткан.

Жунусбек Бейшенбаев көзү тирүү кезинде райондун агартуу тармагына сиңирген элүү төрт жылдык ак эмгеги жана албан салымдары үчүн жогорку даражадагы бир топ сыйлыктар менен сыйланган. Алардын катарында “Эмгекке даңк”, “Эмгектеги каармандыгы үчүн” төш белгилери бар.

1985-жылы “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими” жогорку наамы ыйгарылган.

Биз сөз башында белгилегендей, маркум Жунусбек Бейшенбаев калк арасында “Акан агай” деген каймана ат менен белгилүү болгон. Аны окуучулары гана эмес, замандаштарынын дээрлик баары “Акан агай” деп аташкан. Негизи, Жунусбек Бейшенбаев өз мезгилинин билимдүү жаштарынын ондогон катарын окутуп, тарбиялап өстүргөн. Анын көзү өткөнүнө жыйырма жылдан ашса да, Чаткал өрөөнүнүн калкы “Акан агай” деп ызаатташып, мугалимдик жана инсандык бийик сапаттарын эскерип келишет.

2017-жылы замандаштарынын сунушунун негизинде, ысымын түбөлүккө калтыруу максатында Каныш-Кыя айылдык кеңешинин чечими менен өзү жашап өткөн көчөгө Жунусбек Бейшенбаевдин ысымы салтанаттуу түрдө ыйгарылды.

Каарманыбыз өмүрлүк жубайы Сүйүнбү экөөсү 6 уул жана 2 кыздуу болушкан. Уул-кыздарынын ичинен 2 кызы жана 2 уулу ата жолун жолдошуп, мугалимдик кесипти тандашкан. Бир уулу Жусуп учурда Жалал-Абад мамлекеттик университетинде тарых мугалими болуп эмгектенүүдө.

Кеп соңунда, эмгек баатырларын урматтаган коом жашап турганда Жунусбек Бейшенбаевдей инсандар унутулбасын айтуу менен, улуу акын Аалы Токомбаев айтмакчы, өмүр өтүп кетсе да, эл эмгектен эскерип, эч качан унутпасын кошумчалай кетмекчибиз.

# Калк сыйлаган белгилүү жубайлар



Бексариев Абаскан Бейшенович Чаткал районуна өз ишин мыкты билген жогорку билимдүү адис, чарбачыл инсан катары таанымал.

Абаскан Бексариев 1952-жылы 2-майда Чаткал совхозунун Коргон-Төбө кыштагында жарык дүйнөгө келген. Жогорку билимдүү. 1978-жылы мурдагы Фрунзе, азыркы Бишкек шаарындагы политехникалык институттун гидрогеология жана инженердик геология факультетин аяктап, инженер-гидрогеолог адистигине ээ болгон.

Каарманыбыз жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган соң, алгач эмгек жолун 1978-жылы Куру-Тегерек геологиялык чалгындоо партиясында инженер-гидрогеолог болуп иштөө менен баштаган. Андан соң, 1980-жылы Каныш-Кыя совхозуна инженер-гидрогеолог жумушуна орношкон. Анда өз ишин мыкты билген, жогорку билимдүү жаш кадр дароо эле көзгө урунган. Ал жерде эки жыл иштеген соң, райондук жетекчилик зор ишеним артып, 1982жылы райондук суу чарба башкармалыгынын башчылыгына дайындалган. Абаскан Бексариев аталган мекеменин башчылык кызматын үч жыл аркалап, 1987-жылы ошол кездеги жооптуу кызматтардын бирине-Компартиянын Чаткал райондук комитетине инструктор

жана партиялык кабинеттин жетекчиси кызматына бекитилген. Аталган жооптуу кызматта эки жыл иштеген соң, 1989-жылы Башкы-Терек совхозуна профсоюз уюмунун төрагасы кызматына бекитилип, анда бир жылдай иштеп, 1990-жылдын март айында Каныш-Кыя совхозунун 2-бөлүмүнүн башкаруучусу кызматына которулуп, ошол эле жылдын октябрь айында кайрадан Чаткал райондук суу чарба башкармалыгынын башчысы кызматына бекитилген. Аталган мекемеде төрт жыл эмгектенип, райондук айыл чарба тармагынын өнүгүүсүнө көрүнүктүү салым кошо алган. 1994-жылы заман талабына ылайык жашоо кечирүү максатында жооптуу кызматты тапшырып, жеке ишкерликти колго алган.

Абаскан Бексариевдин райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон көрүнүктүү салымдары өз убагында эске алынып, райондук, облустук жана республикалык бир нече сыйлыктарды алууга жетишкен. 2018-жылы республикалык деңгээлдеги “Ардактуу аксакал” наамы берилип, төш белгиси кошо ыйгарылган.

Абаскан Бексариев калк арасында коомдук иштерге активдүү катышкан, айткан сөзү орундуу, демөөрчүлүк ишин колго алган колу ачык, берешен инсан адам катары да таанымал. Ал жеке ишкерликтен тапкан кирешесинен айылдагы көпүрөлөрдү оңдоого, айылдык мектептин маданиймассалык иш чараларына жана айыл ичинде өткөн ар кандай иш чараларга демөөрчүлүк катары акча каражаты жагынан колдоолорду көрсөтүп келет.

Каарманыбыздын өмүрлүк жубайы Бексариева Алмабүбү Төрөбековна тууралуу да айта кетпесек болбос.

Бул инсан жубайы Абаскан Бексариевдин оорун колдон, жеңилин жерден алып, татыктуу өмүр шерик болуу менен бирге эле, өзүнө тапшырылган жоопту кызматтарды татыктуу аткарып, райондун өнүгүүсүнө өзгөчө салым кошо алган.

Алмабүбу Бексариева 1957-жылы 8-июнда Айгыр-Жал айылында төрөлгөн.

Өмүрлүк жубайы Абаскан Бексариев Фрунзе шаарындагы политехникалык институттун гидрогеология жана инженердик геология факультетинде окуп жүргөн кезинде Алмабүбү Бексариева В. И. Ленин атындагы аскердик заводдо станокто иштеп, кадимки танктын тетиктерин чыгарууга жардамдашып, кийинчерээк кенаф чыгарчу фабрикада иштеп, студент жубайына ар тараптан колдоо көрсөтүп турган.

1983-жылы Кыргыз ССРинин Суу чарба министрлигинин Чаткал району боюнча байланыш жана автоматика кызматында байланышчы-радист кызматына дайындалган. Ал учурда техникалык байланыш каражаттары азыркыдай өнүгө элек болгондуктан, эң бир катаал шарттарда, чукул кырдаалдар учурунда Чаткал районун облустун жана республиканын борбору менен өз убагында так жана тез байланыштыруу жумушу ошол кездеги абдан жоопту маселелердин бири болгондугун айта кетүүбүз абзел. Тактап айтканда, жөнөкөй адамдар такыр түшүнбөгөн "Морзе алиппесин" колдонуу менен, "тыкылдап" сыр сөздөр менен жаңылбай сүйлөшүп, сегиз жыл абдан жоопту жана жашыруун милдетти жогорку деңгээлде аткарган. Мунун өзүн эрдик деп айтууга толук акыбыз бар. Андан кийин 1989-1990-жылдары Башкы-

Терек айылдык китепканасынын башчысы, 1990-1991-жылдары Айгыр-Жал айылдык маданият үйүнүн башчысы болуп иштеген.

1994-жылдан бери өмүрлүк жубайы Абаскан Бексариев экөөсү ишкерлик тармактын эки тизгин, бир чылбырын колго алып, калкты турмуш-тиричилик жактан тейлөө жаатында эмгектенишип, калкка кызмат кылышып келишүүдө.

Үлгүлүү жубайлар 2 уул, 3 кызды татыктуу тарбиялап өстүрүшүп, балдарынын баарын жогорку окуу жайларына окутушкан. Азыркы кезде калк сыйына татып, небере жытын жыттап, бараандуу өмүр сүрүшүүдө.

## Мал чарбасынын көрүнүктүү ишмерлеринин бири



Ашыркул Бузелбаев Чаткал районунун айыл жана мал чарба тармагы боюнча жергиликтүү чыгаан кадрларынын бири. Союз кезинде Чаткал районунун мал чарба тармагында жооптуу кызматтарды аркалап, райондун мал чарбасынын өнүгүшүнө көрүнүктүү салымын кошо алган.

Ашыркул Бузелбаев 1948-жылы 2декабрда Чаткал районунун Курулуш айылында төрөлгөн.

1965-жылы орто мектепти аяктаган соң, Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык окуу жайына тапшырган. 1969-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктаган.

Окууну аяктаган жылы көптүн катарында Советтик Армиянын катарына чакыртылып, 1971-жылы жоокердик милдетин өтөп келген.

Советтик Армиядан келген жылы алгачкы эмгек жолу башталып, Чаткал совхозуна веттехник кызматына орношкон.

Бул кызматта үч жылдай иштеп, 1974-жылы санитардык дарылоо пунктуна ветврач кызматына бекитилген.

Аталган кызматта төрт жылдай иштеп туруп, 1977жылы кой ферма башчысы болуп дайындалган.

Ал эми, 1984-жылы Чаткал совхозунун башкы зоотехниги болуп бекитилген.

Аталган кызматта үч жылдай иштеген соң, каарманыбыз 1986-жылы Ак-Таш совхозуна башкы зоотехник кызматына которулган. Бул кызматта үч жылдай иштеген.

Ошол мезгилде борбор калаадагы К. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зооинженердик факультетине окууга тапшырып, аны 1990-жылы ийгиликтүү аяктаган.

1988-жылы Чаткал совхозунун жумушчулар комитетинин төрагасы жооптуу кызматына дайындалган.

Ал эми, 1990-жылы Чаткал совхозунун башкы ветврачы кызматына бекитилген.

Аталган жооптуу кызматта Союз таркаган мезгилге чейин иштеп турган.

Союз таркаган соң, совхоздор жоюлуп, алардын ордуна жер-жерлерде айыл чарба бирикмелери түзүлгөн. Ашыркул Бузелбаев 1993-жылы Курулуш айылында уюшулган айыл чарба бирикмесинин башчысы болуп шайланган. Аны менен катар эле, айылдык комитеттин төрагасы да болуп дайындалган.

2013-жылы ардактуу эс алууга чыккан соң, аталган кызматтарын тапшырган.

Ашыркул Бузелбаев жаштык демин, күчүн жана билимин Чаткал районунун айыл чарба тармагынын өнүгүшүнө арнап, ага көрүнөөрлүк салым кошо алды. Каарманыбызга өз учурунда мамлекет тарабынан зор ишеним көрсөтүлүп, бир катары жоопту кызматтарды аркалап келди.

Каарманыбыз өмүрлүк жубайы Шайлообүбү Бузелбаева менен биргеликте эки уул жана беш кызды татыктуу тарбиялап өстүрүштү. Учурда уул-кыздарынан жыйырма тогуз неберееси бар.

Курулуш айылдык аксакалдар сотунун төрагасы болуп шайланган. Учурда аталган жоопту жумушту татыктуу аркалап, айылдагы коомдук тартипти чыңдоодо мамлекеттик тийиштүү органдар менен тыгыз кызматташып, мамлекеттин жана коомдун туруктуулугуна салымын кошууну улантып келүүдө.

## “Даңк” медалынын ээси, даңктуу жолчу



Инсан кай жерде, кандай кесипте эмгектенсе да, ар дайым ак эмгек жасап, өз ишине так жана жоопкерчиликтүү болсо, мамлекет жана коомчулук өзү баасын берет. Тактап айтканда, мамлекет тарабынан колдоолорго ээ болуп, жогорку даражадагы сыйлыктардын ээси болуу үчүн

сөзсүз эле жогорку кызматта иштөө зарыл эмес. Буга турмушта мисалдар
толтура. Төмөндө ушундай мисал катары карапайым жумушчу болсо да, ак эмгеги менен мамлек тарабынан жогорку сыйга татыган инсан тууралуу айтмакчыбыз.

Бул инсан - Касым Досматов.

Ал 1951-жылы 15-июнда Чаткал районунун Курулуш айылында төрөлгөн.

Алгач эмгек жолун 1968-жылы Жаңы-Базар орто мектебин аяктаган соң, Чаткал совхозунда карапайым жумушчу болуу менен баштаган.

Жаштайынан техникага кызыгуусу күч Касым Досматов 1969-жылы Ала-Букадагы айдоочулук мектебинде окуп, айдоочу кесибине ээ болот да, 1979-жылы райондук ДЭУ-27 жол тейлөө ишканасына айдоочу болуп ишке кирет. Ошол эле жылы аскерге чакырылып, 1972-жылы аскердик милдетти өтөп келет.

Армиядан келген соң, кайрадан райондук жол тейлөө ишканасында айдоочулук ишин улантат.

Айдоочулук жумушта он беш жылдай иштеп, ал жылдарда айдоочулук менен бирге эле, ишканадагы бардык оор техникалардын сырын билип, ал тургай автоунаа жолдорун техника менен мыктылап сүрүп, тазалоо ишинде да чебер болуп чыга келет.

Анын мээнеткечтигин баамдаган мекеменин жетекчилиги 1986-жылы жол мастери жооптуу кызматына дайындады.

Касым Досматов жол мастери жооптуу кызматын бир топ жыл аркалады.

Негизи, Ала-Бука-Чаткал автоунаа жолу республика боюнча эң татаал жолдордун катарына кирээри белгилүү.

Анткени, бул жол жалаң гана тоо аралап, деңиз деңгээлинен жүздөгөн метр бийик ашуу Чапчыма ашуусу аркылуу өткөндүктөн, буга кошо эле, Чаткал өрөөнүнө дээрлик беш ай калың кар жаткандыктан, жолду өз калыбында кармап туруу жол тейлөө ишканасынын жумушчулары үчүн абдан оор экендиги белгилүү.

Касым Досматов өз кесибин мыкты өздөштүрүп, жылдын кайсы мезгилинде кандай жумуш кылууну жакшы билген. Айрыкча, кыш мезгилинде оор кар жааган учурда Чаткал-АлаБука автоунаа каттамын үзгултүккө учуратпай ачык кармап туруу маселесинде Касым Досматовдун тажрыйбалуулугу жана көрөгөчтүгү жардам берип, Чаткал өрөөнүнүн калкы кышкысын жол каттамында көп кыйынчылык тартпачу.

2010-жылы жол мастери кызматын тапшырып, катардагы бульдозерчу жумушуна которулду. Мында да мурдагыдай эле жол сүрүү ишин мыкты билгендиги жардам берип, Чапчыма ашуусун кышкысын калың кардан тазалоо ишинде бульдозерчу Касым Досматов көп учурда керекке жарап турду. Ал тургай, бүгүнкү күнгө чейин каарманыбыз кышкысын Чапчыма ашуусун кардан тазалоодо алгачкылардан болуп ишке тартылат.

Касым Досматов өзүнүн күжүрмөн эмгек жолунда мамлекет алдында көрсөткөн ак эмгеги үчүн жогорку органдардын ондогон “Ардак Грамоталарынын” жана баалуу сыйлыктарынын ээси болууга жетишти. Ал эми, 2010-жылы “Даңк” медалы менен сыйланды.

Касым Досматов өмүрлүк жубайы Кошугүл менен төрт уул жана үч кыз, жалпы жети балалуу болушуп, баарын татыктуу тарбиялап, өстүрүштү.

Каарманыбыз жашы жетимишке таяп калса да, Чаткал райондук ДЭП-27 жол тейлөө ишканасы тарабынан өзүнө бөлүнүп берилген бульдозерун ар дайым оң абалда кармап, мамлекеттин жана жалпы эле элдин кызыкчылыгы үчүн Чапчыма ашуусунун автоунаа жолунун коопсуздугун камсыздап келет.

## Согуштун жана эмгектин каарманы



1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш ондогон мамлекеттердин өнүгүүсүн он жылдап артка тартып, миңдеген адамдардын бейажал өлүмүнө себеп болгондугу белгилүү. Бул апааттын запкысы кыргыз элин да кыйгап өтпөй, далай эр азамат кыргыз уулдары ыйык Мекенди коргоого аттанып, жүздөгөн азаматтар кан күйгөн согуштан кайтпай калышкан. Кан майдандан кайткандарынын көпчүлүгү майып болушуп, өмүр бою азап тартып өтүшкөн. Ошентсе да, кан майдандан аман-эсен кайткан аталарыбыз согуштан кийин алсызданган өлкөнү калыбына келтирүүдө опол тоодой эмгектерди жасашкан. Каардуу согуштун азап-тозогун көрүп, эчендеген күн кан кечип, азаптуу күндөрдү баштан өткөрсө да жүрөк демин өчүрбөй, согуштан келген соң эл-жер үчүн кызмат кылуусун улантышкан. Мындан баатырдык жана инсандык дарамети бийик инсандар жүздөп саналат. мындай аталарыбыздын бири Дөлөкеев Молдобек болгон.

Дөлөкеев Молдобек 1924-жылы Чаткал районунун АйгырЖал айылында төрөлгөн.

Алгачкы эмгек жолун 1939-жылы он беш жаштагы өспүрүм кезинде Ленин колхозуна жумушчу болуп кирүү менен баштаган.

1942-жылдын сентябрь айында 18 жашында өзү теңдүү эр азаматтардын катарында кандуу согушка аттанган.

Согушта 2-Украиналык фронтуна туш келген. Анда автомат аткыч болуп кызмат кылган. Молдобек ата көп улуттуу советтик жоокерлердин катарында Курск, Смоленск шаарларын немецтик баскынчылардын колунан бошотууга катышкан. Сумск шаарын фашисттик баскынчылардын бошотууда айыгышкан салгылаш жүрүп, Модобек ата эки бутунан тең оор жарадар болгон. Мунун айынан 1943-1944-жылдарда Новосибирск шаарында дарылоо курсунан өткөн.

1944-жылы жарааттары айыгып, II-топтогу майып болуп Ата Журтка кайтып келип, Улуу Жеңишти Чаткалда тоскон.

Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эрдиктери үчүн Молдобек ата “За Победу над Германией”, “20-летие Победы в Великой Отечественной Войне в 1941-1945-годах”, “Жуков” медалдары жана Улуу Ата Мекендик согуштун II-даражадагы ордени менен сыйланган.

Каардуу согуш токтогондон кийин Дөлөкеев Молдобек ата райондогу жооптуу кызматтарга тартылып баштаган. Тактап айтканда, Чаткал районунун борбордук сактык кассасынын кассирлигине бекитилген.

Аталган жооптуу кызматта эки жыл иштеген соң, 1947жылы Айгыр-Жал айылдык советине катчылыкка

дайындалган. Каарманыбыз бул жооптуу кызматта сегиз жылдай иштеп турган.

1955-жылы Чаткал районунун айылдык керектөөчүлөр коомунун (Сельпо) №3 дүкөнүнүн башчысы болуп бекитилген.

1958-жылы Чаткал совхозунун №3-фермасынын кампа башчысы болуп дайындалган.

1960-жылы Чаткал райондук кооператив бирикмесинин Айгыр-Жал участкасындагы №3-дүкөнүнүн башчылыгына которулган.

1963-жылы кызматын тапшырып, Чаткал совхозунун №2фермасына жумушчу болуп орношуп сегиз жылдай эмгектенген.

1979-жылы 55 жашында ардактуу эс алууга чыккан.

Каарманыбыз өмүрлүк жубайы Гүлкан эне менен жыл бирге өмүр сүрүп, бир уул, жети кыздуу болушкан.

Улуу Ата Мекендик согуштун жана эмгектин ардагери Дөлөкеев Молдобек 2016-жылы 92 жашында дүйнөдөн кайткан.

# Ар тараптуу белгилүү дарыгер



Элдин ден соолугунун саламаттыгы дарыгерлердин колунда. Алар канчалык тажрыйбалуу болуп, ишин тың жана жоопкерчилик менен алып барса, сыркоолоп келгендердин дарты жеңилдеп, өмүрүнө өмүр кошулаары шексиз. Дегеле

дарыгерлер - өмүрдүн сакчылары, миңдеген дарттардын жеңүүчүлөрү. Ушундай дарыгерлердин бири, көп кырдуу инсан

десек да жарашкан Сатыбалды Жоробеков.

Ал 1963-жылы Аксы районунун Жерге-Тал айылында туулган. Бактылуу балалык чагы дал ушул айылда өткөн. Убакыт келип бой жетип, Кыргыз Мамлекеттик Медицина иниститутуна тапшырып, ал жерди 1987-жылы ийгиликтүү аяктаган. Алгач 1987-1988 жылдары Ош областык ооруканасында бир жылдык интернатурасын өтөп, 1988-жылдан тартып 1990жылга чейин Ала-Бука райондук борборлоштурулган ооруканада врач анестезиолог-реаниматолог, 1990-1992 жылдары Көк-Серек участкалык ооруканасында башкы дарыгер, 1992жылдан 1998-жылга чейин Ала-Бука райондук борборлоштурулган ооруканасында врач анестезиолог-реаниматолог болуп эмгектенет. Андан соң, тактап айтканда, 1998-жылдан тартып, Чаткал районунун борборлоштурулган райондук ооруканасында врач анестезиолог-реаниматолог, терапевт, УЗИ диагностикасында адис болуп эмгектенген. 2006-жылдан тарта ушул эле ооруканада хирургия бөлүм башчысы, мындан тышкары акушер-гинеколог, гельминтолог жана онколог кызматында иштеген. Ал эми, 2014-жылдан баштап врач-онколог, УЗИ диагностикасында узист жана КДО бөлүмдө бөлүм башчы болуп эмгектенип келе жатат.

Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат демекчи, жигит курак кезинен тартып ушул күнгө чейин медицина тармагы менен гана чектелип калбай ар тарабынан билим алып, элдин саламаттыгына кам көрүп, көп кырдуу

дарыгерлердин катарынан орун алып келет. Ошондой эле көп кырдуу дарыгерибиздин элдин ден соолугуна кам көрүүдөн тышкары дагы райондук жалпы дарыгерлик практикалык борборунун төрөт бөлүмүндө кызмат кылгандарга жана андагы энелерге бир топ шарттарды түзүп берүүгө жетишти, мындан тышкары хирургия бөлүмүнө да кошкон салымы чоң.

Ушундай келечек жаштарга үлгү болоор дарыгерибиздин эмгектери жогору бааланып, 2007-жылы "Саламаттыкты сактоонун ардактуу кызматкери" төш белгиси, 2012-жылы Жалал-Абад областынын губернаторунун "Ардак Грамотасы", Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы" жана ошондой эле Чаткал райондук жалпы дарыгерлик практикалык борборунун администрациясынын "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

Эл ичинде элдин батасын алып, ишинде жалпы иш жамаатында кадыр баркка арзып келет. Үй бүлөсүндө камкор ата эки уул, үч кызды жубайы Айтилла экөө тарбиялап өстүрүп, учурда туң уулу Марат Бишкек шаарында музыканттык кесипти аркалоо менен бирге эле, республикалык деңгээлдеги ырчыларга ыр жазып, ырларын оранжировкалап кызмат көрсөтүп келет.

Чоң кызы Айжамал Москва шаарында чачтарач стилист болуп иштөөдө. Ал эми кийинки уулу Алмазбек Бишкек шаарынан бир жылдык ашпозчу кесибин бүтүргөн. Кызы Назгүл Бишкек шаарында ИСИТОнун мед колледжинин фармация факультетин аяктап, ата жолун жолдоп саламаттыкты сактоо тармагында эмгектенүүдө. Кичүү

кызы Жасмин Бишкектеги Чыңгыз Айтматов атындагы гимназия мектебин аяктаган.

Көп кырдуу инсан, белгилүү дарыгер Сатыбалды Жоробековдой инсандар ылайым эл ичинде көп болсун демекчибиз.

## Чаткалдык алгачкы мугалимдердин бири



Улуу Ата Мекендик согуштан кийин чаткалдык жаштардын сабаттуулугун жоюп, билим алуусуна шарт түзүү үчүн ошол мезгилде мамлекет тарабынан башка жактардан ондогон мугалимдер алынып келингендигин билебиз. Ошентсе да, чаткалдык билимге умтулган айрым жаштар четте карап турбай, жогорку окуу жайларына окуп, мугалимдик кесипке ээ болушуп, башка жактардан келген мугалимдерден кем калышпай, чаткалдыктардын сабатын жоюуга зор салымдарын кошушкандыгын айта кетүүгө милдеттүүбүз.

Алардын бири Токтомамбет Жуманалиев болгон.

Токтомамбет Жуманалиев 1930-жылы 25-октябрда Чаткал өрөөнүнүн Коргон-Төбө кыштагында дыйкандын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1951-жылы Таластын №1 Чалдовар мектебинде орто мектептин аяктаган. Жогорку билим алууну эңсеп, көп

кыйынчылыктарга карабай Ош шаарына барып, педагогикалык институтка тапшырат.

Билим алууна көксөгөн элеттик жаш жигит 1956-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап, Чаткалга мугалимдик кесипке ээ болуп кайткан.

Окууну аяктап келген соң, алгач эмгек жолу КоргонТөбөдөгү башталгыч мектептен башталган. Тактап айтканда, аталган мектептин алгачкы мугалими болгон.

Токтомамбет Жуманалиев аталган мектепте көп жыл иштеп, чаткалдык жаш жеткинчектерге билим берген.

1962-жылы Коргон-Төбө айылынын калкы мамлекет тарабынан жапырт көчүрүлүп, Жаңы-Базар жана Айгыр-Жал айылдарына отурукташкан. Токтомамбет Жуманалиев да көпчүлүк менен бирге Жаңы-Базар айылына көчүп келип, андагы Чаткал орто мектебине жумушка орношуп, кесибин уланткан.

Каарманыбыз бул мектепте он жылдай иштеген. 1971жылы өз каалоосу менен мугалимдик кесипти таштап, башка жумушка орношкон. Тактап айтканда, Чаткал токой чарбасына токойчу жумушуна киркен. Аталган жумушта беш жылдай иштеп, 1974-жылы Жаңы-Базар айылындагы күйүүчү май куюучу станцияда май куюучу жумушуна орношуп, 1980-жылга чейин иштеген.

Андан соң, чаткалдык алгачкы мугалимдердин бири Токтомамбет Жуманалиев 1980-1990-жылдар аралыгында Чаткал совхозунда карапайым жумушчу болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан. Ошентсе да, мамлекет тарабынан Токтомамбет Жуманалиевдин ак эмгеги өз учурунда бааланып, “Эмгек ардагери” наамы берилген. Буга

кошо эле, бир топ юбилейлик төш белгилер менен сыйланган.

Өмүрлүк жубайы Малимбү Кошалиева менен бактылуу өмүр сүрүп, үч уул жана беш кызды татыктуу тарбиялап өстүрүштү.

Токтомамбет Жуманалиев 2006-жылы 76 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

## Алдыңкы жумушчу атанган Жуматаев Акмат



Инсанга калктын керегине жарап, мамлекеттин ар тармагында ак кызмат кылуу үчүн сөзсүз эле жогорку билимдүү болуп, жогорку кызматта иштөөгө тийиш эместир. Эл ичинде катардагы малчы, дыйкан, же темир уста кесибин аркалап деле коомго опол тоодой пайда келтирип, мамлекет тарабынан жогору бааланган адамдар аз эмес. Кезектеги кеп ошондой инсандардын бири тууралуу болмокчу.

Жуматаев Акмат Анарбекович биз жогорудагыдай турмуш чындыгына таянып аныктама берген инсандардын катарына кирет. Ал бараандуу эмгек жолунда катардагы айдоочудан баштап, бир нече кесипти аркалап эмгек кылган инсан.

Акмат Жуматаев 1951-жылы 8-майда Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында кызматчынын үй бүлөсүндө төрөлгөн.

Атасы Анарбек Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу эле. Ал 1952-жылы бир жашка толгон кезинде атасынан айрылып, жетим калган. Ошентип, чоң атасы Жуматаев Нуркулдун колунда калып, жети жашка чейин чоң атасынын колунда тарбияланган.

Жети жашка толгондо Коргон-Сай айылындагы башталгыч мектепте алгач мектеп босогосун аттап, “А” тамгасын тааныйт. Кийинки жылы турмуш шартка байланыштуу Шакафтар шаарчасындагы В. И. Ленин атындагы мектеп интернатына барып, ал жерден кайрадан 1-класстан баштап окууга туура келген. Ошентип, 1969-жылы аталган мектептен орто билимге ээ болгон.

Акмат Жуматаевдин алгач эмгек жолу 1970-жылы Чаткал совхозунда карапайым жумушчулуктан башталган. Ошол эле жылы керектүү кесипке ээ болууну көздөп, Ала-Бука районунун Ак-Коргон айылындагы кесиптик техникалык окуу жайына тапшырган. Аталган окуу жайында жакшы окуп, артыкчылык аттестаты менен ийгиликтүү аяктаган. Андан соң, АлаБука айылындагы алты айлык айдоочулук мектебин аяктап, айдоочу кесибине ээ болгон.

1974-жылы Армиядан келген соң, Чаткал совхозуна айдоочу жумушуна кирген.

Ошентип, 1974-1978-жылдар аралыгында Чаткал жана Башкы-Терек совхоздорунда айдоочулук жумуштарда иштеген.

Ал жылдарда Чаткалда ак койдун саны көбөйүп, жай айларынын башында кыркым өнөктүгү кызуу жүрчү. Кыркымга карылуу, шамдагай жаш жигиттер барышып, жарыша кой кыркышкан. Акмат Жуматаев 1978-жылдан

баштап кыркым өнөктүгүнө жигердүү катышып, кой кыркып баштаган. Кой кыркуу шамдагайлыкты, тездикти жана тыкандыкты талап кылган жумуш болуп эсептелет. Анткени, койду тез кыркуу менен бирге эле, койдун денесине кайчы менен залал келтирбей кыркуу негизги талап болуп саналат. Акмат Жуматаев кой кыркуу ишин мыкты өздөштүрүп, устат болуп чыга келген. Ал 1986-жылга чейин кыркым өнөктүгүндө жүрүп, алдыңкы кыркымчылардын бири болгон. Анын иштермандыгы көз жаздымда калбай, мамлекет тарабынан бир канча баалуу сыйлыктарга ээ болуп, ошол кездеги жогорку сыйлыктардын бири-“Урал” мотоцикли менен сыйланган.

1986-жылы кесибин алмаштырып, Чаткал райондук керекжарак коомуна жумушка орношкон. Тактап айтканда, аталган ишканада автодүкөндүн башчысы болуп бекитилген. Автодүкөндү эл “Автолавка” деп коюшчу. Автодүкөн ошол кезде талаа-түздө эмгектенген малчы жана дыйкандарга азык-түлүк, мата-кече жана күнүмдүк керектелүүчү буюмдарды кыдырып сатчу. Акмат Жуматаев автодүкөндү айдоочусуна айдатып алып, малчы жана дыйкандар талаа-түздүн кайсы бурчунда жүрсө да өз убагында керектүүсүн жеткирип берип, элдин алкышына арзыган. Буга кошо эле, ошол кездеги райондук жетекчилик тарабынан бир нече сыйлыктарды алууга жетишкен. Аталган жооптуу кызматты 1996-жылга чейин аткарып, 1997-жылы Чаткал токой чарбасынын Башкы-Терек токой бөлүмүнө токойчу жумушуна кабыл алынган.

Токойчулук кызматта да он жылдан ашуун абийирдүүлүк менен эмгектенип, райондук, облустук жана республикалык бир нече сыйлыктарга ээ болгон. Буга кошо эле,

жаратылышты коргоого кошкон зор салымы үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн алдындагы токой агенттигинин “Ардак Грамотасын” алган.

2008-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Өмүрлүк жубайы Айшакан экөөсү кырк беш жыл ынтымакта өмүр сүрүшүп, жети уул-кыздуу болушту. Учурда отуз үч небере жана үч чөбүрө көрүп, бактылуу өмүр сүрүшүүдө.

# Өз доорунун белгилүү балбаны



Кыргыздар алмустактан жылкы баласын күнүмдүк тирлигинде кеңири пайдалангандыктан, кыргыз баласы аттын кулагы менен тең ойноп, ат жалында эр жеткен. Бул тууралуу дүйнө эли эң жакшы билет. Кыргыз элинин ат оюндарына дүйнөнүн бардык элдери тан берип келишет. Ага жара-
ша кыргыздан нечендеген ат спортунун чыгаан чеберлери чыккан. Аларды элибиз улакчы, же балбан деп урматташып, көрсөткөн оюндарын аңыз кылып айтып келишет.

Чаткалдан да ат үстүндө шамалдай жеңил сызган атактуу балбандар чыккан, чыгып да келатат. Бирок, акыркы жылдарда улуттук спорттук ат оюндары эл аралык эрежелерге салынып баштагандыктан, мурдагы балбандардын көргөндүн канын кызыткан оюндары бара-бара унутулуп бараткандай. Антсе да, алардын көрсөткөн

ажайып оюндарын унутпай, эскерип жүрүү-кийинки муундардын ыйык парзы болууга тийиш деп эсептейбиз.

Жогоруда белгилегендей, Чаткалдан да республикага таанымал балбандар чыгып, республикалык мелдештерде Чаткалдын намысын коргоого жарап келишкен. Алардынирибелгилүү балбан Эшалы Исаков.

Эшалы Исаков 1945-жылы 10-ноябрда Айгыр-Жал айылында төрөлгөн. Ал кезде Чаткал району Талас облусуна карап турган. 7-класска чейин билим алып, атасы Исак малчы болгондуктан, турмуш шартка байланыштуу ага жардамчы болуп иштөөгө туура келген.

1961-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Советтик авиация бөлүктөрүндө кызмат кылган. Ал кезде аскердик кызмат өтөө мөөнөтү 3 жыл эле. Армиядан келген соң, атасы жаш курагына байланыштуу пенсияга чыгып, Эшалы Исаков атасынын кызматын өткөрүп алып, малчы иштеп болуп калат. Ал учурда мамлекет тарабынан малчыларга керектүү жакшы шарттар түзүлүп берилген. Каарманыбыз берилген план милдеттенмелерди өз убагында ашыкча аткарып, тез эле алдыңкы малчылардын катарына кошулуп, эмгекчил инсан катары ишенимге ээ болгон. 1960-жылы ошол учурдагы Чаткал райондук комсомол комитетинин төрагасы, белгилүү агартуучу Кочкор Мырзагулов менен биргеликте алдыңкы малчы катары Фрунзеде өткөн комсомол жаштардын слетуна катышкан.

1961-1967-жылдары эт багытындагы эркек кой багып, 1967-жылы эркек койлордун ар биринин тирүүлөй салмагын 77 килого жеткирип, бул багытта ошол кездеги эң

жогорку көрсөткүчкө жетишип, сыйлыкка 5 баш үй, 1 баш ат, 12 баш кой жана 3000 рубль алган.

Эшалы Исаков жаш кезинен ден соолугу чың, олбурлуу, атка бышык болгондуктан, аш, тойлордо улак чаап, эр оодарышка түшүп, балбандыгы билине баштаган. Улакка да, эр оодарышка да чыкканга жараган ат тандап багып, чыныгы балбандык өнөргө астейдил баш урган.

Ал кезде, малчылар жыл сайын он бир ай иштеген соң, бир ай эмгек өргүүсүнө чыгып, эс алышкан. Ошол мезгилде аш, тойлорго кенен барышып, тийиштүү жумуштарын бүтүрүшчү. Эмгек өргүүсүнө чыккан учурда ал кездеги жаш балбан Эшалыны атасы Исак да жаш кезинде мергенчи жана балбан болгондуктан –Атаң барда эл тааны, атың барда жер тааны-деген накыл кепти айтып, атайы суутулуп, тапталган атын мингизип, ак батасын берип, Ала-Бука, Аксы тараптагы чоң тойлорго жиберип турган.

Ал кезде Кыргызстанда шаан-шөкөттүү чоң тойлорго көп руксат берилген эмес. Ошондуктан, кыргыз балбандары өз ара сүйлөшүп алышып, Өзбекстандагы тойлорго барышчу. Ал жакта Өзбекстандын малын баккан кыргыздар менен каалагандай ат оюндарын курушуп, бири-бири менен күч сынашып, тажрыйба алмашып дегендей, оюн кумарларын кандырып келишкен. Ошол кезде Эшалы балбан белгилүү Мөөлөнкул, Турдалы, Анар, Султан, Карим, Смайыл балбандар менен бирге жүрүп, далай ат оюндардын күбөсү болгон. Ал кезде күз мезгилинде Өзбекстанда пахта терилип бүткөн соң чоң маареке өтүп, ар облуста маданий иш чаралар өтүп турган. Анын алкагында сөзсүз ат оюндары болгон. Эшалы балбан бул иш чаралардагы ат оюндарынын дээрлик баарына жигердүү катышып,

Чаткалдын атынан чыгып далай балбандар менен кармашып, аларды атынан оодарып, улак оюндарында да атынын кулагы менен тең ойноп, намысын алдырбай, балбан катары аты Өзбекстанга чейин таанылган. Ага жараша атактуу балбандар менен таанышып, достошуп, жакын дос катары катташкан.

Ошол кезде Өзбекстандын Фергана облусунан чыккан, улуту түрк, бүтүндөй кыргыз, өзбекке белгилүү Абдрасул балбан деген болгон. Ал чынында алп мүчөлүү, анча-мынча ат көтөрө албаган, бирок атка чебер адам болгон. Эшалы Исаковдун ошол Абдрасул балбан менен эр оодарышка түшкөн учуру эстен кетпейт. Ал учурда Эшалы Исаков 38 жашта, ал эми Абдрасул балбандын 32деги курч убагы экен. Эки балбан Жаңы-Базарда өткөн малчылардын райондук тоюнда кездешкен. Эшалы балбан муну төмөнкүдөй эскерет:

-Аңгыча эр оодарыш болот деп жарыяланып, Абрасул балбан ортого чыкты. Биз, чаткалдыктар, көпчүлүктүн четинде Абдрасул балбанга кимди чыгарабыз деп, ар кимге бир токтолуп, масилеттешип атканбыз. Бир маалда өз атам жаныма басып келип - атты мин да, чык балам - десе болобу. Мен атама - ага күчүм жетпейт - деп, тайсалдап турганымды жашырбай чынымды айттым. Анда атам мага карап - Ай балам, аны да бир эне тууган, сени да бир эне тууган. Күч атасын таанybайт дейт, чыга бер - деп ак батасын берди. Мен анан атыма минип, ортого чыгып, Абдрасул балбан менен кармашып калдым. Алгач кармашканда эле, ал чынында абдан карылуу экен, менин оң колумду беймарал тартып, ээр кашына басып койду. Мен деги эле колумду бошото алгыдай эмесмин. Анан, кокус аттан сүйрөп түшчү

болсо, шап этип, жерге түшпөй эле ага учкашып алам - деп турам. Аргасыздык да эми. Байкасам, Абдрасул балбандын минген аты анын салмагын көтөрө албай бели кайкалап, очорулгансып турат. Мен оңдонмокчу болуп умтулсам, ал мени аттан түртүп жиберет - дедиби, колумду бошоңдотуп жиберди. Мен бул абалдан пайдаланып, колумду ээрдин кашынан шарт сууруп алдым да, ат салып жибердим. Тигинин аты очорулуп барып, өзү жерге кулап түштү. Муну көргөн чаткалдыктар чуу көтөрө дуулдашып, - Жеңиш колго тийди - дешип кыйкырык-сүрөөн менен коштоп кетишти. Эр оодарыштын эрежеси боюнча балбандын буту жерге тийген соң, жеңилди деп эсептелинет. Абдрасул балбан акыйкатты моюндаган чынчыл жигит экен - Сиз жеңдиңиз, мен аттан түшүп калдым - деп, жеңилгенин мойнуна алып, жеңишти мага өзү берди.-

Эшалы Исаков 1990-жылга чейин балбан атыгып, ат оюндарынын чебери катары таанылган. Элүү жаштан өткөн соң балбандык өнөрдү токтотуп, артынан өсүп келаткан жаштарга устат жана насаатчылык милдетти аркалап баштаган.

Ал азыркы жаштардын ат оюндарына кызыкпаганына кейийт. Өзүнүн 3 уулу да атка кызыгышпай, заман талабына жарашабы айтоор, техникага жакын болуп эс тартышты.

Эшалы Исаков өмүрлүк жубайы Мавлюда Уметова экөөсү 1986-жылы баш кошуп, биргеликте түтүн булатышкан. Алар биргелешкен турмуш жолунда 3 уул, 1 кыздуу болушту. Азыр 6 небереси бар. Белгилүү балбан Эшалы Исаков азыркы учурда ардактуу эс алууда.

# Тоо-кен тармагына албан салым кошкон инсан



Бул каарманыбыз республикабыздын тоо - кен тармагына көрүнүктүү салымын кошкон инсан болуп саналат.

Каарманыбыздын ишмердүүлүгү негизинен, Чаткал районунда болуп, районубуздун тоо - кен тармагында алдыңкы көрсөткүчтөргө жетишүүсүнө салым кошкон.

Исмаилов Өскөнбай Көлбаевич 1956-жылы 20-октябрда Ала-Бука айылында төрөлгөн.

1974-жылы Сары-Талаа орто мектебин аяктаган соң, Фрунзе шаарындагы Политехникалык институтунун тоокен геология факультетинин «Пайдалуу кендерди казып алуунун жолдору, технологиясы жана комплекстүү механизациялаштыруу» бөлүмүнө тапшырган.

1979-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап «Тоо-кен инженер - технологу» деген кесиптин ээси болгон.

Жогорку окуу жайын аяктаган жылы октябрь айынан Кадамжай сурьма комбинатынын Терек-Сай руднигинде тоо мастери болуп ишке кирип, алгачкы эмгек жолун Терек-Сай шаарчасында баштаган.

1982-жылдан 1987-жылга чейин Терек-Сай руднигинин комсомол комитетинин секретары, профсоздук комитетинин мүчөсү болуп, рудниктин жалпы маданий-массалык иштерине активдүү катышып, алдыңкы кызматкерлердин бири болгон.

1983-жылы бургулоо жана жардыруу иштери боюнча (БВР) жетекчи кызматына бекитилип, үч жыл иштеген.

Ал эми, 1986-жылы башкы инженердин техникалык коопсуздук жана эмгектин корголуусу боюнча орун басары кызматына дайындалган.

1989-жылы тоо-кен цехинин башчысынын орунбасары, 1991-жылы тоо-кен цехинин башчысы, ал эми 1994жылдан баштап Кадамжай сурьма комбинатынын буйругу менен жаңы курулуп жаткан РЭШ шахтасынын (Союз тараганына байланыштуу «Средазшахта проходка» мекемеси жаны шахтаны өткөрүүнү токтотуп салган эле) стволду өткөрүү ишине жетекчиликке дайындалган.

Ал жерде 1999-жылга чейин эмгектенген. Бул мезгил аралыгында каарманыбыз иштин кызыкчылыгы үчүн жана алдыга жылуусун камсыз кылуу максатында Тажикстандын Анзов руднигине, Хайдаркан сымап комбинатына барып, билбегендерин окуп үйрөнүп, тажрыйба топтоп, аны менен бирге эле кол алдындагы шахтерлерго тажрыйбасы жана билим менен бөлүшкөн. Жыйынтыгында, тапшырылган жумуш өз убагында, сапаттуу бүткөрүлүп, өндүрүшкө бир топ экономикалык пайда алып келген.

1999-жылы «Кыргызалтын» ААКтын Терек-Сай руднигинин башкы инженери болуп дайындалган.

2002-жылы «Кыргызалтын» ААКтын буйругу менен Макмалалтын комбинатында жер астында казуу иштери

башталганына байланыштуу ал жакка башкы кенчи болуп жөнөтүлгөн.

2002-жылдан 2006-жылга чейин “Макмалатын” комбинатынын Макмал руднигинин башкы инженери болуп эмгектенген.

2006-жылдан 2007-жылдын май айына чейин “Макмалалтын” комбинатынын башкы иженери болуп иштеген.

Ал эми, 2007-жылы Ысык-Көл облусунун Сары-Жаз аймагындагы вольфрам жана калай кенинде «Сарыжаз минирал майнинг” компаниясынын инвесторлорунун чакыруусу менен аталган ишканага барып, анда тоо-кен геологиялык иштер боюнча башкармалыгынын башчысы кызматында эки жыл иштеген.

2009-жылы «Кыргызалтындын» ААКтын Бишкек шаарындагы башкармалыгына башкы кенчи кызматына которулган.

2010-жылдын сентябрь айында «Кыргызалтын» ААКтын буйругу менен “Макмалалтын” комбинатынын директору болуп дайындалып, 2011-жылдын август айына чейин эмгектенген. Бул мезгилде “Макмалалтын” комбинатынын руднигинде биринчи жолу Кыргызстанда жер астында массалык жардырууда 58 тонна жардыргыч затты жардырууну уюштуруп, ишке ашырган. Бул чоң жардырууну өткөрүү алдында Өскөнбай Исмаилов, комбинаттын инженери Токтобаев, долбоорду жазган фирманын өкүлү менен биргеликте Өрусиянын Кемерово облусуна барып, иш жүзүндө чоң жардырууга катышып, тажрыйба алып келишкен. Алынган тажрыйбанын негизинде уюштурулган жардыруу ишинин натыйжасында

60 миң тонна руда түшүп, 4 айлык планды аткарууга жете турган көлөмдөгү руданы даярдап алууга жетишишкен.

2011-жылдын август айында «Кыргызалтын» ААКтын башкы кенчиси кызматына бекитилип, анда эки айча мезгил иштеген соң, 2011-жылдын сентябрында «Кыргызалтын» ААКтын Терек-Сай руднигинин директору болуп дайындалган.

Аталган жооптуу кызматта эки жылдан ашуун мезгил иштеген.

2013-жылдын февраль айында аталган жооптуу кызматын тапшырып, ошол эле жылдын август айына чейин «Кыргызалтын» ААКтын ички аудит кызматынын жетекчиси болуп иштеген.

2013-жылы өз каалоосу менен жумуштан бошоп, «Ноэлия групп» фирмасына техникалык директор кызматына орношкон. Аталган жооптуу кызматта бүгүнкү күнгө чейин эмгектенип келүүдө.

Тоо-кен тармагынын ички эмгек тартибине ылайык, 20 жылдан ашуун мезгил жер алдындагы жумуштарда иштегендиги үчүн 2009-жылы пенсияга чыккан.

Каармаnыбыз республиканын тоо-кен тармагынын өнүгүүсүнө кошкон көрүнүктүү салымдары үчүн жогорку даражадагы бир топ сыйлыктар менен сыйланган. Алсак, Кадамжай сурьма комбинатында 22 жыл үзгүлтүксүз иштегендиги үчүн “Комбинаттын ардактуу кызматкери” наамына татыктуу болгон. Ал эми, комбинаттын 60 жылдык маарекесине байланыштуу медаль менен сыйланып, ошондой эле аталган маарекеге байланыштуу чыккан энциклопедияда “Терек-Сай руднигинин мыкты рационализатору жана ойлоп табуучусу” аттуу Диплом менен сыйланган. 2012-жылы тоо-кен тармагында 30

жылдан ашуун үзүрлүү эмгеги эске алынып «Почетный горняк КР» деген наам менен медалга татыктуу болгон.

Каармпнибыздын өмүрлүк жубайы Кошалиева Гүлжамила Корчубековна 1962-жылдын 31-июлунда төрөлгөн. Кесиби боюнча экономист бухгалтер. Жогорку билимдүү.

Ал алгач эмгек жолун Ала-Бука райондук почтасында оператор болуп баштаган. 1981-жылы Өскөнбай Исмаилов менен баш кошушкан.

Күйөөсүнүн жумушуна байланыштуу Терек-Сай шаарчасына көчүп барышып, ал жерде Терек-Сай бөлүмүнүн башчысы кызматын орношуп, 1984-жылга чейин иштеген.

1984-1988-жылдар аралыгында чейин өз кесиби боюнча бухгалтер болуп Чаткал геологиялык чалгындоо экспедициясына которулуп, ал жерде материалдык бөлүмдүн жетекчиси, андан кийин расчетный бухгалтер, негизги каражаттар жана каржылоо бөлүмүндө бухгалтер болуп иштеген.

1988-1998-жылдар аралыгында Терек-Сай поселкалык советтинин башкы бухгалтери болуп иштеген.

1998-2002-жылдар аралыгында Ала-Бука райондук каржы бөлүмүнүн жетекчи адиси болуп эмгектенген.

2002-2006-жылдар аралыгында Өскөнбай Исмаилов “Макмалалтын” комбинатына которулгандыгына байланыштуу Гүлжамила Кошалиева комбинатта бухгалтер болуп иштеген.

2006-2009-жылдары “ЗААВ Чаарат» фирмасынын Бишкек шаарындагы “ГеоСервис» филиалында башкы бухгалтер болуп иштеген.

2009-2011-жылдар аралыгында Кыргыз-славян университетинде башкы бухгалтердин орун басары болуп иштеп жүрүп, ардактуу эс алууга чыккан.

Ишмер жубайлар 4 кыз жана 2 уулдуу болушкан. Учурда уул-кыздарынын баары жогорку билим алышып, сүйгөн кесиптеринин ээлери болушкан. Кыздарын турмушка чыгышып, өз орундарын табышкан.

Ишмер жубайлар азыркы учурда Бишкек шаарында жашашат.

## Чаткал районунун өнүгүүсүнө өз күчүн жумшаган



Чаткал өрөөнү өздөштүрүлүп баштаган тээ алтымышынчы жылдардан баштап, керектүү кадрлар, негизинен Чаткалдан сырткаркы жактардан тартылган. Алар Чаткалга келишип, Чаткалдын тузун татышып, өрөөндүн дың жерлерди өздөштүрүүгө өз салымдарын кошушуп, Чаткал районунун азыркыдай деңгээлге жетишине зор эмгек сиңиришкен. Булардын катарында каарманыбыз Исраилов Токтомамат да бар.

Исраилов Токтомамат Зулпиевич 1953-жылдын 14апрелинде Жалал-Абад облусунун Ноокен районундагы Ноокен айылында төрөлгөн.

Исраилов Токтомамат кичинесинен зирек болуп чоңоюп, мектептеги кезинде эле үлгүлүү окуучулардан болгон.

Орто мектепти ийгиликтүү аяктаган соң, борборкалаадагы К.И.Скрябин атындагы Кыргызстан айыл чарба институтуна окууга тапшырып, агрономия адистиги боюнча окумуштуу агроном кесибине ээ болгон.

Алгачкы эмгек жолун 1974-жылы “Ленинский потребобщество” мекемесине караштуу дүкөндүн башчысы болуу менен баштаган.

Аталган мекемеде үч жылдай иштеп туруп, 1977-жылы атайы жолдомо менен алыскы Чаткал районуна үй бүлөсү менен биргеликте көчүп келген. Каарманыбыз ал кезде өмүрлүк жары Санталат менен баш кошуп, бир кыздуу болуп калган эле. Жаш үй бүлө Айгыр-Жал айылына көчүп келип, жумушчу болуп иштеп баштаган.

Ал жерде бир жыл иштеген соң, 1978-жылы МЖС (Машиналаштырылган мал чарба станциясы) айылына көчүп барышкан. Ошол жылы МЖС айылы жаңы ачылып, айылда 5-6 гана үй бүлө бар эле.

Токтомамат Исраилов МЖСке барган соң, талаа бригадасынын эсепчиси кызматына бекитилген.

Эки жылдан соң, тактап айтканда 1980-жылы талаа бригадасынын бригадири болуп дайындалган.

Ал эми, 1984-жылы МЖС айылынын башкы агроному болуп бекитилген.

Токтомамат Исраилов Чаткалда иштеп жүргөндө өз ишине берилгендикти көргөзүп, өз кесибин сүйүп, ал аркылуу районго пайда келтирүүнү ар дайым максат кылган. Өзүнүн үй чарбасына караганда райондун чарбасын

өйдө коюп, күн-түн дебей талаада жүрүп, кол алдына иштеген жумушчуларга да ошондой талап кое билген. Каарманыбыз жетектеген бригада райондо көпчүлүк учурда алдыңкы орундарды камсыз кылып, райондук жетекчилик тарабынан баалуу сыйлыктарга жана мактоолорго татып турган. Атай кетсек, алдыңкы агроном катары Токтомамат Исраиловго “ВАЗ 06” маркасындагы “Жигули” жеңил автоунаасы сыйлыкка берилген.

1988-жылы жергиликтүү элдин колдоосу менен МЖС айылына директор болуп шайланган.

Директор болуп иштеп жүргөн мезгилинде айылдын инфратүзүмүн оңдоого күч жумшап, МЖСтин айыл катары калыптанышына салым кошкон. Атап айтканда, айылга алгач жолу таза суу түтүктөрүн жеткиртип, айыл тургундарынын таза суу менен камсыз болушуна шарт түзгөн.

Ал мезгилде МЖСте төрт жылдык башталгыч мектеп болгон. Директор Токтомамат Исраиловдун аракети менен аталган мектеп тогуз жылдык болуп курулган. Буга кошо эле, айылга коомдук мончо жана балдар бакчасы да ачылган.

Эл үчүн жасаган ак эмгеги менен калктын ишенимине ээ болуп, 1990-1995-жылдарда Каныш-Кыя айылдык Советинин депутаты болуп шайланган.

Каарманыбыздын өмүрлүк жубайы Маккамбаева Санталат жолдошуна ар дайым жакындан колдоо көргөзүп, үй тиричилигинен сырткары өз кесибине ылайык жумуштарда иштеп жүргөн.

Маккамбаева Санталат 1953-жылы 11-мартта Ош облусунун Өзгөн районундагы Кызыл-Октябрь айылында төрөлгөн.

Жалал-Абад шаарындагы А.С.Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын аяктаган.

Алгач эмгек жолу 1973-жылы Ош облусунун Кара-Суу районунда балдар бакчасында тарбиячы болуп эмгектенүү менен баштаган. 1976-жылы Ноокен районундагы Коминтерн айылында балдар бакчасында тарбиячы болуп иштеген.

1978-жылы Чаткалга көчүп келишкенде Чаткал районундагы МЖС айылында алгач жумушчу болуп эмгектенген.

Андан соң, 1979-жылы МЖС айылындагы 4 жылдык башталгыч мектепте директор болуп бекитилген. 1982-жылы айылдагы балдар бакчасынын башчысы, кийинчерээк Чакмак-Суу үрөнчүлүк чарбасында арендатор, айылдык китепканада китепканачы болуп иштеп жүргөн.

Жолдошунун жооптуу кызматта экендигине карабай Санталат эне карапайым эл менен кошо талаага чыгып таш терип, чөп чабышып, айылдын чарбалык жумуштарына активдүү катышкан. Ошентсе да, Санталат эне үй тиричилигине тың болуп, үй иштерин да мыктап жүргүзө билген.

Жолдошу Токтомамат экөөсү Чаткал жергесинде 17-18 жыл эмгектенишип, 2 уул жана 4 кыз, жалпы 6 перизенттүү болушкан.

1994-жылы Исраиловдордун Чаткалга болгон турмуштук узак сапары аяктап, турмуш-шартка жана

жумушка байланыштуу Көк-Жаңгак шаарына көчүп барышкан.

Ал жакка көчүп барган соң, 1994-жылы Көк-Жаңгак шаардык соода тармагынын бирикмесинин (ОРЗКК) директору болуп дайындалган. Анда үч жылдай эмгектенген соң, 1996-жылы Ноокен райондук кредиттик кооперативинин директору болуп шайланган. 2000-жылы денсоолугуна байланыштуу кызматын тапшырган. 2003-жылы мамлекет жана коомчулукка сиңирген көрүнүктүү эмгеги эске алынып, персоналдык пенсияга чыккан.

Уул-кыздарынын баарын татыктуу тарбиялап, жогорку билим алууга шарт түзүп берип, сүйгөн кесиптерине ээ кыла алган.

Токтомамат Исраилов узакка созулган оорудан улам 2010-жылы 8-ноябрда 57 жашында дүйнөдөн өткөн.

Ал эми, Маккамбаева Санталат эне учурда ардактуу эс алууда. Уул-кыздары менен бирге Ноокен районунун Кочкор-Ата шаарчасында бактылуу өмүр кечирүүдө. Чаткалда жашап жүргөн бактылуу күндөрүн эстешип, неберелеринин кучагында бактылуу өмүр сүрүп жаткан кези.

# Чаткал эли сыйлаган тиш дарыгери



Тиш-адамдын көркү эмеспи. Тишиң бүтүн болсо тамак-ашты майдалап жеп, адамдын ден соолугу да чың болот, адам жылмайганда башкаларга жагымдуу да көрүнөт. Бирок, көпчүлүк адамдар жаш кезинен тиштерине көңүл бөлбөй бузуп алышып, азап тарткандары канча. Тилекке жараша, адамдардын бузулган, же түшкөн тиштерин оңдоп, калыбына келтирип, адамдын көркүн ачып койгон адистер бар экендиги кубандырат. Мындай кесипкөй адистердин бири, Чаткал районуна белгилүү тиш доктур Асан Казматов.

Тиш доктур Асан Казматовдун салып берген алтын, күмүш, сөөк жана темир тиштери далай адамдарга ден соолук тартуулап келет.

Асан Казматовдун жердиги Оштук болот. 1961-жылы 26-ноябрда Ош облусуна караштуу Кара-Кулжа районунун Ылай-Талаа айылында төрөлгөн.

Биздин каарман тиш доктурлук кесипке ээ болгонго чейин ар тармакта иштеп, өзүн сынап көрдү. Учкай токтоло кетсек, алгач Ылай-Талаа айылдык №5 Карл Маркс атындагы орто мектебин аяктаган соң, колхозго жумушчу болуп кирип, аскерге чакырылганга чейин иштеген. 1982жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Орусиянын Вологда шаарында Советтик Куралдуу Күчтөрдүн курулуш бөлүгүндө айдоочу болуп кызмат кылган.

1984-жылы аскерден келген соң, Кара-Кулжа райондук автобазасына айдоочу болуп жумушка кирген. Ал жерде беш жылдай иштеген соң, Ош шаарындагы текстиль комбинатына жумушка орношуп, ал жерде бир жылдай иштеген. Анда сегиз ай иштеген соң, өз эрки менен жумуштан бошоп, Орусиянын Полтава шаарына жөнөп кеткен. Ал жерге барып, “Полтавгорстрой” ишканасына катардагы жумушчу болуп ишке кабыл алынып, иштеп баштаган. Негизи, биздин каармандын ал жакка баргандагы максатыПолтава шаарындагы кооперативдик институттун даярдоочуларды окуткан факультетине окууга тапшыруу болгон. Анткени, даярдоочуларды (заготовитель) окутуучу факультет Советтер Союзу боюнча ошол шаарда гана болуп, аталган окуу ошол учурда абдан престиждүү окуулардын катарында эле.

Тилекке каршы, Асан Казматовго эңсеген окуусуна өтүү насип кылбай, жогоруда аталган ишканада эки жылдай иштөөгө туура келген. 1987-жылы июнь айында жумушунан бошоп, Кыргызстанга кайтууга бел байлаган.

Жаш курагы жыйырма бештен ашып бараткан Асан Казматов минтип жүрө берсе туруктуу кесипсиз калаарын сезип, бир окууну тандап, ага тапшырууну чечип, ошол жылдын сентябрь айында Кара-Балта шаарындагы медициналык окуу жайга тапшырган.

Аталган окуу жайын 1989-жылы ийгиликтүү аяктап, тиш техниги кесибине ээ болуп чыккан.

Окууну аяктаган соң, окуу жайдын жетекчилиги тарабынан мурдагы Фрунзе, азыркы борбор калаа Бишкекке барып, ал жактан Ош шаарына жөнөтүлгөн. Ал эми, Оштон Чаткал районуна барып иштөөгө көрсөтмө алган.

Чаткалга келип, Каныш-Кыя айылдык ооруканасына тиш техниги кызматына бекитилген.

Ошентип, Асан Казматовдун Чаткал районундагы бараандуу эмгек жолу башталган.

Аталган кызматта алты ай иштеген соң, кайра өз жерине барып, өмүрлүк жубайы Гүлбара Аматова менен баш кошуп, кайра келип, жумушун уланткан.

Өз ишине кызыккандан улам, Асан Казматов тиш врачтардын жумуштарына кунт коюп, көңүл бөлүп, тиш салууну жакшылап үйрөнүүгө далалат кылган. Аракети жакшы натыйжа берип, соңунда өз алдынча тиштерди мыктылап жасоо менен бирге эле, чеберчилик жана кесипкөйлүк менен тиш салууну өздөштүргөн. Салган тиштери көпчүлүккө жагып, ага тиш салдырууну каалагандардын саны күндөн-күнгө артып, Асан Казматовдун кадыр-баркы өскөн. Буга кошо эле, анын адамгерчилиги жана жөнөкөйлүгү да эл арасында аброй алып келген.

2000-жылы кесипкөйлүгүн жогорулатуу максатында "Стоматологиядагы тиш доктуру" курсун аяктап, кесиптик жактан бир тепкичке жогорулаган.

Арадан көздү ачып жумгуча отуз жыл өтүп, кышы кыска, жайы узун, аптаптуу жердин кулуну Асан Казматов Чаткал өрөөнүнүн эки метрдей кар жааган алты ай кышына, мелүүн жаз, жайына көнүп, Чаткалда очор-бачар үй бүлө куруп, өз кесиби менен элге ак кызмат өтөп, таанымал инсанга айланды.

Ал отуз жыл ичинде кесибине байланыштуу жумуштун ысык-суугуна чыдап, сабырдуулук жана токтоолук менен иштеп, элдин алкышына арзыды.

-Тиш салдырам, же тишин оңдотом-деп келгендердин шартына карап, колунда жоктордон эмгек акымдын жарымын гана алып, тишин карызга салдырса күтүп дегендей, мага кайрылгандарга жардамымды аябадым. – дейт каарманыбыз өткөн күндөрү тууралуу айтып берип жатып.

-Бир ирет райондо чоң кызматта иштеген тааныш байке келип, эртең чоң жыйынга катышаарын жана анда трибунага чыгып сөз сүйлөөрүн, бирок маңдайкы тиштери түшүп калгандыктан, сүйлөөдөн уялып жаткандыгын айтып, эртеңкиге чейин тиш салып беришимди суранды. Мен анын шартын туура түшүнүп, ага макул болдум да, түнү бою олтуруп, тиштеринин калыбын алып, таңга маал жаңы тиштерди бүтүрүп, салып берип, узатып койдум. Тиги байке кудуңдап, кубанган бойдон кетти. Ал бүгүнкү күнгө чейин мага ыраазылыгын айтып жүрөт. Негизи, мындай окуялар көп эле болду.-дейт күлүп.

Асан Казматовдун өмүрлүк жубайы Гүлбара Аматова Каныш-Кыя айылындагы С. Байдөөлөтов орто мектебинде көп жылдан бери чет тилинен сабак берип, “Билим берүүнүн отличниги” наамынын ээси болуп саналат. Бул инсан тууралуу да өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Каармандарыбыз Чаткалда жашап жүрүп эки уул жана эки кыздуу болушту.

Асан Казматовдун эл-жер үчүн жасаган зор эмгеги жерде калбай, райондук жана облустук “Ардак Грамоталар” менен сыйланды. Быйыл болсо республикалык “Эл сыйлаган дарыгер” төш белгисине ээ болду.

Кичүү уулу Азамат орто мектепти аяктаган соң, медициналык жогорку окуу жайына тапшырып, ата жолун жолдоону максат кылып жүрөт.

Каарманыбыз Асан Казматовдун жумушунда жана турмушунда дагы көп-көп ийгиликтер боло беришин тилек кылып, эл ичинде мындай кесипкөй, ак жүрөк инсандар көп болсун дейбиз.

## Айыл чарбасынын чыгаан адистеринин бири



Чаткал районунун айыл чарбасынын түптөлүшүнө көрүнүктүү эмгек сиңирген белгилүү агроном Тургунбай Козубаев кезинде өзүнүн эмгекчилдиги жана кесипкөйлүгү менен облуска таанымал болгон. Каарманыбыз жаратылыш шарты катаал болуп эсептелген Чаткал өрөөнүнө мурда эгиле элек айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүп,

андан мол түшүм алып, Чаткал өрөөнүн мал киндиктүү гана эмес, баба дыйкандын да жери экендигин далилдеген адистердин бири болгон.

Каарманыбыз 1944-жылы 12-июнда Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында жарык дүйнөгө келген.

Алгачкы эмгек жолун 1966-жылы райондук керек-жарак коомунда кассир болуп иштөө менен баштаган.

1967-жылы Чаткал совхозунун ошол кездеги директору Абдрай Садиев Тургунбай Козубаевди Фрунзедеги айыл чарба институтуна окууга жиберген.

Тургунбай Козубаев аталган жогорку окуу жайын 1972жылы ийгиликтүү аяктап, Чаткалга келген. Андан соң, каармaныбыз жаңы кесиби менен эмгек жолун улантып, Чаткал совхозуна агроном үрөн даярдоочу кызматына дайындаган.

Ал аталган кызматта төрт жыл иштеген. Ал жылдар аралыгында Тургунбай Козубаев Чаткал өрөөнүнө Аксы районундагы питомниктен жана Өзгөн районунун МырзаБулак питомнигинен алманын “Превосход” жана башка бир топ сортторунан алдыртып келип, Каныш-Кыя жана Айгыр-Жал айылдарына таркатып, тиктирген. Ага чейин жергиликтүү калк Чаткал өрөөнүнүн сай-сайында өскөн жапайы сорттогу майда алманы жешчү.

Кийинчерээк Чаткал совхозунан Каныш-Кыя совхозу өз алдынча бөлүнүп чыккан. Тургунбай Козубаев жаңыдан түзүлгөн Каныш-Кыя совхозуна башкы агроном болуп дайындалган. Бул жооптуу кызматта 1980-жылга чейин иштеп турган.

1980-жылы Чаткал району Ала-Бука районунан бөлүнүп чыгып, өз алдынча район болуп түзүлгөн. Чаткал районунун райондук комитетинин 1-катчылыгына Темиркул Кошбаев дайындалган.

Ал учурда Тургунбай Козубаев жаңыдан түзүлгөн АкТаш совхозуна башкы агрономдукка бекитилген эле.

Башкы агрономдук кызматта үч жылдай эмгектенген.

Мында иштеп жүргөн мезгилде башкы агроном катары совхоздо бир топ алгылыктуу иштерди турмушка ашырууга

жетишкен. Атай кетсек, каарманыбыздын башчылыгы алдында ондогон гектар дың жерлер өздөштүрүлүп, кайракы жерлерге буудай жана арпа эгилген. Арпа жана буудайдын ар бир гектарынан он беш центнерден түшүм алынып, Ак-Таш совхозунун айыл чарба тармагынын өсүшү бир топ жогорулаган.

Буга кошо эле, Беш-Арал аймагынан 40 гектар дың жерди өздөштүрүп, ал жерге күздүк буудай айдашкан. Буудайдын өсүшү абдан жакшы болуп, кийинки жылы күзүндө андан мол түшүм алууга жетишишкен.

Тургунбай Козубаев өзү демилге көтөрүп, Өзбекстандан дыйкандарды сүйлөшүп, Чаткалга алдыртып, Чаткал өрөөнүнө картошка эктирген. Картошкадан мол түшүм алынып, алынган картошканы кийинки жылга үрөн катары кыштан сактап чыгаруу маселеси келип чыккан. Тургунбай Козубаев бул маселени чечүүнү мойнуна алып, атайы картошка сактоочу жай курдуртуп, Чаткалдын алты айга созулган каардуу кышынан 120 тонна картошканын үрөнүн аманэсен сактап, жазга чыгарткан. Кийинки жылы бул үрөндөн Чаткалдагы бардык совхоздорго жана жергиликтүү тургундарга таркатылган.

1982-жылы февраль айында райондук жетекчилик ишеним артып, Ак-Таш совхозунун директору болуп дайындалган. Ага чейин совхоздун директору Токтогул районунан келген Абдыкары Жумабаев болгон.

Тургунбай Козубаев Ак-Таш совхозун беш жыл башкарган.

Совхоздун директору болуп иштеп турган мезгилде АкТаш айылына бала бакча, механизаторлор үчүн он эки турак үй, гараж жана коомдук мончо курдурган.

1986-жылы өз арызы менен кызматын тапшырып, кайрадан башкы агроном кызматына бекитилип, Союз таркаган мезгилге чейин бул кызматты аркалап турган.

Союз таркаган соң, Тургунбай Козубаев Ак-Таш айылынын айыл башчысы болуп шайланып, бир топ жыл айылдын өнүгүүсүнө салым кошкон. 2000-жылы ислам террорчулары Кыргыз жана Өзбек Республикаларынын чек араларын мыйзамсыз бузуп өтүп, Ак-Таш айылына кирип келгенде Тургунбай Козубаев Ак-Таш айылынын айыл башчысы болуп иштеп турган эле. Ошол кезде террорчуларды жок кылууда жана айыл тургундарынын коопсуздугун сактоодо Тургунбай Козубаевдин аракети зор болгондугун белгилеп кетүүгө тийишпиз.

Каарманыбыздын мамлекет жана коомчулук алдына өтөгөн зор эмгеги жерде калбай, райондук, облустук жана республикалык деңгээлдеги жогорку даражалуу сыйлыктар менен сыйланган. Чаткал районунун социалдыкэкономикалык өнүгүүсүнө кошкон зор салымы үчүн “Чаткал районунун ардактуу атуулу” наамын алган.

Тургунбай Козубаев 2009-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

“Баатырды баатыр кылган-жубайы” демекчи, каарманыбызга өйдөдө өбөк, ылдыйда жөлөк болуп, өмүр шерик болуп жашап келаткан жубайы Анаркан Нарбаева тууралуу да айта кетүүго тийишпиз.

Анаркан Нарбаева жаш кезинен коомдук жана мамлекеттик жооптуу иштерге активдүү аралашып, жооптуу кызматтарды аркалап келген. Ал 1969-жылы Жалал-Абад шаарындагы педагогикалык окуу жайын ийгиликтүү аяктап, мугалим кесибине ээ болгон.

Ак-Таш айылындагы “Наристе” балдар бакчасынын жетекчиси болуп үч жыл эмгектенген. Андан соң, ардактуу эс алууга чыкканга дейре Ак-Таш айылындагы орто мектепте мугалим болуп эмгектенген.

Үлгүлүү жубайлар беш уул жана бир кыздуу болушкан. Уул-кыздарынын баары жогорку окуу жайларынан билим алышып, сүйгөн кесиптеринин ээлеринен болушуп, турмуштан өз орундарын табышкан.

Эмгектин баатырлары-үлгүлүү жубайлар азыркы учурда Ак-Таш айылында жашашат.

## Мал чарбасын өнүктүрүүгө албан салым кошкон



Чаткал өрөөнү негизинен, төрт түлүк малды багууга ыңгайлуу болгондуктан, Союз убагында топоздон баштап кой-эчкиге чейин ондогон короо мал күтүрөп багылган. Ага жараша жергиликтүү калктын ичинен төрт түлүк малды багууну мыкты өздөштүрүп, чарбаны мыкты түшүнгөн адистер чыккан. Ошондой чарбаны мыкты түшүнгөн адистер-дин бири, өз мезгилинде райондун мал чарбасын өнүктүрүүгө зор салымын кошкон Кочкорбаев Мирзалим болуп саналат.

Мирзалим Кочкорбаев 1940-жылы 3-июнда жарык дүйнөгө келген.

1958-жылы Айгыр-Жал орто мектебинен 10-классты аяктаган.

Орто мектепти аяктаган соң, Караван районундагы айдоочулук мектепке окууга өтүп, анда 6 ай окуп, айдоочу кесибине ээ болгон.

1958-жылы ноябрь айында Советтик Армияга чакырылып, Челябинск областына караштуу Златуск шаарындагы Советтик аскер күчтөрүнүн абадан күчтөрүнөн коргонуу аскердик бөлүгүнө туш келген. Аскердик кызматта үч жыл кызмат өтөгөн.

Аскерден келген соң, 1962-жылы Чаткал совхозунун гаражында гараж башчысы болуп эмгек жолун баштаган.

Андан соң, көп өтпөй Чаткал райондук ооруканасында айдоочу болуп кирип, анда 1968-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

1968-жылы көчмө автодүкөн башкарып, алыскы жайлоолорго барып чабандарды азык-түлүк, кийим-кече менен камсыздап, ал жумушта 15 жылдай эмгектенген.

1982-жылы жооптуу кызматка келген. Тактап айтканда, Чаткал совхозунун 3-бөлүмүнүн башкармасы болуп бекитилген. Ал жылдарда мал чарба башчысы катары чарбанын өнүгүшүнө өз салымын кошуп, өзү жетектеген бөлүмдү бир топ алга сүрөөгө жетишкен. Булардын айрымдарына токтоло кетсек, алыскы Коргон-Төбө кыштоосуна электр тогун жеткирген. Буга кошо эле, Коргон-Төбөгө автоунаа жолун салдырып, алыскы кыштоого техника баруусуна шарт түзгөн. Ал жерге жайкысын тоют даярдоочулар жашачу турак үйлөрдү жана кышкысын кой кыштачу кашарларды курдурган.

Ал учурдагы алгылыктуу аракеттери көз жаздымда калбай, мамлекет тарабынан бир топ сыйлыктарды алууга

жетишкен. Тактап айтканда, үч ирет район боюнча "Алдыңкы чарба башчысы" наамын жеңип алган.

1989-жылы Чаткал совхозунун кой, уй жана жылкы фермаларында ферма башчысы үч жылдай болуп иштеген.

1991-жылы Союз ураган соң, Чаткал совхозу менчиктештирилип, совхоздун ордуна "Ыдырыс" акционердик коому түзүлгөн. Мирзалим Кочкорбаев аталган акционердик коомдун жылкы ферма башчысы болуп дайындалган.

Мирзалим Кочкорбаев 2005-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Өмүрлүк жубайы Сапаргүл Рысалиева менен 55 жыл ынтымакта жашоо кечирип,

3 уул, 5 кызды тарбиялап өстүрүшүп, 21 небере, 7 чөбүрөлүү болушкан.

Учурда Мирзалим Кочкорбаев калк арасында урматсыйга бөлөнүп, карылыктын доорунда күн кечирип жаткан кези.

# Өмүрү өрнөктүү инсан Кошалиев Корчубек



Чаткалдын даңктуу уулдарынын бири **Кошалиев Корчубек Осмоновичтин** тарых беттеринде калууга татыктуу бараандуу эмгек жолун атайы кеп кылууга арзыйт. Каарманыбыз 1924-жылы 5-майда Кенеш бийлигин Чаткал өрөөнүндө орнотууга активдүү салым кошкон Осмон уулу Кошалынын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Ал киндик каны

тамган Айгыр-Жал айылындагы 7 жылдык мектепти аяктап, алгачкы эмгек чыйырын 1941-жылы Кыргызстан РККПнын Чаткал райондук парткабинетинин китепканачысы болуп иштөөдөн баштаган. Фашисттик Германияда кандуу согуш Батышты жалмап, СССРдин чек арасын басып кирген маалда ал болгону 17 жашта эле.1942-жылы 18 жашка толуп, август айында Советтик армиянын катарына чакырылып, согушка жөнөп кеткен. Советтик армиянын катарында Корчубек Кошалиев 4-Украиналык фронттун 417- дивизиясындагы №1372 Кызыл Туулуу Түштүк фронтунун аткычтар полкунун 2 ротасында кызмат өтөгөн. Ал өзбек, казак, түрк тилдерин жакшы билип, орус тилин да жакшы өздөштүргөнүнө байланыштуу катардагы солдаттан бөлүктүн командирине чейин көтөрүлүп, кийин 2-ротанын командиринин жардамчысы катары кызмат кылган.

**Кошалиев Корчубек ыр жазып,** чыгармачылык менен алектенип жүргөндүктөн, анын чөнтөк дептеринде Украинанын көп шаарларын бошотууга катышкандыгы тууралуу тарыхый окуяларды жазып калтырган. Ал 417-дивизиядагы №1372 Кызыл Туулуу Түштүк аткычтар полкундагы бөлүмдүн командири, кичи сержант Алексей Иванович Каширин менен жакшы мамиледе болгонун мектептерде жана согуш ардагерлери менен жолугушууларда эскерип, дайыма айтып берчү. Кийин «Комсомольская правда» газетасына **«Жоокер досум, кайдасың?»** деген аталышта макала жарыялап, ал досу табылгандан кийин, албетте, досун Кыргызстанга чакырып коноктогон. Кошалиев Корчубек Украинада 1943-жылы Донбасстан Крымга чейин немецтерди кууп барышканы, Канадский-Коханое хуторлорун бошотуулары, Запорожьедеги чегинүүлөрү жөнүндө жана, 1944-жылы Никольпольский плацдармдан согушуп, немецтерди Днепропетровскиге чейин кууп барышканын, Сиваш көлүнүн аймагындагы чегинүү, Томашевкада 300 солдат туткунга түшүп, 1300 солдат өлгөнүн, Ново-Александровка деген шаарды бошотушуп, ал жерде кыштап

калганын жана андан кийин Симферополь, Севастополь шаарларын жаз айларында бошотуудагы окуялар, Крымга жол ачылгандыгын эскерген макалалары 9-май – Улуу Жениш күнүнө карата «Жаны турмуш», «Ленин жолу», «Эркин Тоо», «Кыргызстан маданияты» гезиттеринде, «Ала Тоо» журналында жана башка массалык маалымат каражаттарында ар кайсы жылдары байма-бай жарыяланып турган. Сталинграддагы согушта оор жаракат алып, госпиталда 3 ай жатканын жана андан кийин согушка жараксыз болуп, алты ай ок-дары берүүчү складда иштеп, орусчаны так үйрөнүп алганын кызыктуу, бир чети коркунучтуу сүрөттөөлөр менен баяндаган аңгемелери, Хорольский-Полтава, Курский, Харьков, Станиславский, Волынский, Львов, Черновицкий, Псков, Одесса, Днепр, Донецк, Херсон, Киев сыяктуу немецтер басып алган чоң шаарларды бошотууга катышкандыгы жөнүндөгү очерк, баяндары радио, гезиттерден чыгып турган.

**Кошалиев Корчубектин сыйлыктары:** « Эрдик медалы», «Данк медалы», «Улуу Ата мекендик согушта Фашисттик Германиядан бошотууга катышкандыгы үчүн медалы», «Күжүрмөн эмгекчил медалдары», «Улуу Ата мекендик согуштагы 19411945 жылдардагы катышкандыгы үчүн медалы»,андан тышкары «Улуу Ата мекендик согуштун 20-30-40-50- Юбилейлик медалдары», Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалдары менен сыйланган.Кыргыз ССРине сиңирген эмгектери үчүн: СССРдин юбилейлик медалдары, Ардак грамоталары жана Жогорку Кенешинин Грамотасы, Өкмөттүн Алкыш баракчалары жана акчалай сыйлыктарына татыган.

**Кошалиев Корчубек 1944-жылы** апрель айында согуштун 2-тобундагы майыбы катары Чаткал өрөөнүнө кайтып келип, Чаткал райондук камсыздандыруу бөлүмүнүн башчысы (19441946-жж.) болуп эмгектенип, ошол эле убакта 8-9-10-класстык толук билимди сырттан окуганга да үлгүрөт. Андан кийин ушул эле райондун соода тармагынын башкармасы (1946-1951-жж.), Чаткал

райондук «Социалисттик мал чарбасы» газетасынын жооптуу катчысы жана редактору (1951-1954-жж.) болуп иштеп, кийин партиянын Чаткал райондук аткаруу комитетинде жалпы бөлүмдүн башчысы, жооптуу катчылык кызматтарын өтөгөн. 1956 -1958-жылдары Ала-Бука районуна көчүп келгендигине байланыштуу Ала-Бука райондук «Колхоз турмушу» газетасында алгач жооптуу катчы, кийинчерээк редактор болуп иштеген. 1958-1960-жылдарда Ала-Бука райондук «Билим коомунда» жооптуу катчы, 1960-жылдан баштап партиянын АлаБука райондук комитетинин инструктору, райондук аткаруу комитетинин жооптуу катчысы болуп 1962-жылга чейин иштеген. Ошол эле учурда Ала-Бука райондук партиялык комитетинин алдындагы райондук жергиликтүү радио уктуруу боюнча редакциясынын редактор-уюштуруучусу кызматын кошо аткарган. 1963-жылдан тартып партиянын Жаңы-Жол райондук комитетинин Ала-Бука зонасы боюнча Ала-Бука айылындагы партиялык саясий агартуу комитетинин башчысы болуп иштеген. Ал тажрыйбалуу пропагандист жана журналист-котормочу катары белгилүү болгон.

**Кошалиев Корчубек** өз билимин жогорулатуу максатында 1969-1965 жылдары КПСС БКнын алдындагы Жогорку партиялык мектепти Алматыдан аяктап, журналист адистигин алган. 1947-жылдан КПССтин мүчөлүгүнө өткөн Кошалиев Корчубек иштеген иши боюнча эч качан партиялык же административдик тартип бузуп, жаза алган эмес. Кошалиев Корчубек бир нече жолку райондук, айылдык элдик аткаруу комитеттери тарабынан депутат болуп шайланган. Алсак, 1946-1948-жылдарда Жерге-Тал №22 шайлоо округунан райондук советинин Чаткал райондук аткаруу комитетинин депутаты, 1948-1951-жылдарда Курулуш №13 шайлоо округу боюнча Чаткал райондук аткаруу комитетинин депутаты, 1961-1963-жылдарда Ала-Бука райондук №12 шайлоо округунан Ала-Бука райондук аткаруу комитетинин депутаты болуп шайланып келген.

**Өмүрлүк жубайы Каркыра (батыр эне)** менен биргеликте 9 балалуу болушуп, 7 уул, 2 кызга татыктуу тарбия берип

өстүрүп, балдарынын баары жогорку окуу жайлардан окушуп, билим алуусуна шарт түзүп беришкен. Кошалиев Корчубек райондук, областтык, республикалык деңгээлдеги маданий-саясий иш чараларды уюштуруп, көчмө агитпоездде конференцияагитация иштерин мыкты жүргүзгөнү менен белгилүү. Малчы, саанчыларга лекция окуп, алардын саясий маданиятын, билим деңгээлин жогорулатууда эмгеги зор.

**Кошалиев Корчубектин** жашыруун чыккан **китеби «Чөкөбай жана анын неберелери»** деген романы. Убагында ал романдын машинкага басылган вариантын өзүнүн иниси Барпы Рыспаевге басмадан чыгартканы бергенде, ал иниси учурдагы саясатка туура келбестигин айтып, коммунисттик партия мындай мазмундагы ажырым түзө турган китепке жол бербестигин эскертип, кайра оңдоп жазып келүүсүн талап кылат. Окуя байманаптар, кул-күңдөр жана байлардын кедейлерге корсоткон кордук, зомбулуктары, аял кишинин коргон кордугу тууралуу жана кыргыздын кээ бир салт-санаалары, урп-адаттары, байгелуу улуттук оюндар жөнүндө болгондуктан, бай-манаптын тукумунан экенсиңер деген куугунтуктоодон коркушкан. Ошондуктан талапка ылайык кылып, кайра оңдоп жазышын өтүнгөн. Бирок, өжөрлөнгөн Корчубек Кошалиев «кыргыздын тарыхын бурмалап жазыштын кереги жок, тарых баары бир тастыктап, ар нерсени өз ордуна коёт» деген жообун айтып, оңдобой, өзү редакцияда жашыруун түрдө гезиттин кагазына басып чыгарган. Бул чыгарма автобиографиялык окуяларды камтыган, кыргыз тарыхында көп нерселерди ачыктап, мекенчилдиктин айынан орус империясына кошулгусу келбеген кыргыздар жөнүндө, орустардын кыргыздарды четинен кырганы, саясий куугунтуктоолору, Шиберге айдалгандар жөнүндө болгон.

**Кошалиев Корчубек Манастын тукуму** Ногой уруусунун таржымалы, дегеле кыргыз урууларынын чыгышы жөнүндөгу санжыраны ошол «Чөкөбай жана анын неберелери» романында жазып кеткен. Эгер китеп ошол учурда басмадан жарык көрсө, чоң саясий бүлгүнгө алып келмек деп кооптонуп,

жашыруун чыгарылган. Бул уруулар жөнүндөгү санжыранын уландысы кийинки китебинде Саруу уруусунун чыгышы боюнча **«Шуулдаган теректер»** повестинде өтө курч мүнөздө сүрөттөлгөн. Дагы бир **«Жоокер досум, кайдасың?»** аттуу чыгармасында Улуу Ата Мекендик согуштагы Украинадагы окуяларды, согуш талаасы, пулемет атуулар, мина жардырууда окоптордо калышкан солдаттардын ызы-чуусу, өлүм-житимдери жөнүндө жана да суу издеп жоголуп кеткен досун таппай, кан аралаш суу жуткан түндү, ар кайсы улуттун элдеринин достугун, ынтымагын чагылдырган мекенчилдикке үндөгөн чыгарма болгон. Бир очеркинде Немецтер менен болгон бетме-бет согуштагы окуялар жана аёосуз өлүмдөрдү, ошол согуштагы жолдошторунун ой толгоосу, айылдан келген каттарды талкуулоосу жана кинодогудай эр жүрөктүк көрсөтүп бейажал каза тапкан кишилер жөнүндө укмуштуудай эпизоддор камтылган чыгармасы **«Асыл досум, жаш кеттиң»** деп атаган. Корчубек Кошалиевдин Чаткал – Талас өрөөнүндөгү басмачылар менен кармашып, эрдик көрсөткөн атасы Кошалынын жана анын Таластык, Чаткалдык жердештери жөнүндөгү чыгармасы **«Биз басмачылар менен кантип күрөштүк?»** деп аталып, атасы Кошалынын жаркын элесине арналып, анын жасаган эрдиктерин жана басмачылар менен болгон күрөшу жөнүндө баяндаган очерки "Ленин жолу" областтык газетасында жарыяланган.

**Кошалиев Корчубек – чоң санжырачы.** Ал өзүнүн он алты атасынын тарыхын изилдеп чыккан. Корчубек – Кошалы уулу, Осмондун -небереси, Ныязалынын-чөбөрөсү, Итийбастын кыбырасы, Каракозунун тыбырасы, Карабакынын мебереси, Бешкемпирдин кебереси, алардын атасы Гуйлаш-Буйлаш бир туугандар хан тукуму – Енисейден келген кыргыздар,Сейтек– Семетей-Манас-Жакып-Ногойхан-Угузхан-Карахандын балдарынан болушкандыгын өмүрү өткөнчө балдарына айтып, Эр Манастын тукумдары болгондугун даңктап келген. Бул санжыра чоң көлөмдүү графикалык-схема менен көрсөтүлгөн.

**Кошалиев Корчубек** бир нече жолку райондук, айылдык элдик аткаруу комитеттери тарабынан депутат болуп шайланган. 1946-1948 ж. Жерге Тал №22-шайлоо округунан райондук советине Чаткал райондук аткаруу комитетинин депутаты, 1948-1951жж. Курулуш шайлоо округу №13 боюнча Чаткал райондук аткаруу комитетинин депутаты, 1961-1963ж. Алабука райондук №12 шайлоо округунан Ала-Бука райондук аткаруу комитетинин депутаты болуп шайланган. Андан тышкары Коммунисттик партиянын съезддерине делегат болуп катышкан. Партиянын талабы менен Чаткалды өздөштүрүү максатында МЖС – Башкы Терекке балдары менен келип иштеп, ушул өрөөндү өздөштүрүүгө катышкан.

**Кошалиев Корчубектин атын Чаткал районундагы Каныш-Кыя айылдык округунун Чакмак-Суу кыштагындагы чон көчөнүн атын ыйгаргандыгына байланыштуу Корчубек атанын уул-кыздары, неберелери, чеберелери терең ыраазычылык билдиришип Чаткал элине алкыштарын айтышат.**

**Балдары-кыздары: Алимахан, Жамийла, Искендербек, Мусабек, Исабек.**

**Неберелери: Ыманбек, Анаркан, Гульзат, Айзат, Бактыгул, Бактыкан, Улиякан, Муканбек, Мунарбек, Сулайман, Назгуля, Сейитакматбек, Мирбек, Калия, Венера, Неля, Алтынай, Ыдырысбек, Айнура, Өмүрбек, Мунара, Элиза, Уркуя, Жаңылмырза, Айтурган, Темирлан, Айпери, Перизат Насыйкат, Жумамырза, Сыргак, Бекбол, Асель**

**Чеберелери: Айсулуу, Сергек; Акбермет, Кайрат, Барсбек, Байболот, Айтунук, Айзирек, Талгат, Актилек, Айзирек, Акжибек, Гүласыл, Абай, Айдар, Эрмек, Эмир, Нуртилек, Гүльназ, Мадина, Эржан, Бермет, Бектемир, Арууке, Айбек, Аделя, Бегимай, Нурислам, Нурсултан, Арлен, Адина, Айгерина, Адилет, Ильгиз, Чолпон, Дастан, Эмир, Нурэл, Жазэл, Нурсултан, Азизбек, Бексултан, Жумадил, Динара, Клара, Амиртимур, Жумакадыр, Айдин, Байэл, Омар, Эрден, Алымбек, Урмат, Ислам,**

**Нурлан, Тариэль, Баяна, Адеми, Бекбол, Асель, Наима, Аэлина.**

**Кошалиев Корчубек** өмүрүнүн акыркы күндөрүнө чейин ак ниеттүүлүк менен Кыргыз эли учун эмгектенип, 1998-жылы 18июлда Ала-Бука районундагы Эмгектин жана согуш ардагерлеринин комитетинин башкармалык кызматын аркалап турганда көзү өткөн. Эн кызыктуусу, Кошалиев Корчубек каза болгон ошол күнү, анын костюмунун тош чөнтөгүндө партиялык билетинин ичинен партиялык взносторун төлөп жүргөндүгүн аныктаган кагазы жана төлөдүм деп өзү кол койгон партбилети табылган.

**Кошалиев Корчубектин өрнөктүү иштери үлгүлүү жүрүм-туруму менен уул-кыздары, неберелери жана жалпы эле Чаткал, Ала Бука, Аксы, өрөөнүндө жашаган элдер сыймыктанышат жана эч качан унутушпайт.**

# Эмгекчил инсан жана белгилүү уз эне



Бул инсан жаш мезгилинде Чаткал районунун айыл чарбасына опол тоодой эмгек өтөп, ага жараша мамлекет тарабынан урмат-сыйга татыган. Андан сырткары, уз, чебер катары Чаткалдын атын алыска таанытып, кыргыз элинин аялдарга тиешелүү улуттук өнөрүнүн кайталангыс ээ болуп саналат.

Каарманыбыз-Нурила Курманалиева 1937-жылы 6-мартта Чаткал районунун Кайың-Суу айылында төрөлгөн.

Нурила эненин балалык чагы каардуу согуш мезгилине туш келген. 1944-жылы, согуштун эң бир айыгышкан

мезгилинде атасы Мырзабек согушка аттанып, ал жактан кайтпай калган.

Нурила эне ошол кездеги турмуштук оор кырдаалга байланыштуу 7-классты гана аяктап, кийин окуусун уланта алган эмес.

1953-жылы он алты жашында өмүрлүк жубайы Курманалиев Жолдубек менен баш кошкон.

Турмушка чыккан соң, күйөөсү менен тең жарыша колхоздун ар кандай жумуштарында иштеген. 1957-жылы саанчы болуп жумушка кирген.

Нурила эне жаш кезинен эле тирликке тың болгондуктан, саанчылык жумушту да илгиртпей алып кете алган. Колхоздо алдыңкы саанчы аталып, ондогон баалуу сыйлыктарды алууга жетишкен.

Кийинчерээк кой багып, малчы болуп, анда да күйөөсү Жолдубек алдыңкы чабан аталып, “Ударник чабан”наамына татыган. Буга кошо эле, “Нива” жеңил автоунаасын сыйлыкка алышкан.

Нурила эне көп бала төрөгөн. Жалпы он бир уул-кыздуу болушкан. Көп балалуу үй бүлө болушса да кыйынчылыктарга чыдап, кой багып, малчы болуп иштешкен.

Ак эмгектери текке кетпей, мамлекет тарабынан колдоого калынып, алдыңкы чабан аталып, ондогон жогорку сыйлыктарды алууга жетишишкен.

1987-жылга чейин малчылык кесипти аркалашкан. Андан кийин чарбалык иштерде иштеп жүрүшүп, ардактуу эс алууга чыккан.

Тагдырдын жазмышы менен өмүрлүк жары Жолдубек 2003-жылы 77 жашы курагында кайтыш болгон.

Нурила эне кеп башында белгилегендей, кыргыздын улуттук кол өнөрчүлүгүнүн чебери. Ал жаш кезинен уз, чеберчилик менен тынымсыз алектенип, бул жаатта да белгилүү уз катары таанылган.

Кыргыздын боз үйүнүн бардык жабдууларын жасап, бүгүнкү күнгө чейин онго жакын боз үй тикеледи.

Бүгүнкү күндө сексен үч жашка чыккан уз, чебер эне мындан сырткары ондогон ат жабдууларды жасады. Аларды алуучуларга бир торпокко саткан күндөрү болду.

Мындан сырткары, куржун, сокмо таар, колбаштык сыяктуу күнүмдүк керектелүүчү үй буюмдарын да жасап, каалоочуларга сатып, өзү да үй буюмдары катары колдонуп келди.

Чебер эненин буюмдарын сатып алуучулар буюмдардын бышыктыгына, көркөмдүгүнө жана оюу-чийүүлөрдүн кыргыздын нукура улуттук үлгүсүндө түшүрүлгөндүгүнө баа беришип эч качан кымбат дешпейт. Уз, чеберчиликке шыктуу ннебереси Айназикке өз өнөрүн калтырып кетсем деп, ага чеберчиликтин сырларын үйрөтүп келет.

Нурила эне бардык уулдарын үйлөндүрүп, жайландырып, кыздарын турмушка узатып, кырк төр небере жана отуз тогуз чөбүрөнүн алдында бактылуу карылыктын дооранын сүрүүдө.

# Чаткалды алыс-жакынга даңктаган уз, чебер



Чаткал районунан ар тармактан чыккан мыкты адамдардын ондоп саналаары кимди болсо да кубандырбай койбойт. Булар өзүнүн сүйгөн кесибинин чыныгы адиси гана болбостон, ал аркылуу Чаткал жерин, элин республикага таанытып келишет. Алардын бири белгилүү уз, чебер Курманалиева Мейилкан Жолдубековна экендигин тартынбай айта алабыз.

Мейилкан Курманалиева 1958-жылы 5-июлда КоргонСай айылында төрөлгөн.

Анын апасы Курманалиева Нурила эне белгилүү уз, чебер экендигин айта кетпесек болбойт. Биздин каарман эне жолун жолдоп, жаш кезинен уз, чебер апасы жасаган иштерге кол кабыш кылып, жөнөкөй кийизден баштап, килем, оймо, шырдак тигүүгө жардамдашып, жасалгалуу кадимки кыргыз боз үйүн толук тикелеген чебер апасынын өнөрүн үйрөнгөн. Бойго жеткен соң, өз алдынча керектүү жүндөрдү ылгап, тандап, кийиз басып, боеп, оюу түшүрүп, кийиз шырып, курак курап айтор дасыккан уз, чебер катары эне өнөрүн уланткан. Кийин өмүрлүк жубайы Токторалы Эшимбетовго баш кошуп, өмүр жолдорун андан ары бирге улашкан.

Мейилкан Курманалиева турмушка чыккан соң, чеберчилигин таштап салбай, тетирисинче өркүндөтүп, көргөндүн көзүн тайгылтып, көз кубанткан сапаттуу, мыкты шырдактарды, оймо кийиздерди тигип сатып, күнүмдүк тириликке кошумча каражат табууга өткөн. Анын

колунан чыккан шырдак, оймо кийиздери жогору бааланып, жергиликтүү аттуу-баштуу адамдар сатып алышып, Чаткалга сырттан келген кадырлуу конокторго баалуу белек катары берилген учурлар көп эле болду.

Уз, чебер Мейилкан Курманалиева жасаган буюмдарын сатып гана тим болбостон, аларды артынып, жүктөнүп, көп кыйынчылыкка карабай облустук жана республикалык сынактарга да катыша баштаган. Ал бүгүнкү күнгө чейин баш-аягы онго жакын облустук, республикалык жана эл аралык сынактарга жана иш чараларга катышып, көпчүлүгүнөн байгелүү орундарды алды. Токтоло кетсек, 2015жылы Жалал-Абад шаарында өткөн этнофестивалда жасаган буюмдары менен 1-орунду ээлеген. Ошол эл мезгилде андан ары, ушундай эле иш чара Ош шаарында өтүп, уз, чебер Мейилкан Курманалиева ага катышып, 3-орунду алууга жетишкен.

2016-жылы Ысык-Көл облусунун Кырчын жайлоосунда өткөн эл аралык “Көчмөндөр оюндары” иш чарасына катышып, анда кыргыз элинин улуттук чеберчилигинин устаты катары тандалып алынып, андагы боз үй тигүү сынагынын калыстар тобуна мүчө болуп, алдыңкы боз үйлөрдү тандоого катышкан. Бул албетте, эл аралык иш чаранын уюштуруучулары тарабынан уз, чебер Мейилкан Курманалиевага берилген эң чоң баа экендиги талашсыз.

2017-жылы Чаткал районунун атынан Чолпон-Ата шаарында болуп өткөн эл аралык “Оймо” этнофестивалына, 2018-жылы КТРКнын 60 жылдыгына арналган ЖалалАбад облустук иш чарага катышкан.

Мейилкан Курманалиева тууралуу маалымат 2015жылы жарык көргөн “Шырдак” энциклопедиясында жарык көрүп,

чебердин мыкты тигилген бир шырдагы аталган китепке киргизилгендигин айта кетүүбүз керек.

Күйөөсү Токторалы 2014-жылы узакка созулган оорудан улам дүйнөдөн кайткан. Антсе да, Мейилкан Курманалиева тагдырдын оор сыноосуна майышып олтуруп калбай, шырдак кийиз тигип сатып, уул-кыздарын жогорку окуу жайларына окутуп, баарынын жогорку билим алуусуна жетишкен. Азыркы кезде 3 кыз, бир уулунан 22 небересинин жытын жыттап, аларга акыл-насаатын айтып, өзүнүн кайталангыс өнөрүн үйрөтсөм деген изги тилекте жүргөн кези.

## Айыл чарбасынын жана агартуу тармагынын мыктылары




Бул каармандарыбыздын бири Чаткал районунун айыл чарбасында бир топ жыл эмгектенип, райондун социалдыкэкономикалык өнүгүүсүнө зор салымын кошсо, экинчиси райондун билим берүү тармагына албан эмгек сиңирип, эл сүйгөн агартуучу катары бийик атка ээ боло алды. Булар- Абдылда Кыдыров жана жубайы Алыбаева Токтобүбү.

Алгач Абдылда Кыдыров тууралуу кеп козгосок.

Абдылда Кыдыров 1949-жылы 1-апрелде Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында төрөлгөн.

1970-жылы Жалал-Абад шаарындагы зооветеринардык окуу жайын ийгиликтүү аяктайт.

Алгач эмгек жолун окуу жайын аяктаган жылы Чаткал совхозунун 3-бөлүмүндө зоотехник болуп иштөө менен баштаган. Ал учурда совхоз директору Эшимбек Жоробеков эле. Ал эми, 3-бөлүмдүн башкармасы Кубатбек Усупбеков, кой фермасынын башчысы Бузурманкул Алыбаев, талаачылык бригадири Эрбай Ормотоев эле.

Абдылда Кыдыров ал жерде бир жыл иштеген соң, Советтик Армиянын катарына чакырылган. Аскердик ыйык милдетти тээ Ыраакы Чыгышта өтөгөн. Аскердик кызматтан 1973-жылы июнь айында кайтып келген.

1974-жылдын октябрында Шакафтар участкасында талаа бригадири болуп бекитилип, анда беш ай иштеген. 1975-жылы Чаткал совхозунан Ак-Таш совхозу өзүнчө бөлүнүп чыкты. Каарманыбыз жаңыдан түзүлгөн совхозго зоотехник болуп бекитилген. Совхоздун директору болуп Рашит Аширов дайындалган. Бир жылдан соң, Рашит Аширов совхоз директорлугунан кетип, анын ордуна Масалбек Мамырбеков дайындалган. Ал эми, Абдылда Кыдыров да Чаткал совхозуна которулуп, аталган совхоздун 2-бөлүмүнө кой ферма башчысы кызматына келип, ал жерде 3 жылдай эмгектенген.

Абдылда Кыдыров кой ферма башчысы болуп турган мезгилде жигердүүлүк менен иштеп өзү жетектеген ферманын ишин алга жылдырып, койдун башын өстүрүүдө жана асылдуулугун арттырууда зор аракеттерди көрүп, мыкты уюштуруучу жана иштин көзүн билген кадр катары таанылды. Тактап айтканда, жүз баш энелик койдон жүз он

бирден төл алып, район боюнча 1-орунду камсыз кылып, сыйлык катары "Москвич-412" жеңил автоунаасын жеңип алды. Мамлекет ишеним артып, Коммунисттик Партиянын мүчөлүгүнө кабыл алынды.

Ал эми, 1978-жылы совхоздун башкы зоотехниги болуп дайындалат. Ал учурда совхоздун директорлору Дарбанов, Чоткара Байботоевдер менен иштешти.

1979-жылы октябрь айында Чаткал району Ала-Бука районунан бөлүнүп чыгып, районго Темиркул Кошбаев биринчи секретарь болуп бекитилди.

Абдылда Кыдыров 1985-жылы мал чарбасы тармагынан бошоп, Чаткал айылдык советине катчы болуп иштеп баштады. Аталган жооптуу кызматта төрт жылдай эмгектенип, 1989-1990-жылдарда алгач Чаткал, андан соң Каныш-Кыя совхоздорунда башкы зоотехник кызматтарын аркалады.

Андан соң, Союз таркап, мал чарбасы менчиктештириле баштады. Абдылда Кыдыров 1993-жылы дыйкан чарбасын негиздеп, анда жетекчи болуп 1998-жылга чейин эмгектенди. Андан соң, айыл калкынын ишеними менен ЖаңыБазар айылынын айыл башчысы жооптуу кызматына шайланды. Анда бир топ жыл иштеген соң, ардактуу эс алууга чыкты.

Чаткал районунун айыл чарбасына сиңирген зор эмгеги райондук жетекчилик тарабынан жогору бааланып "Чаткал районунун ардактуу атуулу" наамы менен сыйланды.

Ал эми, каарманыбыздын өмүрлүк жубайы тууралуу айта турган болсок, Токтобү Алыбаева белгилүү мугалим, Эл агартуунун отличниги болуп саналат.

Алыбаева Токтобү Кудайбердиевна 1949-жылдын 15майында Ала-Бука районунун Өрүктү айылында жарык дүйнөгө келген.

Орто мектепти аяктаган соң, Жалал-Абаддагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырып, аны 1969-жылы "Артыкчылык диплому" менен аяктаган.

Алгачкы эмгек жолун окуу жайын аяктаган жылы Шакафтар шаарчалык мектебинде башталгыч класстарынын мугалими болуу менен баштаган.

Ал жерде беш жылдан ашуун мезгил иштеп туруп, 1975жылы Чаткал орто мектебине которулуп келген.

Токтобү Алыбаева ардактуу эс алууга чыкканга дейре аталган мектепте иштеген.

Бул жылдар аралыгында көптөгөн жаш муундарга билим-тарбия берип, ондогон жеткинчектерди алтын уядан турмуш жолуна аттандырды. Мамлекет тарабынан агартуу тармагындагы көп жылдык ак эмгеги жогору бааланып, райондук, облустук жана республикалык ондогон "Ардак Грамоталардын" жана баалуу сыйлыктардын ээси болду. "Эл агартуунун отличниги" ардактуу наамына татыды.

Каармандарыбыз Кыдыров Абдылда менен Токтобү Алыбаева 50 жылга чукул ынтымактуу түтүн булатып, 3 уул жана 3 кыздуу болушту. Учурда 20 небереси жана 5 чөбүрөсү бар.

Ишмер жубайлар азыркы кезде ардактуу эс алууда.

# Чаткалдын өнүгүшүнө өзгөчө эмгек сиңирген



Калк таанган адамдын, өткөн көп жылдар арасындагы үзүрлүү эмгеги элдин жана коомчулуктун көз алдында болуп келген жетекчинин өмүр таржымалы жөнүндө маалымдалып келген. Саматкул Максымбеков Чаткал, АлаБука райондоруна, областка, республикага таанымал инсан, ишти уюштура билген жөндөмдүү жетекчи, Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер.

С.Максымбеков Кыргызстандын айыл чарбасынын өсүп-өнүгүшүнө өзүнүн салмактуу салымын кошкон, өзгөчө Чаткал районунун район болуп түптөлүшүнө алгачкы жандуу аракеттерин, демилгелерин багыттап келген. Буга аргументтер жана фактылар бар.

Токтоло кетсек, 1971-жылы Кыргызстан КПБК менен Кыргыз ССР Министрлер Советинин кошмо Токтому чыккан. Кошмо Токтомдо Чаткал өрөөнүнүн кылымдар бою айдалбай жаткан дың жерлерин өздөштүрүү жана элдин социалдык-экономикалык абалын жакшыртуу, мал-чарба продукциясын көбөйтүү маселеси көтөрүлгөн. Токтомдун негизинде Чаткал машиналаштырылган мал чарба станциясы (МЖС) уюштурулган. Бул Токтомдун аткарылышы боюнча Чаткал МЖСне кадр тандоо болот.

Ала-Бука райком партиясы, Ош обком партиясы Саматкул Наркулович Максымбековду Кыргызстан БКга Чаткал МЖСне директорлук кызматка сунуш кылат жана бекиткен. Анан МЖСти өнүктүрүүгө, ага тоют базасын кеңири түзүүгө, калктын тамак-ашка карата болуп жаткан талабын канаттандырууга, кыштактар аралык катнашты жакшыртуу үчүн шарт түзүүгө, Жаңы-Базар, Башкы-Терек, Киров жолдорун жакшыртууну жүзөгө ашырууга аракеттерин жумшай баштайт. Ошондой эле "Бизге, МЖСке иштөөгө келгиле, жаштар!"-деген үндөө менен жаштарды ишке чакырат. 1500 гектар айдалбай жаткан жер өздөштүрүлгөн.

Башкы-Терекке 416 тонна үрөн, анын ичинен 32 тонна буудай, 61 тонна эспарцет, арпа жана башка үрөндөр жеткирилген. Чаткалдын оор, катаал шарттарында, кыйын жолдорунда Саматкул Максымбеков өзү башында болуп, жолдо, белде, талааларда түнөшүп, кар баскан үйлөрдө жатышып, 2 «Урал» автоунаасы, 2 бульдозер жеткирилген. Ошондой эле 1972-жылы 6 "ДТ-75, 8 "К-700" тракторлору, 5 "Т-74" бульдозерлери жана башка техникалар, үрөн сепкичтер жеткирилген. "Ийгилик издегенге ийилет"-деп айтылгандай Саматкул Максымбековдун жөндүү ишаракеттери, демилгелери, уюштурууучулук жөндөмдүүлүктөрү менен МЖСте иш кызуу жүрө баштаган. Директор ишке механизаторлорду жана ар түрдүү кесиптеги жумушчуларды тартуу боюнча демилге көтөргөн. Натыйжада 30 механизатор, 70ке жакын ар түрдүү кесиптеги жумушчулар ишке тартылып эмгектене башташкан.

Алардын иштөөсү үчүн жакшы шарттар түзүлгөн.

Жаңы иштер пландаштырылган. Ал мезгилде Чаткалдын ички жолдору салынып башталган.

Жаңы-Базар-Башкы-Терек-Кировка таш жолу салына баштаган. Бул жолдор 15 миң гектар жерди толук өздөштүрүүгө жол ачкан. Ак-Таш, Айгыр-Жал, КанышКыя кыштактарын бири-бири менен байланыштыра баштаган. Бул кыштактар Чаткал дарыясынын өйүз-бүйүзүндө болгондуктан аларга көпүрө салуу пландаштырылган. Чаткал жемдин базасына айланган.

Чандалаш, Коргон-Төбө, Чакмак сыяктуу көптөн бери айдалбаган жерлерге арык казуу иштери башталган. Чаткал байлыкты көбөйтүүнүн мүмкүнчүлүгү болуп калган. Саматкул Максымбеков жетекчилик иши менен, эмгеги менен элге көрүнө баштаган. Тактап айтканда, 1972-жылы пландаштырылган 1500 гектар жер толугу менен өздөштүрүлгөн. 1300 гектар жерге арпа, 200 гектарга буудай, 600гектарга эспарцет айдалган. Өндүрүлгөн дан эгиндери ошол мезгилдеги Ала-Бука, Жаңы-Жол райондорунун колхоз, совхоздоруна жеткирилип турган. 1973-жылы Чаткал өрөөнүндө 2600 гектарга эгин айдалган. Жыл өткөн сайын өндүрүлгөн эгинди көп алуу үчүн Саматкул Максымбеков башында турган жаңы жердин азаматтары катуу күрөшө баштаган. Алардын күрдөөлдүү күрөшү ийгиликтерди жаратып, айыл чарба майданында жакшы жетишкендиктерге, жаңы жеңиштерге жеткирген. Саматкул Максымбеков өзү эскерип айткандай, бул жетишкендиктерге Ала-Бука, Жаңы-Жол, Ноокат райондорунан, ошондой эле Өзбекстандан, Казакстандан келип иштешкен жаштардын салымы чоң болгон.

МЖСтин борбору болгон Башкы-Теректе иш жаңыдан башталганда курулушу, имараты жок, ээн жерде Саматкул Максымбеков жетектеген жумушчу топ, адистер алгач чатырларда, вагон үйлөрдө туруп башташкан иштеринин натыйжасында Башкы-Теректин көрүнүшү кийинчерээк таптакыр башкача боло баштаган.

Ал жерде үйлөр, жатаканалар, чабандар үчүн үйлөр, кашарлар курулган. Вагон-үйлөр орнотулган. Мунун бардыгы жетекчинин иштин көзүн билгендигине, ишти уюштура билүүсүнө, анын камкордуктуу жана перспективалуу иш-аракеттерине, анын оптимизмине байланыштуу болот эмеспи.

1978-жылы Чаткал МЖСнин базасында уюштурулган Башкы-Терек совхозунун директору болуп иштеген. 1980жылдан 1983-жылга чейин эл депутаттарынын Чаткал райондук аткаруу комитетинин төрагасы болуп элге кызмат кылган. “Эр эмгегин эл эстен чыгарбайт” демекчи, 1971-1983-жылдар аралыгындагы Чаткал өрөөнүн өздөштүрүүгө, анын социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон салымдары үчүн Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын жана райондук Кеңешининин биргелешкен Токтомунун негизинде 2006-жылы “Чаткал районунун ардактуу атуулу” наамы ыйгарылган.

Саматкул Наркулович Максымбеков Кыргыз Республикасынын айыл чарба тармагындагы жараткан ийгиликтери, күжүрмөн жана үзүрлүү эмгеги үчүн 1999-жылы КР Президентинин Жарлыгы менен “Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер” жогорку наамынын ээси болгон. Ошондой эле бир нече мамлекеттик жогорку сыйлыктарга татыктуу

болуп келгендигин айтпай кетүүгө болбойт. Атай кетсек: “Ардак белгиси” ордени, “Күжүрмөн эмгеги үчүн” медалы, “Юбилейный”, “Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү-1973” төш белгилери жана башка бир топ баалуу белектер, эстелик буюмдар менен сыйланган.

“Баатырды баатыр кылган жубайы” демекчи, каарманыбыздын өмүрлүк жубайы Тотубү эне Саматкул ата кайсы жакта, кандай кызматта иштесе да жанында болуп, үй бүлөнүн коломтосун тутантып, эң жакын колдоочусу болуп келүүдө.

Тотубү Максымбекова 1950-жылы Ала-Бука районунун Кара-Үңкүр кыштагында колхозчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн.

1968-жылы Ала-Бука районунун 1-Май орто мектебин ийгиликтүү аяктаган соң, ошол эле жылы колхоздун жолдомосу менен Жалал-Абад шаарындагы №1-кесиптик техникалык окуу жайына жөнөтүлүп, аталган окуу жайынын эсептик тайпасына тапшырган.

Тотубү эне окуу жайында жакшы окуп, аны ийгиликтүү аяктап, алдыңкы студент катары сыйлыкка кол саат менен сыйланган. Каарманыбыз тууралуу ошол кезде “Ленин жолу” гезитине макала да чыккан.

Окууну аяктап келген соң, алгач эмгек жолу 1969-жылы 1-Май колхозунун эсеп бөлүмүндө эмгек эсептөө эсепчиси болуу менен баштаган.

Алгач иштеп баштаганда эле алдыңкы кызматкерлердин катарына кошулуп, өзүнүн жооптуу кызматын менен бирге эле жаштардын комсомол уюмунда, аялдар кеңешинде эмгектенген.

Жубайы Саматкул Максымбеков Чаткалга жооптуу кызматка которулганда үй бүлөсү менен көчүп келип, Башкы-Теректе жашап калышат. Тотубү эне мында 1971жылы Башкы-Терек МЖСине эсепчи болуп бекитилген. Ал учурда Чаткалда кол күчү жетишпей, колунда каруусу барлар талаа-түзгө дыйканчылык кылууга, тоют даярдоого тартылган. Тотубү эне да башкалардан калышпай, эл менен кошо чөп жыйнашып дегендей, кара жумушта да тартынбай иштеп, Чаткал өрөөнүнүн дың жерлерин өздөштүрүүгө өз салымын кошо алган.

Чаткалда эмгектенген он үч жыл аралыгында Тотубү эне “Союзпечать” мекемесинде уюштуруучу, даярдоо мекемесинде материалдык эсепчи кызматтарын аркалаган.

1984-жылы Саматкул Максымбеков Ала-Бука районуна кызматына байланыштуу которулуп келген соң, Тотубү эне 1-Май колхозунун Ала-Бука айылдык советинде эсепчи кызматында эмгектенген.

Тотубү Максымбекованын мамлекет жана коомчулук алдында сиңирген эмгеги жогору бааланып, райондук, облустук бир нече “Ардак Грамоталар”, баалуу сыйлыктар жана “За доблестный труд в ознаменование 100 летия со дня рождения В. И. Ленина” медалы менен сыйланган.

2008-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Учурда баатыр жубайлар Ала-Бука айылында мамлекет жана коомчулук үчүн жасаган ак эмгектеринин үзүрүн көрүп, эл алдында жүздөрү жарык ынтымактуу жашоо кечиришүүдө.

# Дың жерлерди өздөштүрүүгө зор салым кошкон



1950-жылдардан баштап Чаткал өрөөнү өздөштүрүлүп баштаганда ошондогу Кыргыз ССРинин аймагында “Чакырат жашты Чаткалым” аттуу ураан жаңырып, ондогон жигердүү жаштар Чаткал өрөөнүнүн дың жерлерин өздөштүрүү үчүн келишкендиги белгилүү. Алардын көпчүлүгү өз мезгилинде Чаткалга зор кызмат кылышып, кайра кетишсе, айрымдарын Чаткал өрөөнүнүн бе-рекелүү туз насиби кое бербей, жергиликтүү калк менен жуурулушуп, чаткалдык болуп жашап калышты. Ошондой инсандардын бири Исманалы Манасов.

Исманалы Манасов 1950-жылы Ала-Бука районунун КөкСерек айылында төрөлгөн. Шакафтар шаарчасындагы В. И. Ленин атындагы мектеп интернатында окуп, орто мектепти аяктаган. 1972-жылы Ош шаарындагы айыл чарба техникумуна окууга тапшырып, 1974-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, агроном кесибине ээ болот.

Окууну аяктаары менен Ош облусунун Кара-Суу районундагы айыл чарба жаатындагы тажрыйбалык станциясына жумушка кабыл алынган. Ал жерде бир жыл иштеп, 1975-жылы үй бүлөсү менен Чаткалга көчүп келген. Ал учурда Башкы-Терек совхозу болуп, анда айтылуу инсан Саматкул Максымбеков директор эле.

Исманалы Манасов Чаткалга келип, Башкы-Терек совхозуна талаа эсепчиси кызматына бекитилген.

БашкыТерек совхозунда ошол жылдарда Исманалы Манасов сыяктуу Сузак, Ноокен, Баткенден келген ар кайсы кесиптеги жаштар жигердүү эмгектенишкен.

Алгач келген 1975-жылы Башкы-Терек совхозунда 2400 гектар дың жер өздөштүрүлгөн. Бул ишке албетте, айыл чарбасы боюнча адис катары Исманалы Манасовдун эмгеги чоң эле. Ал учурда Башкы-Теректе адамдар отурукташа элек, башкача айтканда, азыркыдай айыл орной элек кез болгон.

Аталган кызматта үч жыл иштеген соң, 1978-жылы совхозго башкы агроном кызматына дайындалган.

Ошентип, Башкы-Терек жана Чакмак-Суу тараптагы дың жерлер улам өздөштүрүлүп, дыйканчылык аянттары кеңейтилип баштаган. Ал жерлерге буудай жана арпа эгилип, андан мол түшүм алынып, Чаткал өрөөнүнүн асылдуулугу жана баркы жогорулап, республикага тааныла баштаган.

- Башкы-Терек жана Чакмак-Суу тараптагы дың жерлерди өздөштүргөндө, тоо этектериндеги өздөштүрүлгөн талаалардын аталыштарын жердин ыңгайына, жалпы көрүнүшүнө жараша атап кое берчүбүз. Ошол талаалардын азыр эл арасында айтылып келаткан Куу-Тал ж.б. аталыштарынын көбүн мен койгом.-дейт өткөн күндөрүн эскерип олтуруп биздин каарман.

Ал жылдарды Исманалы Манасов республикага белгилүү инсандар-Наби Жапиев, Төрөгелдиев, Саматкул Максымбеков, Темиркул Кошбаевдер менен иштешкен.

Исманалы Манасов 1978-жылы Башкы-Терек совхозунун талаачылык бригадири кызматын которулган. Ал учурда да жигердүү эмгектенип, Чаткал районунун айыл чарбасынын өнүгүшүнө зор салым кошкон. 1980-жылы

райондун айыл чарбасына кошкон зор салымы эске алынып, мамлекет тарабынан Москвич-412 жеңил автоунаасы менен сыйланган. Мындан сырткары райондук, облустук жана республикалык бир топ “Ардак Грамоталардын” жана баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

Ошентип, Башкы-Терек совхозунун талаачылык бригадири болуп 1988-жылга чейин иштеген. Андан соң, 19881990-жылдарда ошол эле совхоздо мал чарбасы боюнча бригадири, 1990-1992-жылдарда бөлүм башчы болуп эмгектенген.

Андан кийин Союз таркап, совхоздор жоюлуп, алардын ордуна айыл чарба бирикмелери пайда болуп баштады. Исманалы Манасов совхоздун бөлүм башчысы кызматын тапшырып, жаңыдан түзүлгөн Башкы-Терек айыл чарба бирикмесине агрономдук кызматына дайындалган.

Исманалы Манасов Башкы-Терек айыл чарба бирикмесинде 2000-жылга чейин эмгектенди. 2000-жылы аталган кызматты тапшырып, Чаткал райондук суу чарба башкармалыгынын Башкы-Терек айылы боюнча гидротехник жумушуна кабыл алынган. Ал жумушта 2005-жылга чейин иштеди.

2005-жылы ал жумушун тапшырып, өз алдынча фермердик ишмердүүлүк жүргүзүүгө өттү. Ал жылдарда фермер болуп, жеке менчик малдарынын санын арттырып, дыйканчылык жаатында аракеттенип, агрономдук кесибин жана көп жылдык тажрыйбасынын аркасында бир топ ийгиликке жетише алган.

2010-жылы Башкы-Терек айылынын калкынын ишенимине ээ болуп айыл башчы кызматына шайланган.

Исманалы Манасов Башкы-Терек айылынын айыл башчысы болуп 2017-жылга чейин эмгектенген. 2017-жылы аталган жооптуу кызматты тапшырган.

2009-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Кийинчерээк Башкы-Терек айылдык аксакалдар сотунун төрагасы болуп шайланып, бүгүнкү күндө аталган жооптуу кызматты аркалап келүүдө.

Ал мындан сырткары жумушсуз олтурбай, райондук суу чарба башкармалыгынын Башкы-Терек айылы боюнча гидротехник милдетин аткарууда. Буга кошо эле, КанышКыя айыл аймагынын жайыт комитети менен агроном катары кызматташып, 20 гектар арпа, 10 гектар буудай аянттарын көзөмөлдөөдө.

Исманалы Манасов өмүрлүк жубайы Митабар Арапова менен элүү жылга чукул ынтымактуу өмүр сүрүшүп, алты уул, үч кыздуу болушуп, уул-кыздарынан жыйырма төрт небере жана эки чөбүрөлүү болушту.

Учурда жетимиштин кырына барса да тыным албаган Исманалы Манасов райондун коомдук турмушуна активдүү аралашып, ишмер инсан жана кадырлуу карыя катары район калкынын арасында зор кадыр-барк тапкан кези.

# Айыл чарбасына көрүнүктүү эмгек сиңирген инсан



Чаткал районуна белгилүү инсандардын бири Нурмат Молдобеков жаш кезинде райондун айыл чарбасынын өнүгүшүнө өзүнүн көрүнүктүү салымын кошо алган. Учурда каармыныбыз райондогу ардактуу инсандардын бири болуп эсептелет.

Нурмат Молдобеков 1936-жылы 4-январда Чаткал өрөөнүнүн Чандалаш селсоветинин Коргон-Төбө айылында дыйкандын уй бүлөсүндө төрөлгөн.

1956-жылы Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебинен 10-классты аяктаган.

1956-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Украинанын Воронеж областынын Новохоперский шаарында химиялык коргонуу аскерлеринин катарында үч жыл кызмат өтөп, 1959-жылы кайтып келген.

1960-жылы Токмок шаарындагы Айыл чарба механизациялаштыруу жана электрификациялаштыруу техникумуна тапшырып, аталган окуу жайын 1963-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Окууну аяктаган жылы Чаткал совхозунун №3 фермасына механик жумушуна кабыл алынып, алгач эмгек жолун баштаган.

Аталган кызматта жети жылдай эмгектенип, 1970-жылы Чаткал совхозунун механик-бригадири кызматына дайындалган.

Ал эми, 1982-жылы Чаткал совхозунун башкы инженерлик кызматына дайындалган.

1985-жылы райондук №46 кесипчилик техникалык окуу жайына өз кесиби боюнча мугалимдик кызматка кабыл алган.

Аталган окуу жайында жаш кесип ээлерине билимтарбия берип, устат-мугалим болуп он жылдан ашуун үзүрлүү эмгектенген.

1997-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Тийиштүү жогорку жетекчиликтин тапшырмаларын зор жоопкерчилик менен аткарып, мамлекеттин жана коомчулуктун ишенимине ээ болуп бир топ баалуу сыйлыктарды алууга жетишкен. Атай кетсек, 1982-жылы Чаткал совхозу тарабынан "Ардак Грамотасы" менен, 1993-жылы райондук №46 кесипчилик техникалык окуу жайынын "Ардак Грамотасы" менен, 1994-жылы Жалал-Абад областынын кесиптик билим берүү башкармалыгынын "Ардак Грамотасы" менен, ал эми 1995-жылы "Кыргыз Республикасынын кесиптик техникалык билим берүүсүнүн отличниги" төш белгиси менен сыйланган.

Нурмат Молдобеков 7 уул, 3 кызын тарбиялап өстүрүү менен бирге, алардын баарына жогорку билим алып берип, уул-кыздарынын баары турмуш жолдорун табышкан.

Улуу уулу Молдобеков Кутманбек Чаткал районунун билим беруу тармагында көп жылдан бери жаш муундарга кесиптик жана орто билим берүүдө үзүрлүү эмгектенип келет.

Каарманыбыз өмүрлүк жубайы Сейдегүл эне экөөсү азыркы учурда 7 уул, 3 кыздын сыйлуу ата-энеси, 40 небере

жана 2 чөбүрөнүн ардактуу чоң ата, чоң энеси болушуп бактылуу өмүр кечиришүүдө.

## Элеттен чыгып жогорку кызматтарды аркалап...



Каарманыбыз 1968-жылы Чаткал районунун Ак-Таш айылында жарык дүйнөгө келген.

1990-жылы Жалал-Абаддагы зооветтехникумун ийгиликтүү аяктап, техник-электромеханик кесибине ээ болгон.

Окууну аяктаган соң, элеттик көп жаштардын бириндей өз тагдырын сыноо үчүн борбор шаарга жөнөп, өз кесиби боюнча жумуш таап орношкон. Ошентип, алгач эмгек жолу Бишкек шаарындагы "Кыргызавтомаш" өндүрүштүк бирикмесинде электромонтер болуу менен башталган.

Аталган ишканада беш жылдай иштеген соң, 1994жылы "Ош базары" соода рыногунда алгач электр монтажчы, кийинчерээк борбор калаанын "Фарад" акча алмашуу бюросунда кассир-оператор кызматын аркалап баштаган.

Ал ортодо И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик педагогикалык университетине окууга тапшырып, 2007жылы аталган жогорку окуу жайынын финансы жана кредит факультетин ийгиликтүү аяктап "финансылык менеджмент" адистигине ээ болгон.

2008-жылы КР. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин финансы башкармалыгынын бухгалтерлик эсеп жана отчеттуулук адиси кызматына дайындалган. Ал эми, ошол эле жылдын апрель айында КР. Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Жалал-Абад көчмө механизацияланган отрядынын башкы бухгалтерлик кызматына дайындалып, ошол жылдын август айына чейин иштеген.

2009-жылы кызматын тапшырып, жеке ишкерлик тармагына өтүп, 2011-жылга чейин жеке ишкерлик менен алектенген.

2011-жылы кайрадан жооптуу кызматка дайындалып, КР. Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыгынын биринчи орунбасары кызматын аткарып баштаган.

Ал эми, 2012-жылдын март айында КР. Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыгынын имаратты пайдалануу жана коммуникациялар бөлүмүнүн башчылыгына дайындалып, аталган жооптуу кызматта бүгүнкү күнгө дейре иштеп келүүдө.

Базарбай Мусабеков Жогорку Кеңештин Иш башкармалыгы мекемесинде иштеген мезгилде өзүн кесипкөй, кызматтык милдеттерине жогорку жоопкерчилик менен мамиле кылган, талыкпай натыйжалуу иштеген, аракетчил, уюштуруучу, жумушунда жаңы усулдарды пайдаланууга аракеттенген жетекчи катары көрсөтүп келет.

Мамлекет алдында өтөгөн ак кызматы үчүн бир топ жогорку даражадагы сыйлыктардын ээси болгон. Айта кетсек, 2016-жылы КР. Жогорку Кеңешинин төрагасынын кол тамгасы түшүрүлгөн кол сааты менен сыйланган. Ошол

эле жылы КР. Жогорку Кеңешинин Иш башкармалыгынын "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

2017-жылы Президенттин жана КР. Өкмөтүнүн иш башкармалыгы менен тыгыз үзүрлүү иш алып баргандыгы жогору бааланып, КР. Президентинин жана КР. Өкмөтүнүн "Грамотасына" ээ болгон. Ошол эле жылы "КР. Жогорку Кеңешинин 70 жылдыгы" маарекелик медалы менен сыйланган.

2018-жылы Улуттук энергохолдингдин "Тармакты өнүктүрүүгө кошкон салымы үчүн" төш белгиси менен сыйланган. Ошол эле жылы көп жылдык үзүрлүү эмгеги, Кыргыз Республикасында парламентаризмди өнүктүрүүгө кошкон олуттуу салымы үчүн КР. Жогорку Кеңешинин "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

2019-жылы КР. Ички иштер органдары менен тыгыз иш алып баргандыгы үчүн "Кыргыз Милициясына 90 жыл" маарекелик медалы менен сыйланган.

Мусабеков Базарбай Абдыкеримович өзүнүн бараандуу эмгек жолунда ар дайым өзүнүн мыкты сапаттарын көрсөтүп, кызматтык милдеттерине жогорку деңгээлдеги жоопкерчилик менен мамиле кылып келет.

Ал өзүнүн демилгечил, уюштуруучу жана талыкпаган эмгекчил сапаттары менен коомчулукка тегиз таанылып, жөнөкөй инсан жана мыкты мамлекеттик кызматкер катары мамлекет жана коомчулук алдында чоң жоопкерчилик менен ак кызмат өтөп келүүдө.

# Чаткалдыктарга белгилүү “Өмүр сакчысы”



Бүгүнкү күндө илимий-техникалык прогресс мурда болуп көрбөгөндөй өрүш алып, техниканы мындай кой, адамдын айрым дене бөлүктөрү кадимкидей алмаштырылып жаткандыгына күбө болуп, таңгалып жетише албай турган чагыбыз. Ошентсе да, мындан 30-40 жыл илгерки ар тармактын кадрларынын иш тажрыйбасы жана даанышмандыгы тууралуу эл арасында көп айтылып,
алардын калк үчүн жасап кеткен опол тоодой эмгектери аңыз кепке айлангандыгын моюнга алуубуз парз. Мындай көрүнүктүү инсандар буга чейин Чаткал районунда да эмгектенишип, райондун ар тармагында жана эл эсинде көрүнүктүү из калтырышты. Дал ушундай инсандардын бири, таанымал ак халатчан дарыгер Бермет Муратбекова болуп саналат.

Бермет Муратбекова 1944-жылы 24-сентябрда АйгырЖал айылында жумушчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн.

1950-жылы Айгыр-Жал айылдык мектебине 1-класстын босогосун аттап, 1960-жылы 10-классты Жаңы-Базар айылдык мектебинен аяктап, орто билимге ээ болгон. Андан соң, Жалал-Абад медициналык орто окуу жайына тапшырып, аны 1963-жылы ийгиликтүү аяктап, медайым кесибинин ээси болуп чыккан.

Бермет Муратбекова медициналык орто окуу жайын аяктаган соң, алгач эмгек жолун 1963-жылдын 6-майынан Ала-Бука райондук бейтапканасынын балдар бөлүмүнүн

медайымы болуу менен баштаган. Андан көп өтпөй эле, тактап айтканда, ошол эле жылдын 1-июнунда Ала-Бука районунун Кызыл-Ата айылдык ФАПынын башчылыгына бекитилген. Аталган жооптуу кызматта үч жыл эмгектенип, 1966-жылдын 1-октябрында Жапа-Салды айылдык ФАПынын башчылыгына которулган. Мында аз гана убакыт иштеп туруп, ошол эле жылдын 13-декабрында Чаткал райондук ооруканасына которулуп, мында иштеп баштаган. Ал эми, аз убакыт өтпөй 1967-жылдын 6-январында Айгыр-Жал айылдык ФАПынын башчылыгына дайындалган.

Бермет Муратбекова бул ирет аталган жооптуу кызматта жыйырма жылдан ашуун мезгил эмгектенген.

Ал мезгилде, биз сөз башында белгилегендей, азыркыдай илимий-техникалык жетишкендиктер жок, айылдагы бейтаптарга жөө-жалаң барып, алыскы тоодогу малчыларга ызгаардуу кыш болобу, жадыраган жаз болобу, ат менен барып, алардын ден соолугуна кам көрүп келген. Ал учурда бейтаптардан автоунаа менен кабар алуу маселеси чындыгында, түшкө да кирбегендиги анык. Ошентсе да, Айгыр-Жал ФАПына бөлүнгөн аймакты дары-дармегин көтөрүп жалгыз кыдырып, бейтаптарга өз убагынан кечиктирбей медициналык жардам көргөзүп, элдин ишенимине ээ болуп, калк арасынан кадыр-барк тапкан.

Бермет Муратбекованын дарыгер катары терең билими жана чоң тажрыйбасы өбөлгө болуп, бейтаптарга азыркыдай медициналык аппараттарсыз эле так аныктама берип, айрыкча оорукчан, же кош бойлуу аялдарга жетишээрлик кам көрүп, эч кандай керектүү шарттары жок

мезгилдерде төрөт кабыл ала билип, далай наристелердин "Киндик энеси" болууга жетишкен.

Бул жылдарда биздин каарман эл менен тыгыз иштешип, алган билими менен топтогон иш тажрыйбасын айкалыштыра иштеп, калктын саламаттыгын сактоо жаатында жан үрөп иштеп, ондогон адамдардын ден соолугунун оңолушуна ак халатчан дарыгер катары түздөн-түз себепчи болгон.

1989-жылдын 1-ноябрында Айгыр-Жал айылдык бейтапканасына акушерка кызматына дайындалып, өмүрүнүн аягына чейин аталган мекемеде эмгектенген.


Бермет Муратбекова өзүнүн бараандуу эмгек жолунда мамлекеттин жана элдин зор ишенимине ээ болуп, чоң кадыр-барк таба алган. Район калкынын саламаттыгына кошкон зор эмгектери көз жаздымда калбай, бир нече абройлуу сыйлыктардын ээси болгон. Жогорку категориядагы акушерка катары райондук, облустук жана республикалык "Ардак Грамоталардын" ээси болууга жетишкен. Атап айтканда, 1986-жылдын 20-августунда СССР Жогорку Советинин Президиумунун указы менен "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалы менен сыйланган. 2008-жылы Чаткал райондук аялдар кеңеши тарабынан "Даанышман эне" ардактуу наамы берилген. Элдин ишенимине ээ болгон инсан катары бир нече жолу айылдык жана райондук кеңештердин депутаты болуп шайланган.

Бермет Муратбекова жооптуу иши менен бирге эле, үй бүлөсүн да тың караган инсан болгон. Ал жалгыз бой эне болсо да, тогуз уул-кызын татыктуу тарбиялап, элден кем кылбай жогорку окуу жайларына окуткан. Уулкыздарынан отуз тогуз неберелүү болду.

2012-жылдын 5-апрелинде 68 жашында ааламдан өткөн.

Белгилүү дарыгердин өрнөктүү өмүр жолу дале эл арасында мисал катары айтылып, эл үчүн жасап кеткен опол тоодой эмгеги элдин эсинде сакталып келүүдө.

# Белгилүү агартуучу Мырзагулов Кочкор



Чаткал өрөөнүнөн аты алыска угулган агартуучулар көп чыккандыгы баарыбызды сыймыктандырат. Алардын терең билим берип, келечек муундарга билим жолун куруп бергендигинен улам, Чаткал жаштары илим-билимдүү болушуп, азыркы учурда республикабыздын төрт тарабында калкка кызмат көрсөтү-шүүдө.

Чаткал районунун агартуу тармагынын белгилүү өкүлдөрүнүн бири Кочкор Мырзагулов экендиги талашсыз.

Кочкор Мырзагулов 1938-жылдын 10-майында АйгырЖал айылында жарык дүйнөгө келген. 1963-жылы ЖалалАбаддагы педагогикалык окуу жайын аяктап, мугалимдик кесиптин ээси болгон. Окуу жайын ийгиликтүү аяктаган соң, алгач эмгек жолу Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектебинен башталган. Тактап айтканда, аталган мектептин башталгыч класстарына билим берип баштайт. Кочкор Мырзагулов аталган мектепте 3 жыл иштеген соң, 1966-жылы Кызыл-

Токой орто мектебине башталгыч класстар мугалими болуп которулган.

Биздин каармандын андан аркы бараандуу эмгек жолу уланып, өз ишин так аткарган жоопкерчиликтүү кадр катары ишеним артылып, башка чарбалык жооптуу кызматтарга дайындала баштайт. Мында алгач Чаткал райондук комсомол комитетинде иштеген. Андан соң, бир канча мезгил дүкөнчү жана кампачы болуп иштеп, Айгыр-Жал айылындагы Чапаев айылдык мектебине директорлукка бекитилген.

Кочкор Мырзагулов чыныгы тоолук кыргыз жигити катары ат жалында эркин ойноп, тойлордо жана чоң маарекелерде улак чаап, балбан атыккан да өнөрү бар экенин сөз арасында айта кетүүгө тийишпиз. Кочкор абанын чоң уулу Ормонхан атасын тартып алгач улак оюнунун ышкыбозу, кийинчерээк чоң улакчы болуп, Чаткал, Ала-Бука жана Аксы жергесине белгилүү болуп баштаган. Ал райондор аралык чоң маарекелерде жана тойлордо мыкты улакчы катары байгелерди алып, Ормонхан балбан атыккан. Тилекке каршы, Ормонхан балбандын өмүрү кыска экен, 1997-жылы кайтыш болуп калган. Ал жаш болсо да алыска аты угулуп калгандыктан, айылдаштары балбандын аты өчпөсүн деп, 2019-жылы өзү жашаган көчөгө ысымын ыйгарышкан.

Кочкор Мырзагулов өмүрлүк жубайы Рысбүбү экөөсү 1959-жылы баш кошушуп, бирге түтүн булатып келишүүдө. Алар 11 уул-кызды тарбиялап, эрезеге жеткиришти. Рысбүбү энеге мамлекет тарабынан “Баатыр Эне” ардактуу наамы ыйгарылып, 1978-жылы сыйлыкка “Москвич” жеңил

автоунаасы берилген. Учурда 46 небере жана 60 чөбүрөсү бар.

Кочкор Мырзагулов азыр Жараткан берген бараандуу өмүрүнүн сексен экинчи белесин ашып, өмүрлүк жары Рысбүбү экөөсү карылыктын алтын доорунда жашап жаткан кездери.

## Ички иштер тармагына албан эмгек сиңирген



Чаткалдан кезинде ички иштер тармагынын ондогон чыгаан өкүлдөрү чыгып, алар өз мезгилинде республикалык коомчулуктун бейпилдигине кызмат өтөп, өлкөбүздө мыйзамдын жана туруктуулуктун сакталышына албан салымдарын кошушкан. Булар-Кыргыз милициясынын чыгаандарынын бири Сатымкул Оморов, Сартбай Темиров, Абылкасым Алымкулов жана башка бир топ азаматтар. Булардын учугу үзүлбөй, азыр да районубуздан чыгаан ички иштер кызматкерлери чыгып, элдин жана мамлекетибиздин бейпилдиги үчүн кызмат кылып жаткандыгын билебиз. Биз кеп кылчу инсан, өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарында ички иштер

органдарында көрүнүктүү кызмат кылган Амиракул Нарбеков тууралуу болмокчу.

Амиракул Нарбеков 1941-жылдын 5-майында Чаткал районунун Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген.

Айгыр-Жал айылындагы жети жылдык мектебинен 7классты аяктаган соң, окуусун Фрунзе шаарындагы №5 кыргыз тилдүү мектептен улантып, аталган мектепти 1960-жылы аяктаган.

Каарманыбыздын алгачкы эмгек жолу орто мектепти аяктаган жылы Фрунзедеги физикалык прибор жыйноочу заводдо прибор жыйноочу болуп иштөө менен башталган.

Аталган заводдо үч жылдай иштеген соң, 1962-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин химия факультетине тапшырган. Аталган жогорку окуу жайын 1967-жылы ийгиликтүү аяктаган.

Жогорку билим алып, жаңы кесипке ээ болгон Амиракул Нарбеков ошол эле жылы Кыргызстан топурак таануу илим изилдөө институтуна илимий кызматкер кызматына кабыл алынган.

Амиракул Нарбеков аталган илим изилдөө инстутутунда үч жылдай эмгектенип, 1969-жылы Ала-Бука районуна келип, Ала-Бука орто мектебине химия сабагынын мугалими болуп жумушка орношкон. Аталган мектепте өз кесиби боюнча алты жылдай иштеген.

1975-жылы каарманыбыздын эмгек жолунда бурулуш болуп, башка тармакка жумушка чакыртылган. Тактап айтканда, Ала-Бука райондук партиялык комитети тарабынан АлаБука райондук ички иштер бөлүмүнүн жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн инспектору кызматына бекитилген. Аз өтпөй эле, ушул эле кызматтын

башчысы, кийинчерээк участкалык инспектор кызматтарында иштеген.

Ала-Бука райондук ички иштер бөлүмүндө иштеп жүргөн мезгилинде кыраакылык жана ыкчам аракеттенүү менен иш алып барып, ондогон кылмыштардын бетин ачып, кылмыш кылган жерден изин жашырып, качып кеткен кылмышкерлерди кууп, тээ Кыргызстандан сырткары аймактарга чейин тартынбастан барып, таап келген учурлары болгон.

Каарманыбыздын башынан өткөн курч окуяларынын бирине токтоло кетсек, 1976-жылы Чаткал совхозуна тээ Осетиядан он чакты адам келип, кашар куруп иштешет. Ал учурда Чаткал өз алдынча район боло элек, Чаткал өрөөнүнүн баш аягы бир совхоз-Чаткал совхозу аталып, Ала-Бука районуна баш ийген. Ал кезде Чаткал совхозунун директору Умар Сатыбалдиев экен. Осетин улутундагы он чакты адамдан турган бригада Чаткалда жыйырмадан ашуун кашар курат. Ошол учурда Ала-Бука райондук партиялык жетекчиликке Сатыбалдиев Умардын үстүнөн кашарларга бөлүнгөн акчаны жеп койду деген мааниде "тоголок арыз" келип түшөт. Анын натыйжасында Чаткал совхозунун директору Сатыбалдиев Умар партиядан чыгарылып, жумушунан алынат. Ала-Бука райондук ички иштер бөлүмүндө участкалык инспектор болуп иштеп жаткан Амиракул Нарбеков бул иштин аныгына чыгуу максатында Ошто иштеген бир милициянын сержанты менен бирге кашар курган осетин улутундагы жарандарды издеп атайы командировка менен Кавказ жергесине жөнөйт.

Алар самолетко олтурушуп, Фрунзеден туура эле Орусиянын Минеральные воды шаарына учушат да, андан

ары Ордженикидзе шаарына барышат. Кыскасы, Орусиянын жана Кавказ жергесинин бир топ шаарларын кыдырышып, осетин куруучуларды издешип, бирин табышат да, жергиликтүү ички иштер бөлүмүнө тапшырышат. Калгандарын табууга мүмкүн болбойт. Издөө учурунда каны кызуу кавказдыктар менен бет келишип, кыйын кырдаалдардан жол таап чыгышып, аман-эсен кайра келишет.

Келген соң, Умар Сатыбалдиевдин иши Ала-Бука райондук партиялык комитет тарабынан кайрадан каралып, башка жооптуу кызматка дайындалып, мамлекет жана коомчулуктун алдында жүзү жарык болуп, эмгек жолун уланткан.

Амиракул Нарбеков ички иштер кызматында иштеп турганда жана андан кийин мамлекеттин жана коомчулуктун алдында абийирдүүлүк менен өтөгөн зор кызматы үчүн райондук, облустук жана республикалык ондогон баалуу сыйлыктардын ээси болууга жетишкен.

Жаш курагына байланыштуу 1996-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Өмүрлүк жубайы Бейшембиева Батыйна экөөсү турмуштун ар кандай кыйчалыш кырдаалдарында үй бүлөнүн отун өчүрбөй, ынтымакта өмүр сүрүшүп, 3 уул, эки кыз, жалпы беш балалуу болушту. Уул-кыздарынын баары жогорку билим алышып, жооптуу кызматтарды аркалашты. Атап айтканда, улуу уулу Уланбек коопсуздук кызматында, кийинкиси Нурлан ички иштер кызматында, ал эми кичүү уулу Нурдин архитектура тармагында жооптуу кызматтарда эмгектенишүүдө. Кыздарынын бири Айнура Чаткал райондук билим берүү бөлүмүндө эмгектенсе, кичүү кызы Эльнура жеке ишкерлик менен алектенет.

Өзүнүн күжүрмөн эмгекчилдиги жана кесипкөйлүгү менен урмат-сыйга жеткен Амиракул Нарбеков учурда ардактуу эс алууда.

# Айыл чарбанын көрүнүктүү ишмери



Каарманыбыз Эргешбай Нармырзаев учурда Чаткал эли кадырлап, сыйлаган ардактуу карылардын бири болуп саналат. Ал жаш кезинде райондун айыл чарбасына көрүнүктүү эмгек сиңирип, өз доорунун билимдүү инсандарынан болгон.

Эргешбай Нармырзаев 1930жылдын 30-майында Чаткал районунун Айгыр-Жал айылында төрөлгөн.

Ал жаш кезинен эле окууга дилгир болуп, мектепте да жакшы окуган. Окуп жүргөн кезинде активдүү болуп, алдыңку окуучулардын катарында болгон. Орто мектепти аяктаары менен жооптуу кызматтарда иштөөгө тартылып, иштеп баштаган.

1930-жылы Чаткал райондук аткаруу комитетинин жалпы бөлүмүнүн башчысы болуп бекитилген. Ал кызматта бир жыл иштеген соң, 1947-жылы Айгыр-Жал айылдык советине катчылыкка дайындалган. Аталган жооптуу кызматта 1948-жылга чейин иштеген.

Андан соң, 1950-жылы райондук финансы бөлүмүнө бухгалтер болуп бекитилген. Каарманыбыз аталган кызматта беш жыл иштеген.

Ал эми, 1954-жылы Жалал-Абаддагы зооветеринардык окуу жайына тапшырган. Аталган окуу жайын 1957-жылы ийгиликтүү аяктап, зоотехник кесибине ээ болгон.

Эргешбай Нармырзаев андан аркы эмгек жолун жаңы кесиби менен улантып, окууну аяктаган жылы Чаткал совхозуна ветеринардык врач кызматына бекитилген. Аталган кызматта жыйырма жылдан ашуун эмгектенген.

1980-жылы жооптуу кызматын алмаштырып, Чаткал райондук камсыздоо бөлүмүнүн улук инспектору, аз убакыт өтпөй бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган. Каарманыбыз бул жооптуу кызматта он жылдай эмгектенген.

1988-жылы кайрадан өз кесиби боюнча жумушун улантып, Чаткал райондук ветеринардык-санитардык отрядынын башчылыгына дайындалган. Аталган кызматта иштеп жүрүп, 1993-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Эргешбай Нармырзаев кайсы кызматта иштесе да, өз ишине так жүрүп, иштин өтөөсүнө чыга билген жана иштин жүрүшүнүн кечеңдешин эч бир жактырбаган.

Каарманыбызга райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон көрүнүктүү эмгеги өз учурунда эске алынып, райондук жана облустук баалуу сыйлыктардын ээси болгон. “Эмгектеги каармандыгы үчүн” медалына татыган. Буга кошо эле, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамы менен сыйланган.

Эргешбай Нармырзаев өмүрлүк жубайы Орозгүл эне он бала төрөп “Баатыр Эне” наамына татыган. Жубайлар беш уул, беш кыз, жалпы он балалуу болушкан. Орозгүл эне

тилекке каршы, 1997-жылы алтымыш бир жашында узакка созулган оорудан улам жарык дүйнө менен кош айтышты.

Эргешбай ата уул-кыздарына татыктуу тарбия берип, жогорку окуу жайларына окутту. Улуу уулу Жакып ички иштер тармагында, кийинки уулу Алтынбек сот тармагында, ал эми үчүнчү уулу Бактыбек курулуш жана архитектура тармагында облустук жана райондук деңгээлдеги жооптуу кызматтарды аркалап келишет. Эки кызы салматтыкты сактоо тармагында эмгектенишет.

Эргешбай Нармырзаев жаштайынан өз алдынча чыгармачылык менен да алектенип келген. Аны көбүнесе Чаткал өрөөнүнүн кооз жаратылышы кызыктырган. Айрыкча, Чаткал өрөөнүнүн дарылык касиетке ээ жапайы өсүмдүктөрү тууралуу өз алдынча изилдөө жүргүзгөн. Көп жылдык изилдөөсүнүн натыйжасында жазган “Дартка даба өсүмдүктөр” аттуу жыйнагын басмадан чыгартууга жетишкен. Аталган жыйнак окурмандардын жылуу кабыл алуусуна арзыган.

Эргешбай Нармырзаев район тургундарына ички дүйнөсү кенен, ой жүгүртүүсү бийик инсан катары да белгилүү. Райондо өткөн ар кандай маданий-массалык иш чараларда Эргешбай Нармырзаевге кыргыз элинин улуттук көөнө накыл кептеринен жана акыл-насааттарынан куралган ак батасын берүүсүн өтүнүшүп, узакка созулган, көркөм сөз менен куюлушкан ак батасын алышат.

Токсон жаштын босогосун аттаган Чаткал районунун ардактуу атуулу Эргешбай Нармырзаев учурда райондогу маданий иш чаралардын эң кадырлуу конокторунун бири катары урмат-сыйдын үстүндө карылыктын доорун сүрүүдө.

# Беделдүү кызматтарды аркалаган белгилүү жубайлар



Турмушта негизинен, жубайлардын экөөсү тең элдин жүгүн аркалап, беделдүү кызматтарда жүргөн учур аз санда кездешет. Мындай шарт жаралган учурда көбүнесе, бири экинчисине жол берип, кийин-киси кызматтык жогорулоону үй бүлөлүк кызыкчылыктан төмөн коюп, үй тирилиги менен алектенип калган учурлар да болот. Биздин төмөндө кеп кылчу жубайлардын экөөсү тең биргелешкен жекече жашоолорун да өксүтпөй өргө тартып, мамлекеттик жооптуу кызматтарын да жоопкерчиликтүү аткарып келаткан инсандар болуп саналат. Буларбелгилүү архитектор Нармырзаев Бакытбек Эргешович менен Чаткал райондук Жарандык абалдын актыларын каттоо (ЖААК) бөлүмүнүн башчысы Ибраева Гүнөтай Жоошбековна.

Алгач Бакытбек Нармырзаев тууралуу кеп кылсак, ал 1965-жылы 17-декабрда Чаткал районунун Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген.

1983-жылы Айгыр-Жал айылындагы Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебин аяктаган соң, аскердик милдетин өтөөгө чакырылат. Аскердик кызматка барганда аскердик байланыш кызматына бөлүгүнө тандалып алынат да, аскердик радиостанциянын башчысы болуп дайындалат.

Аскердик кызматтын аягына дейре аталган жоопкерчиликтүү кызматты аткарат.

Аскерден келген соң, Фрунзедеги курулуш техникумуна окууга тапшырып, аталган окуу жайын 1988-жылы аяктайт. Окууну аяктаган жылы алгач эмгек жолун Чаткал райондук архитектура жана курулуш бөлүмүнө инженер сметчик жумушуна кабыл алынат. Ал жылдары Орусиянын Томск шаарынан архитектура кесиби боюнча жогорку билим алат.

Аталган кызматта төрт жыл иштеп, 1992-жылы ошол эле бөлүмгө долбоорлоочу жана инженер АПЗ кызматына которулат. Анда эки жыл иштеген соң, 1994-жылы аталган бөлүмдүн башчысы, тактап айтканда, Чаткал районунун башкы архитектору жооптуу кызматына дайындалат.

Бакытбек Нармырзаев бул жооптуу кызматта он алты жыл эмгектенди.

2010-жылы бул кызматты тапшырып, 2012-жылы район аймагында иштеген "КЖК" ААКына техникалык коопсуздук инженери кызматына бекитилди.

Аталган кызматта үч жыл иштеп, 2015-жылы кызматты тапшырып, кийинчерээк "Долбоор-Курулуш" ЖЧКсын негиздеп, азыркы учурда аталган ишкананын башчысы болуп эмгектенип келүүдө.

Архитектуралык жумуш ар ким эле жөндөп кете бербей турган татаал жана жоопкерчиликтүү жумуш экендиги айтпаса да белгилүү. Бакытбек Нармырзаев өз кесибин сүйгөндүктөн жана шык-жөндөмү жетиштүү болгондуктан, өз кесиби аркылуу Чаткал районуна гана эмес, райондон сырткары аймактарга чейин кызмат кылып келүүдө.

Бүгүнкү күнгө чейин Бакытбек Нармырзаев чийген долбоорлор аркылуу Чаткал району боюнча он бала бакча,

тогуз мектеп жана он үч мекеме заманбап түргө келтирилип, капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүлдү. Ал эми, 2018жылы курулган райондук прокуратура кызматкерлеринин турак үйүнүн долбоору Бакытбек Нармырзаев тарабынан даярдалып берилген.

Мындан сырткары, коңшулаш Ала-Бука районунун эки мектеби жана эки мекемесинин капиталдык оңдоп-түзөө иштеринин долбоорлору Бакытбек Нармырзаев тарабынан даярдалып берилген.

Бакытбек Нармырзаев атайы буюртма менен район аймагындагы жеке жарандардын да жекече турак үйлөрүнүн долбоорлорун даярдап келет. Акыркы мезгилде мода болуп келаткан евро үлгүдөгү үйлөрдүн долбоорлорун даярдоону колго алып, район боюнча жеке жарандарга ондон ашуун турак үйлөрдүн долбоорун даярдап берди.

Жогоруда кеп башында архитектуралык жумуш татаал экендигин айтпадыкпы. Ошондон уламбы, райондогу жаштар арасында бул жумушка кызыккандар жокко эсе. Бул тууралуу Бакытбек Нармырзаев өзү да ырастап;

-Архитектура жумушуна буга чейин кызыгып келген жаштар болгон жок. Кызыккандарга жан дилим менен үйрөтмөкмүн. Албетте, шыгы болсо-дейт. Ошентсе да, райондогу курулуш жаатында кичи ишканаларды ачып иш жүргүзүп келатышкан жаштарга кеңешчи катары билгендерин айтып, курулуш иштери жаатында жол көрсөтүп келүүдө.

Бакытбек Нармырзаевдин өмүрлүк жубайы Ибраева Гүнөтай Жоошбековна жетекчилик дараметы күчтүү, уюштуруучу жана жоопкерчиликтүү кадр жана аракетчил инсан катары район калкына белгилүү.

Ибраева Гүнөтай 1972-жылы 17-февралда Алай районунун Будалык айылында төрөлгөн. Алай районунун Будалык айылындагы мурдагы Кара-Суу, азыркы күндөгү Ж.Кыпыева атындагы орто мектебин 1989-жылы артыкчылык күбөлүк менен аяктаган. Билими жогорку, ОшМУнун филология факультетин бүтүргөн.

Алгач эмгек жолун Чаткал райондук статистика бөлүмүндө иштөөдөн баштаган. Каарманыбыздын Чаткал районуна келип эмгектенип калуусуна Чаткал району жаңы түптөлүп жатканда бир тууган агасынын ушул районго которулуп келип, иштеп калуусу себеп болгон.

1995-жылды Каныш-Кыя айыл өкмөтүндө алгач жөнөкөй кызматкер болуп кабыл алынат. Беш жыл айыл өкмөттө ар кандай кызматтарда иштеп такшалып, 2000-жылы жооптуу катчы болуп бекитилет.

Каныш-Кыя айыл өкмөтү Союздук мезгилде башкалар сыяктуу эле селолук совет болуп келип, кийинчерээк айыл өкмөтү болуп түзүлгөн. Ошол өткөөл мезгилде айыл өкмөтү болуп түзүлүп жатканда Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн Уставын (Айыл Мыйзамын) өз колу менен жазып, ошондон бери карай үзгүлтүксүз эмгектенип жыйырма жыл ошол эле айыл өкмөттө эмгектенип келди.

Алгач айыл Өкмөт болуп түзүлгөндө өкмөт башчысы болуп Өскөн Карашов иштеген. Андан Кошбаев Эркинбек, Сапарбеков Абдырахман, Жолдошов Жунусбек, Кошбаев Сыргабай, Осмонбеков Кубаныч, Стамбеков Касымалы, Алмырзаев Смаилбек, Мусабаев Сатаркул жана азыркы учурдагы айыл өкмөт башчысы Нургазы Жолдошев менен катчы, жооптуу катчы катары жигердүү иштешти.

Каныш-Кыя айыл өкмөтүндө эмгектенип жүргөн мезгилде Гүнөтай Ибраева өзүн коомдун турмушун жакшы билген, айыл өкмөттүн көп тармактуу иштерин илгиртпей алып кеткен уюштуруучу, демилгечил жана чечкиндүү кадр катары өзүн көрсөтүп, карапайым калктын зор ишенимине ээ болду.

Ал эми, 2013-жылдын сентябрь айынан баштап 2014жылдын март айына чейин Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу болуп иштейт.

Айыл өкмөт башчынын милдетин аткаруучу болуп иштеген кыска мезгилде Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн өзүнүн менчик имараты жок болгондуктан, азыркы имаратты сатып алып, капиталдык оңдоп-түзөөдөн өткөрүп, кызматкерлерге ыңгайлуу шарт түзүп берүүгө жетишти. Мындан сырткары, 3 жаңы конушка трансформатор коюуга, 3 мал жана жөө адамдар өтүүчү көпүрө курдурууга, 1 бала бакча ачууга, 1 бала бакча үчүн имарат сатып алууга жана С.Байдөөлөтов орто мектебин капиталдык ремонттон өткөртүп, чатырчасын алмаштыруу сыяктуу бир топ чоң иштерди аткарууга жетише алды.

2017-жылдын октябрь айынан бери Чаткал райондук Жарандык абалдын актыларын каттоо жана жарандарды жекелештирип эсепке алуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенип жатат.

Ага Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча улуттук агенттигинин 2006жылдын 25-декабрындагы № П-86 буйругу менен биринчи жолу айыл өкмөт кызматкерлерин аттестациялоо жүргүзүлүп, Чаткал району боюнча муниципалдык

кызматкерлердин арасынан эн жогорку балл алып, “1-класстагы муниципалдык кеңешчиси” чени ыйгарылган. Айыл аймактын социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон үзүрлүү эмгеги жогору бааланып, 2008-жылы “Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматынын отличниги” төш белгиси менен сыйланган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук Статистика Комитетинин “Ардак Грамотасы” менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн Генералдык Штабынын Чаткал райондук бөлүмүнүн, Кыргыз Республикасынын ички иштер Минстрлигинин Жалал-Абад областтык ички иштер башкармалыгынын Ардак Грамоталары менен сыйланган. “Акыйкат” коомдук саясий гезитинин Улуттук экономиканы чыңдоо жылында “2015-жылдын мыктысы” деп табылган.

Белгилүү ишмер жубайлар биргелешкен ынтымактуу өмүр жолунда 2 уул жана бир кыздуу болушту. Уулу Нармырзаев Улукбек жогорку билимдүү, тоо-кен инженери. Райондогу тоо-кен фирмасында иштейт. Кызы Нармырзаева Айтунук Жогорку Медициналык Окуу жайын бүтүргөн. Чаткал районунда врачтар жетишпегендиктен, элдин керегине жарасын деп ушул кесипти өзү тандаган. Кичүү уулу Залкарбек учурда 9-класста окуйт.

# Чаткалдан чыккан белгилүү агартуучу



Чаткалдан чыккан белгилүү агартуучу Сабыркул Нурдинов өмүрүнүн көпчүлүк бөлүгүн райондун билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө арнап, билимдүү жаштардын бир нече муунун окутуп, тарбиялап өстүрүп, мунун менен бирге эле, жетекчилик кызматтарда көп жыл эмгектенген инсан.

Сабыркул Нурдинов 1938-жылдын 3-декабрында Коргон-Төбө айылында жарык дүйнөгө келген.

Анын балалык чагы Улуу Ата Мекендик согуштун катаал мезгилине туш келген. Ал мезгилде эл ачка болуп, талаадан алгы, сопкелде казып жеп калышкан. Жокчулуктан улам эл ичинде кызамык, тиф ж.б. сыяктуу оорулар жайылып, адамдар аябай жапа чеккен. Сабыркул Нурдиновдун атасы Нурдин ошол кездеги белгилүү тамырчы, табып болуп, көп адамдарга пайдасы тийген. Ал буга кошо эле, дыйканчылыкты мыкты билген адам болуп, ачка калгандарга азык-түлүк жагынан көмөктөшүп, азык сурап келгендерге жок дегенде айран, же сүт берип узата турган.

Ал учурда Коргон-Төбөдө бир башталгыч классы бар жана бир жети жылдык мектеп болгон. Анда атайы мугалимдик билими бар мугалим болгон эмес. Балдарды эптеп эле 7-класcты аяктагандар окута беришкен. Ал кезде сыянын ордуна карагаттын мөмөсүн эзип сыя жасап, ручканын ордуна камышты кыя кесип калем сап жасап, ак

барактын ордуна гезиттин актай жерлерине жазып, окутушкан.

Сабыркул Нурдинов алгач мектеп босогосун КоргонТөбөдөгү башталгыч мектептен аттаган. Анда 1949-жылга чейин окуган. Андан кийин өзү теңдүү балдар менен 6-7 чакырым алыстыктагы жети жылдык мектепке катташып, андан 6-классты аяктаган. Ал учурда окуучулардын саны аз болгондуктан, класстар аралашып эле окутула берчү. 1953-жылга чейин Чаткал өрөөнүндө 10-класска чейинки мектеп болгон эмес. 1953-жылы алгачкы ирет АйгырЖалда 10-класска чейинки мектеп ачылган. Өрөөндөгү бардык айылдардан окуучулар мында келишип, ал мектептин 7-классына киришет. 1954-жылы Чаткалда биринчи жолу 13 бала орто мектепти аяктап, орто билимге ээ болушат. Сабыркул Нурдинов аталган мектепти 1956-жылы аяктаган.

Ошол мезгилде Чаткалга жогорку билимдүү мугалимдер келип, окуучуларга жеткиликтүү билим берилип, мектеп окуучуларынын билим сапаты бир топ жогорулай баштайт. Ал кезде жогорку билимге ээ алдыңкы мугалимдер: тарых мугалими Нурманбетов Баймырза, математика мугалими Сыдыков, химия жана биология мугалими Жээнбаев, кыргыз тили мугалими Алканов дегендер эмгектенишкен. Ал учурда Чаткал районунун билим берүү тармагы калыпка салынып пионер, октябрят уюмдары түзүлүп, иштеп баштаган. Буга кошо эле, чаткалдык жаштар жогорку окуу жайларын бүтүрүп келишип, мектептер жергиликтүү кадрлар менен толуктала баштайт. Алсак, Айгыр-Жал орто мектебинде Ыманбек Ашырбеков, Эргеш Исаков, Тургунбай Чоробаев, Тайыр Дөлөкеевдер иштеп

башташкан. Алардан кем калышпай, биздин каарман Сабыркул Нурдинов да мугалим болууну самап, орто мектепти аяктаган 1957-жылы Жалал-Абаддагы педагогикалык окуу жайына тапшырат. Ал аталган окуу жайын 1959-жылы ийгиликтүү аяктап, алгачкы эмгек жолун Ак-Таш айылындагы башталгыч мектептен баштайт. Көп өтпөй эле, 1959жылдын ноябрь айында Сабыркул Нурдиновго Советтик Армиянын катарына чакыруу келет. Ошентип, каарманыбыз Советтик Армиянын катарына Мекен алдындагы ыйык милдетти өтөөгө жөнөп кетип, 1962-жылы жоокердик ыйык милдетти абийирдүүлүк менен өтөп, мекенге кайтып келген. Келген соң, мугалимдик кесибин улантып, АйгырЖал орто мектебинде иштеп баштаган. Кесиптик билимин жогорулатуу максатында 1963-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна тапшырган. Кийинчерээк педагогикалык институттун Сабыркул Нурдинов окуган тарых жана география факультети жоюлуп, окуусун Фрунзеден улантканга туура келген. 1969-жылы Фрунзедеги мамлекеттик университетин аяктап, жогорку билимге ээ болуп, Айгыр-Жалдагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектебинен тарых сабагынын мугалими болуп өз ишин уланткан.

1970-жылы өзү иштеген мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы кызматына бекитилген. Ал эми, 1973-жылы ошол эле мектептин директорлугуна дайындалган. Билим берүү тармагына сиңирген эмгеги бааланып, 1976-жылы “Билим берүүнүн отличниги” жогорку наамына татыган.

Сабыркул Нурдинов Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектептин директорлугун он жылдай аркалап, 1981-жылы райондун

билим берүү тармагындагы эң жооптуу кызматка-Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган.

Сабыркул Нурдинов аталган жооптуу кызматта 5 жыл эмгектенип, райондун билим берүү тармагынын өнүгүшүнө өзүнүн жаштык күчүн жана билимин арнап, бул чоң системага бир топ алга жылууларды алып келе алган.

Аталган жооптуу жетекчилик кызматты 5 жыл аркалаган соң, 1986-жылы кайрадан Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы мектепке директорлукка бекитилип, ал мектепти 3 жыл жетектеген.

1989-жылы партиялык жооптуу кызматка чакырылып, Чаткал райондук партиялык комитеттин башчысы кызматына бекитилген. 1991-жылы аталган жооптуу кызматты тапшырып, Айгыр-Жал айыл чарба кооперативинде партиялык катчы, 1992-1994-жылдары ошол эле айыл чарба кооперативинде текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп эмгектенген. 1994-жылы аталган кооператив жоюлат. Сабыркул Нурдинов андан ары "Жаңы-Жер" дыйкан чарбасын уюштуруп, анын башчысы болуп иштеген.

Чаткал районунун социалдык-экономикалык жана билим берүү тармагына кошкон зор салымы үчүн "Чаткал районунун ардактуу атуулу" наамы берилген.

1998-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Сабыркул Нурдинов өзүнүн бараандуу эмгек жолунда жооптуу кызматтарды абийирдүүлүк менен аткаруу менен бирге эле, жаштарга татыктуу билим, тарбия берип, бир топ билимдүү кадрларды тарбиялай алган. Анын окуткан улан-кыздары ар кайсы тармакта жооптуу кызматтарда,

көпчүлүгү мектеп директорлору болуп иштешип, “Сабыркул агай” дешип, атын бийик урмат-сый менен атап келишет.

Белгилей кетчү нерсе, Сабыркул Нурдиновдун АйгырЖал айылындагы азыркы Исмайыл уулу Матиш атындагы орто мектебинин типтүү имаратынын курулушуна салымы зор. Ардактуу эс алууда болсо да, бүгүнкү күнгө чейин аталган мектеп менен байланышын үзбөй, мугалимдерге керектүү кеп-кеңештерин берип келет.

Үй бүлөсү тууралуу айтсак, алгач баш кошкон жубайы Арзыматова Ырыскан 2004-жылы кайтыш болуп калгандыктан, азыркы жубайы Муратбекова Гүлзат менен баш кошуп, эки кыздуу болушкан.

Таанымал агартуучу Сабыркул Нурдинов азыр беш уулкыздын кадырлуу атасы болуп, отуздан ашуун небере жана жыйырмага жакын чөбүрөнүн жытын искеп, бактылуу карылыктын доорун сүрүүдө.

## Баатыр малчы Орозалиев Рысбек



Адам кайсы тармакта иштебесин, ошол тармактын бардык тарабын өздөштүрүп ийгиликке жете алса, ак эмгегинин үзүрүн сөзсүз көрө алат. Андай адамдар кезеги келгенде мамлекет тарабынан колдоого алынып, эмгек алдыңкысы катары мартабасы жогорулайт. Биздин кезектеги каарманыбызга ушундай аныктама берсек жарашчудай. Бул каарманыбыз-Айгыр-

Жал айылынын тургуну, эмгек ардагери Рысбек Орозалиев.

Рысбек Орозалиев 1930-жылы Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген. Ал эс тарта элек кезинде атасынан ажырап, Өзбестандагы таякелеринин колунда эрезеге жеткен. Ал жакта эрезеге жетип, 1957-жылы Чаткалга келген. Ал жылдарда Чаткалда колхоздор совхоздорго бириктирилип жаткан маал болгон. Рысбек Орозалиев совхозго кирип, анда кой алып малчы болуп иштеп баштаган. Ошентип, алгачкы эмгек жолу башталган.

Рысбек Орозалиев биз сөз башында белгилегендей, малчылык кесипти мыкты өздөштүрүп, ак эмгегинин алгачкы үзүрүн татып баштаган. Токтоло кетсек, 1967-68-жылдары эркек кой багып, кой башына 65 килодон жүн тапшырып, алдыңкы көрсөткүчкө жетишкен. 1971-жылы соолук кой багып, алгач жолу Чаткал өрөөнүндө кыштап чыккан. Ошол кезде 1973-1975-жылдары тубар койдун жүзүнөн жүз алтымыш бештен төл алуу менен чоң ийгиликтерди жаратып, алдыңкы малчы катары таанылып баштаган. Ал кезде тубар койдон көп төл алган малчыларга мамлекет тарабынан сый акы катары материалдык колдоолор берилген. Рысбек Орозалиев көп төл алган жылдарда жыл сайын сый акыга мамлекет тарабынан 30-40 баш козу жана беш миң рубль акчалай сыйлык алып, ак эмгеги менен мамлекетти да маарытып, өзү да маарып турган. Ошол кездеги эң чоң сыйлыктардын бири-“Москвич-412” жеңил автоунаасын алган.

Ал жылдарда Рысбек Орозалиев ар тараптан колдоого алынып, 5 жыл катары менен алдыңкы малчы катары Фрунзеге малчылардын республикалык слетуна катышкан.

Буга кошо эле, СССР ВДНХнын күмүш медалы, “Победитель соцсоревнования”, “Ударник XII пятилетки”, “Октябрская революция”, “Ветеран труда” орден-медалдары менен сыйланган.

Рысбек Орозалиев малчылык кесипти аркалап, анын оош-кыйышына чыдап, ага жараша үзүрүн көрүп, Союз таркаган 1991-жылга чейин эмгектенген. 1989-жылы мамлекет тарабынан дагы бир ирет “Нива” жеңил автоунаасын сыйлыкка алган.

Союз таркаган соң, эмгекчилдиги менен таанылып, эл ичинде “Рысбек бай” атыккан Рысбек Орозалиев өз чарбасын мыктылап түптөп, жеке менчигиндеги төрт түлүк малдын башын көбөйтүп, дыйканчылык багытында эмгектенип, бардарлык жашоону түптөй алды. Анын Союз мезгилиндеги элге, жерге сиңирген зор эмгеги эске алынып, райондук жетекчилик тарабынан “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамы ыйгарылган. Андан сырткары, 2014-жылы республикалык “Ардактуу аксакал” наамы ыйгарылып, төш белгиси берилген.

Рысбек Орозалиев 2010-жылы мусулманчылыктын бир парзын өтөп, мусулмандардын ыйык шаары болгон Мекке шаарына барып, “Ажы” наамын алып келип, калк арасында мартабасы ого бетер жогорулады.

Рысбек ажы өмүрлүк жубайы Жыпар эне менен 3 уул, 5 кызды татыктуу тарбиялап өстүрүшүп, 25 небере жана 5 чөбүрөлүү болушту.

Эмгек баатыры учурда ак эмгек менен тарбиялап өстүргөн эмгекчил уулдарынын урмат-сыйына бөлөнүп, калк арасынан бийик кадыр-барк таап, карылыктын доорун сүрүүдө.

# Мал чарбасына көрүнүктүү эмгек сиңирген инсан



Какка кызмат кылып, мамлекет алдында ак эмгек өтөөдө чыныгы эмгекчил инсан үчүн сөзсүз эле жогорку кызматты ээлеп туруу кажет эмес. Чыныгы эмгекчил, дили таза инсан кайсы кесипти аркалап, кандай тармакта, кандай жумушта иштебесин, ар дайым чын дилинен ак эмгек жасап, калктын кеңири катмарынын назарына илинип, мамлекет тарабынан бааланат. Биздин кезектеги каарманыбыз ушундай инсан-дардын бири болуп саналат.

Биздин каарман-Иманалы Орозматов 1939-жылы 27ноябрда Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында төрөлгөн.

7-классты аяктаган соң, Фрунзедеги кионмеханиктерди даярдаган окуу жайына окууга тапшырат.

Иманалы Орозматов 1956-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктап, киномеханик кесибине ээ болду.

Окууну аяктап Чаткалга келээри менен Жаңы-Базар айылындагы көчмө киноаппараттарды иштетүү жумушуна киномеханик болуп бекитилет.

Ал кезде элге телевизорлор жаңы гана келип, эл көбүнчө көчмө киноаппараттардан көрүшчү. Ошондуктан аталган кесипти аркалагандар калк арасында чоң абройго ээ эле.

Ошентип, аталган жумушта эки жыл иштеп, жаш курагы келип калганга байланыштуу 1958-жылы аскердик кызмат

өтөөгө чакырык алып, ошол жылдын 1-ноябрында Жалал-Абад шаарынан аскерге жөнөп кетет.

Аскердик кызмат өтөө насиби Украинанын Житомир шаарына туш келип, аталган шаарда бир жыл аскердик бронетехникаларды ремонттоо бөлүгүндө бир жыл окууда болот. Ал окууну аяктаган соң, аскердик бөлүктүн жетекчилиги Иманалы Орозматовду кесибине байланыштуу жумушка коюуну чечип, аскердик бөлүктүн кино клубуна киномеханик жумушуна бекитет. Ал учурда аскердик кызмат өтөө мөөнөтү үч жыл болгон. Иманалы Орозматов аскердик кызматта жалпы үч жыл, үч ай кызмат өтөп, аскердик кызматы аяктаганга дейре киномеханик жумушунда иштейт.

1962-жылы аскердик кызматты аяктап, Чаткалга кайтып келет. Аскерден келген соң, Жаңы-Базар айылындагы гаражда орнотулган айыл элине электр жарыгын берүүчү дизелдик мотордун моторист-электрик жумушуна кабыл алынат.

Ал учурда совхоздун койлору электр кайчылары менен кыркылчу. Кой кыркым Чандалашта жайгашкан эле. Ал кой кыркымда дизелдик моторду иштетип, дизелдик мотордун жардамы менен жылына сегиз миңден ашуун кой кыркылчу.

Иманалы Орозматов аталган жумушта он жыл эмгектенди. Андан соң, Башкы-Терек совхозуна чакыртылып, ал совхоздо моторист-электрик жумушуна кабыл алынды.

1972-жылы МЖС (Машинноживотноводческая станция) бирикмеси уюшулду. Иманалы Орозматов аталган ишканада моторист-электрик болуп иштеп, Башкы-Теректеги кой кыркымда электрдин жардамы менен жыл сайын миңдеген койлор кыркылды. Кыркылган жүн

электрдин жардамы аркасында таңгакталып, Токмок шаарына жөнөтүлүп турду.

Каарманыбыз ардактуу эс алууга чыкканга чейин электрик-моторист жумушунда эмгектенди. 1994-жылы 55 жаш курагында ардактуу эс алууга чыкты.

Иманалы Орозматов моторист-электрик жумушу аркылуу райондун мал чарбасына зор кызмат кылды. Ал кой кыркуу мезгилинде кыркым пункттарын электр энергиясы менен үзгүлтүксүз камсыз кылып, мал чарбасынын алга жылуусуна эң керектүү шарт жаратып берди.

Каарманыбыздын мамлекет алдында жасаган көп жылдык ак эмгеги көңүл сыртында калбай, райондук жана облустук "Ардак Грамоталар" жана баалуу сыйлыктар менен бир нече жолу сыйланды.

Өмүрлүк жубайы Айтгүл Орозматова менен элүү беш жыл бирге ынтымакта өмүр сүрүшүп, беш уул жана үч кыз, жалпы сегиз балалуу болушту. учурда отуз төрт небере жана он төрт чөбүрөлүү болушуп, бактылуу жашоо кечирип жаткан кездери.

# Мыкты агартуучу
# жана айыл чарба ишмери



Бул каарманыбыз өзү кесипкөй агартуучу болуп, алгач билим берүү тармагынын чыгаан адиси катары таанылса, кийинчерээк ишмердүүлүк багытын алмаштырып, айыл чарба тармагынын белгилүү ишмери болуп чыга келген. Бул инсан- Кубаныч Осмонбеков экендигин айтпасак да белгилүүдүр.

Кубаныч Осмонбеков 1951-жылы 5-августта Чаткал районунун Каныш-Кыя айылында жарык дүйнөгө келген.

1968-жылы Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебин аяктаган соң, дароо эле чарба жумуштарына аралашып, Чаткал совхозуна малчы болуп кирген. Аталган жумушта эки жылдай иштеген соң, жогорку билим алууну максат кылып, малчылык жумушту тапшырган. Жыйынтыгында, 1970-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык окуу жайынын даярдоо курсуна кирген. Анда бир жыл окуган соң, 1971-жылы ошол эле жогорку окуу жайынын биология факультетине ийгиликтүү тапшырып, окуп баштаган.

Аталган жогорку окуу жайын 1976-жылы ийгиликтүү аяктап, Чаткалга келген.

Химия, биология сабагынын мугалими кесибине ээ болгон Кубаныч Осмонбеков өз кесиби боюнча алгач эмгек жолун Каныш-Кыя орто мектебинен баштаган.

Каарманыбыз аталган мектепте катардагы мугалим болуп беш жыл эмгектенген.

1981-жылы өзү иштеген мектептин окуу бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. Ал эми, бир жылдан соң, Каныш-Кыя орто мектебинин директорлугуна дайындалган.

Ал жылдарда Кубаныч Осмонбековдун ден соолугу начарлап, ооруп калгандыктан, 1984-жылы директорлук кызматын себепсиз үзгүлтүккө учуратпоо максатында өз ыктыяры менен тапшырып, кайрадан мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп баштаган.

Антсе да, Кубаныч Осмонбековдун уюштуруучулук жана демилгечил сапаттары эске алынып, райондук жетекчилик тарабынан жооптуу кызматтар сунуш кылынган. Тактап айтканда, 1988-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө инспектор кызматына бекитилген. Аталган кызматта үч жылдай иштеп, 1991-жылы Эл депутаттарынын Каныш-Кыя айылдык советинин төрагасынын орун басары кызматына которулуп, кийинчерээк ээлеген кызматы кыскартылгандыгына байланыштуу Эл депутаттарынын Каныш-Кыя айылдык кеңешинин жооптуу катчысы болуп ишин уланткан. Ошентип, каарманыбыз заман талабына жараша жана өзүнүн башкаруучулук жөндөмүнө ылайык агартуучулук тармактан айыл чарба тармагына өтүп, жооптуу кызматтарды аркалап баштаган.

Тактап айтканда, 2000-жылы Каныш-Кыя айылынын айыл башчысы болуп шайланган.

Ал эми, 2003-жылдын 22-сентябрында Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысы болуп шайланган. Бул жооптуу кызматта беш жыл иштеген.

2007-жылы мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу айыл өкмөт башчылыгын тапшырып, Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн кадрлар боюнча инспектору болуп бекитилген.

Ал кызматта үч жылдай иштеп туруп, 2010-жылы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары кызматына дайындалган. 2013-жылы айыл өкмөт башчысынын орун басары кызматы кыскаргандыгына байланыштуу айыл өкмөтүнүн айыл чарбасы боюнча башкы адиси кызматына которулган.

2018-жылы жаш курагы келгендигине байланыштуу жооптуу кызматын тапшырып, ардактуу эс алууга чыккан.

Кубаныч Осмонбеков бараандуу эмгек жолунда өзүнүн эмгекчилдиги жана уюштуруучулугу менен мамлекет жана коомчулук тарабынан колдоого алынып, ишенимге ээ болуп келген. Алсак, 1995-2013-жылдар аралыгында айылдык жана райондук кеңештерге депутат болуп шайланган.

2005-жылы “Жылдын мыкты айыл өкмөт башчысы” облустук телесынагында II-даражадагы Диплом менен сыйланган.

2015-жылы “КР. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун мыктысы” төш белгиси менен сыйланган. Ошол эле жылы Чаткал районунун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон көрүнүктүү салымы эске алынып “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамы берилген.

Мындан сырткары, райондук, облустук жана республикалык деңгээлдеги бир топ “Ардак Грамоталардын” ээси.

Кубаныч Осмонбеков учурда да коомдук иштерге активдүү аралашып, согуштук, куралдуу күчтөрдүн, укук коргоо органдарынын ардагерлеринин жана ооруктагы эмгекчилердин Чаткал райондук кеңешинин төрагасы болуп иштеп келүүдө.

## Чаткал өрөөнүнө таанымал дарыгер



Бул инсанды улуу муундагылар жакшы таанып, билишет. Анткени, тээ алтымышынчы жылдардан баштап Чаткалда фельдшер кызматын аркалап, азыркыдай илим менен техниканын жетишкендиги жок мезгилде эмгектенип, далай бейтаптарды сакайтып, элдин алкышына ээ болгон.

Каарманыбыз кезинде өзүнүн талыкпаган эмгеги жана кесипкөйлүгү менен кадыр-баркка ээ болгон.

Бул инсан-Чаткал элине белгилүү дарыгер Умар Осмонкулов.

Умар Осмонкулов 1936-жылы март айында Чаткал районунун Коргон-Төбө кыштагында кызматчынын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1957-жылы Айгыр-Жал айылындагы орто мектепти аяктаган соң, Советтик Армиянын катарына чакыртылган. Жоокердик ыйык милдетти өтөө милдети Украинада өтүп, Киев, Харьков, Житомир жана Изюм шаарларында артилериялык бөлүктө кызмат кылган.

Жоокердик кызматта 3 жыл жүрүп, 1960-жылы кайтып келген.

1961-жылы Жалал-Абад шаарындагы медициналык окуу жайына тапшырган. Аны 1964-жылы ийгиликтүү аяктап, ошол эле жылы Чаткалга келип, фельдшер катары алгачкы эмгек жолу башталган. Мында, алгач Ак-Таш айылына фельдшерлик кызматка дайындалган.

Ал учурда Чаткалда медкызматкерлер өтө тартыш болуп, бул кесиптин ээлери абдан барктуу болушкан. Бирок, ал кезде азыркыдай техника жок, айылдарга жалаң ат менен катташып, бейтаптарга чакыруу учурунда өз учурунда жетип баруу өтө кыйын болгон. Айрыкча, Чаткал өрөөнүнүн сай-сайында жайгашкан малчыларды кыдыруу абдан оор жана маанилүү иш болгон.

Умар Осмонкулов өз кесибин абдан сүйгөндүктөн, эч качан кабагым-кашым дебей, күн-түн эл аралап жүрүп, бейтаптардан тынымсыз кабар алып, оор бейтаптарды райондук ооруканага жөнөтүп, жеңилдерин өзү дабалап, кары-жашка жана улуу-кичүүгө бирдей сылык мамиле жасап, эл ичинен кадыр-барк таба алган.

Ак-Таш айылында эки жыл иштеген соң, Каныш-Кыя айылына которулган.

Каарманыбыз Каныш-Кыя айылында он беш жыл кызмат кылган. Бул жылдарда дарыгер катары өзүнүн иш билгилиги, кесипкөйлүгү менен көптөгөн бейтаптардын сакаюсуна себеп болуп, элдин алкышына ээ болуп, колу жеңил дарыгер катары таанылган.

Өз ишине берилгендиги жана кесипкөйлүгү мамлекет тарабынан жогору бааланып, 1972-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин "Ардак Грамотасы" менен сыйланган.

1980-жылы Жаңы-Базар участкалык ооруканасына өз кесиби боюнча которулуп, иштеп баштаган.

Ал эми, 1983-жылы Чаткал совхозунун Коргон-Төбө участкасына фельдшер болуп бекитилген.

Коргон-Төбөнүн катаал жаратылыш шартын чаткалдыктар жакшы билет. Аталган кыштак Чандалаш өрөөнүндө, тоо арасында жайгашкандыктан, кышкысын көпчүлүк учурда калың кардан улам, ал жакка ноябрь айынан март айынын аягына дейре каттоо үзүлөт. Коргон-Төбө кыштагынын тургундары негизинен чабандар жана он чакты отурукташкан тургундар кеч күздө азык-түлүктөрүн камдашып, узак кышка даярданып алышат. Ошентсе да, жалпак тил менен айтканда адам деген "ысык жан" да, качан, кантип оорушун алдын-ала билбейт. Тажрыйбалуу дарыгер катары муну жакшы билген Умар Осмонкулов айылдаштары азык-түлүк камдаган учурда, алар менен тең жарыша азык-түлүккө кошо керектүү дары-дармектерди камдачу. Анын мындай аракетинен улам, кыштактагылар оор дарттан алыс болуп, беш ай оор кыштан аман-эсен чыгышчу.

Умар Осмонкуловдун саламаттыкты сактоо тармагындагы ийгиликтүү иш-аракеттери мамлекет тарабынан өз учурунда жогору бааланып, 1987-жылы "Эмгектин ветераны" медалы менен сыйланган. Ал эми, 1992-жылы "СССРдин саламаттыкты сактоосунун отличниги" наамы берилген.

Коргон-Төбө кыштагында 1994-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

1994-жылы турмуш-шартка байланыштуу үй бүлөсү менен Чандалаш айылына көчүп келип, ал жерде медпункт ачылып, ага фельдшер болуп бекитилген.

Каарманыбыз 1996-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Ошентсе да, пенсияда экендигине карабай, кадр тарттыштыгынан улам, калктын суроо-талабы эске алынып, Чандалаш айылдык ФАПынын башчысы болуп бир нече жыл иштеген.

Умар Осмонкулов жубайы Гүлайым менен элүү жылга жакын мезгилден бери биргелешкен ынтымактуу өмүр сүрүп, эки кыз жана үч уулдуу болушту. Уул-кыздарынан он небере жана эки чөбүрөлүү болушуп, учурда Чандалаш айылында бактылуу жашоо кечиришүүдө.

## Ак эмгектери менен элдин эсинде калышты



Биз төмөндө кеп кылчу эмгекчил жубайлардын ишмердүүлүгү өткөн кылымдын тээ отузунчу жылдарына туура келет. Ошол учурда эле замандаштарынын ара-сынан тың чыгып, ошол кездеги чарбалык жооптуу иштерге эрте аралашып, мамлекеттин жана коомчулуктун жүгүн эрте моюндарына алышкан. Мындай эмгекчил инсандардын ак эмгектерин унутпай, келечекки муундарга калтыруу биздин муундун ыйык парзы экендигин эске алып, төмөндө алар тууралуу кеп кылмакчыбыз.

Чаткалдан чыккан алгачкы активисттердин бири Осмонов Али 1917-жылы төрөлгөн.

Каарманыбыздын жети жылдык гана билими болгон. Ошентсе да идиректүү Али 1934-жылы, башкача айтканда он жети жашында “Молотов” колхозунда башкы эсепчинин жардамчысы болуп алгачкы эмгек жолун баштайт.

Бул кызматта он жылдан ашуун иштеп, 1946-жылы мурдагы Тегирмен-Сай, азыркы Ак-Таш айылына үй бүлөсү менен көчүп барат. Ал кезде үй бүлөлүү болуп калган эле.

Тегирмен-Сай айылына барган соң, ал жердеги “Маданият” колхозунун башкы эсепчилик кызматына дайындалат.

Каарманыбыз аталган колхоздо он жылдан ашуун эмгектенип, башкы эсепчилик кызматын абийирдүүлүк менен аткарат.

Али Осмонов өзү табиятынан уюштургуч, кары-жаш, аял-эркек дебей, кандай адам болсо да тил табышып, иштешип кете алган мүнөзгө ээ адам болгон. Ал кол алдында иштегендерге да калыстык жана кичи пейилдик менен мамиле жасап, ар дайым иштин жүрүшүн алдыга коюп, өз ишине өтө жоопкерчилик менен мамиле жасаган.

Кийинчерээк колхоздор биригип, совхоздор пайда болгондо 1958-жылы “Чаткал” совхозунун №1-талаачылык бригадасынын бригадири болуп дайындалат. Андан кийин, 1977-жылга чейин ошол эле совхоздун №2, №3фермаларынын ферма башчысы болуп жыйырма жылдай иштейт.

Али Осмонов өз мезгилинде ошол кездеги белгилүү жетекчилер-Корчубек Акназаров, Рысбек Айдаралиевдер менен бирге иштешет.

Ошол учурдагы райондук жетекчилердин көбү Али Осмонов менен кызмат жагынан жана адамгерчилик жагынан мамилелеш болушкандыктан анын үйүнө келишип, даам сызышып, кээде түнөп, чер жазыша кеп урушуп кете турган. Ага жараша каарманыбыз да жайыл дасторкондуу, кең пейил адам болуптур.

Али Осмонов 1977-жылы 60 жашында ардактуу эс алууга чыгат.

Мамлекет жана коомчулук алдында жасаган албан эмгектери жерде калбай, мамлекет тарабынан “Даңк”, “Эмгектеги артыкчылыгы үчүн”, “В. И. Лениндин 100 жылдыгына карата” медалдары жана жогорку даражадагы бир топ “Ардак Грамоталар” менен сыйланган.

Эмгекчил адам пенсияга чыгып, жөн олтуруп калмак беле. Каарманыбыздын жоопкерчиликтүү адам экенин жакшы билген ошол кездеги совхоз жетекчилиги Али Осмоновду май куюучу жайдын башчысы кылып бекитет. Каарманыбыз бул жооптуу жумушту көп жыл аркалайт.

Каарманыбыздын өмүрлүк жубайы Жоробек кызы Күкүн кыргыз аялдарына тиешелүү асыл сапаттарды алып жүргөн, нарктуу жана эмгекчил инсан болгон. Ал кыргыздын улуттук тигүүчүлүк өнөрүн мыкты билген уз, чебер болгон.

Булардын жаштык кези согуштун оор жылдарына туш келген. Ал жылдарда Күкүн апа жыйырмадагы жаш кыз болсо да, эркектерден кем калышпай оорукта тынымсыз эмгектенип, өзү теңдүүлөрдөн мээнеткечтиги менен айырмаланган.

Согуштан кийинки оор мезгилде Чаткал өрөөнүнүн Башкы-Терек аймагы тарабынан теректер кесилип, андан курулуш материалдары даярдалып, Чаткал дарыясы

аркылуу агызып келинген. Бул теректер Чаткал районунун мурдагы борбору Жаңы-Базар айылына мекемелерди курууга пайдаланылган. Күкүн апа ал иштерге да активдүү катышып, жумушчулар тобунда күн-түн эмгектенген.

Күкүн апа колунан көөрү төгүлгөн уз, чебер болгон. Ал өрмөк согуп, кыргыздын улуттук таар токуп, кооз, бышык буюмдарды жасап, тери ашатып, ийилеп, андан тон, кемсел жасаган. Шырдак кийиздерди тиккен.

1983-жылы 60 жаш курагында Талас шаарында болуп өткөн уз, чеберлердин республикалык кароо-сынагына Чаткал районунун атынан катышып, "Шырдакчылык" боюнча 1-орунду ээлеп, баалуу сыйлыктардын ээси болгон.

1985-жылы Күкүн апанын жасаган букары, керме түрүндөгү кол менен согулуп жасалган буюмдары республикалык эл чарба жетишкендиктери көргөзмөсүндө коюлуп, андан ары Москвага ВДНХга жөнөтүлөт. Анан, Москвадан апанын эмгектеринин жасалуу ыкмасы тууралуу түшүндүрмө берүүсүн өтүнгөн кат келет. Улуу кызы Калима апанын чеберчилик өнөрү тууралуу билгендерин кагазга жазып, келген катка жооп жөнөтөт. Жооп кат кеткен соң, бир топтон кийин Күкүн апанын атына ыраазычылык кат жана 550 рубль акчалай сыйлык келет. Кыскача айтканда, Күкүн апанын чеберчилик өнөрү мурдагы Советтер Союзунун борбору Москвага чейин таанылат.

Каармандарыбыз-эмгектин чыныгы баатырлары, жубайлар Али Осмонов менен Жоробек кызы Күкүн ынтымакта өмүр сүрүшүп, он бир уул-кыздуу болушуп, баарын татыктуу тарбиялап, өстүрүштү. Уул-кыздарынын көпчүлүгү жогорку окуу жайларынан билим алышып, сүйгөн кесиптеринин ээлеринен болушту.

Осмонов Али ата 1984-жылы 77 жаш курагында дүйнөдөн кайтты. Ал эми, жубайы Күкүн апа уул-кыздарынан небере, чөбүрө көрүп, 2006-жылы 83 жаш курагында ааламдан өттү.

## “Эмгек Кызыл Туу” орденинин эки жолку ээси



Бул каарманыбыз мезгилинде Чаткал районунун гана эмес, бүтүндөй республикага таанымал баатыр малчы атанып, ошол кездеги алдыңкы сыйлыктардан болгон “Эмгек Кызыл Туу” орденин эки жолу жеңип алган. Чаткалдан чыккан баатыр малчылардын бири, эмгектин ардагери Эркинбек

Өскөнбаевдин мамлекетке сиңирген зор эмгеги тууралуу төмөндө кеп кылабыз.

Эркинбек Өскөнбаев 1938-жылы Чаткал районунун Коргон-Төбө кыштагында колхозчунун үй бүлөсүндө төрөлгөн.

Ал алгач Коргон-Төбө кыштагындагы 7 жылдык мектептен билим алат. Аны аяктаган соң, окуусун Айгыр-Жал айылындагы орто мектептен улантып, 1956-жылы аталган орто мектепти аяктап, орто билимге ээ болот.

Каарманыбыздын алгачкы эмгек жолу орто мектепти аяктаган соң, Фрунзе колхозунда жумушчу болуп иштөө менен башталган.

Аталган колхоздо эки жыл катардагы жумушчу болуп иштеген соң, Коргон-Төбөдөгү жети жылдык мектепке мугалимдикке бекитилет. Орто билими гана болсо да, орто мектепти жакшы окуп аяктагандыктан, ишеним берилип, мугалим болуп иштеп калат.

Мугалимдик кесипте бир жыл гана иштейт да, өз эрки менен ал жумуштан бошонуп, 1959-жылы Чаткал совхозуна малчы болуп жумушка кирет. Ал эми, 1960-жылы баш чабандыкка бекитилет.

Аталган совхоздо он беш жылдай баш чабан болуп эмгектенет. Ал эми, 1974-жылы Ак-Таш совхозуна которулуп, анда да баш чабан болуп жумушун улантат.

1980-жылы Чаткал совхозуна малчы болуп кирип, анда да баш чабандык милдетти аткарат.

Каармanыбыз Чаткал совхозунда Союз таркаганча эмгектенди. Башкача айтканда, он эки жыл баш чабан болуп эмгектенип, бул тармакта бир топ жетишкендиктерди жаратты.

1992-жылы Союз таркаган мезгилде менчиктештирүү саясаты башталып, райондогу төрт түлүк мал менчиктештирилип, бөлүнүп кетти. Буга байланыштуу Эркинбек Өскөнбаев “Таң Нуру” дыйкан чарбасын түзүп, аны бир жылдай мезгил башкарып, 1993-жылы жаш курагына байланыштуу ардактуу эс алууга чыкты.

Эркинбек Өскөнбаев өзүнүн эмгек жолунда өз ишине так, тыкан, жоопкерчиликтүү жана уюштуруучу катары белгилүү. Союз мезгилинде мамлекеттик көзөмөлдөө кызматтары малчылардын ишин такай текшерип, баа берип турган. Мамлекеттин экономикасынын негизги таянычтарынын бири мал чарбачылыгы болгондуктан, ал

учурда малчыларга мамлекет тарабынан материалдык жактан зор колдоолор берилүү менен бирге эле, алардын күнүмдүк жумушу такай көзөмөлдө болгон. Каарманыбыз өзүнө бөлүнгөн бир короо ак койду чыгашасыз багып, жүн тапшырууда да, төл алууда да алдыңкы көрсөткүчтөргө жетишип турган. Анын мындай эмгекчилдиги мамлекет тарабынан өз учурунда бааланып, эки ирет “Эмгек Кызыл Туу” ордени берилген. Мындан сырткары, “Элдердин Достугу” ордени, СССРдин ВДНХсынын башкы комитети тарабынан коло, күмүш жана алтын медалдары менен сыйланган. В. И. Лениндин 100 жылдыгына арналган медаль менен сыйланган.

Кыргыз ССРинин Айыл чарба министрлигинин жана Кыргыз Республикасынын айыл чарбасынын профсоюз комитетинин “Ардак Грамотасына” төрт ирет ээ болгон.

“9-10-11-12-беш жылдыктардын ударниги” аттуу медалдардын ээси.

Мамлекет тарабынан зор ишеним берилип, XVIII-XIXпартсъезддеринин делегаты болуу менен бирге эле, аталган съезддердин текшерүү комиссиясынын мүчөлүгүнө кабыл алынган.

КР. Өкмөтүнүн “Ардак Грамотасына” ээ болуп, республикалык “Эмгек Даңкы” китебине ысымы жазылган. “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамы берилген.

Өзүнүн бараандуу эмгек жолунда өмүрлүк жубайы Саадабүбү эне экөөсү эки уул, бир кыздуу болушту. Уулкыздарынан учурда төрт небере жана он эки чөбүрөсү бар.

Каарманыбыз учурда республикалык маанидеги өзгөчөлөнгөн пенсиянын ээси болуп, мамлекетке жана коомго сиңирген зор эмгегинин үзүрүн татып, өмүрлүк жубайы менен биргеликте бактылуу жашоо кечирип жаткан кези.

## Жооптуу кызматтарга эрте аралашкан Раев Жаныш



1941-1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш мезгили бүткүл адамзат тарыхындагы эң бир оор мезгилдердин бири болгондугу талашсыз. Ошол кездин катаал шартына жараша жаш муундар турмуштун кыйынчылыгын эрте көрүшүп, эрте жетилишип, турмушка өз мезгилинен эрте аралашууга мажбур болушкан. Бул тууралуу согуш мезгилине байланыштуу тарыхый документтерден жакшы билебиз. Биздин каармандын да балалык чагы согуш жылдарына туш келип, тең курактагы башка балдар сыяктуу эле турмуштун оор запкысын эрте тартып, өзүнүн зиректиги менен жооптуу кызматтарга эрте аралашкан.

Бул каарманыбыз-эмгек ардагери Жаныш Раев. Ал 1928-жылы 22-июнда Чаткал районуна караштуу СарыБулак кыштагында төрөлгөн. Атасы Жедигеров Рай 1942жылы кандуу майданга аттанып, ал жактан кайтпай калат. Кандуу согуштун каарынан улам атасыз калган жаш Жаныш алгач теңтуштары сыяктуу ооруктагы оор жумуштарга катышып,

талаадан буудай отоп, машак терип, кырман бастырышып, кандуу майданда жүргөн жоокерлерге азыктүлүк камдашат. Жаныш Раев теңтуштарына караганда эсепке шыктуу жана кол жазмасы даана, жакшы болгондуктан, жаш болсо да Н. Крупская колхозуна табелчи жумушуна бекитилет. Ал анда оорукта иштегендердин күнүмдүк жумуш акыларын так эсептеп жазып, жоопкерчиликтүү болуп, колхоз башкармалыгынын ишенимдүү жумушчусуна айланат.

1945-жылы 9-майда Улуу Жеңиштин таңы атып, жалпы калк согуш каарынан кутулат. Жаныш Раев 1947-жылы Таластагы Чалдовар орто мектебинен окуусун улантып, 1950-жылы аталган мектептен орто билимге ээ болот. Ошол эле жылы Апаргүл аттуу кыз менен таанышып, экөөсү бири-бирин жактырышып, баш кошушат.

Ал мезгилде дээрлик бардык тармактарда кадрлардын жетишсиздиги орун алып, орто мектепти аяктаган уландарды жооптуу кызматтарга дайындоо зарылдыгы келип чыккан. Ошондой зарылдыктын негизинде, Жаныш Раев орто мектепти аяктап келип эле Курулуш айылындагы Н. Крупская 7 жылдык мектебине мугалим болуп орношот. Ал жерде 2 жыл иштейт. Анын аталган мектепте иштеп жүрүп, уюштуруу жөндөмдүүлүгү жана ишке кызыгуусу байкалат. Ушундан улам, 1952-жылы райондук комитеттин алдындагы мектептер бөлүмүнө кызматка кабыл алынат. Аталган кызматта 1955-жылга чейин иштеп туруп, Советтик Армиянын катарына чакырылат. Аскердик кызматта 3 жыл кызмат өтөп, 1958-жылы кайтып келет. Аскерден келген соң, Чаткал совхозунда эсепчи болуп орношот. Жаныш Раев андан ары жалаң чарбалык жооптуу

жумуштарда иштеп, жөндөмүнө жана уюштурууучулугуна жараша ар кайсы жооптуу кызматтарды аркалап баштайт.

1960-жылы башка жооптуу кызматка келип, башкача айтканда Чаткал селсоветине секретарь кызматына дайындалат.

Андан кийин 1990-жылга чейин жалаң чарбалык жумуштарда эмгектенип, Чаткал совхозунда ферма башчысы, кийинки жылдарда совхоздун башкы эсепчисинин мал чарбасы боюнча жардамчысы жумуштарын аркалап келди. 1990-жылы жаш курагына байланыштуу ардактуу эс алууга чыкты.

Жаныш Раев кайсы кызматта иштебесин, ошол кызматты ак ниеттүүлүк жана жоопкерчилик менен аткарып, ар дайым мамлекет тарабынан баалуу сыйлыктарга ээ болуп, элдин алкышына арзып турган. Коомдук жана мамлекеттик мүлккө жоопкерчиликтүү мамиле жасап, өз иши так аткаргандыгы мамлекет тарабынан өз учурунда жогору бааланган. Атап айтканда, мамлекеттик иштердеги үзүрлүү эмгеги үчүн 1980-жылы “Москвич-42” жеңил автоунаасы менен сыйланган.

Өмүрлүк жубайы Апаргүл эне менен татыктуу үй бүлө курушуп, бир кыз, үч уулдуу болушуп, он сегиз небере жана отуз жети чөбүрө көрүшкөн.

Жаныш Раев 2019-жылы декабрь айында 91 жаш курагында дүйнөдөн кайтты.

# Чаткалды даңктаган саанчы эне



Чаткал районубуз байыртан мал киндиктүү болуп, төрт түлүк мал тегиз асыралып, калктын жашоотурмушунун оңолушуна зор өбөлгө түзгөн аймак болуп эсептелген. Ага жараша өрөөн калкынын арасынан атагы Ала-Тоого угулган баатыр малчылар, саанчылар жана дыйкандар чыккан.

Алардын бири, Айгыр-Жал айылынын тургуну, эмгек ардагери Ражапова Майдан эне.

Ражапова Майдан эне 1936-жылы Талас облусунун Ленинполь районунун Кызыл Октябрь селсоветинде кедей дыйкандын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Майдан эненин атасы Кудашев Жалгаш колхоздун алдыңкы жумушчуларынан болгон. Ал көзгө атаар мергенчи болуп, кыйынчылык мезгилде тоодон кийик атып, каржалган элди тоюндуруп, ачкалыктан сактап калган адам болуптур. Жалгаш ата мындан сырткары мээнеткеч адам болуп, элден жыйналган колхоздун элүү баш коюн ысырапкорчулукка учурутпай көбөйтүп, белгилүү убакыттын аралыгында эле миң башка жеткирип, бул эмгеги үчүн “Ардак Грамотага” татыган.

Майдан эне да атасын тартып жашынан эмгекчил болуп, канча кыйынчылык тартса да кабагым, кашым дебеген тырышчаак адам болуп эс тарткан. Ал кезде билим берүү иши жакшы жолго коюла элек мезгил болгондуктан, Майдан эне өзү теңдүүлөр менен бирге он жашында алгач мектеп босогосун аттайт. Ошол жылдары жаңыдан

колхоздор уюшулуп жаткан мезгил болгон. Майдан эненин атасы Жалгаш ата колхоздо малчы эле. Майдан эне жаштайынан малга жакын, зирек болгондуктан, колхоздун башкармасы менен директору колхоздун үч жүз коюнун козуларын тааный албай жатабыз-дешип, суранышып алып кетишкен. Ошентип, Майдан эненин окуусу үзгүлтүккө учурап, кийинки жылы кайрадан 1-класска окууга туура келип, 1957жылы 10-классты аяктаган.

Ал эми, Майдан эненин Чаткалга келин болуп келип калгандыгы өзүнчө эле кызык окуя. Майдан эненин бир тууган агасы Сатыбек Армияда Майдан эненин өмүрлүк жары Токтомурат менен бирге кызмат кылышып, кыйышпас достордон болуп калышат. Алар Армиядан кайтып келатышып, Токтомурат ата Таласка Сатыбек досунукуна бирге барган. Ал Таласта Сатыбектикинде конок болуп, ал жерден Майдан энени көрүп, эки жаш бири-бирин жактырып калышкан. Майдан эненин ата-энеси жана бир туугандары эки жаштын сүйүүсүнө каршы болушпай, ак батасын беришкен. Ошентип, эки жаш кол кармашып досу жана кайнагасы Сатыбек менен ээрчишип Чаткалга эмес, Сүлүктүдөгү шахтага жөнөшкөн. Анткени, Сатыбек менен Токтомурат Армияда кызмат кылып жүрүшүп, ошол жактан эле Сүлүктүдөгү шахтада иштөөгө макулдашып, ал тургай керектүү документтерин да Сүлүктү шахтасынын жетекчилигине жиберип коюшкан экен. Эки жаштын өмүр жолу Сүлүктүдөн уланып, ал жерде үч жыл иштешкен. Анда Замира аттуу кыздуу болушкан. Токтомурат атанын туугандары Салибай менен бир тууган иниси Шамырат Армияга кеткен бойдон келе бербеген тууганынын

дайынын сураштырып билишип, Сүлүктүгө издеп барышып, Чаткалга көчүрүп алып келишкен.

Чаткалга келген соң, Токтомурат ата менен Майдан эне малчы болушуп, мал багып башташкан. Ал жылдары Чаткалда жаңыдан колхоз биригип, совхоздорго уюшула баштаган экен. Майдан эне саанчылар тобуна кирип, ага кырк баш саан уй бекитилип берилет. Майдан эне анын ичинен он беш баш саан уйду өзүнчө бөлүп алып, ага жараша милдеттенме алып саап баштаган. Ошол кездеги белгилүү жетекчилер-Таласбай Жаналиев, Сатыбалды Байдөөлөтов, Багышбек Досматовдор менен иштешет. Эмгекчил эне өзүнө тагылган милдеттенмени ашыгы менен аткарып, тез эле оозго алына баштайт. Эненин эмгекчилдиги, тазалыгы жана кужурмөндүүлүгү район, облус тургай республикага билинип, Кыргыз ССРинин министрлер Советинин ошол кездеги председатели Төрөбай Кулатовдун колунан "Эмгек Кызыл Туу" орденин алат. Буга кошо эле, Коммунисттик
Партиянын катарына өтүп, колуна партбилет тапшырылат. Саясий бюронун мүчөлүгүнө кабыл алынып, айылдык жана райондук советтерге бир нече жолу депутат болуп шайланат. Майдан эненин кужурмөн ишмердүүлүгү тууралуу макалалар райондук, облустук жана республикалык басылмаларда байма-бай жарыяланып, "Советтик Кыргызстан" гезитине "Тоо койнундагы жубайлар" аттуу көлөмдүү очерк жарыяланып, Токтомурат ата менен Майдан эненин ак эмгектери республикага даңазаланган.

Албетте, Майдан эненин даңазалуу эмгек жолу жогоруда санап өткөндөй, сыдыргыга салгандай тегиз, шайма-шай

болбогондугун баса белгилегибиз келет. Бир ирет кеч күздө күйөөсү Токтомурат (ал кезде жылкы багышчу), кызы Гүлнарды кошо алып, жүктү артынып, жылкыны айдап Чапчыманы ашып, Сумсар тараптагы кыштоого кетет. Майдан эне болсо отчет тапшырып, 2-3 күнгө кармалып, 3 баласын алып жолго кеч чыгууга туура келет. Ошентип, уулу Болотбекти минген атынын алдына өңөрүп, кызы Замираны учкаштырып, бир кызы Нарсулууну кой ферма Турдуматка өңөртүп Чапчыма аркылуу жөнөп калышат. Ашууга жакындаганда кардуу бороон башталып, жолдо жүрүү кыйындай баштайт. Ашуунун Чаткал тарабында оор кардан улам жүрө албай эки оор жүк ташыган машина токтоп калыптыр. Аңгыча түн да кирет. Жол азабы-көр азабы дегендей, кар аралаш бороонго карабай жол улоого туура келет. Тиги эки машинадагылар-силердин изиңер менен кете беребиз-дешип, буларды ээрчишет. Кардуу бороондо ат үстүндө селейип тоңушуп, эптеп Чапчымадан ашып Көк-Кыяга түн жарымында жетишип, ал жердеги жүргүнчүлөрдүн үйүн тыкылдатышса, мына кызык тамаша, какаганга муштаган болуп, ал жерде жашаган жалгыз кемпир ачууланып, кыйкырынып, буларды үйүнө киргизүүдөн баш тартса болобу! Мындайды күтпөгөн булар кемпирге жалдырашып-жок дегенде бу балалуу аялды киргизиңиз эмидешип, Майдан энени балдары менен караңгы бир бөлмөсүнө араң киргизишет. Ал бөлмөдө техжардам машинесин айдаган айдоочу уктап жаткан экен, ага кой ферма Турдумат бир кой берем-деп сүйлөшүп, машинеси менен Бузук айылына жеткирүүгө көндүрөт да, эртеси Бузукка эптеп жетишип, жылуу үйгө киришип, ысык чай ичишип, араң эстерине келишкен.

Кийинки жылы эмгекчил жубайлар жылкыны тапшырышат да, мал багуу ишин таштап, алыскы Баткен жергесиндеги атактуу Төрт-Күл каналын куруу ишине катышууга жөнөп кетишет. Эмгекчил адамга айла жок тура. Токтомурат ата менен Майдан эне ал жакта да эмгек алдыңкылары катары таанылышып, бир канча сыйлыктарды алууга жетишет. Ал жакта эки жыл бараандуу эмгек жасаган соң, кайра Чаткалга келишип, Токтомурат ата айылга уста болуп, ал эми Майдан эне тоют даярдоого келген мектеп окуучуларына ашпоз болуп иштеп калышкан. Токтомурат ата чоң уста болуп, ошол кезде Чаткал өрөөнүнүн ыңгайлуу жерлерине курулуп баштаган мал кыштатчу сарайларды курууга жигердүү катышып, сыйлыкка “Нива” жеңил автоунаасын жана “Урал” мотоциклин алган.

-Менин ак эмгегим өз убагында бааланганына ыраазымын. Ысык-суукка карабай, ачка-ток болуп иштеп жүрүп ден соолуктан да айрылдым. Жети балалуу болдук. Буйругу жок экен, үчөөсү каза болуп калып, төртөөсүн аман-эсен багып чоңойттук. Мамлекет ден соолук абалымды туура түшүнүп, өз убагында жолдомо менен курорт, санаторийлерге жиберип турду. Буга да ыраазымын-дейт өткөн күндөрүн эстеп олтуруп.

Күйөөсү Токтомурат ата 2005-жылы июль айында 70 жашында дүйнөдөн кайткан.

Өмүрдүн сексен бешинчи жазын көрүп жаткан Майдан эне азыркы учурда 22 небере, 50 чөбүрө жана ондон ашуун кыбыранын курчоосунда, башынан өткөн бараандуу эмгек жолун аларга мисал кылып айтып, карылыктын алтын доорун сүрүүдө.

# Агартуу жана айыл чарба тармактарынын мыктысы



Бул каарманыбыз өзү кесиби боюнча агартуучу болсо да, өзүнүн шык-жөндөмү жана ар тараптуу уюштуруучулугу менен Чаткал районунун айыл чарба тармагында да бир топ жыл эмгектенип, райондун айыл чарбасынын өнүгүүсүнө зор салым кошкон.

Каарманыбыз Сатимбай Рысбеков 1942-жылы 25-октябрда Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында төрөлгөн.

Каарманыбыз өзү-Алгач эмгек жолумду пионер вожатыйдан баштагам-деп тамашалагандай, өспүрүм кезинде эле активдүү окуучулардын катарында болуп, үлгүлүүжүрүш турушу менен мугалимдердин назарына илинип, орто мектепти аяктаган соң, 1961-жылы Жаңы-Базар айылындагы өзү аяктаган Чаткал орто мектебинде пионер уюмунун жетекчиси болуп дайындалат.

1963-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык жогорку окуу жайына тапшырат. Анда бир жыл окуган соң, Советтик Армиянын катарына чакырылып, аскердик ыйык милдетти абийирдүүлүк менен өтөп, 1967-жылы кайтып келет да, окуусун улантып, 1969-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Жогорку окуу жайын аяктап келген соң, Ала-Бука районунун Ак-Там айылындагы В. И. Ленин атындагы орто мектебинде химия-биология сабагынын мугалими болуп

иштеп баштайт. Үч жылдан соң, аталган мектептин окуу бөлүмүнүн башчылыгына бекитилет.

Ал эми, 1974-жылы Ала-Бука райондук билим берүү бөлүмүнүн усулкана башчысы кызматына дайындалат. Аталган жооптуу кызматта эки жыл ишеген соң, Аала-Бука районундагы Куйбышев орто мектебинин директорлугуна бекитилет.

1979-жылы Чаткал району Ала-Бука районунан бөлүнүп, өзүнчө район болот. Сатимбай Рысбеков жергиликтүү кадр катары чоң ишеним артылып, 1980-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына бекитилет.

Чындыгында, ал мезгилде Чаткал району жаңыдан уюшулуп баштап, көп мекемелер толук түптөлө элек, тийиштүү иш кагаздары али ордунда эмес кези болгон. Сатимбай Рысбеков мындай ортозаар абалдан коркпой туруп, жоопкерчиликти мойнуна алуу менен, райондун билим берүү тармагынын эки тизгин, бир чылбырын колго ишенимдүү кармады. Убакыт өтүп, көптөгөн кыйынчылыктардан соң, райондук билим берүү тармагы бир нукка түшүп, калыптанды.

Ал учурдагы райондук жетекчилик Сатимбай Рысбековдун жетекчилик иш-аракеттерин жогору баалап, көптөгөн жетекчилик кызматтардда эмгектенди.

Тактап айтканда, 1982-жылы кайрадан уюшулган Эл депутаттарынын Чаткал райондук советинин төрагасынын орун басарлыгына шайланды. Каарманыбыз бул жоопту саясий жетекчилик кызматта тогуз жылдай иштеди.

1990-жылы Чаткал совхозунун директору болуп бекитилди.

Эки жылдан соң, тактап айтканда 1992-жылы Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси болуп дайындалды.

1994-жылы Чаткал райондук маданият бөлүмүнүн башчысы жооптуу кызматына бекитилип, анда беш жылдай иштеп, анын жетекчилиги алдында райондун маданият тармагын көтөрүүдө бир топ алгылыктуу иштерди аткарылды.

1997-жылы райондун агартуу тармагындагы негизги жооптуу кызматка келип, Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн башчылыгына бекитилди.

Бул тармакты жетектеп турган мезгилде АРИС, АБР долбоорлору менен тыгыз кызматташып, райондук билим берүү бөлүмүнүн имаратын оңдотуп, мектеп директорлору менен биргеликте көптөгөн мектептердин, бала бакчалардын чатырларынын заманбап жаңылануусун ишке ашырды.

Аталган чоң тармакты беш жыл ийгиликтүү башкарып, 2003-жылы өз эрки менен тапшырды да, билим берүү кызматкерлеринин райондук кесиптик бирлигинин төрагасы кызматына шайланды.

2009-жылы жаш курагына байланыштуу ардактуу эс алууга чыкты.

Сатимбай Рысбеков өзүнүн бараандуу эмгек жолунда көптөгөн сыйлыктардын ээси болду. Союз мезгилиндеги беш жылдык соцжарыштардын бир нече ирет жеңүүчүсү болду. “Эл агартуунун отличниги”, “Профсоюз тармагынын отличниги” төш белгилери менен сыйланды. “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамына арзыды. 2011-жылы турмуштук жана эмгек тажрыйбаларын туура

колдонуу менен, район коомчулугуна туура багыт бере билгендиги үчүн “Жылдын мыкты насаатчысы” деп табылган.

Каарманыбыз өмүрлүк жубайы Анаркүл Бейшебаева менен бирге сүргөн өмүр жолунда эки уул жана эки кыздуу болушту. Анаркүл эне да жогорку билимдүү, кесиби боюнча химия, биология мугалими. Эл агартуунун отличниги. Кичүү уулу Нурбек менен кичүү кызы Бегайым атаэне жолун улантып, мугалимдик кесипти тандашып, агартуу тармагында эмгектенишүүдө.

Сатимбай Рысбеков 2019-жылдын 26-февралында 77 жаш курагында дүйнөдөн өттү.

## “Даңк” медалынын ээси, таанымал агартуучу



Бул каарманыбыз, Чаткал районунун билим берүү тармагына зор салым кошкон Сартаева Гүлбайра 1951жылдын 18-декабрында Чаткал районунун Каныш-Кыя айылында кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган.

Алгач мектеп босогосун аттаган соң, зиректегинен улам эң жакшы окуп, мектептин сыймыгына айланып, окуучулук кезде мугалим болууну кыялданат. 1968-жылы мектепти ийгиликтүү аяктап, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетине окууга тапшырып, 1972-жылы кыргыз тили жана адабияты мугалими адистигине ээ болгон.

Г.Сартаева Ош мамлекеттик педагогикалык институтун аяктагандан кийин, алгач Каныш-Кыя айылындагы азыркы

С.Байдөөлөтов атындагы орто мектебинде, андан соң, Кайың-Суу орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп 38 жыл эмгектенген.

Эмгек жолунда өзүнүн тырышчаактыгы, тынымсыз изденүүчүлүгү менен бүткүл дитин окуучуларга терең билим жана татыктуу тарбия берүүгө арнаган.

Окуучуларга кыргыз тили жана адабияты сабактарынан билим бергендиктен, өмүр бою окуучуларына кыргыз элинин айкөлдүк, меймандостук, кечиримдүүлүк, зиректүүлүк ж.б. бир топ асыл сапаттарын, алардын боюна сиңирүүгө болгон күч-аракетин, иш-тажрыйбасын жумшаган.

1995-жылы Кайың-Суу участкасында орто мектеп ачылганда, Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн өтүнүчү менен Г.Сартаева аталган орто мектептин жаш мугалимдерине насаатчы катары которулган. 1995-жылдан 2010-жылга чейин күзүндө, жазында жөө-жалаң, кышында кар көп жаагандыктан ат менен каттап окуучуларга сабак берген.

Г.Сартаеванын көп жылдык үзүрлүү эмгеги мамлекет тарабынан учурунда бааланып, 1981-жылы Чаткал райондук аткаруу комитетинин Ардак грамотасы, 1985-жылы Кыргыз ССРинин Агартуу министрлигинин Ардак грамотасы, 1987-жылы СССР Эл Агартуу министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

Андан тышкары, келечек муунга татыктуу тарбия берүүдөгү талыкпаган эмгеги үчүн 1996-жылы Кыргыз Республикасынын “Билим берүүнүн отличниги” төш белгиси, 2000жылдын 4-мартында “Даңк” медалы менен сыйланган.

Билимдүүлөр талбас тулпар сыяктуу дегендей, бүгүнкү күндө, тарбиялаган окуучулары өлкөбүздүн булуңбурчунда гана эмес, алыскы АКШ, Европа мамлекеттеринде, коңшу Кытайда иштеп жатышкандыгын белгилеп, убакыттын өтүшү менен алар топтогон тажрыйбасы менен мекенине келип, республикабыздын экономикасынын өсүп-өнүгүшүнө салымын кошот деп ишенип, өзүнүн кылган эмгегинин текке кетпегендигине каниет кылат.

Кыргыз Республикасынын “Эмгек сиңирген мугалими” ардак наамынын ээси Алыбаева Айсалкын, насаатчысы Г.Сартаеванын окуу сабактарына жана коомдук иштерге болгон мамилеси, дегеле насаатчысынын жашоого болгон көз-карашы тууралуу төмөндөгүлөрдү баяндайт:

Гүлбайра эжедей окуучуларга сабакты жеткиликтүү түшүндүрүү – бул мугалимдердин арасында чанда гана кездеше турган окутуучулук сапат экендигин айтып, анын ар бир окуучуга өз энесиндей камкордук көрсөтүп, ошол эле учурда, мугалим экендигин айкалыштыра алгандыгын, ал эми, устатынын коомдук иштерге жигердүү катышып, коомдук иштер элдин ынтымагы үчүн зарыл экендигин өсүп келе жаткан муунга туура түшүндүрө алгандыгын өзгөчө белгилейт.

Ошону менен катары, Айсалкын Алыбаева “Эмгек сиңирген мугалими” ардак наамын Г.Сартаева алмайынча, аны алууга батына албай жүргөндүгүн айтып, насаатчысы алкоо айтып, батасын бергенден кийин гана тиешелүү документтерин тапшырып, жогорудагы ардак наамга ээ болгондугун айтты.

Гүлбайра Сартаева өмүрлүк жолдошу – Ызакбаев Абдыкерим экөө 5 балага татыктуу тарбия берип,

турмуштун өйдө-ылдыйына карабай баардыгына жогорку окуу жайда билим алууга жана өздөрү сүйгөн кесиптин ээ болушуна шарт түзүшкөн.

Өзүнүн эмгек жолун эскерип, Гүлбайра Сартаева төмөндөгүдөй ыр саптарын жазган:

Жылдар өттү, жылдар өттү агылып, Азыр
турам ал жылдарды сагынып.
Жылдарымдын ар бир өткөн күндөрү,
Жазуу-чийүү түшүнүккө малынып.

Айлар өттү, айлар өттү агылып,
Жаштыгымды канатына жамынып.
Айларымдын ар бир өткөн күндөрү, Шыңгыраган
коңгуроодой жаңырып.

Күндөр өттү, күндөр өттү агылып, Күмүш
жебе минуталар кагылып. Жеткирсем
деп, уютсам деп балдарга, Аруу сезим ак
тилекке чайылып.

Гүлбайра Сартаева бала кезиндеги кыялы орундалып, өз кесибинин өтөөсүнө чыгып, элге кылган кызматына сыймыктанып, Жараткан бешенесине мазмундуу тагдыр жазганына ыраазычылыгын билдирип, бүгүнкү күндө, уулкыздарынын төрүндө, неберелеринин күлкүсүнүн кучагында ардактуу эс алууда.

# КР. Эмгек сиңирген экономисти Сатибеков Мунарбай



Чаткал районунда көптөгөн атуулдарыбыз өз убагында чарчадым, чалыктым дебей мамлекетке жана элге күнү-түнү кызмат өтөп келишкен. Алар менен ар убак келечек жаштары ал тургай, бүткүл Чаткал журтту сыймыктанып келет. Ийгилик ишке жараша –демекчи өзүнүн күжүрмөн кызматы менен иштеп, райондун түптөлүшүнө зор салым кошкон инсандарыбыздын бири-учурда ардактуу эс
алуудагы персоналдык пенсионер Сатыбеков Мунарбай Сыйнатович. Каарманыбыз 1949-жылы Аксы районунун Кара-Суу айылында төрөлгөн. Ал алгачкы эмгек жолун 1967-жылы Таш-Көмүр шаарындагы Таш-Көмүр ПМСында жумушчу болуп иштөөдөн баштап, 1969-жылы ЖаңыЖол районуна караштуу Караван ремонттук курулуш участогунда жумушчу болуп эмгектенген. 1969-1971 жылдары Фрунзедеги финансылык-экономикалык техникумунун статистика бөлүмүн аяктап, 1971-80 жылдары АлаБука райстатында улуу инспектор, жетекчинин орун басары, 1988-89 жылдары Чаткал райкомпартиянын сунушу боюнча Беш-Арал аарычылык совхозунун партиялык уюмунун секретары, башкы эсепчиси, андан кийин 1989жылдан 2011-жылга чейин Чаткал райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн жетекчиси кызматында үзүрлүү эмгектенген. Жалпылап айтканда, Чаткал, Ала-Бука райондорунун статистика

тармагында 40 жыл эмгектенсе, анын ичинен 29 жыл Чаткал районунун статистика тармагынын жетекчиси болуп келди. Ардактуу эс алууга чыккан мезгилде да жөн олтуруп калбай, 2011-2012 жылдары Чаткал райондук мамлекеттик статистика бөлүмүнүн адиси кызматын аркалап, өзүнүн мыкты иш тажрыйбасын келечек муундарга бөлүшүп, тактап айтканда он бешке жакын жаш адистерди жетекчиден жогорку кызматтарга чейин тарбиялап өстүрдү.

Адамды даража жогорулатпайт, даражаны адам жогорулатат-дегендей, Сатыбеков Мунарбай Сыйнатовичтин өтөгөн кызматтары мамлекет тарабынан зор баага ээ болуп, аткарган эмгектери эл колдоосуна арзып, 1982-жылы статистика тармагындагы көп жылдык эмгеги үчүн СССРдин уюшулгандыгынын 60 жылдыгына карата СССРдин Борборлоштурулган статистика башкармалыгы тарабынан "Социалисттик учеттун отличниги" төш белгиси, 1997жылы Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин "Статистиканын отличниги" деген төш белгиси, 1999-жылы Кыргыз Республикасынын "Ардак Грамотасы" менен сыйланган. Ошондой Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин, Жалал-Абад облустук мамлекеттик администрациясынын, Жалал-Абад облусттук мамлекеттик статистика башкармасынын ЖалалАбад облустук профсоюз комитетинин "Ардак Грамоталары" менен ошондой эле, СССР Жогорку Советинин жана Кыргыз Республикасынын элдик контролдоо комитетинин
"Алкыштарына" татып, райондук социалдыкэкономикалык жактан өнүгүүсүнө кошкон бараандуу салымы үчүн 2008-жылы "Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген

экономисти” наамы ыйгарылган. Чаткал районунун “Ардактуу атуулу” наамдарына ээ болгон.

Мына ушундай эмгеги менен кошо ынтымагы бекем, очор-бачарлуу үй-бүлөнү түптөп, өмүрлүк жубайы Жайнак апа менен эки уул, эки кызды тарбиялап, аларды өз убагында окутуп, учурда уул кыздары жогорку кызматтарда иштеп келишет. Мунарбай Сыйнатович бүгүнкү күндө бактылуу карылыктын төрүнөн орун алып, жети неберенин сыймыктуу таятасы жана чоң атасы. Райондун социалдыкэкономикалык өнүгүүсүнө бараандуу салым кошкон Мунарбай Сатыбековдой инсандар эл арасында дайым бар болуп, келечек муундарга өзүнүн ак кызматы жана бараандуу эмгек жолу менен үлгү боло беришине тилектешпиз.

## КР Ардактуу аксакалы Сатимбаев Өзгөрүш



Кыргызда –Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү-деген накыл кеп бар эмеспи. Анын сыңарындай, жаш кезде мамлекетке жана калкка кызмат кылып, карыганда анын үзүрүн көргөнгө не жетсин. Биздин кезектеги каарманыбыз да жаш кезинде мамлекетке жан үрөп кызмат кылган. Азыркы кезде мамлекет тарабынан сыйга бөлөнүп, калк арасында барктуу болуп өмүр сүрүп жаткан кези. АлӨзгөрүш Сатимбаев.

Өзгөрүш Сатимбаев каржы тармагынын улуу муундагы белгилүү өкүлдөрүнүн бири.

Ал 1938-жылы Чаткал өрөөнүнүн Коргон-Төбө кыштагында төрөлгөн.

Алгач мектеп босогосун Коргон-Төбө кыштагынын жети жылдык мектебинен аттайт. Каарманыбыз жаш кезинен эле окууга шыктуу, зээндүү болгондуктан, 1-2-класстын программасын бир жылда окуп, 3-класска көчүрүлгөн. Жети жылдык мектепти аяктаган соң, 1955-жылы Айгыр-Жал айылындагы орто мектептен окуусун улантып, 1955-жылы аталган орто мектепти ийгиликтүү аяктаган.

1958-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, жоокердик ыйык милдетти үч жыл өтөп, 1960-жылы Мекенге кайтат.

Аскерден келген соң, "Чаткал жумушчулар кооперациясы" мекемесине эсепчи кызматына жумушка кабыл алынат. Антсе да, билим алууга дилгир Өзгөрүш Сатимбаев ошол жылы Фрунзедеги кооперативдик техникумга окууга тапшырат.

Үч жылдан соң, аталган окуу жайын "Артыкчылык Диплому" менен аяктап, өзү алгач кирген мекемеде ишин улантат. 1964-жылы аталган мекеменин башкы эсепчиси жооптуу кызматына дайындалат.

Башкы эсепчи кызматында он беш жылдай эмгектенип, 1976-жылы Чаткал керек-жарак коомунун төрагалыгына бекитилет.

Аталган мекемени он жыл жетектейт. Ал жылдарда Өзгөрүш Сатимбаев өзү жетектеген мекеменин ишмердүүлүгүн арттырып, ар тараптуу, дасыккан кадр

катары өзүн көрсөтөт. 1981-жылы Кыргызстан Компартиясынын мүчөлүгүнө кабыл алынат.

1987-жылдан баштап Ак-Таш, Беш-Арал жана Чаткал совхоздорунда башкы эсепчи кызматтарын аркалады.

Өзгөрүш Сатимбаев эмгек жолунда ар дайым так иштеп, бир нече ирет мамлекеттик жогорку органдар тарабынан “Ардак Грамоталарга” жана баалуу сыйлыктарга ээ болду.

1998-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Мамлекетке жана калкка көрсөткөн ак кызматы эске алынып, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан 2011-жылы “Чаткал районунун Ардактуу атуулу” наамы берилди.

Ал эми, 2016-жылы республикалык “Ардактуу инсандар” коомдук бирикмесине мүчөлүккө кабыл алынып, аз өтпөй “Кыргыз Республикасынын Ардактуу аксакалы” жогорку наамы менен сыйланды.

Өмүрлүк жубайы Калима менен 1964-жылы баш кошушкан. Дээрлик элүү беш жыл ынтымактуу үй бүлө курушуп, эки уул жана төрт кыздын ата-энеси болушту. Уулкыздарынын баары жогорку окуу жайларынан билим алышып, турмуштан өз орундарын табышкан.

Өзгөрүш Сатимбаев учурда сексен жаштын кырынан ашып, кичүү муундардан насаат кебин аябай, ардактуу эс алууда жүргөн кези.

# Ак эмгектери менен элге таанылган жубайлар



Районубузда өзүнүн кажыбас эмгеги, мамлекетке жана элге жасаган ак кызматы менен таанылган инсандардын көп экендиги кубандырат.

Андай инсандар, эл үчүн жасаган эмгегин милдет кылбай, карыса да, өзүнүн баа жеткис акыл-ойлору, эң бир керектүү демилгелери жана көсөмдүгү менен жалпы журтка жол көрсөтүп, калк арасында, мамлекеттик башкарууда али да өз орду бар экендигин тастыктап келишет. Мындай инсандардын бири да эмес, экөөсү тактап айтканда, эмгектин баатырлары, жубайлар-Сейталиев Мелисбай аба менен Абылкасымова Сардал эне.

Сөздү алгач Мелисбай Сейталиевден баштасак, Мелисбай аба 1939-жылы 3-мартта Чаткал районунун Сталин колхозунда жарык дүйнөгө келген. 1956-жылы 10-классты аяктаган соң, Жалал-Абад шаарындагы зооветтехникумга тапшырып, тилекке каршы ал окууну улантпай таштап койгон. 1958-жылы Кызыл-Армиянын катарына чакырылат. Мелисбай аба аскердик кызмат өтөп жүргөн кезде эле алдын-ала көрөгөчтүк кылып, жогорку окуу жайына тапшырууга даярданып жүргөн. Алдын-ала

билгендей, аскердик милдетти аяктап келген оң, 1961-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтуна тапшырып, аны 1966жылы ийгиликтүү аяктап, география-химия адистиги боюнча мугалимдик кесипке ээ болот.

Ошол жылы эле, Каныш-Кыя айылындагы Каныш-Кыя сегиз жылдык мектебине завуч болуп дайындалып, анда эки жыл иштеген соң, 1968-жылы өзү туулуп өскөн Курулуш айылындагы Н. Крупская атындагы сегиз жылдык мектебине директор болуп дайындалат. Ал жерде 1980жылга чейин, тактап айтканда 12 жыл эмгектенди.

1980-жылы Чаткал өзүнчө район болуп, түзүлгөндө, райсполкомдун жооптуу катчысы болуп дайындалып, бул кызматта 1984-жылга чейин иштеп, райондун андан ары түптөлүшүнө өзүнүн көрүнүктүү салымын кошо алган. 1984-жылдын февраль айында Беш-Арал мамлекеттик коругуна директор болуп дайындалып, бул кызматта 1989жылга иштеген. Андан соң, тактап айтканда, 1989-жылы Чаткал совхозуна башкарма болуп дайындалып, анда да бир топ жыл эгектенип, совхоздун чарбалык жумуштарын бир топ алга сүрөйт. Кийин Беш-Арал мамлекеттик коругуна илимий-кызматкер болуп жумушка орношуп, ошол жерде эмгектенип жүрүп ардактуу эс алууга чыккан.

Мелисбай аба мамлекетке жана элге көрсөткөн албан эмгектери көмүскөдө калбай, жогорку даражадагы бир топ сыйлыктар менен сыйланган. Алардын айрымдарына токтоло кетсек, Ош облустук комитети тарабынан элге Марксизм–Ленинизмдин идеяларын түшүндүрүүдө көрсөткөн эмгеги үчүн “В.И.Лениндин 100-жылдык юбилейине карата” мактоо Грамотасы жана Кыргыз

ССРинин Жогорку Советинин Президиуму тарабынан "В.И.Лениндин 100жылдык юбилейине карата" маарakелик медалы менен сыйланган.

2009-жылы мамлекет жана эл үчүн кылган зор эмгеги эске алынып, райондук жетекчилик тарабынан "Чаткал районунун ардактуу атуулу" ардактуу наамы ыйгарылган.

Мелисбай Сейталиев буга кошо эле, коомдук жана саясий иштерге көп аралашып, райондук кеңештин бир нече жолку чакырылышына депутат болуп шайланып, өзүнүн баа жеткис сунуштары, калыс пикири жана учур талап кылган демилгелери менен райондун социалдыкэкономикалык өнүгүүсүнө өз салымын кошуп келген.

Мында сөзсүз айта кетчү нерсе, Чаткал районунун 80 жылдык маарекесин белгилөө демилгеси алгач Мелисбай Сейталиев тарабынан райондук жетекчиликке сунуш кылынып, колдоо тапкан. Мелисбай аба Чаткал районунун качан уюшулгандыгын архивдик материалдар аркылуу далилдеген соң гана район жетекчилигине сунуш кылгандыгы айдан ачык. Бул иш Мелисбай Сейталиевдин коомдук ишмер катары даанышмандыгын жана алысты көрө билген көсөмдүгүн дагы бир ирет далилдеп турат.

"Баатырды баатыр кылган жубайы"-демекчи, Мелисбай абанын жубайы Абылкасымова Сардал эне тууралуу да өзүнчө сөз кылууга арзыйт.

Сардал эне жогорку билимдүү. 1966-жылы Ош Мамлекеттик Институтунун биология-химия факультетин аяктаган соң алгач, Каныш-Кыя 8жылдык мектебинде мугалим болуп эмгек жолун баштаган. Андан кийин, 1968-69 окуу жылында Курулуш айылындагы 8 жылдык

мектебинде биолог мугалим болуп иштеп жүрүп, 1987-жылы Курулуш айылындагы Н. Крупская атындагы 8 жылдык мектебинде директорлук кызматка дайындалган.

1987-88 окуу жылында Сардал эненин аракети менен Н. Крупская мектебинин аталышы "Сары-Булак толук эмес орто мектеби" болуп өзгөртүлгөн жана мектептин окуу корпусу кеңейтилип, он бир жылдык мектепке айландырылган. Көрүнүп тургандай, аталган мектептин түптөлүшүнө Сардал Абылкасымованын жетекчилик орду чоң экендигин тануута болбойт.

Сардал Абылкасымованын агартуу тармагындагы элүү жылдык үзүрлүү эмгеги жогорку жетекчилик тарабынан өз учурунда жогору бааланып, "Кыргыз ССРинин методисти" ардактуу деген наам ыйгарылган. коомдук жана саясий иштерге активдүү катышып, эл ишенимине ээ болуу менен, айылдык советке эки ирет депутат болуп шайланган.

Биз кеп башында белгилегендей, каарманыбыз өзүнүн бараандуу ишмердүүлүк аракеттеринин аркасында Чаткал районунун билим берүү тармагынын өнүгүүсүнө зор салым кошуу менен бирге эле, ошол кездеги жогорку билим алып, калкка кызмат кылууну самаган жаш кыз-келиндерге үлгү болуп, алардын жогорку билим алып, эл керегине жараган инсан болушуна түрткү берген билимдүү кыргыз кыз-келиндеринин алдыңкы өкүлдөрүнүн бири боло алган.

Анын калк үчүн жасаган эмгеги жана үй бүлөдөгү камкор, сүйүктүү жар катары ролу эл арасында аңыз катары айтылып, карапайым калк жана мамлекет тарабынан жогору бааланган.

Жубайлар Мелисбай Сейталиев менен Сардал Абылкасымова бири-биринен калышпай, жооптуу

кызматтарды аркалап, мамлекетке ак кызмат өтөө менен бирге, төрт уул, үч кызды тарбиялап, эрезеге жеткиришип, баарысын жогорку билимдүү кылышты. Уулдардын улуусу Талант айылда жекече мал чарбачылык менен алектенет. Экинчи уулу Эрнис Новосибирск шаарында бизнес тармагында, Урал кесиби мугалим, жооптуу кызматтарда иштеп, ал эми кичүү уулу Мекен салык кызматында эмгектенет. Кыздарынан-Венера райондук социалдык фонд башкармалыгында инструктор, Рахат С. Байдөөлөтов орто мектебинде мугалим болуп эмгектенип келет.

Баатыр жубайлар бүгүнкү күндө жыйырмадан ашуун неберенин, бир чеберенин чоң ата, чоң энеси жана таята, таенеси энеси болуп, кутман карылыктын доорун сүрүп жаткан кездери.

## Курулуш тармагына эмгек сиңирген Стамбеков Акжол



Чаткал району облустун жана республиканын борборунан өтө алыс жайгашып, республиканын башка аймактарына салыштырмалуу табигый шарты катаал аймак болуп эсептелет эмеспи. Ошентсе да, кезинде мамлекет тарабынан жетишээрлик көңүл бөлүнүп, Чаткал районунун шартына ылайык социалдык түзүмдөр иштелип чыгып, жергиликтүү калк үчүн тийиштүү шарттар жаратылган. Атап айтканда, бир

жагынан айыл жана мал чарбасы үчүн шарт жаратылса, экинчи жагынан социалдык курулуштар жанданган. Бул жараян өткөн кылымдын жетимишинчи жылдарынан баштап кызыгандыгы маалым.

Чаткал районунда курулуш тармагынын жанданышы менен жергиликтүү жаштардын арасынан курулуш тармагынын чыгаан адистери чыгып, райондун инфратүзүмүнүн жакшырышына салымдарын кошуп башташкан. Алардын бири Акжол Стамбеков болуп саналат. Төмөндө биз бул каарман тууралуу кеңири кеп кылмакчыбыз.

Акжол Стамбеков 1944-жылы 13-июлда Чаткал районунун Айгыр-Жал айылында төрөлгөн.

Акжол Стамбековдун атасы Стамбек колу чебер уста адам болгон. Ал өз колу менен арчадан комуз, домбура, ооз комуз жана үй тиричилик буюмдарын жасап, элди камсыздап турган.

Акжол Стамбеков 1964-жылы Шакафтар шаарчасындагы В. И. Ленин атындагы мектеп интернатын аяктаган соң, ошол эле жылы Фрунзедеги Политехникалык институтка тапшырган.

Институтта аскер кафедрасы жок болгондуктан, окууга өткөн жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, 1967-жылга чейин аскер кызматында болгон. Аскерде жүргөндө катарлаштарынан өзгөчөлөнүп, аскердик мыкты даярдыкты көргөзгөндүгү үчүн “Комсомольская Киргизия” гезитине 2 ирет мактап жазышкан.

Каарманыбыз 1967-жылы аскерден келген соң, кайрадан окуусун улантып, 1972-жылы жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап, “инженер куруучу” кесибине ээ болгон.

Окууну аяктаган жылы 1-августта республиканын борборунан алгач эмгек жолун баштаган. Тактап айтканда, алгач республикалык телевидениенин аппараттык студиялык комплексине (АСК) инженер жумушуна орношкон. Кийинчерээк, борбор калаадагы Долбоорлоо институтуна которулуп, үч жылдай иштеген.

Кыргыз ССРинин Курулуш министрлигинин жолдомосунун негизинде, Ала-Бука районуна жөнөтүлгөн. Тактап айтканда, 1975-жылдын 1-августунан баштап Ала-Бука райондук ПМКсында мастер прораб, кийинчерээк башкы инженер болуп иштеп баштаган.

Ал учурда Чаткал Ала-Бука районунун карамагында болгондуктан, ПМК мекемеси Ала-Бука жана Чаткал аймактарында курулуш иштерин алып барган. Каарманыбыз аталган мекеменин башкы инженери катары мекеме тарабынан курулган бардык объекттердин башында турган.

Ала-Бука ПМКсы тарабынан ошол кезде Жаңы-Базар айылында 2 кабаттуу мектеп, 2 кабаттуу мейманкана, соода борбору, почта бөлүмү, мекеме кызматкерлери үчүн 4 турак үй курулган.

Каныш-Кыя айылында 2 кабаттуу мектеп, 3 бөлүктөн турган бала бакча, дача, прокуратура, почта имараты, райадминистрациянын 3 кабаттуу имараты, кызматкерлер үчүн турак үйлөр, гараж курулган.

Башкы-Терек совхозунда 240 окуучуга ылайыкталган мектеп, 2 бөлүктөн турган турак үй жана 4 бөлүктөн турган механикалык устакана курулган.

Буга кошо эле, Акжол Стамбеков эмгектенген Ала-Бука ПМКсы тарабынан 1975-1987-жылдар аралыгында Чаткал

өрөөнү боюнча 47 кашар малчылар жашоочу тамы менен жана Кара-Корум сайындагы кыркым пункту курулган.

Жогоруда аталган жумуштар Акжол Стамбековдун Чаткал районунда гана жасаган жумуштары болуп эсептелет. Каарманыбыз Ала-Бука району үчүн да көптөгөн эмгектерди жасап, райондук оорукана, айыл өкмөтүнүн иараты, маданият үйү, бала бакча жана мектеп чыяктуу ондогон социалдык объекттердин курулушунун башында турган. Мындан сырткары, ал өзү эмгектенген мекеме тарабынан Фрунзе, Таш-Көмүр, Шамалды-Сай, Баткен, Кызыл-Кыя шаарларында курулган завод, турак жай сыяктуу социалдык объекттердин курулушунун башында болуп, аталган курулуштардын өз убагында сапаттуу бүткөрүлүшүнө жекече салымын кошкон. Акжол Стамбеков эмгектенген АлаБука ПМКсы курулуш тармагындагы алгылыктуу иш алып баргандыгынын натыйжасында 3 жыл республикалык, 4 жыл облустук “Ардак Тактада” илинип турган.

Акжол Стамбеков жooптуу кызматта иштеп туруп, 1982-жылы Ош облусуна караштуу партиялык “МарксизмЛенинизм университетине” тапшырып, 1986-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган.

Каарманыбыз өзүнө ишенип тапшырылган жооптуу кызматты абийирдүүлүк менен аркалап, республиканын курулуш тармагына опол тоодой эмгек сиңирип, жигердүү жаштыгын, дем-күчүн өлкөбүздүн өнөр жайынын өнүгүшүнө сарптаган.

1997-жылы архитектура жана курулуш иштерин мамлекеттик көзөмөлдөө (Госархстройконтрол) мекемесинин башкы инспекторлугуна бекитилип, Ала-

Бука, Аксы жана Чаткал райондорунда жүргүзүлүп жаткан курулуш иштеринин өз убагында сапаттуу бүткөрүлүшүнө көзөмөлдөө жумушун аткарып баштаган.

Каарманыбыз аталган жооптуу кызматта он жылдай эмгектенген.

2004-жылы Ала-Бука райондук жетекчилиги тарабынан райондук коммуналдык чарбанын башчысы жооптуу кызматына дайындалган. Аталган мекемеде эки жыл иштеп, мекемеге берилген жылдык планды ашыгы менен аткарып, мекеменин ишинин алга жылуусуна шарт түзүп бере алган.

2006-жылы жаш курагына байланыштуу ардактуу эс алууга чыккан.

Кеп кезеги келгенде каарманыбыздын өмүрлүк жубайы Нурбүбү Касаева тууралуу да айта кетпесек болбос.

Касаева Нурбүбү Эгембердиевна 1946-жылы 1-апрелде Нарын облусуна караштуу Кочкор районунун Кочкор айылында төрөлгөн.

Фрунзедеги И. Арабаев атындагы педагогикалык институтту аяктаган.

1974-жылы алгачкы эмгек жолун Ала-Бука айылындагы “Күнчубак” балдар бакчасында тарбиячы болуп иштөө менен баштаган.

1976-жылы ошол эле балдар бакчасынын башчысы болуп дайындалган. Нурбүбү Касиева аталган балдар бакчасында жетекчи болуп 40 жыл эмгектенген. Учурда ардактуу эс алууда.

Эмгек каармандары, жубайлар биргелешкен өмүр жолунда 3 уул, бир кыздуу болушту. Уул-кыздарынын баарына татыктуу тарбиялашып, жогорку окуу жайларына окутушту. Учурда Ала-Бука районунда небере жытын

жыттап, бактылуу карылыктын күзүнө күбө болуп жаткан кездери.

## Каржы тармагынын алгачкы чыгаан адистеринин бири



Бул каарманыбыздын мамлекетке жана анын ичинде районго жасаган албан иштери тууралуу азыркыга дейре эл арасында айтылып келет. Бул инсан каржы тармагынын чыгаан адиси катары Чаткалдан сырткары да белгилүү болгон.

Абди Субаналиев 1924-жылы Чаткалда төрөлгөн.

Каарманыбыздын күлгүндөй жаш чагы Улуу Ата Мекендик согуш жылдарына туш келген. 1942-жылдын октябрь айында кандуу согушка аттанган. Ал учурда он сегиздеги жаш жигит болгон.

Кан майданда жүрүп, ар улуттагы жоокерлер менен тең катар фашисттер менен согушуп, 1943-жылдын апрель айында Ала-Тоого кайткан.

Согуштан келгенден соң, мугалимдик жумушка кабыл алынып, Айгыр-Жал айылдык толук эмес мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, кийинчерээк Жер-Капчыгай жана Коргон-Сай айылык мектептеринде мугалим болуп иштеп жүрөт.

1950-жылы Пржевальский (азыркы Каракол) шаарындагы финансы техникумунун бухгалтер экономика бөлүмүнө окууга тапшырган.

1955-жылы аталган окуу жайын аяктап, эсепчи кесибине ээ болгон.

Андан соң, эсепчи катары эмгек жолун улантып, алгач Үч-Коргондо, кийинчерээк Ак-Коргон айылында эмгектенген.

1965-жылы Кичи Жаңы-Жолдо эсепчи кызматында иштеп жүрүп, 1966-жылы Каравангa башкы эсепчи кызматына которулган.

1968-жылы Ала-Бука районунун Бирлик совхозуна башкы экономист кызматына бекитилип, анда бир жыл иштеген. Ал ортодо Фрунзедеги КР.Улуттук Академиясынын экономика бөлүмүн аяктап, каржы тармагында жогорку билимге ээ болгон.

1969-жылы Чаткал районуна которулуп, Чаткал совхозунун башкы экономисти болуп дайындалган.

Аталган жооптуу кызматта иштеп жүрүп, 1972-жылы 11-апрелде кырк сегиз жашында Ош шаарында жумуштап жүрүп, күтүүсүз жерден кайтыш болгон.

Замандаштарынын эскерүүсүндө, Абди Субаналиев демилгечил, уюштургуч жана жаңычыл көз караштагы адам болуп, каржы жаатын мыкты билген, өз мезгилинин мыкты көрөгөч инсаны болгон.

Ал учурда республика боюнча совхоздор арасында коюлган планды аткаруу боюнча социалдык мелдештер өтүп турган. Ош облустук айыл чарба башкармалыгы тарабынан 1969-жылдагы өткөрүлгөн мелдеште Чаткал совхозу планды эң биринчи толтуруп, 1-орунду алган. Бул жетишкендиктерди турмушка ашырган кадр катары совхоздун башкы экономисти Абди Субаналиевге алтын саат ыйгарылган. Кийинки жылдагы ушундай эле мелдеште

да Абди Субаналиев 1-орунду алган, бирок 46 Ош облус боюнча 46 совхоздун экономисттери катышкан мелдешке арналган жыйында түштүк совхоздорунун тресттинин директору Сыргак Сооронкулов жана В. И. Кандаков аттуу облустук жетекчилер Абди Субаналиевден кечирим сурашып, бул ирет башкы сыйлыкты 2-орунду алган Кадамжай совхозунун экономисти Жангабыловго ыйгарууну чечкендигин айтышат. Абди Субаналиев ага макул болуп, 2сыйлык болгон беш миң рубль акчалай сыйлыкка ээ болот. Ал эми, 1971-1972-жылдарда ушул эле мелдеште дагы 1орунду ээлеп, бул ирет беш миң рублден акчалай сыйлыктарды алат. Ал учурда сыйлыктардын баары акчалай берилип баштаган.

Ал Чаткал совхозунда башкы экономист болуп иштеп жүргөн мезгилинде совхоздун чарбалык эсеп иштерине жаңычылдыктарды киргизүүгө умтулган. Ал ошол мезгилде айыл чарба жерлерин жеке адамдарга ижарага берүү аркылуу кошумча каражат табуу ыкмасын сунуштап, бул ыкма аркылуу жеке адамдар да, совхоз да кошумча киреше таап баштошкан. Тактап айтканда, Айгыр-Жал айылында “Аккорд” бригадасын уюштуруп, элдин кошумча кирише таап, турмушунун оңолушуна шарт түзгөн. Бул ошол кезде жаңычылдык болгон.

Мындан сырткары, Абди Субаналиев Айгыр-Жал айылын өз алдынча чарбалык эсептеги чарбага айландыруу демилгесин көтөргөн. Бул да ошол кездеги экономикалык жактан алып караганда өнүгүүнүн жаңы ыкмасы болгон. Бирок, Абди Субаналиев тагдырдын оор жазмышынан улам, ойлогон максатына жетпей калган.

Абди Субаналиев өз кезегинде Улуу Ата Мекендик согушка катышкандыгы үчүн бир нече орден, медалдардын ээси болгон. Ал эми, каржы тармагына сиңирген эмгеги үчүн “Кыргы ССРинин эмгек сиңирген экономисти” ардактуу наамына татыган.

Абди Субаналиев биринчи аялы Чыналиева Айтолгондон 3 уул, 1 кыздуу болгон. Кийинчерээк Какен аттуу аялга үйлөнүп, андан 1 уул, 1 кыздуу болгон. Уулдарынан Нурмат ата жолун жолдоп, Чаткал районунун каржы тармагында көп жыл эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан.

Чаткалдан чыккан чыгаан экономист, маркум Абди Субаналиевдин жаркын элесин түбөлүккө калтыруу максатында Каныш-Кыя айылдык кеңеши тарабынан Айгыр-
Жал айылынын ички көчөлөрүнүн бирине анын ысмын ыйгаруу боюнча чечим чыккан.

Абди Субаналиевди Чаткал эли, жери үчүн жасаган эмгектери эч качан унутулбайт.

## Каржы тармагынын чыгаан адиси Субаналиев Нурмат



Биздин каарман каржы тармагынын чыгаан адиси катары Чаткал районуна белгилүү десек жаңылышпайбыз. Ал каржы тармагындагы кесипкөйлүктү жана мол тажрыйбаны бир топ райондук чоң-чоң мекемелерде экономикалык бөлүмдүн башчысы жана башкы

эсепчиси катары кызмат кылып жүрүп топтоду.

Бул каарманыбыз-Субаналиев Нурмат Абдиевич болуп саналат.

Нурмат Субаналиев 1956-жылы 25-апрелде Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген.

1974-жылы Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы атындагы орто мектебин аяктаган соң, аскерге чакырылып, аскердик кызматты абийирдүүлүк менен өтөп келет.

1978-жылы Ош шаарындагы орто бухгалтерлик мектебине (БСШ) тапшырып, аны 1979-жылы ийгиликтүү аяктап, бухгалтер кесибине ээ болот.

Алгачкы эмгек жолу окууну аяктап келген жылы Чаткал совхозунан башталып, аталган совхоздун №2-фермасына ага эсепчи болуп бекитилет. Аталган жооптуу кызматта беш жыл иштеп, 1984-жылы Чаткал райондук айыл чарба техникасы ишканасынын башкы эсепчиси кызматына дайындалат. Бул ишкананын эсеп-кысап бөлүмүн башкарып үч жыл иштейт.

1987-жылы аталган жооптуу кызматты тапшырып, Чаткал райондук калкты турмуш тиричилик жактан тейлөө ишканасынын башкы эсепчиси кызматына жумушка өтөт.

Бул ишкананын чарбасы кең, эсеп-кысап жагы чоң болгон. Ошентсе да, татаал кызматты жөндөп, үч жыл иштейт.

1990-жылы өз эрки менен кызматын тапшырат.

Андан соң, 1990-1991-жылдарда Айгыр-Жал колхозунда кой ферма башчысы, ал эми 1992-1993-жылдарда райПО ишканасында дүкөнчү болуп иштейт.

1993-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы эсепчиси болуп дайындалат. Аталган мекеменин

эсеп бөлүмүн бир жылдай башкарып, 1994-жылдын апрель айында Чаткал райондук каржы бөлүмүнүн башкы эсепчиси жооптуу кызматына бекитилип, ошол эле жылдын октябрь айында райондук каржы бөлүмүнүн бюджеттик бөлүмүнүн башчылыгына которулат.

Ал эми, 1995-жылы Ош мамлекеттик улуттук университетин аяктап, айыл чарба бухгалтерлик эсеп адистиги боюнча жогорку билимге ээ болот.

Ошол эле жылдын май айында Чаткал райондук каржы бөлүмүнүн башчылыгына дайындалат.

Ошентип, биздин каарман райондогу эң жооптуу кызматтардын бирине дайындалып, райондун каржы тармагын тейлеп баштайт.

Нурмат Субаналиев бул жооптуу кызматты эки жыл аркалайт.

1997-жылдан 1998-жылга чейин бир жыл Чаткал райондук салык кызматында инспектор кызматында иштейт. 1998-жылы райондук билим берүү жана маданият бөлүмүнүн башкы эсепчиси кызматына бекитилет. Аталган кызматта төрт жыл үзүрлүү эмгектенип, 2002-жылы КанышКыя айыл өкмөтүнүн каржы экономикалык бөлүмүнүн башчысы жана башкы эсепчиси жооптуу кызматын бекитилет. Аталган жооптуу кызматта эки жылдай эмгектенип, 2004-жылы Чаткал райондук коммуналдык чарба ишканасынын жетекчилигине бекитилип, аталган ишкананы эки жылдай жетектейт.

2005-жылдын октябрь айында Чаткал райондук аймактык ооруканасынын башкы эсепчиси кызматына дайындалат. 2006-жылы аймактык оорукана менен райондук оорукана биригип, Чаткал райондук жалпы

дарыгерлик практикалык борбору түзүлөт. Нурмат Субаналиев мурдагы кызматынан которулуп, аталган дарыгерлик борбордун башкы эсепчиси болуп бекитилет.

Ал райондук практикалык дарыгерлик борбордун башкы эсепчиси кызматында он жылга жакын эмгектенди.


Аталган кызматта иштеп жүрүп, 2014-жылы башкы эсепчилик кызматын тапшырып, ардактуу эс алууга чыккан.

Нурмат Субаналиев райондун каржы тармагына көрүнүктүү эмгек сиңирип, мамлекет үчүн жасаган ак кызматы үчүн райондук, облустук жана республикалык бир топ сыйлыктарга ээ болду.

Ал көргөзгөн ак кызматына жараша элдин ишенимине ээ болуп, 1994-1999-жылдар аралыгында Каныш-Кыя айылдык кеңешине, ал эми 2000-2005-жылдар аралыгында райондук кеңешке депутат болуп шайланып, өзүнүн конструктивдүү сунуш-пикирлери менен райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө салым кошо алды.

Нурмат Субаналиев өмүрлүк жубайы Гүлайым менен кырк жылдан ашуун бактылуу өмүр сүрүп, үч уул жана үч кыздуу болушту. Уул-кыздарынын баарын татыктуу тарбиялашып, жогорку окуу жайларына окутушту. Уулкыздарынан жыйырма неберелүү, бир чөбүрөлүү болушуп, бактылуу жашоо кечиришүүдө.

# Чаткал районуна таанымал агартуучу



Эл агартуунун отличниги, таанымал агартуучу Шайлыбай Субанов кесиби боюнча география мугалими болсо да, так илимдерди сүйгөндүгү жана бул жаатта чыгаан адис экендиги көпчүлүккө маалым. Эмесе, бул каарманыбыз тууралуу кеп башынан болсун.

Субанов Шайлыбай Жээнбекович 1955-жылы 16-майда Чаткал районунун Курулуш айылында төрөлгөн.

Алгач мектеп босогосун Курулуш айылындагы Н. Крупская атындагы сегиз жылдык мектебинен аттап, орто мектепти Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебинен аяктаган.

Ал окуучу кезинде эле мектепте жакшы окуп, окууга дилгир, алдыңкы окуучулардан болгондуктан, орто мектепти аяктаары менен Ак-Таш айылындагы Жаш-Тилек сегиз жылдык мектебине математика мугалими болуп кабыл алынган.

1973-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, аскердик кызматты өтөп 1975-жылы кайтып келген.

Аскерден келген соң мугалимдик жумушун улантып, Курулуш айылындагы Сары-Булак орто мектебинде мугалим болуп ишин уланткан.

1980-жылы Ак-Таш айылындагы Жаш-Тилек орто мектебине которулуп, анда үч жылдай иштеген.

1982-жылы кайрадан Курулуш айылындагы Сары-Булак (кийинчерээк Сатимбай Мырзалиев атындагы) орто мектебине которулган.

1986-жылы борбор калаадагы Кыргыз мамлекеттик университетинин география факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, аталган жогорку окуу жайын 1992жылы ийгиликтүү аяктап, география сабагынын мугалими кесибине ээ болгон.

1995-жылы С.Мырзалиев орто мектебинин директорунун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары болуп бекитилген.

Шайлыбай Субанов бул жооптуу кызматта он жылдай үзүрлүү эмгектенген.

Райондун билим берүү тармагына кошкон көп жылдык үзүрлүү эмгеги эске алынып 2002-жылы “Эл агартуунун отличниги” ардактуу наамы салтанаттуу түрдө ыйгарылган. Мындан сырткары, райондук, облустук жана республикалык билим берүү мекемелери тарабынан бир нече “Ардак Грамоталарга” жана баалуу сыйлыктарга ээ болгон.

Биз сөз башында баса белгилегендей, Шайлыбай Субанов кесиби боюнча география мугалими болсо да, так илимдер боюнча өз алдынча билимин тереңдетип, мектепте география сабагы менен тең катар эле математикадан да сабак берип келет. Ал тургай, так илимдер жаатында чыгаан математик мугалимдерге теңтайлаша алаар дарамети бар экендиги көптөрүнө белгилүү.

Билим берүү тармагына 47 жыл эмгек сиңирген Шайлыбай Субанов 2015-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Ошентсе да, мектеп жетекчилигинин сунушу менен өз

ишин улантып, бүгүнкү күндө да Курулуш айылындагы С. Мырзалиев атындагы орто мектебинде жаш муундарга билим-тарбия берип келүүдө.

## Агартуучулукту жетекчилик менен айкалыштырган инсан



Чаткал районунда өз кесиби менен бирге эле, жетекчилик кызматтарды да аркалап, райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө көрүнүктүү салым кошо алган инсандарыбыз ондоп саналат. Жумушту кош тизгинден алып, өз кесибин да, кызматты да бирдей алып барып, жаштарга үлгү болгон мындай инсандарыбыздын бири

Алимжан Сулайманов болуп эсептелет.

Алимжан Сулайманов 1958-жылы Чаткал сельсоветинин Ак-Таш айылында төрөлгөн.

Ал 1981-жылы Ош мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетин аяктаган. Ал чү дегенде эле алгачкы эмгек жолун Ак-Таш айылындагы Жаш-Тилек сегиз жылдык мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуу менен баштаган. Ал мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп он жыл иштеп, 1991-жылы аталган мектептин директору болуп бекитилген. Мектеп директору кызматын аркалап, арадан дагы он жылдай убакыт өтүп, 2000-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө жумушка чакырылган. Тактап

айтканда, 2000-2003-жылдары райондук билим берүү бөлүмүндө башкы адис болуп төрт жылдай эмгектенген. Ал эми, 2007-жылы Алимжан Сулаймановдун жашоосунда бир кыйла кызматтык жогорулоо болуп, Чаткал райондук мамлекеттик администрациясынын социалдык бөлүмүнүн башкы адиси жооптуу кызматына дайындалган. Ал райондук мамлекеттик администрациясында 2007жылга чейин иштеп, бул мезгил аралыгында социалдык бөлүмдүн башкы адиси жана сектор башчысы кызматтарын аркалаган. 2007-жылы Алимжан Сулаймановго ошол кездеги райондук жетекчилик тарабынан чоң ишеним артылып, Шакафтар айылындагы В. И. Ленин атындагы жатак мектебине директорлугуна бекитилген. Чындыгында, аталган жатак мектеп жаамааты чоң, ички окуу-тарбиялык талабы күчтүү жана тартиби бекем, чарбасы кең мекеме болуп, облустук маанидеги билим берүү очогу болуп эсептелет. Дегеним, мындай чоң мекеменин ишин алып баруу үчүн жетишээрлик тажрыйба талап кылынаары талашсыз. Алимжан Сулайманов бул жооптуу кызматты илгиртпей алып кетип, жатак мектептин көп багыттуу жумушун жөнгө сала алган. Аталган мекемени беш жыл жетектеп, 2012жылы кайрадан Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнө чакыртылып, адис кызматын бир жыл аркалаган. 2013жылы Каныш-Кыя айылындагы А. Баймырзаев орто мектебине директорлукка дайындалып, эки жыл аталган мектепти жетектеген. 2015-жылы мектеп директору кызматын тапшырып, ошол эле мектепте социалдык педагог жумушуна өткөн. Ал жумушта 2019-жылга чейин эмгектенген.

Албетте, ар бир опол тоодой эмгектин артында кыйчалыш абалга тушуктурган кыйынчылык мезгилдер жана кийин эстеп жүрө тургандай кызыктуу учурлар болот эмеспи. Айтайын дегенибиз, Алимжан Сулаймановдун эмгек жолунда да мындай мезгилдер болбой койгон жок. Алардын бирине токтолсок, ал алгач Ак-Таш айылындагы ЖашТилек сегиз жылдык мектебинде директор болуп иштеп жүргөн мезгилинде ошол кездеги район акими Мукаш Мамбетов капысынан текшерүүгө барып калат.

-Жайкы каникул мезгилинде мектепти эмгек жааматыбыз менен бирге мектепти оңдоп-түзөп жатканбыз.-дейт биздин каарман бул окуяны күлкү аралаш эскерипМектептин имаратынын алды жагы веранда болуп, алды ачык болгондуктан, аны тактай менен бир метрден бийигирээк кылып тосуп аткан элек. Аңгыча ошол кездеги район акими Мукаш Мамбетов келип калды. Ал кишиге мектеп верандасын тактай менен тосуп жатканыбыз жакпай калдыбы, ачууланып эле-Бул эмне деген, ыя?! Ушул да жарачу беле?!-деп эле, кагылган тактайларды буту менен тээп-тээп түшүрүп салса болобу! Мага карап-Сен бошсуң, жумушуңдан бошоттум!-деп, акырая карап алып, кете берди. Анан, мындай болуп кетээрин такыр күтпөгөн мен да, эсиме келе албай дендароо болуп эле калдым. Анан, тез эле эсиме келип, мектеп имаратынын жанына жаңыдан курулуп жаткан кампаны кайрадан буздурдум да, кыштарын алдырып, мектеп верандасын кыш менен бекем урдуруп, шыбатып, актатып салдым. Кийинчерээк, окуу жылы башталаарга жакын Мукаш Мамбетов мени администрацияга чакыртыптыр. Барсам-Тиги жерди жакшылап бүтүрдүңбү? Иштей бер, эми-деп,кайрадан

жөнөтүп жиберди. Көрсө, мектеп верандасынын алдын кыш менен кайрадан курганыбызды сураштырып, билген экен, чунак киши.-.

Алимжан Сулаймановдун эл, жер үчүн талыкпай жасаган кызматы көмүскөдө калбай, райондук, облустук жана республикалык маанидеги бир топ сыйлыктардын ээси болду. Ал өзүнүн бараандуу эмгек жолунда мамлекет ишенип тапшырган бардык жумуштарды абийирдүүлүк менен аткарып, “Эл агартуунун отличниги” ардактуу наамына татыган. 2018-жылдын соңунда ардактуу эс алууга чыккан.

Баатырды баатыр кылган жубайы-демекчи, Алимжан Сулаймановдун өмүрлүк жубайы Миңбаева Зуура Садырбековна тууралуу да айта кетүүгө тийишпиз. Ал 1958-жылы Ала-Букада төрөлгөн. Жубайы экөөсү Ош мамлекеттик университетинин чет тилдер факультетинде окуп жүрүп таанышып, баш кошушкан. Алгачкы эмгек жолун да Жаш-Тилек сегиз жылдык мектебинен бирге башташкан. Ал англис тили мугалими катары келечек муундаргы кызмат кылып, Алимжан Сулайманов кайсы жерде кызмат кылса ошол жерде өз кесиби менен, катардагы мугалим болуп иштеп жүрүп, элге, жерге көрүнүктүү эмгек сиңирди. Мамлекет тарабынан билим берүү тармагына кошкон зор эмгеги үчүн “Эл агартуунун отличниги” наамы берилген.

Жубайлар биргелешкен өмүр жолунда 3 уул, төрт кыздуу, 12 неберелүү болушкан. Уул-кыздарынын баары жогорку билимдүү. Кыздары Гүлзат жана Айзат ата-энесинин жолун жолдошуп, чет тил сабагынын мугалими

кесибин аркалашып, жаш муундарга билим-тарбия беришүүдө.

## Чыгармачылыктан бакыт тапкан Сыдыкова Айбарчын



Чаткал районунан буга чейин ар тармактан облустук, республикалык жана эл аралык деңгээлдеги бир топ ишмерлер чыккандыгы белгилүү. Алардын айрымдарынын аттарын атай кетсек: техника илиминин докторлору, бир туугандар - Биймырза жана Ыза Токторалиевдер, экономика илиминин доктору Жапар Алыбаев, коомдук ишмерлер - Роба Насырова, Барпы Рысбаев жана башкалар. Булардын жолун жолдоп, өз таланты жана көрөңгөсү менен республикага опол тоодой кызмат кылып келаткан чаткалдык уул-кыздарыбыз тууралуу да айта кетсек ашыкча болбос.

Биз атайы сөз кылууга арзый турган кыздарыбыздын бири Айбарчын Сыдыкова. Учурда ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясында реклама-маркетинг жана эл аралык тышкы байланыштар дирекциясынын редактору болуп эмгектенип жаткан Айбарчын Сыдыкова өткөн жылдын март айында “КР. Ардактуу айымы” жогорку наамы менен сыйланды. Албетте, бул жогорку сыйлык Айбарчын Сыдыковага жөн жеринен берилген жок. Каарманыбыздын буга чейинки эмгек жолуна учкай токтолсок, ал алгач эмгек жолун 1987-жылы Чаткал

районунун Каныш-Кыя айылындагы С. Байдөөлөтов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган.

2001-2004-жылдарда Чаткал райондук жергиликтүү “Кыял ТВ” телестудиясынын директору жана диктору кызматын аркалаган. Кошумчалай кетсек, Айбарчын Сыдыкова “Кыял ТВ” телестудиясынын негиздөөчүлөрүнүн бири катары да белгилүү.

2005-жылы ЭлТР мамлекеттик телерадио компаниясында режиссерлук кызматка киришкен. Андан соң, 2007жылы реклама-маркетинг жана эл аралык тышкы байланыштар дирекциясынын редакторлук кызматына которулган.

2008-жылдын ноябрь айында техникалык жактан көзөмөлдөө бөлүмүнүн инженери кызматына которулуп, аталган жооптуу кызматты бүгүнкү күнгө чейин аркалап келе жатат.

Ал ишмердүүлүк жолунда алгач “Ыйык жерлер баяны” радио-теле көрсөтүүсүн эфирден чагылдыруу менен элге таанылып, аталган көрсөтүү өз кезегинде көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө айланган көрсөтүү боло алган.

Мындан сырткары, ЭлТР мамлекеттик мамлекеттик телерадио компаниясы аркылуу элге тартууланып келген “Саясий арена”, “Бетме-бет”, “Билерман ордо”, “Жолугушуу аянты”, “Кереге кеңеш”, “Күн маек”, “Алтын аяк”, “Элет баяны”, “Кутман таң”, “Бөбөк кечи” жана башка теледолбоорлордун сапатына жана техникалык талабына жоопкер адис катары кызмат өтөп, буга кошо эле, мекемедеги жаш адистерге кеңешчи катары да өз салымын кошуп келүүдө.

Айбарчын Сыдыкованын элге жана мамлекетке өтөгөн ак эмгеги көз жаздымда калбай, буга чейин “КР. Эл агартуунун отличниги”, “ЭлТРдин эң мыкты адиси” төш белгилери, ЭлТРдин Ардак Грамотасы, КР. ӨКМдин Ардак Грамотасы жана башка көптөгөн райондук, облустук жана республикалык баалуу сыйлыктарга ээ болгон.

Айбарчын Сыдыкова телерадио тармагында эмгектенүү менен бирге эле, көөдөнүндөгү көрөңгөлүү талантын да бапестеп багып келет. Анын жазган ырлары облустук гезит, журналдардын беттеринен орун алып, радиодон окулуп, Жалал-Абад облустук акын, жазуучулардын чыгармалар топтомуна киргизилип, окурмандар тарабынан өз баасын алган. Ал мындан сырткары, “Ыйык жерлер баяны” аттуу китептин автору. “Жакшы кыздар”, “Махабат-ыйык сезим”, “Жаштык ай” аттуу ырларына белгилүү обончу Эгемберди Талипов обон жазып, бул чыгармалар азыр эл арасында ырдалып жүрөт.

Жооптуу кызматты аркалоо менен бирге эле, көрөңгөлүү талантын өчүрбөй багып келаткан Чаткалдын таланттуу кызы Айбарчын Сыдykованы алдыда көптөгөн чыгармачылык ийгиликтер күтүп тургандыгы талашсыз экендигин баса белгилөө менен, ага мындан ары да чыгармачылык бийиктиктерди каалайбыз.

# Таанымал дарыгер жана мугалимден турган татыктуу үй бүлө



Биз кеп кылчу үй бүлө таанымал дарыгер жана мугалимден куралган. Бири белгилүү хирург болсо, бири эмгек сиңирген мугалим. Булар өздөрү үчүн бекем үй бүлө куруу менен бирге эле, мамлекетке да татыктуу кызмат көрсөтүшүп, коомчулукка үлгү катары таанылышкан.

Бул-Жаңы-Базар айылындагы Таирбековдордун үй бүлөсү болуп саналат.

Ниязбек Таирбеков көп жактарга таанымал хирург болуп эсептелет. Ал 1950-жылы 5-апрелде Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген. Алгач мектеп босогосун Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебинен аттап, 1967-жылы аталган орто мектепти аяктаган.

Орто мектепти аяктаган жылы Фрунзедеги медициналык институттун даярдоо курсуна тапшырып, аны 1974жылы ийгиликтүү аяктап, хирург кесибине ээ болгон. 1975-жылы Ош облустук ооруканасынан интернатурадан өтүп, хирургия бөлүмүнө дарыгер хирург кызматына кабыл алынган. Ошол кезде Чаткалда дарыгерлер жетишпей жаткандыктан, бир жылдан соң, министрлик тарабынан жаш хирург Ниязбек Таирбековду Чаткалга жиберүү чечими кабыл алынып, кичи мекенине жөнөтүлөт.

Ошентип, жаш хирург Ниязбек Таирбеков Чаткалга бир гана жыл мөөнөткө иштеп келүүгө жиберилет. Бирок, тагдырдын туз насиби көпкө буйруганбы айтоор, ал Чаткалда биротоло калып иштөөгө туура келди.

Ал кезде Жаңы-Базар айылы район борбору болуп тургандыктан, райондук оорукана ошол жерде жайгашкан эле. Ниязбек Таирбеков Чаткалга келгенде алгач 1976-жылы райондук ооруканада хирург жана участкалык врач болуп иштеди. Аталган жумушта төрт жыл эмгектенип, көптөгөн ооруларды айыктырып, элдин алкышына ээ болуп, тажрыйбалуу дарыгер катары кадыр-барк тапты. 1980-жылы кызматтык жактан жогорулоо насип кылып, райондук ооруκананын башкы дарыгерлик кызматына бекитилип, 1982-жылга чейин үзүрлүү эмгектенди.

1982-жылы аталган ооруκананын хирургиялык бөлүмүнүн башкы дарыгери болуп которулду.

1980-жылдардын экинчи жарымында район борбору Жаңы-Базар айылынан Каныш-Кыя айылына көчүрүлүп баштады. Көптөгөн райондук мекемелердин катарында райондук оорукана да Каныш-Кы айылына көчүрүлдү. Ал эми, Жаңы-Базар айылында № 2-Жаңы-Базар үй бүлөлүк дарыгерлик тобу иштеп калды. Буга райондук ооруκананын хирургиялык бөлүмүнүн башкы дарыгери болуп эмгектенип келген Ниязбек Таирбеков үй бүлөлүк турмуш шартына байланыштуу өз кызматын өз тапшырып, ЖаңыБазар участкалык ооруκананын башкы дарыгерлик кызматына өттү. 2006-жылы №2-Жаңы-Базар үй бүлөлүк дарыгерлик тобунун башчысы кызматына бекитилди. Бул жооптуу кызматта бүгүнкү күнгө дейре эмгектенип келет.

Ниязбек Таирбеков райондук ооруканανын башкы дарыгери болуп турган мезгилде райондук оорукананын имараттары жаңыланып, ички шарттары бир топ жакшырып, кызматкерлерге да, бейтаптарга да ыңгайлуу шарттар түзүлдү.

Ал дарыгерлик билимин ар дайым жогорулатуунун үстүндө тынымсыз аракеттенип, билимин жана тажрыйбасын жогорулатуучу курстарга ар дайым барып турду. Алардын негизгилеринин бири-1977-жылы Ташкент шаарынан "Социальная гигиена и организация здравоохранения" багыты боюнча адистештирилген окуудан өттү. 1982-жылы "Актуальные вопросы по хирургии" аттуу окуу курсунда эки ай окуп, өз кесибин тереңдетүү боюнча билим алды. Мындан сырткары, жогорку билими менен тажрыйбасын айкалыштыра иштеп, жүздөгөн хирургиялык операцияларды иш жүзүнө ийгиликтүү ашыра алды. Анын эмгек жолунда бейтаптардын кол-буттары, же тактап айтканда сырткы дене мүчөлөрүнө жасалган операцияларды кошпогондо, ички органдарына жасалган операциялардын жалпы саны үч миңден ашат. Бул эми, чындыгында, үч миңден ашуун адамды ажал оозунан алып калды деген сөз эмеспи. Бул деген эң чоң эрдик эмеспи.

Ошол кезде Чаткалда саламаттыкты сактоо тармагынын зарыл кадрлары жетишпегендиктен улам, Ниязбек Таирбеков хирург гана эмес, керектүү учурда педиатр, терапевт, акушердин да кызматын кошо аткарууга туура келгендигин айта кетүүбүз керек.

Ниязбек Таирбековдун мыкты дарыгер жана жетекчи катары сиңирген эмгеги өз учурунда эске алынып, райондук, облустук жана республикалык баалуу сыйлыктар менен сыйланып, 2010-жылы "Саламаттыкты сактоонун

отличниги" наамын алган. 2017-жылы КР. Саламаттыкты сактоо министрлигинин "Ардак Грамотасы" жана төш белгиси берилген.

2015-жылы Ниязбек Таирбековго "Чаткал районунун ардактуу атуулу" наамы салтанаттуу түрдө тапшырылган.

Балдарынын ичинен кызы Айнура ата жолун жолдоп хирург кесибине ээ болгон. Ал учурда борбор калаадагы Жал кичирайонунун райондук ооруканасында эмгектенет.

Биз сөз башында белгилегендей, биздин каарманыбыздын өмүрлүк жубайы Курманбү Муназараева Эл агартуунун отличниги, белгилүү мугалим болуп саналат.

Ал 1951-жылы Жаңы-Базар айылында жарык дүйнөгө келген.

1966-жылы Чаткал орто мектебинин 8-классын аяктаган соң, Жалал-Абад шаарындагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайына тапшырат. 1970-жылы аталган окуу жайын ийгиликтүү аяктаган соң, башталгыч класстар мугалими кесибине ээ болуп, алгач эмгек жолун өзү билим алган Чаткал орто мектебинен баштайт.

"Дарак бир жерден көгөрөт" деп элде айтылгандай, Курманбү Муназараева ардактуу эс алууга чыкканга чейин Чаткал орто мектебинде эмгектенип, жаш муундарга билим-тарбия берди.

Ал өз эмгек жолунда өзүнүн мугалимдик милдетин так аткаруу менен мамлекет тарабынан жогорку баага татыды. Атап айтканда, райондук, облустук жана республикалык бир нече "Ардак Грамоталар" менен сыйланды. 1985жылы "Эл агартуунун отличниги" наамы салтанаттуу түрдө тапшырылды. 1988-жылы Кыргыз ССРинин Билим берүү министрлиги тарабынан Курманбү Муназараеванын терең билими жана иш тажрыйбасы жогору бааланып, "Ага

мугалим" наамы берилип, ага ылайык эмгек акысына кошумча акчалай төлөм чегерилет. Бул наам ошол кезде Чаткал району боюнча Курманбү Муназараевага гана ыйгарылгандыгы анын мугалимдик иш тажрыйбасынын мамлекет тарабынан жогору бааланганды гынын белгиси экендигин көрсөтүп турат.

Ошол эле жылы Чаткал районундагы мугалимдердин атынан мугалимдердин республикалык V-съездине делегат болуп шайланып, аталган иш чарага катышып келди.

2006-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

Ар бири өз кесиби менен мамлекетке жана жалпы журтка зор кызмат кылган үлгулүү жубайлар-Ниязбек Таирбеков менен Курманбү Муназараева бирге сүргөн өмүр жолунда 3 уул жана 2 кыздуу болушту. уул-кыздарынын баары жогорку билимдүү. Учурда уул-кыздарынан 16 небере көрүшүп, ардактуу эс алууда жүрүшкөн чактары.

## Жаратылышты коргоонун эмгек сиңирген кызматкери



Ар бир кесиптин өзүнүн чыныгы устаты, ар бир тармактын өзүнүн чыныгы адиси болоору талашсыз.

Мейли дарыгерлик, мейли устачылык, мейли дыйканчылык болсун, ар бир кесип, же тармак өзүнүн кесипкөй адистери менен гана баркгуу болот. Албетте, мындай кесипкөй

адистер ар бир тармакта ондоп саналат. Биз төмөндө ошондой кесипкөй адистердин бири, Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо тармагынын эмгек сиңирген кызматкери Таласбаев Рыскулбек Көчөрбаевич тууралуу кеп кылабыз.

Рыскулбек Таласбаев 1953-жылы 6-декабрда Чаткал районунун Сары-Булак селсоветинде (азыркы Чаткал айыл аймагы) жарык дүйнөгө келген.

Ал жаш кезинен эле кыргыз элинин байыркы тарыхына кызыгып, эски уламыштарын жантыгынан жата калып уккан бала эле. Мунун менен бирге эле, аны кыргыз жергесинин бейиштей кооздугу менен бирге эле, сырдуулугу жана табышмактуулугу абдан кызыктырган.

Атасы Таласбаев Көчөрбай Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, метеорология кызматына албан эмгек сиңирген, 7-класстык гана билими болсо да жол мастери болуп иштеп, Чаткал өрөөнүнө автоунаа жолунун келишине чоң салым кошкон иштерман инсан болгон. Көчөрбай ата буга кошо эле, кандуу согуш жылдары жана андан кийинки мезгилдерде ар кандай турмуштук кырдаалдарда орус улутундагы адамдар менен аралашып көп иштешкендиктен, орус тилин билген, жогорку билими болбосо да зирек, жетишээрлик маалыматтуу адам болуптур. Ошонун таасириби, айтоор Рыскулбек Таласбаев да жаш өспүрүм кезинен көп нерсеге кызыгып, дайым заманбап жаңы нерселерди көрүүгө, үйрөнүүгө, ар элдин маданиятын жана эл аралык саясатты түшүнүүгө далалат кылат.

1961-жылы алгач мектеп босогосун аттап, Шакафтар шаарчасындагы В. И. Ленин атындагы мектеп

интернатында 1-класска кирет. 1964-жылы Курулуш айылындагы сегиз жылдык мектептен окуусун улантып, орто мектепти 1971-жылы Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебинен аяктайт. Ал учурда Чаткал районундагы көп мектептер толук эмес болгондуктан, ал кездеги улан-кыздар ар кайсы мектептерден окуп, орто билим алышкандыгы белгилүү.

Орто мектепти аяктаган соң, аскердик кызматка чакырылып, аскердик ыйык милдетти өтөөгө жөнөп кетет. Аскерде жүрүп, өзүнүн түз мүнөзү, туруктуулугу, аскердик тартипти бекем сактагандыгы менен катарлаштарынан айырмалана алат. Аскердик жетекчиликтин буйругу менен сержант чинин алып, алгач бөлүктүн командири, андан соң батареянын командири болуп кызмат кылып, ыйык милдетти абийирдүүлүк менен өтөп, Мекенге кайтат.

Аскерден келген соң, ар кандай кесиптик курстарга окуп, алгач бульдезорчу болуп иштейт. Ал кезде Чаткал өрөөнүнө автоунаа жолдорун салынып жаткан убак эле. Каарманыбыз жаш болсо да бульдозер айдап, он жылга чукул автоунаа жолдорунун Чаткал өрөөнүнүн ар кайсы айылдарына жеткирилишине салымын кошот. Аны менен катар эле, жогорку билим алууну көксөп, 1981-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун филология факультетинин орус тили жана адабияты бөлүмүнө тапшырат. Аталган окуу жайын 1986-жылы ийгиликтүү аяктайт. Бирок, каарманыбыздын тагдырына башка кесип буйруйт. Тактап айтканда, кесиби орус тили жана адабияты мугалими болсо да, жаштайынан жан дүйнөсүнө жакын болгон табиятты коргоо жаатында эмгектенүүгө туура келди. Тактап айтканда, аты аталган жогорку окуу жайын аяктагандан көп

өтпөй эле, Кыргыз ССРинин жаратылышты коргоо кызматынын мамлекеттик инспектору кызматына бекитилет.

Рыскулбек Таласбаев бул кызматта толук отуз үч жыл эмгектенди.

Жан дүйнөсү табиятка жакын деп биз жогоруда сөз арасында бир нече ирет белгилегендей, Рыскулбек Таласбаев өзүнүн кызматтык милдеттерин так аткаруу менен, ар дайым Чаткалдын улуу тоолорун кээде аттуу, кээде жөө аралап, Кыргыз жергесинин бейиштей кооздугуна бир нече ирет көзү жетти жана ички жан дүйнөсүн байытты. Ал эми, эң бир кооз, кайталангыс жерлерин фотоаппарат менен сүрөткө тартып, сактап жүрдү. Буга кошо эле, көз мелжип, чалкыган Чаткал өрөөнүнүн али адам баласына белгисиз жактарын ачып берди. Мисалы: 2015-жылы Чаткал өрөөнүнүн Бугулуу-Төр жайлоосунан, деңиз деңгээлинен 3770 метр бийик жайдан кыргыз элинин байыркы таш жазма эстеликтеринин (петроглифтер) ири топтомун таап, бул тууралуу республикалык ири басылмалар аркылуу коомчулукка белгилүү болду. Бул ачылыш Кыргыз Республикасынын тарых жана маданий мурастар институту тарабынан жогору бааланды.

Жаратылышты коргоо кызматкери болуп иштеп турган кезинде Чаткал өрөөнүнүн бай жаратылышын көздүн карегиндей сактоого өз салымын кошуп, жаратылышка суук колун салгандарга каршы аеосуз күрөш алып барып, жасаган иштери мамлекет тарабынан өз убагында бааланды. Тактап айтканда, райондук, облустук жана республикалык “Ардак Грамоталарга” жана баалуу сыйлыктарга ээ болду.

"Жаратылышты коргоонун отличниги" наамын алды. Ал эми, 2017-жылы Кыргыз Республикасынын ошол кездеги Президенти Алмазбек Атамбаевдин колунан "Жаратылышты коргоонун эмгек сиңирген кызматкери" ардактуу менен сыйланды.

Рыскулбек Таласбаев өмүрлүк жубайы Анар менен бактылуу өмүр сүрүшүп, 2 уул жана 2 кыздуу болушту. Уулкыздарынын баары жогорку окуу жайларынан билим алышкан.

Каарманыбыз 2018-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Учурда жаштарга насаатчы болуп, өмүрдүн алтымыш алтынчы ашуусунда турган чагы.

# Чаткалдын өнүгүүсүнө өз салымын кошкон Ташбаев Атакан



Тээ 1960-1970-жылдарда мурдагы Советтер Союзунун айыл чарбасын өнүктүрүү саясатына ылайык, Кыргызстандын Чаткал сыяктуу алыскы аймактарын өнүктүрүү иши массалык түрдө жигердүү колго алынгандыгы тарыхта белгилүү. Ошол жылдарда Чаткал өрөөнүнүн кылымдап соко тийбеген дың жерлерин өздөштүрүп, калктуу пункттарды негиздөө үчүн Чаткалдан сырткары жактардан ондогон адамдар көчүп келишкен. Алар чаткалдыктар менен биргеликте Чаткал өрөөнүнүн айыл жана мал чарбасын өнүктүрүүгө зор салым кошушуп, көп жыл эмгектенген соң, келген жактарына

кайра кетишкен. Ал эми, айрымдарына Чаткал өрөөнүнүн жашоо шарты жагып, биротоло жашап да калышты. Чаткалда жашап калгандардын арасында Чакмак-Суу айылынын ардактуу тургуну Атакан Ташбаев да бар.

Ташбаев Атакан 1934-жылы Жаңы-Жол районуна караштуу Кашка-Суу айыл өкмөтүндөгү Кара-Төбө айылында туулган.

Айылындагы мектепти аяктаган соң, Жаңы-Жол районундагы сот тармагында жооптуу катчы болуп иштеген.

1960-жылы Ленин районуна караштуу Бүргөндү айылынындагы айыл чарба техникалык училищеге тапшырып, училищени ийгиликтүү аяктаган.

Окууну аяктап келген соң, жергиликтүү колхоздо башкы механик болуп иштеген.

1980-жылы Чаткал районунун Чакмак-Суу айылына үйбүлөсү менен көчүп келген.

Ал кезде азыркы Башкы-Терек айылы орногон аймак ээн талаа эле. Ошол кезде ал жерге көчүп баргандар бардыгы ынтымак менен иштешип, турак үйлөрдү салышып, эл көбөйгөндөн кийин мектеп салышкан.

Жаратылышы катаал, кышы оор мезгилдерге туруштук беришип, мал-чарбачылыгын өнүктүрүүнү да колго алышып, ээн жаткан талааларга буудай арпаларды себишип, тоют чөптөрүн да эгишип, чакан эл болсо да Башкы-Терек совхозунун өнүгүп-өсүүсүн алдыга жылдырышкан.

Ошол учурда Чаткал өрөөнүнүн Башкы-Терек аймагынын ээн талаалары жайкалган эгинди сагынып, көп жылдап соконун тиши тийбей томсоруп жаткан эле. Ал

тарапка көчүп баргандар кең талааларга арык-каналдарды казышып, сай-сайлардан сууларды бурушуп, эгин аянттарын кеңейтишти. Азыркыдай айыл чарба техникалары жок мезгилде көбүнчө жалаң кетмен, күрөк менен иш жүрүп, талаалар өздөштүрүлүп, ондогон гектар жерлерге арпа менен буудай себилген. Кийинки жылдарда мол түшүм алынып, кампаларга эгин батпай, Чаткал өрөөнү мал киндиктүү гана эмес, эгин эгүүгө ыңгайлуу аймак катары да республикага таанылган.

Ошол кездеги салынган ар бир үйлөр, мектеп, конторанын курулушуна башкалар сыяктуу эле Атакан Ташбаевдин салымы зор болуп эсептелет. Ошолордун эмгеги менен бир айыл түптөлгөн. Айылга тал-теректердин жүздөгөн көчөттөрүн отургузушуп, айлана-тегерегин жашылдандырышып, айылдын көркүн чыгарышкан.

Ошентип, айыл түптөлүп совхоз жанданып, ишке киргенде Атакан Ташбаев чарбанын складында склад башчысы болуп иштеген.

1994-жылы ардактуу эс алууга чыкты.

1990-жылдан 2019-жылга чейин элдик соттун төрагасы болуп иштеген. Учурда ардактуу эс алууда. 4 уул 3 кыздын атасы. 28 небереси, 4 чебереси бар. Өмүрлүк жубайы Анаркан апа менен баш кошконуна быйыл 50 жыл толуп олтурат.

Атакан Ташбаевден атуулдук духу күчтүү, алысты көрө билген эмгекчил инсандарыбыз арабызда көп болсун демекчибиз.

# Статистика тармагына ат көтөргүс эмгек сиңирген



Бул инсан көзү тирүүсүндө райондогу статистика тармагына дегеле, райондун социалдыкэкономикалык өнүгүүсүнө ат көтөргүс эмгек сиңирип, ошонусу менен элдин кадырлоосуна жетишкен эле. Мындай инсан тууралуу макала жазып, эл арасында айтып, эскерип турсак ашыкча болбос.

Токобаев Өскөнбай 1951-жылы жарык дүйнөгө келген. Кыргыз Агрардык Академиясынын агрардык өндүрүштүн экономикасы жана башкаруу адистигин алган.

Ал өзүнүн алгачкы эмгек жолун 1968-жылы Ала-Бука районунун Чаткал совхозунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. 1973-1988-жылдары Чаткал мал чарба станциясында, Башкы-Терек совхозунда экономист жана башкы экономист болуп эмгектенип, райондун түптөлүшүнө көрүнүктүү салым кошкон.

Мында иштеген жылдары тууралуу ошол кезде аны менен бирге иштешкен Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген ишмер Саматкул Максымбеков да Өскөнбай Токобаев тууралуу жылуу пикирин айтып келет.

Андан соң, 1988-1995-жылдары Каныш-Кыя совхозунда башкы экономист болуп иштеп, 1995-жылдын

май айынан өмүрүнүн акырына чейин экономист, башкы адис, жетекчинин орун басары  болуп Чаткал райондук мамлекеттик статистика бөлүмүндө үзүрлүү эмгектенип келген.

Өскөнбай Токобаев 1979-89-99-2009-жылдардагы Эл каттоолордо жана 2002-2003-жылдардагы айыл чарба каттоосунда инструктор, бөлүм башчы, жетекчинин орун басары  катары иш алып барган. Ал эми азыркы мезгилде башкы адис болуп иштеп келген.

Башкы-Терек, Каныш-Кыя  совхоздорунда иштеп жүргөн мезгилдеринде райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон көрүнүктүү салымдары ошол кездеги мамлекеттик бийлик органдары тарабынан эске алынып, бир нече жолу совхоз дирекциясы, райондук партиялык комитети тарабынан “Ардак Грамоталарга” татыктуу болгон. Тактап айтканда, Чаткал райондук  мамлекеттик администрациясынын эки жолу, Жалал-Абад облустук мамлекеттик статистика башкармасынын, Жалал-Абад облустук мамлекеттик администациясынын жана Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин “Ардак грамоталары” менен сыйланган.

Ал эми, 2010-жылы көп жылдык үзүрлүү эмгеги үчүн “Кыргыз Республикасынын статистика кызматынын отличниги” төш белгисине татыктуу болгон. 2012-жылдын жыйынтыгы менен Өскөнбай Токобаевге Жалал-Абад областынын аймагындагы райондук, шаардык мамлекеттик статистика бөлүмдөрүнүн арасындагы мелдештин шарттары боюнча 2012-жылдын “Эң мыкты кесипкөй башкы адиси” наамы ыйгарылган.

Токобаев Өскөнбай басып өткөн эмгек жолунда такшалган тажрыйбалуу экономист, жөндөмдүүлүгү жогору инсан, адис катары иш алып барды. Тапшырылган ар кандай иштерди жогорку жоопкерчиликти сезүү менен өз убагында так жана сапаттуу аткарууга жетишкен.

Мамлекеттик жана коомдук иштерге активдүү катышуу менен райондук деңгээлде жана өз коллективинин арасында кадыр баркка ээ жана коллективде жаш адистерди тарбиялоодо мыкты насаатчы эле.

Анын аткарган иштери, жүрүш-турушу көпчүлүгүнө асыресе, өсүп келаткан жаш кадрларга үлгү болгон. Өскөнбай Токобаевди калк өтө принципиалдуу, көп нерсеге көзү жетик жана өз ишинин майын чыгарган жана аткарган иши үчүн эч кимге милдет кылбаган ак жүрөк инсан катары билишчү десем жаңылышпайм.

Чындыгында, райондун социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрүн мыкты билген мындай тажрыйбалуу экономист райондо сейрек экендиги талашсыз.

Айрыкча, анын пенсияга чыкса да, арыдым, карыдымдебей, жаштардан кем калышпай иштеп, райондук статистика бөлүмүнүн кызматкерлерине гана эмес, райондогу бир топ мекемелердин эсепчилерине билгенин үйрөтүп, аларга жол көрсөткөн мыкты насаатчы катары иштеп келгендиги мактоого гана татырлык.

Мамлекеттик кызматтын 1-класстагы инспектору болгон.

7 баланы тарбиялап чоңойткон. 16 неберенин чоң атасы жана таятасы. Уулдарынын ичинен кичүүсү Бекболсун ата жолун жолдоп, экономист-бухгалтер кесибин аркалап келүүдө.

Өскөнбай Токобаевге көп жылдык үзүрлүү эмгеги жана райондун социалдык-экономикалык жактан өнүгүүсүнө кошкон бараандуу салымы үчүн “Чаткал районунун Ардактүү атуулу” наамы ыйгарылган.

“Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин” деп улуу акын Аалы Токомбаев айткандай, мындай жетик инсандардын көзү өтүп кетсе да, жасаган эмгеги албетте, элдин эсинде түбөлүк сакталып кала бермекчи.

# Жумушчудан партиялык жогорку кызматка көтөрүлүп...



Ар кимге тагдыр ар кандай эмгек жолун насип кылат тура. Кай бир адамдар карапайым жумушчу болуп эмгектенип абийир тапса, кээ бирлер карапайым жумушчулуктан көтөрүлүп, жооптуу кызматтарга чейинки эмгек жолун басып өтүшөт экен. Албетте, биз бөлүп караган эки тарап тең ээлеген ордуна эмес, мамлекеттин жана коомчулуктун алдында ат-карган ак кызматы менен бааланаарын эске алуубуз кажет. Биз сөз кылчу каарман да карапайым жумушчулуктан баштап партиялык жооптуу кызматтарга чейин эмгектенген инсан болуп эсептелет. Биз жогоруда белгилегендей, бул инсандын аткарган кызматы менен бирге эле, мамлекеттин

жана коомчулуктун алдында аткарган албан эмгектери тууралуу айтмакчыбыз.

Мамасалы Токтогулов 1940-жылы 16-январда Чаткал районунун Каныш-Кыя айылында жарык дүйнөгө келген.

1957-жылы орто мектепти аяктаган соң, Жалал-Абад шаарындагы айыл чарба орто окуу жайына тапшырып, андан тракторчу кесибине ээ болот. Окуу жайын ийгиликтүү аяктап келген соң, алгач катардагы тракторчу, андан соң бригадир механик кызматтарын аркалап он жылдай эмгектенет. Ал жылдарда каармаңыбыз бирге иштешкендерден өзүнүн мээнеткечтиги, ишке тактыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү менен айырмаланып, жетекчиликтин жана эмгек жамаатынын ишенимине ээ болот. 1962-1968-жылдар аралыгында Каныш-Кыя айылдык советине депутат болуп эки ирет шайланат. Буга кошо эле, Кыргызстан Компартиянын мүчөлүгүнө бир добуштан кабыл алынат.

1971-жылы билим алууну максат кылып Ош шаарына сапар алат. Ал жакка барып, бухгалтериялык курска окуп, эсепчи кесибине ээ болот. Атайы билим алып, кесибин алмаштырган каармаңыбыз 1972-жылы Каныш-Кыя айылдык советине эсепчи кызматына дайындалат. Ал жерде бир жыл кызмат кылып, 1973-жылы Чаткал МРЧсине эсепчи, андан кийинчерээк башкы эсепчи болуп иштейт.

1978-жылы Башкы-Терек совхозундагы МЖСте башкаруучу болуп бекитилет. Ал жерде иштеп жүргөндө ага чоң ишеним менен андагы партиялык комитеттин жетекчиси кошумча милдет жүктөлүп, каармаңыбыз аны абийирдүүлүк менен аткарат.

1979-жылы билимин жогорулатуу максатында Фрунзедеги финансы техникумуна тапшырып, аны ийгиликтүү аяктайт.

1980-жылы “Сельхозтехника” ишканасында башкы эсепчи кызматына дайындалат.

1982-жылы Каныш-Кыя совхозуна башкы эсепчи кызматына бекитилип, анда он жылдай эмгектенет. Мында да Чаткал райондук партиялык комитеттин ишеними артылып, совхоздун партиялык комитетинин жетекчилиги кошумча жүктөлүп, Мамасалы Токтогулов кошумча милдетти чоң жоопткерчилик менен алып барат.

1991-жылы Чаткал райондук билим берүү бөлүмүнүн башкы эсепчиси кызматына бекитилип, ал жерде бир жыл иштеген соң, 1992-жылы Чаткал райондук каржы бөлүмүнүн башкы эсепчиси жооптуу кызматына бекитилет. Аталган жооптуу кызматта эмгектенип жүрүп, 1995-жылы ардактуу эс алууга чыгат.

Мамасалы Токтогулов өмүрлүк жубайы Сейнеп менен бирге түтүн булатышып, төрт уул жана беш кыз, жалпы сегиз балалуу болушту. Учурда жалпы отуз небереси жана он беш чөбүрөсү бар.

2015 -жылы каарманыбыз мусулманчылык парздардын бири болгон Мекеге ажылык сапарга барып, “Ажы” болуп келди.

Учурда эмгектин ардагери, Мамасалы ажы Токтогулов өмүрлүк жубайы Сейнеп менен бирге сексен жаштын секисинде, уул-кыздын сыйында өмүр кечирүүдө.

# Чаткалдан чыккан даңктуу саанчы



Чаткал районунан буга чейин башка тармактар сыяктуу эле, айыл чарба тармагынан да ондогон атактуу инсандар чыккан. Алардын айрымдарын атай кетсек баатыр чабандар-Ташбай Айдаров, Эркинбек Өскөнбаев, Бегалы Нарматов, белгилүү саанчылар Майдан Ражапова, Алымкан Уметалиевалар.

Биз кеп учугун белгилүү саанчы Алымкан Уметалиева тууралуу уламакчыбыз.

Уметалиева Алымкан 1946-жылдын 15-январында Аксы районунун Өрүктү айылында жарык дүйнөгө келген. Чаткалдан чыккан айыл чарба тармагынын көрүнүктүү ишмери болуп саналат.

Алымкан Уметалиева 1964-жылы өмүрлүк жары Наркул Уметалиев менен баш кошкон.

Алгач эмгек жолун 1964-жылы Ала-Бука районунун "Бирлик" совхозунда саанчы болуу менен баштаган. Ал ошол кезде жыйырмага толо элек кези болгон.

Жаш экенине карабай саанчылыкты мыкты өздөштүрүп, тез эле алдыңкы саанчы катары таанылып баштаган. Өзүнө бөлүнгөн саан уйларды таза кармап, жем-чөбүн убагында берип, убагында саап дегендей, берилген планды ашыгы менен аткарган. Алымкан Уметалиеванын иши совхоз жетекчилиги тарабынан колдоого алынып, башка саанчыларга үлгү катары көрсөтүлүп баштаган.

Буга кошо эле, алдыңкы саанчы катары мамлекет тарабынан жогорку даражадагы сыйлыктарга ээ болгон.

1968-жылы айыл чарбасынын өнүгүшүнө көрүнүктүү салым кошкон алдыңкы саанчы катары Кыргызстан Компартиясына мүчөлүккө кабыл алынган. Бул саанчы Алымкан Уметалиевага мамлекет тарабынан берилген зор урмат-сый жана ишеним болгон.

Мындан сырткары, “Эмгек Кызыл Туу” ордени мене сыйланып, СССР Жогорку Советинин “Ардак Грамотасына” ээ болгон.

1974-жылы турмуш шартына байланыштуу Чаткал районуна көчүп келишип, Каныш-Кыя совхозунда малчы болуп, кой багып башташкан.

Эмгекчил инсан кайсы жерде, кандай жумушта иштесе да, сөзсүз жетишкендик жаратат эмеспи. Анын сыңарындай, Алымкан Уметалиева өмүрлүк жары Наркул менен биргеликте өздөрүнө бөлүнүп берилген бир короо койду чыгашасыз багып, малчы катары жогорку көрсөткүчтөрдү берүүгө жетишет. Ак эмгек көмүскөдө калбай, мамлекет жана коомчулук тарабынан ишеним артылып, үч ирет облустук жана бир нече ирет райондук кеңештердин депутаты болуп шайланган.

Мындан сырткары, “В. И. Лениндин 100 жылдыгына карата” жана “Компартиянын XII беш жылдыгы” төш белгилери менен сыйланган.

Алымкан Уметалиева өмүрлүк жары Наркул менен элүү төрт жыл биргеликте ынтымакта турмуш куруп, алты уул жана беш кыз, жалпы он бир балалуу болушкан. “Баатыр Эне” наамынын ээси болгон. Уул кыздарынан жалпы кырк эки небере жана жети чөбүрөлүү болушкан.

Чаткал районунун социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кошкон көрүнүктүү салымы эске алынып “Чаткал районунун ардактуу атуулу” ардактуу наамы берилген.

Алымкан Уметалиева 2017-жылы 71 жашында дүйнөдөн өткөн.

Чаткал районуна өзгөчө эмгек сиңирген инсан катары “Чаткал районунун энциклопедиясына” өмүр баяны жазылып калтырылган.

## Чаткалдык алгачкы физик мугалимдердин бири



Чаткалдык агартуучулардын арасынан физика сабагы боюнча алгачкы мугалимдердин бири Тулегул Усупбеков болгон.

Тулегул Усупбеков 1943-жылы 1майда, Улуу Ата Мекендик согуштун эң бир кыйынчылык мезгилинде Айгыр-Жал айылында жарык дүйнөгө келген. Тагдырдын буйругу менен ал төрөлгөн күнү атасы Усупбек Кенжебаев кандуу согушка аттанып кетет. “Өлбөгөн кул алтын аяктан суу ичет-демекчи, Тулегул Усупбеков да жетимчиликтин азабын жаштайынан тартып, абдан кыйынчылыкта эрезеге жеткен. Анын жетимчиликте өткөн жаштыгын айтып олтурса өзүнчө жомок. Антсе да, тырышчаак жаш жигит ар кимдин колунда жүрүп бой жеткен.

-Атам фашисттик баскынчылардан Мекенибизди коргоо үчүн кан майданга аттанып кеткен боюнча кайрылып келбеди. Кан майданда курман болду. Мен чоң атам Коешов Кенжебайдын колунда чоңойдум. 1956-жылы мен он үч жашка чыкканда чоң атам Коеш каза болду. Андан ары өз энем Айтолгон менен чоң энем Бегайымдын колунда калдым. –деп эскерет Тулегул Усупбеков өзүнүн жетимчиликте өткөн балалык чагы тууралуу.

Ал алгач мектеп босогосун Айгыр-Жал айылдык мектебинен аттап, анда 9-класска чейин билим алган. Андан соң, Жаңы-Базар айылдык мектебинде бир жылдай окуп, Чаткал боюнча 9-классты жети гана бала аяктагандыктан, 10класс жабылып калып, Тулегул Усупбеков теңтуштары менен биргеликте Ала-Букага барып, Ала-Бука орто мектебинен 10-классты аяктоого туура келген.

Ал жактан орто мектепти аяктап келген соң, АйгырЖалга кайтып келип, Кадыров Наргозу аттуу уй баккан адамга жардамчы болуп иштеп баштаган. 1964-жылы ошол эле уйчуга жардамчы болуп иштеп жүрүп, ал жумуштан саанчылыкка өтүп, жумушун алмаштырган. Саанчы жумушун тез эле мыкты өздөштүрүп алып, жетекчилерден мактоолорду угуп, райондук комсомол комитети жана совхоз жетекчилиги тарабынан бир нече ирет “Мактоо баракчаларын” жана “Ардак Грамоталарды” алууга жетишкен. Көп өтпөй Советтик Армиянын катарына чакырылып, жоокердик ыйык милдетти өтөөгө жөнөп кеткен.

Армияда жүрүп, ал жакта да үлгүлүү жоокер катары мактоого арзый баштаган. Катардагы жоокер Тулегул Усупбековдун үлгүлүү жүрум-туруму жана жоокердик

ыйык милдетти так аткаргандыгы аскердик жетекчиликке жагып, өзү кызмат кылган взводдун жана ротанын командованиелеринен “Ардак баракчаларды” алып, катардагы жоокерден алгач ефрейтор, андан соң сержант ннамдары берилип, аскердик бөлүктүн командирлигине чейин жеткен. Ошентип, 1967-жылы аскердик кызматты абийирдүүлүк менен аяктап, Чаткалга кайтып келген.

Аскерден кайтып келгенден бир жылдан кийин жубайы Мейилкан Ыманкулова менен баш кошуп, үй бүлө курган.
1969-жылы жогорку билим алууну алдына максат коюп, Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физикаматематика факультетинин физика бөлүмүнө тапшырган. 1974-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктап, физика сабагы боюнча мугалим кесибине ээ болгон.


Андан ары өз кесиби боюнча жумушка кирип, алгачкы мугалимдик эмгек жолун Айгыр-Жал айылындагы ВЛКСМдын 50 жылдыгы мектебинен баштаган.

Тулегул Усупбеков бир гана мектепте туруктуу эмгектенип, райондун билим берүү тармагына 40 жылдан ашуун мезгил эмгек сиңирген. Аталган мектепке алгач катардагы физика сабагынын мугалими катары жумушка кирип, өзүнүн терең билими, уюштуруучулугу жана адамгерчилик бийик сапаты менен кесиптештери менен ынтымакта иштешип, мектеп окуучуларынын, эмгек жааматынын жана калк арасында бийик абройго ээ болгон. Райондук билим берүү бөлүмү тарабынан ишеним артылып, мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп да эки жыл иштеген.

Чаткал районунун билим берүү тармагына сиңирген опол тоодой эмгеги эске алынып, 2004-жылы “Эл агартуунун отличниги” наамына арзыган. 2006-жылы ардактуу эс алууга чыккан. Ошентсе да, ардактуу эс алууда экендигине карабай 2015-жылга чейин физика сабагынан балдарды окутуп, Исмайыл уулу Матиш жана Алике Айымбетов орто мектептеринде дагы он жылдай иштеген. 2015жылдан баштап, биротоло ардактуу эс алууга чыккан.

Тулегул Усупбеков өмүрлүк жары Мейилкан Ыманбекова экөөсү биргелешкен турмуш жолунда 2 уул, 7 кыздуу болушкан. Уул-кыздардын баарына татыктуу тарбия беришип, жогорку окуу жайларына окутушкан. Уулкыздарынан 32 небере жана 17 чөбүрө көрүшүп, учурда карылыктын алтын күзүнө күбө болушууда.

# Эмгеги менен элдин эсинде калган



“Өмүр бизден өтүп кетсе, эл эмгектен эскерсин” деп улуу акын Аалы Токомбаев айтып кеткендей, көзү өтүп кетсе да, артында калган албан эмгектеринен элдин эскерип жүрүүсүнө арзыган инсандарыбыз ондоп саналат десем жаңылышпайм.

Алардын бири-көзү тирүү кезинде өзүнүн эмгекчилдиги, адамдык бийик касиети менен белгилүү болуп келген инсан, Сүйүмкан Чондоева.

Сүйүмкан Чондоева 1956-жылы Чаткал районунун Акташ айылында жарык дүйнөгө келген. Ал 1973-жылы Чаткал орто мектебин «Математикадан өзгөчө жетишкендиги үчүн» Ардак Грамотасы менен аяктаган соң, 1973-74жылдары Жаш-Тилек орто мектебинде математика мугалими болуп эмгек жолун баштаган. 1974-жылы Ош педагогикалык институтунун физика-математика факультетине тапшырып, анда окуп жүрүп, 1979-жылы Бишкек шаарындагы И.Арабаев атындагы кыз-келиндер институтуна которулуп, жогорку окуу жайын ошол жерден аяктаган. Институтта окуп жүргөн мезгилинде философиядан адабий ийримге катышып ВЛКСМдын Бүткүл союздук 6-
конкурсунун республикалык турунда I-даражадагы диплом менен сыйланган. Бул Чондоева Сүйүмкандын кесиптик жолундагы алгачкы ийгилигинин башаты эле.

Андан аркы педагогикалык иш жолу Курулуш айылындагы Сары-Булак азыркы С.Мырзалиев атындагы орто мектебинен уланып, анда да талыкпаган изденүү менен аракеттенген, чыгармачыл мугалим катары көрүнө алган. Натыйжада, 1984-жылы Кыргыз ССРинин Агартуу министрлигинин “Ардак Грамотасы” менен сыйланган. Кийинки жылдар аралыгында Каныш-Кыя орто мектебинде мугалим, райондук билим берүү бөлүмүндө методист, Чаткал орто мектебинде математика мугалими болуп эмгектенген. Ар бир мектепте иштеген мезгилинде математиканы терең окутуп, кабинет түзүп, көргөзмө куралдар топтомун жасап окуучулардын сүйүктүү мугалимине айланган. 1991-жылы анын педагогикалык изденүүлөрү көз жаздымда калбай, ага “Мугалим методист”


наамы ыйгарылган. 1992-жылы болсо “Жыл мугалими” кароо-сынагына катышып жеңүүчү деп табылган. Ушул талыкпаган эмгегинин аркасында “Эл агартуунун отличниги” төш белгиси менен сыйланган. Бир канча автордук сабактардын жаратуучусу катары райондук, областтык деңгээлде методдору жайылтылган. 2000жылы КР. Президентинин “Ардак Грамотасы” менен сыйланган. 2001-2006-жылдары С.Мырзалиев орто мектебинде директорлук кызматты аркалаган. Директор болуп иштеген кезинде учурдун талабына туура түшүнүп, Азия өнүктүрүү банкынын эсебинен 1млн. 742000 сомдук грант утуп алып, мектепти капиталдык ремонттон өткөрүп, учурдагы заманбап шартка келтирген жана жалпы баасы 200 миң сомдук керектүү эмеректер менен мектептин ар бир классын камсыздаган.

2009-жылдан баштап Сүйүмкан Чондоева районго сырттан инвестиция тартуу ишин колго алып, айылдагы тонолуп, жок болуп кеткен балдар бакчасын кайрадан ошол эле АБРден грант алган 192000 сом каражатка ремонт иштерин бүткөрүп, ошону менен бирге эле, балдар ойноочу аянтча жасаган. Өзү оңдоп-түзөп, калыбына келтирген “Ай Тамга“ балдар бакчасына жетекчилик кылып баштап, 25 бала бакчага кабыл алган. Ошол эле жылы август айынан баштап Сүйүмкан Чондоеванын жеке аракети менен бала бакча жергиликтүү бюджетке киргизилип каржылана баштаган. 2010-жылы дагы АБР тарабынан 142400 сом бөлүнүп берилип, кошумча эки бөлмөсү ремонттолуп, кошумча экинчи группа ачылып, балдардын жалпы саны 44 кө, иштеген кызматкерлер 14кө жеткирилген .

2010-жылы МЕРСИКО тарабынан каражат бөлүнүп, 120 миң сомго жумшак жана катуу эмеректер жана оюнчуктар алынып берилген. Ушул эле жылы АБР тарабынан жалпы суммасы 20 миң сомдук каражатка ар кандай оюнчуктар, окуу куралдар берилген.

Сүйүмкан Чондоева 2011-жылы мезгилсиз дүйнөдөн кайтты. Анын иш жүзүнө ашырган албан эмгектери эске алынып, 2012-жылы «Ай Тамга» балдар бакчасына ысмы ыйгарылып, “ С. Чондоева атындагы мектепке чейинки билим берүү уюму” болуп аталган.

## Кыргызстанга таанымал болгон балбан



Чаткалдан кезегинде ондогон балбандар чыгып, Чаткал өрөөнүнүн атын алыска чыгарышкан. Азыр да чаткалдыктардын уучу куру болбой, чаткалдык жаштар спорттун ондогон түрлөрү боюнча эл аралык жана дүйнөлүк мелдештердин жеңүүчүлөрүнөн болушууда. Ошентсе да, азыркы атактуу спортчулардын дүйнөлүк деңгээлге чыгышына жол салып кет-
кен балбан аталарыбыздын эмгектерин унутпай жүрүүбүз абзел. Мындай балбан аталарыбыздын бири Текебай Чоңатаев.

Каарманыбыз Чаткалдан чыккан алгачкы айдоочулардан болгон.

Текебай Чоңатаев 1932-жылы 1-апрелде Чаткал өрөөнүндөгү Сары-Булак селсоветине караштуу Сталин колхозунун Терс айылында дыйкандын үй бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген.

1944-жылы Терс айылындагы төрт жылдык мектептин босогосун аттап, 1948-жылы андан 4-класстык билимди алып чыккан.

1951-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, Иркутский областынын Слюзянка шаарында үч жыл кызмат өтөп келген.

Алгачкы эмгек жолун 1955-жылы Сталин колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган.

Ал эми, 1957-жылы атайын Наманган областынын Чуст шаарындагы айдоочулук курска окуган.

Айдоочулук окууну аяктап келген соң, Сталин колхозуна айдоочу болуп жумушка орношуп, 1958-жылдан баштап жаңыдан түзүлгөн Чаткал совхозунда айдоочулук жумушун уланткан.

Анда 1974-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.

Ал эми, 1974-жылы Чаткал совхозунун Крупская айылында жумушчулардын бригадири болуп дайындалган. Каарманыбыз бул жумушта жыйырма жылга жакын эмгектенген.

1992-жылы алтымыш жаш курагында ардактуу эс алууга чыккан.

Мамлекеттин жана коомчулуктун алдында аткарган көрүнүктүү эмгектери эске алынып, Кыргызстан Компартиясынын 60 жылдыгынын урматына арналган эстелик медалы, 1981-жылы Чаткал райкомпрофсоюзунун тарабынан “Х-беш жылдыктын алдыңкысы” медалы менен, 1984жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун

Указы менен үзүрлүү эмгеги үчүн “За трудовую доблесть” деген медалы менен сыйланган.

Биз кеп башында белгилегендей, Текебай Чоңатаев кезегинде Чаткалдан сырткары көп жактарга белгилүү балбан болгон. Ал 1958-1985-жылдар аралыгында Чаткал өрөөнүндө жана Аксы, Ала-Бука аймактарында, Өзбекстан республикасынын көптөгөн шаарларын кыдырып, чоң аш, тойлорго жана республикалар аралык маданий иш чараларга катышып, кыргыз элинин улуттук “улак тартыш” оюнунун чыныгы чебери катары таанылган. Аталган иш чараларда Чаткал районунун, облустун атынан мелдештерге чыгып, далай менмин деген балбандар менен намыс талашып, көп жылдар бою Чаткал районунун атын алыска чыгара алган. “Атаң барда эле тааны, атың барда жер тааны” демекчи, өзүнүн балбандык өнөрү менен бир жагынан Чаткал районунун атын чыгарса, экинчи жагынан “Текебай балбан” атакка ээ болуп, кыргыз, өзбек жана казак элдерине чейин белгилүү болгон.

Текебай балбандын дагы бир өнөрү бул-кыргыздын улуттук “Ордо” оюнунун да дасыккан чебери. Чаткалда жаз келээри менен ордо оюну кызыйт. Бул учурда ордочулар Чаткал өрөөнүнүн бардык айылдарын кыдырышып, абдан кызуу мелдеш өткөрүшөт. 1958-1980-жылдар аралыгында Текебай балбан айылдаштарынан түзүлгөн ордочулар тобун баштап далай жолу айылдык жана райондук ордо оюндарында жеңүүчүлөрдөн болушкан.

Текебай Чоңатаев өмүрлүк жубайы Токтобүбү эне менен алтымыш жылдан ашуун ынтымакта өмүр сүрүшүп, алты кыз, үч уулду болушкан.

Уул-кыздарынын баары жогорку билим алышып, сүйгөн кесиптеринин ээлеринен болушуп, учурда үй бүлө күтүшүп, өзүнчө "ордолуу шаар".

Бактылуу жубайлар уул-кыздарынан отуз небере жана 23 чөбүрө көрүшүп, эл ичинен кадыр-барк таап бактылуу өмүр сүрүшүүдө.

## Мамлекетке жана коомго албан эмгек сиңирген жубайлар



Биздин каармандар-экөөсү тең мамлекеттик жооптуу кызматтарды аркалоо менен бирге эле, бактылуу үй бүлө куруп, жаштарга үлгү болгон жубайлар болуп саналат. Булардын мамлекеттик жана коомдук ишмердүүлүктөрү райондук гана эмес облустук деңгээлде да белгилүү. Булар-Акылбек Шадыканов жана Гүлжамал Рысбекова.

Алгач Шадыканов Акылбек Кемелович тууралуу айтсак, каарманыбыз 1962-жылы 16-августта Чаткал районунун Жаңы-Базар айылында жарык дүйнөгө келген.

1979-жылы Жаңы-Базар айылындагы Чаткал орто мектебин аяктаган соң, райондук аскер комиссариаты аркылуу ДОСААФтын айдоочулук окуусуна тапшырып,

аны ийгиликтүү аяктап, алгач эмгек жолун Чаткал совхозунда айдоочу болуу менен баштаган.

1980-жылы Советтик Армиянын катарына чакырылып, аскердик ыйык милдетти Украинанын борбору Киев шаарында өтөгөн.

1982-жылы аскерден кайтып келген соң, кайрадан мурдагы жумушун улантып, бир жылдан соң, башка кесипке ээ болуу максатында Фрунзе шаарына жөнөгөн. Борбор калаага барып, андагы №94-кесиптик орто окуу жайына тапшырган.

Аталган окуу жайында эки жыл окуп, 1985-жылы радио, телеоңдоочу устат кесибине ээ болгон.

Жаңы кесипке ээ болгон каарманыбыз Чаткалга келип, бир жыл радио, телеоңдоочу устат болуп иштеген.

1986-жылы каарманыбыздын турмушунда чоң бурулуш болду. Атап айтканда, ички иштер тармагына жумушка өттү. Бул тармактагы алгачкы кызматы Чаткал райондук ички иштер бөлүмүнүн катардагы кызматкери болду.

Акылбек Шадыканов ички иштер тармагында он беш жылдан ашуун эмгектенди.

Бул жылдар аралыгында каарманыбыз ар кандай шартта, ар түркүн кырдаалдарда иштеп, ысык-суукка карабай, күн-түн дебей иш үстүндө болуп, район калкынын ички ынтымагын бекемдөөдө жана коомдук тартипти сактоодо өзүн татыктуу коомдук тартип сакчысы катары көрсөткөн. Өзүнө тапшырылган жоопкерчиликтүү жумушундагы тактыгы жана уюштуруучулук сапаты көз жаздымда калбай, райондук ички иштер бөлүмүнүн жетекчилиги тарабынан жооптуу кызматтарга дайындала баштаган. Башкача айтканда, 1993-жылы Чаткал райондук ички иштер

бөлүмүнүн убактылуу кармоочу жайынын башчысы жооптуу кызматына бекитилген.

Жооптуу кызматтарда атайы жогорку билим зарылдыгын сезген каарманыбыз 1996-жылы Кыргыз Мамлекеттик Улуттук университетинин юридикалык факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган. 1999-жылы аталган жогорку окуу жайын ийгиликтүү аяктаган.

1997-жылы Терек-Сай айыл өкмөтүнүн участкалык инспектору болуп дайындалган.

Каарманыбыз ал жерде үч жылдай иштеген.

1999-жылы Каныш-Кыя айыл өкмөтүнүн участкалык инспектору болуп которулган.

2000-жылдын 11-сентябрында Чаткал районунун АкТаш айылына капысынан кирип келген куралдуу террористтерди жок кылууга активдүү катышып, аталган согуштук аракеттерде көрсөткөн каармандыгы үчүн атайы сыйлыктарга ээ болгон.

Акылбек Шадыканов Чаткал РИИбинин убактылуу кармоочу жайынын башчысы кызматында иштеп жүрүп, 2002-жылы ардактуу эс алууга чыккан.

Ал эми, 2002-жылдын 24-июнунда КР. Юстиция министрлигинин буйругу менен Чаткал райондук мамлекеттик нотариалдык конторасынын нотариусу болуп бекитилген. Бүгүнкү күнгө чейин аталган жооптуу кызматты аркалап келүүдө.

Акылбек Шадыканов ички иштер кызматында он беш жылдан ашуун мезгил талыкпай эмгектенип ондогон жогорку даражадагы сыйлыктарга ээ болду. Атап айтканда, КР. Ички иштер министрлиги тарабынан “Ички Иштер Министрлигинин отличниги” жана “Ата Мекенге кызмат”

медалдары, ал эми Чаткал-Баткен жоокерлеринин республикалык комитети тарабынан бир нече орден, медалдар жана райондук, облустук жана республикалык деңгээлдеги “Ардак Грамоталар” менен сыйланган. Ал эми, Чаткал районунун мамлекеттик нотариалдык конторасынын нотариусу болуп иштеп баштагандан бери да КР. Юстиция министрлиги тарабынан берилген бир нече “Ардак Грамоталардын” жана баалуу сыйлыктардын ээси болду.

Биз сөз башында белгилегендей, каармаңыбыздын өмүрлүк жубайы Гүлжамал Рысбекова тууралуу да өзүнчө кеп кылсак жарашат.

Гүлжамал Рысбекова 1968-жылдын 25-сентябрында Чаткал районунун Терек-Сай айылында төрөлгөн.

1991-жылы Бишкек шаарындагы финансылыкэкономикалык техникумун, ал эми 2009-жылы Ош мамлекеттик университетинин экономика факультетин аяктаган.

Алгачкы эмгек жолун 1985-жылы Каныш-Кыя совхозунда жумушчу болуу менен баштаган.

Андан соң, ГосБанктын Каныш-Кыядагы бөлүмүндө катчы болуп иштеп туруп, 1986-жылы ошол эле мекемеде эсепчи кызматына бекитилген. Анда беш айча мезгил иштеп, Чаткал раПОго операторлук жумушка которулган. Ошол эле жылдын ноябрь айында Агропромбанктын Каныш-Кыядагы бөлүмүнө ага эсепчи кызматына дайындалган.

Гүлжамал Рысбекова аталган жооптуу кызматта жети жылдай эмгектенген.

1992-жылы өзү эмгектенген мекеменин башкы эсепчисинин жардамчысы болуп бекитилген.

Ал эми, 1996-жылы РСК Банктын Каныш-Кыя бөлүмүнүн башкы эсепчиси болуп дайындалган.

2001-жылы ошол эле мекеменин директору болуп бекитилген.

Гүлжамал Рысбекова аталган мекеменин директору болуп он беш жылдан ашуун мезгил эмгектенген.

2015-жылы өз каалоосу менен мекеменин директорлугун тапшырып, башкы эсепчи кызматын аткарууга өткөн.

2016-жылы РСК Банктын Каныш-Кыя бөлүмүнүн башкы эсепчи кызматын тапшырып, жаңыдан уюшулган Чаткал районунун өнүктүрүү фондунун эсепчиси болуп бекитилген. Аталган мекемеде үч жылдай эмгектенип, 2018жылы өз каалоосу менен кызматын тапшырып, жеке ишкерлик тармакка өткөн.

Гүлжамал Рысбекова кайсы мекемеде иштебесин, ал мекеменин ишин алдыга жылдырып, райондук, облустук, жана республикалык деңгээлдеги мекеме катары таанытып келди. Ал жетектеген мекемеде темирдей ички тартип, биримдик, тазалык жана кызматкерлердин алга жигердүү умтулуусу сезилип турган.

Ал каржы тармагындагы үзүрлүү эмгеги жана райондун социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө кошкон көрүнүктүү салымдары үчүн райондук, облустук жана республикалык “Ардак Грамоталарга” татыган. Ал эми, 2015-жылы “Чаткал районунун Ардактуу атуулу” наамынын ээси болгон.

2015-жылы коомчулуктун сунушу менен айылдык кеңештин депутаттыгына аттанып, шайлоочулардын зор ишенимине ээ болуп, Каныш-Кыя айылдык кеңешинин депутаты болуп шайланган. Учурда айылдык депутат жана

коомдук активдүү жаран катары райондо өткөн коомдук иш чараларга активдүү катышып, жеке ишкер катары көптөгөн иш чараларга демөөрчүлүк кылып келет.

Ишмер жубайлар Акылбек Шадыканов менен Гүлжамал Рысбекова коомго үлгүлүү үй бүлө курушуп, 3 кыз жана 1 уулду татыктуу тарбиялап өстүрүшүүдө. Учурда 8 небереси бар.

Жаштарга жана жалпы эле коомчулукка үлгү болоорлук мындай ишмер жубайлар эл арасында көбөйө берсин демекчибиз.

## Чаткалдан чыккан алгачкы активдердин бири



Чаткалдан чыккан алгачкы жетекчилердин бири Эшалиев Дубана тууралуу эл арасында көп аңыз кептер айтылып келет. Бул инсандын Чаткал эли, жери үчүн жасап кеткен эмгектери келечек муундар үчүн абдан баалуу болуп эсептелет.

Эшалиев Дубана 1907-жылы азыркы Курулуш айылынын тушундагы Кара-Корум өрөөнүндө жайгашкан Кара-Корум айылында төрөлгөн. Уруусу күркүрөө саруу, ата-теги Таластын Кара-Буура районунан.

Каарманыбыз ата-энесинен эрте ажырап, балалык жана өспүрүм кези Совет бийлиги Кыргыз жерине алгач орноп жаткан оор жылдарга туш келген. Ал учурда Совет бийлигинин таасири жакшы жете элек Чаткал өрөөнүндө

басмачылардын уюшкан топтору күч алып турган мезгил болгон. Ошол 1925-1935-жылдары Совет бийлигин бекемдөөгө жаш комсомолдор Мусабаев, Төлөбаев Алибайлар жөнөтүлгөнүнө карабастан, басмачылардын уюшкан топтору Чаткал өрөөнүндө, Шакафтар кыштагынын аймагында, Чуст райондорунда жана Чаткал өрөөнүнүн төмөн жагындагы Өзбекстан тарапта өз өкүмүн жүргүзүп, талаптоноочулук иштерин жасап, аларга каяша айтып баш көтөргөндөрдү өлтүрүшүп, басмачылык иштерди байма-бай жасап турушкан. 1935-жылы 8-февралда Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин Президиумунун №8 протоколунун негизинде айрым райондор бириктирилип, жаңы райондорду түзүү жөнүндөгү токтому менен Чаткал району түзүлүп, борбору Жаңы-Базар айылы болгон. Андан кийин 1938-жылдын 11-мартында Кыргыз АССРинин Борбордук Аткаруу комитетинин Президиумунун токтому менен Жалал-Абад округунда 10 район уюшулуп, анын ичинде Чаткал району да кайра уюшулган. Райондун аймагында 6 айылдык кеңеш түзүлүп, анын Сары-Булак айылдык кеңешинин карамагындагы Сталин колхозу түзүлгөн. Ал эми, колхоз башкармалыгынын төрагалыгына буга чейинки басмачылар менен күрөшүүдө да, колхоздорду уюштурууга да активдүү катышып келе жаткан Эшалиев Дубана шайланган. Андан ары, Дубана Эшалиев жетекчи катары Чаткал районунун түптөлүп, өнүгүшүнө бүткүл күчүн үрөгөн.

1938-1939-жылдары Ак-Таштан Коргон-Сайга чейинки автомобиль жолунун долбоору түзүлүп, кол менен казуу иштери жүргүзүлгөн. Бул иште Эшалиев Дубана

өзүнүн уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн, эл менен иштөөдөгү артыкчылыгын көрсөтө алган. Натыйжада, КараКорумда, Сары-Булакта жана Терс-Сайда отурукташып, чачкын жашаган элди көчүрүп, азыркы Курулуш айылына келип жайгаштырып, турак үйлөрдү салдыртып, айылдын түптөлүшүнө кадам коюлган жана автожолдун курулушуна да элди үгүттөө жана шыктандыруу аркылуу кол менен казып, жолдун салынышына чоң салым кошкон.

Каарманыбыз андан кийин Маданият колхозунун башкармалыгына которулган. Бул колхоздун да өсүпөнүгүүсүнө көп салым кошуп, бардык тараптан алдыңкы орундарга жетише алышкан. Айрыкча согуш мезгилиндеги каатчылыкта, фронтко бардык тапкандарын жөнөтүп турган оор мезгилде эл башында туруп, кезерип ачка-ток болгон элди өзүнүн бир мүнөздүү, сабырдуу, таразага сала билген калыстыгы менен, бат эле тил таба билген уюштуруучулугу менен башкарып турган. Мындай жетишкендиктерин өз учурунда баамдай билген Чаткал райондук аткаруу комитетинин төрагасы аны 1948-жылы эң артта калган Кызыл-Туу колхозуна башкарма кылып дайындаган. Бул колхоздун артта калган жактарын иликтей билип, көрөгөчтүк менен дан эгиндерин өстүрүү, мал чарбасын өнүктүрүү багытын алдыга жылдырып, элдин ыраазычылыгына ээ болгон.

1952-жылы Чаткал райондук комитетинин 1катчылыгына Рысбек Айдаралиев шайланып, анын демилгеси менен Терек-Сай кыштагынан Жаңы-Базарга чейинки мурда жөө, атчан каттоочу эски жолду автотранспорт үчүн ылайыктап кайра куруу иши

башталган. Жол куруууга миңге жакын колхозчу, кызматчылар, 23 темир уста, үч жүзгө жакын ат унаа, 84 даана араба, 26 ат чийне тартылып, ар бир колхоз башкармаларына өз адамдарын тамак-аш, боз үй, шайман, унаа менен камсыз кылуу милдеттендирилген. 1952-жылы 19-апрелде башталган жол казуу иши 1953-жылдын июнь айында кол күчү менен казылып бүтүп, 29-июлда Жаңы-Базарда салтанаттуу ачылышы болгон. Бул учурда өзү түптөгөн Н.К.Крупская атындагы колхозунун башкармасы болуп иштеп жүргөн Дубана Эшалиевдин уюштуруучулук иштери өзгөчө бааланып, Чаткал райондук комитетинин “Мактоо Грамотасы” тапшырылган. 1955-жылы райондо биринчилерден болуп Н.Крупская жана К.Маркс колхоздору автомашина алганы да бекеринен эмес.

Ал эми 1958-жылдары колхоздор жоюлуп, Чаткал этсүт совхозу болуп уюшулган. Эшалиев Дубана анда кой ферма башчысы, андан кийин уй ферма башчысы болуп иштеп, бул мезгилдерде да өз эмгегин совхоздун өнүгүшүнө арнаган. Андан кийин райондун жол куруу тармагында бир жылдай эмгектенип, ардактуу эс алууга чыккан. Жалпылап айтканда, 25 жылдан ашуун ар кайсы колхоздордо башкарма болуп эмгектенген. Дубана Эшалиев 1981-жылы Курулуш айылында дүйнөдөн кайткан.

Анын 3 кыз, 8 уулу болуп, уул-кыздарына кайсы жерде иштеп, жашап жүрсө да татыктуу тарбия берип, эл керегине жараган адам болушуна кам көрө алган. Замандаштарынын айтымында, бардык адамдарга бирдей мамиле кылып, сабырдуулугу, калыстыгы, убадага бекем бир мүнөздүүлүгү, бей-бечарага кам көргөн марттыгы менен элге таанылган адам болгон.

Эшалиев Дубана сыяктуу эмгекчил инсандар ар дайым тарых беттеринде татыктуу орунду ээлеп жүрмөкчү.

# Мазмуну


Баш сөз....................................................................................................4
Абдыкеримов Ашыркул сыяктуу инсандар көп болсун ..................................6
“Эмгек даңкы” орденинин ээси белгилүү механизатор ..................................8
Чаткал элинин сыймыгы болгон Ташбай Айдаров .........................................10
Чаткалдан кадыр - барк тапкан Чүйдүн кызы ................................................14
Өз мезгилинин билимдүү инсаны ..................................................................18
Ак эмгектен бакыт тапкандар .........................................................................21
Чаткал районунун айыл чарбасына эмгек сиңирген .......................................25
Өз мезгилинин демилгечил инсаны ................................................................29
Билим берүү тармагынын көрүнүктүү өкүлү  Алиев Жамгырчы ....................32
Белгилүү айыл чарба ишмери Алыбаев Бузурманкул.....................................35
Ички иштер кызматынын чыгааны ..................................................................39
Оңой эмес кесиптин ээлери болгон жубайлар.................................................43
Аракетчил агартуучу Арыкбаев Жаналы ........................................................48
Баатыр малчы тууралуу омоктуу кеп ..............................................................53
Калк кадырлаган окутуучу ..............................................................................57
Эл сыйлаган белгилүү педагог.........................................................................61
Чаткалдык алгачкы активист аялдардын бири ...............................................64
Калк кадырлоосуна ээ болгон Акан агай..........................................................67
Калк сыйлаган белгилүү жубайлар...................................................................70
Мал чарбасынын көрүнүктүү ишмерлеринин бири ..........................................73
“Даңк” медалынын ээси, даңктуу жолчу ..........................................................75
Согуштун жана эмгектин каарманы ..................................................................78
Ар тараптуу белгилүү дарыгер ..........................................................................80

Чаткалдык алгачкы мугалимдердин бири ....................................................83
Алдыңкы жумушчу атанган Жуматаев Акмат ...............................................85
Өз доорунун белгилүү балбаны ..................................................................88
Тоо-кен тармагына албан салым кошкон инсан..............................................93
Чаткал районунун өнүгүүсүнө өз күчүн жумшаган ........................................98
Чаткал эли сыйлаган тиш дарыгери.............................................................103
Айыл чарбасынын чыгаан адистеринин бири ...............................................107
Мал чарбасын өнүктүрүүгө албан салым кошкон...........................................111
Өмүрү өрнөктүү инсан Кошалиев Корчубек ..................................................113
Эмгекчил инсан жана белгилүү уз эне .................................. 101 .............120
Чаткалды алыс-жакынга даңктаган уз, чебер ................................................123
Айыл чарбасынын жана агартуу тармагынын мыктылары.........................125
Чаткалдын өнүгүшүнө өзгөчө эмгек сиңирген .............................................129
Дың жерлерди өздөштүрүүгө зор салым кошкон...........................................135
Айыл чарбасына көрүнүктүү эмгек сиңирген инсан.......................................139
Элеттен чыгып жогорку кызматтарды аркалап..............................................141
Чаткалдыктарга белгилүү “Өмүр сакчысы” ..................................................144
Белгилүү агартуучу Мырзагулов Кочкор ......................................................147
Ички иштер тармагына албан эмгек сиңирген ..............................................149
Айыл чарбанын көрүнүктүү ишмери.............................................................153
Беделдүү кызматтарды аркалаган белгилүү жубайлар ..................................156
Чаткалдан чыккан белгилүү агартуучу.........................................................162
Баатыр малчы Орозалиев Рысбек ................................................................166
Мал чарбасына көрүнүктүү эмгек сиңирген инсан........................................169
Мыкты агартуучу жана айыл чарба ишмери ................................................172
Чаткал өрөөнүнө таанымал дарыгер.............................................................175
Ак эмгектери менен элдин эсинде калышты ................................................178
“Эмгек Кызыл Туу” орденинин эки жолку ээси............................................182
Жооптуу кызматтарга эрте аралашкан Раев Жаныш ...................................185

Чаткалды даңктаган саанчы эне.................................................................188
Агартуу жана айыл чарба тармактарынын мыктысы....................................193
“Даңк” медалынын ээси, таанымал агартуучу .............................................196
КР. Эмгек сиңирген экономисти Сатибеков Мунарбай...............................200
КР. Ардактуу аксакалы Сатимбаев Өзгөрүш ................................................202
Ак эмгектери менен элге таанылган жубайлар ...........................................205
Курулуш тармагына эмгек сиңирген Стамбеков Акжол.............................209
Каржы тармагынын алгачкы чыгаан адистеринин бири.............................214
Каржы тармагынын чыгаан адиси Субаналиев Нурмат...............................217
Чаткал районуна таанымал агартуучу .........................................................221
Агартуучулукту жетекчилик менен айкалыштырган инсан ........................223
Чыгармачылыктан бакыт тапкан Сыдыкова Айбарчын...............................227
Таанымал дарыгер жана мугалимден турган татыктуу үй бүлө .................230
Жаратылышты коргоонун эмгек сиңирген кызматкери...............................234
Чаткалдын өнүгүүсүнө өз салымын кошкон Ташбаев Атакан ...................238
Статистика тармагына ат көтөргүс эмгек сиңирген....................................241
Жумушчудан партиялык жогорку кызматка көтөрүлүп ..............................244
Чаткалдан чыккан даңктуу саанчы...............................................................247
Чаткалдык алгачкы физик мугалимдердин бири .........................................249
Эмгеги менен элдин эсинде калган...............................................................252
Кыргызстанга таанымал болгон балбан .......................................................255
Мамлекетке жана коомго албан эмгек сиңирген жубайлар........................258
Чаткалдан чыккан алгачкы активдердин бири............................................263

***Мухамедалы Эшназаров***
***Чаткалдын чыгаан инсандары-1***

Башкы редактору КР. Журналисттер кошуунунун мүчөсү, Чаткал районунун www. chatkal. kg маалыматтык сайтынын редактору ***Мухамедалы Эшназаров,***
*Компьютер терген жана корректору* ***Самара Субанова***

---

–

Нускасы 400 даана. Көлөмү 15 б.т. Басууга 11.04.2020-ж. берилди.
*"**Чаткал басма**"* басмаканасында басылды. *Басмакана тел.:* ***Ватсап:*** +996 777 745 914